ISSN 1694-853X

А. Мырсабеков атындагы

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

№2 (20) 2022-ж.

# ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО УНИВЕРСИТЕТА

имени А. Мырсабекова

**ПЕДАГОГИКАЛЫК, ГУМАНИТАРДЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР**

ISSN 1694-853X

## ЖУРНАЛДЫН РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

**Зулуев Б.Б. -** башкы редактор, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, педагогика илимдеринин доктору (педагогика);

**Абсатаров Р.Р. –** башкы редактордун орун басары, биология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экология);

**Койлубаева Э.Ы. -** жооптуу катчы, “ОшМПУ жарчысы” илимий усулдук журналынын редактору;

**Редакциялык кеңештин мүчөлөрү**

**Физикалык-математикалык илимдер**

**Таиров М.М.** – Физика-математикалык илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (физика)

**Мадраимов С.М.** – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (жогорку жана колдонмо математика)

**Абдывасиева З**. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (математика)

**Арынбаев Э.К.** - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (информатика)

**Педагогикалык илимдер**

**Алимбеков А.А.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, “Манас” КТУ (педагогика)

**Миңбаева К.Б.** –педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)

**Даминова И.** - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)

**Мондошов Ш.Н**. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)

**Тарых жана философия илимдери**

**Нурумбетов Б.А.** – тарых илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (тарых)

**Осмонов С.Ж.** - тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (тарых)

**Сагынбай кызы Н.-** тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (тарых)

**Шарипова Р.З.-** философия илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (философия)

**Биологиялык жана химиялык илимдер**

**Самиева Ж.Т.** – Биология илимдеринин доктору, КӨУ (биология)

**Раимбеков К.Т.** - биология илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (биотехнология)

**Омуралиева Г.К.** - биология илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (биология)

**Бабеков А. У.** – химия илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (химия)

**Географиялык илимдер**

**Топчубаев А.Б.** – география илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (география, геоэкология)

**Низамиев А.Г.** - география илимдеринин доктору, профессор, ОшМУ (география)

**Куйчиев А**. – техника илимдеринин кандидаты, доцент, ОшГПУ (география)

**Филологиялык илимдер**

**Атакулова М.А.** – Филология илимдеринин доктору, профессор, ОшТУ (Орус тили жана адабияты)

**Джумаева Ж.Т.** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (кыргыз тили жана адабияты)

**Шамурзаев А.Ж.** - филология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (англис тили)

**Экономикалык илимдер**

**Субанов Т.Т.** – экономика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экономика)

**Абылов Р.А.** - экономика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экономика)

**Социологиялык илимдер**

**Маткаримов Н.Т.** –социология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (социологиялык илимдер)



**Уюштуруучу:**

*А. Мырсабеков атындагы* **Ош мамлекеттик педагогикалык университети**

Журнал Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан каттоодон өткөн

Каттоо №1527 15.05.2009-ж.

Кайра катоодон 01.10.2021-ж. өткөн



**Редакциянын дареги:**

714018, Кыргызстан, Ош ш. Исанова көчөсү 73

Тел.: (+996-3222) 4-35-67; 4-35-71

Факс: (+996-3222) 4-35-67

E-mail: vestnik-ogpu@mail.ru

Web/сайт: http://ilim.oshmpu.kg

## Мазмуну:

## ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИЛИМДЕР

**1. АДЫШЕВА Н. К.** Ааламдашуу доорундагы социомаданий процесстер......................... 5
**2. АКБАРОВ Р.М**. Освещение процесса индустриализации узбекистана в узбекской прессе в период второй мировой войны ........................................................................................13
**3. АНАРБАЕВА Г.А. XIX** кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз урууларынын социалдык- экономикалык өнүгүүсү ..........................................................................19
**4. АТАХАНОВ Р. С.** Материалы к исследованию похоронно-поминальной обрядности Каракалпаков ферганы: традиции и инновации (на основе полевых исследований) ..............24
**5. АХМЕДОВА Г.А.** Ош шаарындагы өзбек элинде нике тоюна чейинки жана той менен байланыштуу үрп-адаттар ........................................................................................31
**6. ДУЙШОНБАЕВ А. Б., ОСМОНОВА** Б. А. Кыргызстандын жарандык коомундагы жалпыга маалымдоо каражаттарынын орду жана ролу ..........................................38
**7. АЮПОВ Т. М.** Проблема сохранения этнической идентичности у дунган Ошской области......................................................................................................................42
**8. ИСАКОВ Р. У.** Синтез мотива бездетности у каракалпаков в дастанах и народных представлениях............................................................................................................ 48
**9. КАДЫРОВ А.** Кокон хандыгы: Баткен аймагы жана Алимкул аталык ..............................54
**10. КАРМЫШАКОВ Т. М.** Акын-заманчылардын диний көз караштары ............................58
**11. КӨЛБАЕВА З.И. АЖИМАТОВА У.С.** Окуучуларды элдердин достугу духунда тарбиялоодо тарых кружогунун ролу .......................................................................64
**12. КУДАЙБЕРГЕНОВА Д. А.** К вопросу о типологии накосных украшений Каракалпачек ..................................................................................................................68
**13. КУЛДАШЕВ Ш. Т.** «ТАРИХ-И ШАВКИ» - важное произведение о коканском ханстве...........................................................................................................................73
14. **МАМАНОВ М. А.** XIX кылымдагы Кыргызстандын соода-экономикалык байланыштары ...............................................................................................................80
**15. МАМАНОВ М. А., ГАПАРОВА Б.А.** Туркстан генерал-губернаторлугунун сот системасынын реформаланышына жана натыйжасы ..........................................................85
16. **ОСМОНОВ С.Ж., МЫРЗАНБЕТОВ И. К.** Падыша өкмөтүнүн Фергана өрөөнүндөгү оторлоштуруу саясатынын аспектилери ........................................................................90
**17. СМАДИЯРОВ С. А.** Ош шаарынын этимологиясы: элдик уламыштар жана илимий версиялар ......................................................................................................................96
18. **ТОКОЕВА Г.С.** XIX кылымдын аягы хх кылымдын башындагы фергана өрөөнүндөгү социалдык-саясий процесстер ..........................................................................98
19. **УМАРОВА Р.Т.** Археологические исследование памятников города Ош и его окрестностей ...............................................................................................................106
**20. АВАЗОВ Э.А.** Фергана өрөөнүндө индустриалаштыруунун башаты жана өнүгүшү(XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)...........................................................................110

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

**21. БАБЕКОВ А.У., АСКАРАЛЫ уулу З., НУРЛАН кызы С., ЖАНТИЛЛА кызы А.** Rumex l. Өсүмдүгүнүн составындагы полифенолдук бирикмелер жана алардын биологиялык активдүүлүгү Фергана ..............................................................................................116
**22. МАМАТЕМИНОВА Т.М.** Уулуу өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрүн биологиялык өзгөчөлүктөрү ...............................................................................................................122

**23. АБЖАПАРОВА А. М., ТУРАТБЕКОВ М. Б., САРЫБАЕВА М.М.** Өсүмдүктөрдүн айлана чөйрөгө ыңгайлунуусуна салыштырмалуу анализ ........ 130
**24. КУЙЧИЕВ А.С, ЖУМАГУЛОВА З., ЖУСУПАЛИ УУЛУ Т.,** Кыргыздардын ай санагы жана азыркы календарь ........ 136

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР**

**25. САМАТОВА А.А., БАКТЫЯРОВА С. Ж., АБДИЛАЗИЗ кызы А.** Балдардын физиологиялык өрчүүсү менен бирге инсандык компоненттүүлүгүнүн калыптануусу ........ 141
26**. SIROJIDDINOVA IRODA M.** The importance of the cluster approach to the creation of a motivational and methodological teaching system ........ 146
**27. АБДЫВАСИЕВА ЗЫРАПА., МАДАЛИЕВА С., ОРМОТОЕВА А., ПИРАТОВА А.** Мектепке чейинки курактагы балдарга элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун актуалдуулугу натыйжасы ........ 150
**28. АРЫНБАЕВ Э.К**. Аралаш окуу процессинде тескери класс моделин пайдалануунун артыкчылыгы ........ 154
29. **АХТАРИЕВА Р.Ф.** Педагогические идеи о воспитании Л.Н. Толстого в современной образовательной практике ........ 159
**30. КӨЛБАЕВА З.И., МЕҢДИБАЕВА Н.М.,** Советтик педагогикалык илимдин көрүнүктүү ишмерлери окуучуларды элдердин достугу духунда тарбиялоо жөнүндө ........ 163
**31. МЕҢДИБАЕВА Н.М.** Башталгыч класстарды окутууда мультимедиялык каражаттарды пайдалануунун артыкчылыктары ........ 169
**32. НИШАНБАЕВА М.А.** Мектепке чейинки балдарды эмгекке тарбиялоо ........ 174
**33. ТИЛЛАБАЕВА Ж.Ж.** Азыркы шарттарда мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоонун маселелери ........ 179

## ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИЛИМДЕР

УДК: 1(316.422)

# ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ СОЦИОМАДАНИЙ ПРОЦЕССТЕР

Адышева Назгул Кабылбековна
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Озбек эл аралык
университетинин тарых жана философия
кафедрасынын окутуучусу
+996 559 31 50 44, n_adysheva@mail.ru

# СОЦИОКУЛЬТУРНЫЕ ПРОЦЕССЫ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗМА

Адышева Назгул Кабылбековна
Преподаватель кафедры История и философии международного Кыргызско-Узбекского университета имени Б. Сыдыкова
+996 559 31 50 44, n_adysheva@mail.ru

# SOCICULTURAL PROCESSES IN THE ERA OF GLOBALIZATION

Adysheva Nazgul Kabylbekovna
Lecturer at the Department of History and Philosophy of the International Kyrgyz-Uzbek University named after B. Sydykov
+996 559 31 50 44, n_adysheva@mail.ru

**Аннотация**

Бул макалада социалдык философия үчүн актуалдуу болгон модернизация жана ааламдашуу түшүнүгү каралды. Ааламдашуу процесси – бүткүл Жердин масштабында параллелдүү, бир эле учурда болуп жаткан процесстердин жыйындысы. Социалдык-маданий чөйрөдө да терең өзгөрүүлөр болуп жатат, алар өздөрүнүн спецификалык мүнөзү боюнча экономикага караганда алда канча инерциялык мүнөзгө ээ. Бирок, бул айырмачылыктар өз алдынча канчалык маанилүү болбосо да, модернизация аркылуу жоюлат.

**Ачкыч сөздөр:** ааламдашуу, социум, модернизм, модернизация, карама-каршы модернизация, салт, салттуу коом.

**Аннотация**

Статья посвящена актуальной для социальной философии проблеме-модернизации. Процесс глобализации представляет собой множество процессов, происходящих параллельно, одновременно в масштабах всей Земли. Глубокие перемены происходят также в социальной и культурной сфере, которые в силу их специфики, природы, гораздо более инерционны, чем экономика. Однако эти различия, какими бы значительными они не были сами по себе, устраняются через модернизацию.

**Ключевые слова:** глобализации, социум, модернизм, модернизация, альтернативные модернизация, традиции, традиционные общество.

**Annotation**

The article is devoted to the problem of modernization, which is relevant for social philosophy. The process of globalization is a set of processes taking place in parallel, simultaneously on the scale of the entire Earth. Profound changes are also taking place in the social and cultural sphere, which, due to their specificity, nature, are much more inertial than the economy. However, these differences, no matter how significant they are in themselves, are eliminated through modernization.

**Keywords:** globalization, society, modernism, modernization, traditional, traditional, society.

Кандай гана социум болбосун, анын түрдүү түзүлүштөрүнүн баардыгы өзгөрүлмөлүү маңыздагы белгилүү бир маданий шарттарда калыптанып, жашоосун улантат. Ошондуктан, ал шарттар кандай өзгөрсө, социумдун өзү да анын алкагында өзгөрөт. XX кылымда, учурдагы XXI кылымда баардык элдерде өтө ыкчам жүргөн өзгөрүүлөр, трансформациялар, кайра куруулардын масштабдуулугу, тереңдиги менен катар эле , түрдүү элдердин жана цивилизациялардын өз ара маданий кызматташуусу аркылуу да өзгөрүүгө туш келгендиги көрүнөт. Бирок мындагы өз ара кызматташууда айрым эл, санынын көптүгүнө жараша күчтүү келип, аз сандагы алсызыраак элге өз таасирин тийгизгендиги байкалат. Алардын арасында биздин элдин башкалардан алган таасири, албетте, бир топ жогору.

Мына ушул себептерден улам, азыркы учурда кыргыз жаштарынын арасында жүрүп жаткан процесстерге, ал процесстердин тийгизген таасирине, ааламдашуу, модернизация, кандайдыр бир маданияттын башка бир маданиятка сиңирилиши же маданий диффузия формасына, тагыраак айтканда, түрдүү маданияттардын элементтеринин келип кириши аркылуу жүргөн маданий интеграция сыяктуу философиялык түшүнүктөргө анализ жүргүзбөй туруп, ал процесстерди туура түшүнүп, объективдүү баа берүү мүмкүн эмес. Себеби, бүгүнкү күндө ушул процесстердин баардыгы массанын аң-сезимине, алардын ичинде, жаштардын аң-сезимине да күчтүү таасир берип жаткандыгын турмуш өзү көрсөтүүдө.

Ааламдашуу түшүнүгүнө токтолсок, бүгүнкү күндө анын көптөгөн аныктамалары бар. Ошондой эле ал аныктамалардын саны тынымсыз өсүү жолунда. Бул факт белгиленген көрүнүштүн өтө татаал, карама-каршылыгы күчтүү процесс экендигинен кабар берет. Россиялык белгилүү саясат таануучу, тарых илимдеринин доктору В.Б. Кувалдин "Бүгүнкү күндө ааламдашуудан өткөн модалуу, дискуссиялык теманы табуу оңой эмес. Ага ондогон конференциялар, симпозиумдар, жүздөгөн китептер, миңдеген макалалар арналды. Ал жөнүндө окумуштуулар, саясатчылар, бизнесмендер, дин кызматкерлери, искусство адамдары, журналисттер кеп кылып, талашып-тартышышат. Ааламдашуу деген эмне, ал качан башталган, коомдук турмуштагы башка процесстер менен ал кантип айкалышат, жакынкы жана алыскы келечекте анын таасири кандай болот деген суроолор макаланын жандандырган предмети болуп саналат. Бул багыттагы көз караштардын, мамилелердин, баалардын көптүгү теманын негиздүү иштелип чыгышына кепил боло албайт. Ааламдашуу массанын аң-сезими үчүн эле эмес, илимий анализ үчүн да татаал түзүлүш болуп саналат," – деп 200-жылы жазган .

Бүгүнкү күндө ааламдашуу маселесине арналган китептердин, макалалардын саны 2000-жылга салыштырмалуу бир топ эсеге көбөйгөн. Бирок алар ааламдашуу феноменин тушүнүүгө зарыл болгон ачык-айкындыкты алып келбей, тескерисинче, ал түшүнүктү татаалдатты. Ошондуктан, биз ааламдашууга жүргүзүлгөн анализди өтө эле терендетпейбиз. Бирок ал изилдөөбүздүн предмети болгондуктан, кыргыз коомундагы анын трансформациясы, аң-сезимге алып келген өзгөрүүлөрү багытында кызыгуунун жараткан белгилерине көнүл бурабыз.

Алгач, ааламдашууга берилген кыска бир аныктамага кайрылабыз. Себеби, ал биздин көз карашыбызда, кыскалыгына карабай, ааламдашуу процессинин маңызын толук ачып берет. Ошентип, ааламдашуу – бул "дүйнөлүк экономикалык, саясий, маданий, диний интеграциялык жана унификациялык" процесс [ 4-б]. Бул аныктамага, айрыкча, анын диний интеграцияга жана унификацияга чакырык таштаган жыйынтыктоочу бөлүгүнө макул болбой эле коюуга болот. Ошондой болсо да, аны баш тартуунун базалык таянычы катары пайдаланып анализ жүргүзө баштаса болот.

Ааламдашуунун маңызы боюнча илимий чөйрөдө кайчы пикирлер көп болгонуна карабай, аны бир топ окумуштуулар да, адистер да, биринчи кезекте, адамдын чарбачылык ишмердиги, аталган процесстин ага тийгизген таасирлери менен байланыштырышат. Ал дүйнөлүк рынокко ал же бул ченде аралашкан аймакташтыруу, улуттук трансформация сыяктуу көрүнүштөрдүн негизинде жаралып, өз ара байланышкан улуттук чарбанын белгилүү бир жыйындысын көрсөткөн, дүйнөлүк чарбалардын структураларынын өзгөрүшүнө байланышкан процесстерде ачык-айкын көрүнөт. Ааламдашуу процесси улуттук мамлекеттин алкагындагы рынок системасынын баштапкы локалдашкан эволюциясынын таасири, табигый этабы болуп саналат.

Чындыгында, ааламдашуу процесси, жалпы жер жүзүндө бир учурда, көптөгөн процесстердин катар жүрүшүн көрсөтөт. Мындай процесстерге, биринчи кезекте, эмгектин дүйнөлүк бөлүштүрүлүшүн, капиталдын жана өндүрүштүк ресурстардын аралашып кетишин, миграцияны, укук системасынын стандарттальшын, продукцияларды өндүргөн технологияларды ж.б.у.с. кошууга болот.

Ошондой эле бул процесстердин негизинде чарбалык ишмердиктин натыйжаларында келип чыга турган материалдык базалар, ар башка элдин, өлкөлөрдүн маданияттарына жакындашып, сиңип кеткен учурлар да аз эмес [, 16-б.]. Азыркы учурда ааламдашуу баардык мамлекеттердин, анын ичинде Кыргызстандын да коомдук турмушунун баардык чөйрөсүн кучагына алды. Ааламдашуунун бирден-бир карма-каршысы болуп саналган айрым элдин экинчи элге болгон көз карандылык мүнөзү, деңгээли бирдей болбогондугуна карабай, ааламдашуу процессинин кеңейишинин, терендешинин алкагында өлкөлөрдүн баардыгы, ал өлкөлөрдө жашаган элдердин өзү да өз ара бири-бирине көз каранды болуп калууда.

Ааламдашуу процессине болгон көз караштардын предмети – анын келип чыгышы, таасири, келечегине байланышкан маселелер эмес, ага байланыштуу курч маанайда өткөн дискуссиялар болуп саналат. Мындан тышкары, кайсыл багыттагы илимдин өкүлдөрү бул предметти карап жаткандыгына жараша, ага болгон көз караштар да өзгөрөт.

"Ааламдашуу" сөзүнүн келип чыгышы, анын баштапкы маңызынын, этимологиясынын өзү – бир кездеги улуттук мамлекеттин чегинен чыгып, бара-бара ааламдык мүнөзгө ээ болгон океан флотунун пайда болушундагы, түрдүү техникалык каражаттардын өнүгүшүндөгү соода-сатыкты бул процесстеги негизги ролго коет. Бирок биз, ааламдашуу процесси экономикалык ишмердиктин түрлөрүндө, бул чөйрөдөгү активдүүлүктүн канчалык деңгээлде болгонуна карабай, ааламдашуу менен дүйнөлүк чарбанын ортосундагы окшоштук белгиси катары коюларын белгилейбиз.

Азыркы учурда кыргыз коому белгилүү ченде салттык элементтердин көпчүлүгүнүн сакталышын улантып келишет. Алардын айрым бөлүктөрү архаикалык мүнөздү алып жүргөндүктөн, өлкөбүздүн өнүгүшүнө бир топ тоскоолдуктарды жаратат. Ошол себептен, алардын сакталганына караганда, кыскартылгандыгы кыйла пайдалуу. Экинчи тарабынан, коомдо жашаган салттык белгилердин өнүгүү процессин жоготуу, ага катар эле бүгүнкү күнгө мүнөздүү жаңы белгилерге ээ болуу массанын аң-сезимине, алардын ичинде, жаштардын аң-сезимине олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келет. Бул жагдай модернизация феноменинин өзүн, анын табиятын, маңызын кенен карап чыгуубузга түрткү берет. Бирок бул ишке киришүүдөн алдын модернизация процессинде кандай оң, кандай терс учурлар жаткандыгын тактап алышыбыз зарыл.

Албетте, Кыргызстандагы модернизацияда дүйнөдөгү көпчүлүк мамлекеттердей эле, мисалда берилген модернизация процессинин таасиринин оң белгилери жүрүп жаткандыгы белгилүү. Экинчи тарабынан алганда, ал же бул себептерден улам, модернизацияны каалабаган, же жүзөгө ашыра албаган коомдун жана адамдардын өзүнүн өнүгүүсүн башка элдердинн өсүшүнө теңдештирүүгө күч аракети жетпегенде, алардын көрсөтмөсүнөн чыга албай, толук көз карандылыкта калуу тобокелчилигине барышат.

Ошентип, «модернизация» сөзү англис тилинде заманбап, жаңыланган, прогрессивдүү, алдыңкы деген маанини түшүндүргөн modern сөзүнөн келип чыккан. Албетте, "модернизация" категориясы көп кырдуу түшүнүктөрдүн катарына кирет. Азыркы учурда алардын ичинен үчөө негизги түшүндүрмө болуп саналат. Алардын биринчиси, кандайдыр бир предметтин, объекттин – акыркы, жаңы талаптарга,стандарттарга, нормаларга,

сапаттарга ж.б.у.с. ылайык жаңыланышы болуп эсептелет. Модернизациянын мындай түшүнүгү - негизги көрүнүш катары машиналардын, жабдыктардын, технологиялык процесстердин ар башка түрлөрүнө жайылтылып колдонулат.

Экинчиден, ар тараптуу же көп сандагы объектилердин, адамдардын салттык коомдон модернизацияланган коомго, башкача айтканда, агрардыктан – индустриалдык же учурдагы реалдарды эске алып, постиндустриалдык, маалыматтык заманбап коомго өтүү процессине таасир бериши болуп эсептелет. Модернизациянын мындай чечмелениши анын тарыхый эволюциясына байланышкан көз караште карала турган болсо, анын үч түрдүү интерпретациясы, мааниси сунушталат: алардын ичинен биринчиси жаңы мезгил учурундагы Батыш Европа, Түндүк Америка өлкөлөрүндө жүргөн өнүгүүнүн жүрүшүнө гана болжолдонот. Анын экинчи мааниси, өнүгүүнү жүзөгө ашырган же учурда жүзөгө ашырып жаткан, бирок жогоруда белгиленген мамлекеттердин катарына кошулбаган өлкөлөргө таандык болот.

Акыркы, үчүнчү мааниси модернизация процессинин алдыңкы позициясында жүргөн мамлекеттин, коомдун өнүгүшүнүн андан наркы эволюциясы менен байланышат. Башкача айтканда, модернизациянын үчүнчү чечмелениши, азыркы учурда көптөгөн коомдун постиндустриалдык фазадагы коомдук-экономикалык өнүгүүгө, маалыматтык коомго өтүшүн көрсөткөн реформалардын жүргүзүлүшү, инновациялардын жайылтылышы менен байланышкан үзгүлтүксүз, тынымсыз уланган процесске тиешелүү [, 821-б.]. Үчүнчүдөн, коомдук-экономикалык системанын толук, же айрым бөлүгүнүн кайра түзүлүшү процесстин өнүгүү максатын тездетет.

Жогоруда белгиленген модернизациянын чечмеленишинин үчөө тең сырткы, ички маңызынын айрым бөлүктөрүндөгү айырмачылыктарга карабай, эки учурга байланыштуу алар жалпы көрүнүштө. Биринчиден, алардын баары үзгүлтүксүз өнүгүүгө багытталат. Экинчиден, өнүгүүнү тездетүүнү максат кылат. Ошентип, модернизация маңызын, коомдун өнүгүшүн тездетүүнү камсыз кылууга багытталган, ал же бул чендеги ыкчам өнүгүү процесси катары элестетүүгө болот. Албетте, маанилүү болгон бул эки учурдагы модернизациянын маңызынын айырмачылыктары өтө эле аз. Ошондой эле анын маани-маңызы: модернизацияны жүзөгө ашырып жаткан же жүзөгө ашыруу аракетиндеги – алдыңкы позициядагы топтун артынан келе жаткан мамлекеттин, элдин конкреттүү кайсыл тобунда тургандыгына байланыштуу аныкталат.

Модернизациянын азыркы теорияларында: либералдык, консервативдик эки багытты бөлүп кароо кабыл алынган. Либералдык көз караште, модернизация процесси вестернизация формасында салттык коомдун заманбап коомго өтүшү, тагыраак айтканда, саясий, экономикалык чөйрөлөрдө, билим берүү жана маданият системасында кызматташуу жолу менен өзүнүн маданиятына батышевропалык же англо-америкалык менталдык катмардын түрдүү элементтерин, жер жүзүнө тараган батыштын баалуулук системасын киргизүү болуп саналат [, 231-б.].

Азыркы учурда модернизация теорияларындагы “баштапкы”, “экинчи” модернизация аталыштарын айырмалап кароо кабыл алынган. Ошондон улам, “баштапкы” модернизация өндүрүштүк революция процесси жүргөн доорду же XVIII кылымдан XIX кылымга чейин Европа жана Түндүк Америка мамлекеттериндеги кол эмгегинен машиналык эмгекке, мануфактуралык өндүрүштөн фабрикага өткөн улуу индустриалдык революцияны түшүндүрөт. Бул революциянын негизги жыйынтыгы агрардык жана өнөр жай экономикасынан, салттык агрардык коомдон индустриалдык коомго өтүшүн көрсөткөн индустриализация болуп калды.

Сырткы күчтөрдүн катыштыгы жок, өнүгүүнүн ички логикасынын таасиринде, ал “экинчи” модернизациядан айырмаланып, ал же бул себептерден улам, өзүнүн коомдук-экономикалык өнүгүүсүндө калган өлкөлөрдө жүзөгө ашырылган баштапкы модернизацияны классикалык “таза” модернизация деп аталышы кабыл алынган.

“Экинчи баскычтагы” модернизация дүйнөдө өнүккөн индустриалдык өндүрүшү бар өлкөлөрдөгү модернизацияланган коомдун моделдери толук калыптандырылган шартта жүзөгө ашырылган. Мындай модернизация негизинен, технологияларга жана уюштуруу элементтерине көз каранды болгон көрүнүштө, ошондой эле индустриалдык мамлекеттер менен соода-сатык, өндүрүштүк, маданий чөйрөлөрдө түздөн-түз карым-катышта жүзөгө ашырылган, анын талаптары азыр да аткарылып жатат.

Модернизация процесси ар башка коомдо түрдүү ылдамдыкта, ар кыл ийгиликтер менен коштолуп турган шартта, XX кылымдын башында, бул процесске кызыккан бир топ тарыхчылар, социологдор, философтор маданий модернизация процессиндеги социумдун менталдык өзгөчөлүктөрүнө, трансформация мүнөздөрүнө тийгизген таасирлерди эске алышып, модернизациянын концепциясын иштеп чыгышкан.

Модернизациянын азыркы концепциялары болжолдуу түрдө XX кылымдын жарымында, колониалдык системанын кыйрашы, анын натыйжасында көптөгөн жаңы мамлекеттердин пайда болушу, алардын арасынан көпчүлүгү өзүнүн социалдык-экономикалык, технологиялык жактан артта калып кеткендигин кыскартуу максатында, модернизация процессине киришкендигине байланыштуу калыптанган. Бул процесс, модернизация процессинде үчүнчү дүйнө аталышына таандык болгон Батыш өлкөлөрүнүн жана башка өлкөлөрдүн таасиринде кайра жаралуу жүргөн бөлүктөргө жеткирди. Америкалык социолог К. Калхундун көз карашы боюнча, “америкалык либералдык-центристик интеллегенция долбоору” модернизация жөнүндөгү азыркы түшүнүктөрдүн, концепциялардын калыптанышы болуп саналат [2].

Бул буйрутма мыкты каржылангандыктан, XX кылымдын 50-60-жылдары кыйла кеңири жайылтууга жетишкен концепциялар, айласыз түрдө тааныгандан тышкары, башка мамлекеттердин модернизациясы үчүн, батыштын социалдык-экономикалык жана саясий моделдеринин эталлондук мүнөзүнө “негизделген”. Муна ушул себептен улам, модернизация салтты жаңылоодогу, анын ордуна заманбап көрүнүштөрдү киргизүүнүн негизги процесси, же, башка сөз менен айтканда, салттык коомдон заманбап коомдук өнүгүүгө өтүшү, биринчиге экинчисинин карама-каршы келиши катары кабыл алына баштады. Ушундай түшүнүктөн улам, модернизациянын салттык интерпретациясы социалдык-экономикалык прогресске тоскоол болуп, кечиктиргендиктен, андан арылуу, анын кыскартылышы, жок кылынышы зарыл болгон.

Ошентип, илимий техникалык прогесс, алар менен байланышкан технологиялардын акыркы натыйжасы кандай бийиктиктерге жеткирбесин, алар жогорку баалуулук, адамзат өнүгүүсүнүн акыркы максаты катары таанылды. Мындан тышкары, баардык өлкөлөрдүн, бүтүндөй калктын өнүгүшү универсализм позициясында бааланды. Башкача айтканда, баардыгы үчүн бирдей багытта, бирдей стадияда, ошол эле мыйзам-ченемдүүлүктө жөзөгө ашырылышы керек экендиги болжолдонуп, ал эле эмес бекитилген. Улуттук маданият, менталитет сыяктуу факторлордун модернизация процессинде белгилүү деңгээлде изи калат деп таанылса да, же модернизациянын акыркы натыйжасында алар мурунку эле абалында сакталат деп айтылса да, ал факторлор модернизация процессине күчтүү таасир бере албай, маанилүү ролго жете албагандыктан, экинчи баскычтагы мааниге ээ болот [, 236-б.].

XX кылымдын 60-70-жылдарынын акырында мурдагы этаптагы негизги жоболор сакталса да, анын талаш-тартыш жараткан, айрым көңүл калтырган, категориялык, одиоздуу (чуулуу), мурдагы концепциялардын идеяларын кайра баалаган, анын жоболорун четке каккан модернизациянын заманбап концепцияларынын экинчи этабы калыптанган. Анын арасында заманбап социумда бир канча салттык элементтерди кошуп алуу мүмкүнчүлүгүнөн сырткары, модернизация белгилүү шарттарда салттарды бышыкташы мүмкүн экендигине чакырык таштаган илимий- техникалык прогресске басым коюлган.

Мындан тышкары, жаңы концепция коммунисттик теориялардын трансформациясына альтернативдик статусту алган. Мындай жеңилдиктердин, компромисстердин табылышы, коммунисттик идеялар социалисттик лагердеги өлкөлөрдүн белгилүү бир социалдык-экономикалык, саясий жетишкендиктеринде гана таанылбай, үчүнчү дүйнөнүн өлкөлөрүнөн тышкары, батыш мамлекеттеринин өздөрүндө да кеңири популярдуулуукка ээ болгондугу менен шартталат.

Бул учурда изилдөө чөйрөлөрү социалдык-экономикалык өнүгүүнүн негизги шарттарынын, жагдайларынын бири болуп саналган саясий режимдин туруктуулукка, саясий жактан өнүгүү маселесине көңүл бура баштаган. Айрым окумуштуулардын пикири боюнча, элита менен массанын арасындагы өз ара кызматташууда жемиштүү диалогду камсыз кылган коомдогу тартитин сакталышы, элдешкис курч конфиликтердин жок болушу, туруктуулук, модернизациянын өз нугунда жүрүшү үчүн негизги жагымдуу шарт болуп эсетелет.

Ошентип, америкалык белгилүү социолог, саясат таануучу, цивилизациянын этномаданий бөлүгүнүн концепциясынын негиздөөчүсү С. Хантингтон өлкөнүн саясий турмушуна калк катмарынын тартылышы, мобилизацияланышы, мамлекет ичиндеги мамлекеттик жана коомдук институттардын, структуралардын, так түзүлүшүн, алар жөнүндөгү маалыматтардын бийликке, элитага жеткрилишин жана ал кызыкчылыктардын калк тарабынан да кабыл алынышын, модернизациянын негизги маселеси катары карайт.

Азыркы коомдо каада-салттарды жеңип чыгуу баштагыдай эле трансформациянын акыркы натыйжасы болуп калат. Бирок мындагы жеңиште каада-салт өнүгүүгө тоскоол болгон архаикалык көрүнүш катары ыкчам, зомбулук менен четке кагылышы керек болгон жагдай катары таанылбай, салттуу баалуулуктар, жүрүм-турум нормалары жана моделдери, белгилүү бир кырдаалдардагы социалдык регулятор катары келечекте туруктуу өнүгө турган диний ишенимдерге, жамааттык преценттерге же түшүнүктөргө, кыял-жоруктарга, индивидуалдык көз караштарга, баалуулуктарга, каалоо-тилектерге, тандоолорго базалаштырылган нормаларга негизделиши мүмкүн. Коомдук пайдалуу эмгектин эффективдүүлүгүнүн өсүшүн, коомдун материалдык жыргалчылыгын камсыз кылган модернизациянын жүрүшүндөгү мындай кырдаалдар индивиддердин өз алдынча экономикалык өсүшүнө, коомдогу баалуулук системаларынын өзгөрүшүнө, алардын билимдүү, маалыматтуу болушуна негизделип, өндүрүштүк чөйрөнүн, кадыресе күндөлүк турмуштун өнүккөн деңгээлине өтүшү зарыл.

Азыркы учурда модернизациянын жүзөгө ашырылышынын минимум төмөнкүдөй үч формасын байкоого боло тургандыгын адистер көрсөтүшөт:

-экономикасынын өнүгүшү бийик деңгээлдеги мамлекеттерде индустриалдыктан маалыматтык коомго өтүшү, турмуш чындыгында анын толук акырына чыккандыгы;

-өзүндө салыштырмалуу өнүккөн өндүрүштү түзгөн мамлекеттерде маалыматтык коомдун элементтери ыкчам түзүлгөндүгүн. Ага катар эле азыркы шартка бийик деңгээлде жооп бере турган демократиялык саясий, укуктук институттар калыптангандыгын;

-салттык элементтери басымдуулук кылып, ошол эле учурда маалыматтык коомдун айрым элементтерин сактап, заманбап өндүрүштү кура баштаган мамлекеттерде укуктук жана саясий системалардын кайра түзүлүшүнө байланыштуу, ыкчам өзгөрүлмөлүү тышкы жана ички шарттарга адаптацияланууу жүргөндүгүн.

Албетте, Кыргызстан үчүнчү топтогу мамлекеттердин катарына кирет. Ошого ылайык, ал маалыматтык коомдун элементтери менен заманбап өндүрүштү түзүүгө байланышкан модернизациянын жетип баруу тибин жүзөгө ашырууга аракет кылат.

Жогоруда белгиленген топтун ар бирине кошулган мамлекеттер, ага ылайык модернизациялардын түрлөрү бири-биринен кескин айырмалангандыгына карабай, коомдуу маалыматташтыруу процессине байланыштуу алардын баардыгында бирдей өзгөрүү жүрөт. Мына ушуга байланыштуу, көптөгөн окумуштуулар XX кылымдагы модернизациянын негизги белгилери заманбап өндүрүштү түзгөндүгүндө эмес (баштапкы аталыштагы модернизация), мамлекет менен калкты универсалдык ролдогу жалпы рынокко, баардык коом менен жалпы чөйрөнүн ортосундагы ар тараптуу ортомчулукка, ошондой эле анын интеграцияланган мүнөзүнө, критерий деңгээлдерине, же ага карама -каршы ааламдык процесстерге тартылгандыгына караганда, алардын бөлүнүшүнө байланышкан шарттардын көрсөтүлүшүнө көбүрөөк көңүл бурушат [, с. 53].

Жыйырма жылдан көбүрөөк убакыттын аралыгында модернизацияга болгон көз караштар эле эмес, анын критерийлери да, приоритеттери да кескин өзгөрдү.

Модернизацияны жакында жүзөгө ашырды деп эсептелген мамлекеттер европалык модернизациянын классикалык жолуна толук өтүшү керек эле. Ошентип, XX кылымдын К.Р. Поппер, К. Ясперс сыяктуу абройлуу философтору тоталитартык режимге жана “жабык” коомго каршы турган азыркы деморатиялык жана либералдык институттар, принциптер социомаданий процесстердеги прогресстин, өзгөрүүлөрдүн негиздери болуп саналат деп эсептешет [].

Модернизациянын белгиленген шартынын күчү, адамдардын эмгеги менен түзүлгөн жашоо чөйрөсүнүн эле кайра түзүлүшүнө алып барбай, массалык аң-сезимдин белгилүү деңгээлде же кыйла өзгөрүшүнө, анын арасында, албетте, багажында турмуштук тажрыйбасы жетиштүү болбогон жаштардын психикофизикалык өзгөчөлүктөрүнүн тышкы өзгөрүүлөрдүн таасиринде калышына жеткире тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Себеби, модернизация процессинде материалдык базанын кеңейтилишинен улам, коомдо жаңы рухий баалуулуктар, мүмкүнчүлүктөр, керектөөлөр, кызыкчылыктар келип чыгат.

Коомдун формалдуу эмес, реалдуу модернизациясы – коом турмушуна түрдүү инновациялык элементтерди киргизип, билими аркылуу коомдук мамилелерди баардык тарабынан максаттуу, туруктуу өзгөртүүгө кызыкан, класстардын, көптөгөн коомдук топтордун аракети жетиштүү болгон учурда гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Азыркы окумуштуулардын көпчүлүгү: калктын, бүтүндөй планетанын мындан аркы өнүгүүсү ааламдык маалыматташтыруу процесси, маданияттын жаңы формаларынын – маалыматтык, маалыматтык коомдун, коомдук-экономикалык өнүгүүнүн маалыматтык фазаларынын түзүлүшү менен байланышат деген пикирди карманышат. Албетте, модернизация процесси, Кыргызстанда да милдеттендирилбеген күндө деле ушул багытта жүрүүдө.

Жыйынтыктары:

1. Азыркы учурда кыргыз жаштарынын турмушунда болуп жаткан процесстерге, ал процесстин таасирине анализ жүргүзүп, бир маданиятка экинчи бир маданиятты сиңирүү же маданий диффузияны жүзөгө ашыруу багытындагы ааламдашуу, модернизация, адамзаттын

маданий интеграциясы, башкача айтканда, ар кандай маданият элементтеринин өз ара бири-бирине сиңип кетиши сыяктуу азыркы маанилүү процесстерге философиялык багытта ой жүгүртүп, объективдүү баалап, түшүнүнө билишибиз керек. Себеби, бүгүнкү күндө бул процесстердин баардыгы массалык-аң-сезимге, анын ичинде жаштардын аң-сезимине күчтүү таасир берип жеткандыгын практика көрсөттү.

2. Азыркы учурда модернизация формаларынын минимум төмөнкүдөй үч түрү жүзөгө ашырылып жаткандыгын байкоого болот:

-экономикасы жогорку деңгээлде өнүккөн мамлекеттерде индустриалдык коомдон маалыматтык коомго өтүшү толук акырына чыгарылгандыгын;

-өзүндө салыштырмалуу өнүккөн өндүрүштү түзгөн мамлекеттерде маалыматтык коомдун элементтери ыкчам түзүлгөндүгүн. Анын менен бирдей эле азыркы шартка толук жооп бере турган демократиялык саясий, укуктук институттар калыптандырылгандыгын;

-салттык элементтери үстөмдүк кылган мамлекеттерде укуктук жана саясий системалардын кайра түзүлүшүнө байланыштуу жүргөн бул прараледдүү процессте, аларды ыкчам өзгөрүлмөлүү тышкы жана ички шарттарга адаптациялоо багытында азыркы өндүрүштүк, маалыматтык коомдун айрым элементтери түзүлүп жаткандыгын.

Кыргызстан жогоруда белгиленген мамлекеттер тобунун үчүнчүсүнө кошулушу шексиз. Ошондон улам, ага ылайык модернизациянын үчүнчү формасы жүзөгө ашырылууда.

Жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттер тобу, аларга шайкеш келген модернизациялардын түрлөрү бири-биринен кескин айырмалангандыгына карабай, баардыгында коомду маалыматташтыруу процессине байланыштуу бирдей өзгөрүүлөр жүрүп жатат.

3. Азыркы дүйнөдөгү модернизация процессинин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – социалдук реалдуулукка, турмушка новациялардын кеңири, эффективдүү жайылтылышы болуп саналат. Бирок аларды жайылтуу багытындагы ишмердик, мурдагы маданий салттардын өнүгүшүнө тоскоолдук жаратуучу катары кескин четке какпай, алар менен байланышта иш жүргүзгөн шартта гана эффективдүү болушу мүмкүн. Бул жерде жалпы салттардын четке кагылышы жөнүндө эмес, бүтүндөй салттык базадагы салттык баалуулуктардын, ыкчам сыртка сүрүлүшү натыйжалуу жыйынтык бербей, терс таасирлерге алып келиши мүмкүн экендиги тууралуу сөз болууда.

Терең жүргүзүлгөн модернизациянын акыркы жыйынтыгы: коомдук турмуштун баардык маанилүү тарабынын, коомдун өзүнүн, биринчи кезекте, өндүрүш, алмашуу, керектөө чөйрөлөрүнүн, социалдык, укуктук, саясий институттардын трансформациясына алып барат. Бул өзгөрүүлөрдүн баардыгы коом тарабынан кабыл алынышы оор болгон рухий баалуулуктардын белгилүү деңгээлдеги өзгөрүүсү менен коштолот.

4. Коомдун реалдуу модернизациясы – коом турмушуна түрдүү новациялык элементтерди киргизип, билими менен коомдук мамилелерди баардык тарабын кайра түзүүгө, максаттуу, туруктуу өзгөртүүгө кызыкан класстардын, көптөгөн коомдук топтордун аракети жетиштүү болгон учурда гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Экинчи тарабынан, ал модернизацияга жасалган аракет терс таасирин да тийгизиши мүмкүн. Тагыраак айтканда, салттык институттардын турмуштагы ордунун кыскартылышы же олуттуу деформациясы коомдун белгилүү бир бөлүгүндө социалдык, баалуулуктардын бузулушуна, хаоско, аномияга, коомдо криминалдуулуктун, девианттык жүрүм-турумдун өсүшүнө алып барат. Бул фактынын моюнга алынышы модернизациянын терс таасирлерин кыскартууга мүмкүнчүлүк бере турган каражат катары батыштык ыкмалар, жолдор менен жүзөгө ашырылбаган, модернизациянын көп кырдуулугун көрсөткөн " альтернативдик модернизация" таанылышына алып барды.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Кувалдин В.Б. Глобализация – светлое будущее человечества? // НГ-сценарии. – М., 2000. – № 9, 11 октября. – С. 25. – С. 25–34.
2. Глебов Г.И., МилаеваО.В. Современные международные отношения. – Пенза: Издательство Пенз. Гос. ун-та, 2010. – 98 с.
3. Новикова, И.В. Глобализация, государство и рынок: ретроспектива и перспектива взаимодействия [Текст] / И.В. Новикова. – Минск : Академия управления при Президенте Республики Беларусь, 2009. – 218 с.
4. Дергачев В.А. Глобалистика. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2005. – 303 с.
5. Эйзенштадт Ш. Революция и преобразование обществ. Сравнительное изучение цивилизаций. – М., 1999. – С. 107.
6. Штомпка, П. Социология социальных изменений [Текст] / П. Штомпка / Пер. с англ. под ред. В.А. Ядова. – М.: Аспект Пресс, 1996. – 416 с.
7. Цапф, В. Теория модернизации и различие путей общественного развития [Текст] / В. Цапф // Социологические исследования. – 1998. – № 8. – С. 14–26.
8. Инглхарт, Р. Модернизация и постмодернизация [Текст] / Р. Инглхарт // Новая постиндустриальная волна на Западе. Антология. – М., 1999. – С. 267–268.
9. Общая и прикладная политология. – М.: МГСУ, изд-во Союз, 1997. – 992 с. – С. 53.
10. Ясперс К. Истоки истории и ее цель. – М.: Политиздат, 1991. – 528 с.; Поппер, К. Р. Открытое общество и его враги / К. Р. Поппер. – М.: Международный фонд «Культурная инициатива», Фонд Сороса (США), 1992. – 976 с.
11. Туманов С.В. Современная Россия: Массовое сознание и массовое поведение (опыт интегративного анализа). – М.: Издательство Московского ун-та, 2000. – 192 с. – С. 26.

**УДК: 93/94**

## INTERPRETATION OF INDUSTRIAL PROCESSES IN UZBEKISTAN DURING WORLD WAR II IN THE UZBEK PRESS

Akbarov Rahmatillo Murtozali ugli
Practitioner-researcher of Namangan State University
Namangan, Uzbekistan
E-mail: akbarov.rahmatillo.1993@gmail.com

## ОСВЕЩЕНИЕ ПРОЦЕССА ИНДУСТРИАЛИЗАЦИИ УЗБЕКИСТАНА В УЗБЕКСКОЙ ПРЕССЕ В ПЕРИОД ВТОРОЙ МИРОВОЙ ВОЙНЫ

Акбаров Рахматилло Муртозали угли
Стажер-исследователь Наманганского государственного университета
Наманган, Узбекистан
Электронная почта: akbarov.rahmatillo.1993@gmail.com

**Аннотация.**

В годы Второй мировой войны промышленный потенциал Узбекистана значительно превысил довоенный уровень. Этому способствовало переселение прифронтовых предприятий и строительство новых заводов и фабрик. Большую роль в процессах индустриализации и электрификации сыграла и узбекская национальная пресса, как “помощник” советского правительства. В данной статье на основе информации Национальной прессы раскрыта суть политики советского правительства в Узбекистане в отношении промышленности, электроэнергии. Также было отмечено, что в этот период были созданы условия для создания в Узбекистане текстильной, пищевой и бытовой промышленности, являющейся важной отраслью легкой промышленности, в том числе строительство первого в стране сыродельного завода, маслозавода, развитие мыловаренной промышленности с использованием отечественных мощностей, то есть хлопчатобумажной. В то же время речь идет о строительстве первого в Центральной Азии Бекабадского металлургического завода и его кадровом обеспечении. Важнейшим фактором повышения производительности промышленности и обеспечения фронта жизненно важной продукцией стало создание большого запаса электроэнергии. В связи с этим в данной исследовательской работе раскрыта важная информация о вкладе областей в

строительство крупных Фархадских ГЭС в Узбекистане в военное время, о строительстве средних и малых (колхозных) гидроэлектростанций.
**Ключевые слова:** Стахановское движение, сырзавод, маслозавод, первый в Узбекистане содовый завод, Бекабадский металлургический завод, электрификация, Фарходская ГЭС, колхозные электростанции.

**Abstrakt.**
During the Second World War, Uzbekistan's industrial potential finally exceeded its pre-war level. This was due to the relocation of enterprises on the front lines and the construction of new factories. The Uzbek national press also played a major role in the industrialization and electrification process as a "herald" of the Soviet government. This article, based on the data of the national press, reveals the essence of the Soviet government's policy in Uzbekistan on industry and electricity. During this period, Uzbekistan also witnessed the creation of the textile, food and household industries, which were important branches of light industry, including the construction of the first cheese factory in the country, the construction of oil mills, the development of the soap industry capacity, i.e., it was found that the product was produced using cotton ash. At the same time, the construction and staffing of the Bekabad Metallurgical Plant, the first of its kind in Central Asia, are discussed. An important factor in increasing industrial productivity and supplying the front with important products was the creation of a large power base. In this regard, this study provides important information about the construction of large hydropower plants in Uzbekistan during the war, the Farhod HPP and the regions, the construction of medium and small (collective farm) hydropower plants.
**Keywords:** Stakhanovite movement, cheese plant, oil plant, the first soda plant in Uzbekistan, Bekabad metallurgical plant, electrification, Farkhod hydroelectric power station, collective farm power plants.

**INTRODUCTION (ВВЕДЕНИЕ.)** During the Second World War, which left a deep mark in the history of mankind, Uzbekistan served as the most important supply area for the front. To study on a scientific basis the meritorious contribution of the multinational people of Uzbekistan to ensure the great victory over fascism, to promote it widely among our people and the world community, to help the participants of the Second World War and selflessly behind the front. Perpetuating the names of our compatriots who worked [14] is one of the most important and priority tasks for our society, which is promoted by the president of our country. In this research work, the glorious past of our nation during the war years is researched based on the information given in the Uzbek national newspapers of that time.

**MATERILS AND METHODOLOGY (МАТЕРИАЛЫ И МЕТОДОЛОГИЯ.)** Newspapers published during the Second World War can be conditionally divided into two groups. The first is publications published in the areas where hostilities are taking place, i.e. frontline newspapers; The second is newspapers published in Uzbekistan itself, including in the regions.

Newspapers of the first type include "Forward against the enemy", "Red Army", "For the Motherland", "Bong", "For the honor of the Motherland". The newspapers of the second type were "Kyzil Uzbekistan" from the capital - Tashkent, "Stalin Haqiqati" in Namangan region, "Comunist" in Andijan region, "Lenin Yoli" in Samarkand region and other regional newspapers. The articles published in the front newspapers of the first type were compiled in their original form, and a book of 5 volumes entitled "The Second World War and Front Newspapers" (see: Shamsutdinov R. The Second World War and Front Newspapers. Books 1, 2, 3. - T.: Akademnashr, 2017; and Shamsutdinov R. World War II and frontline newspapers. Books 4, 5. - T.: Akademnashr, 2020 ) is out of print.

In this study, the data were analyzed chronologically using the historical-typological method. The information of the Uzbek national press was used through direct and indirect sources.

RESULTS (РЕЗУЛЬТАТЫ.) In order to understand the selfless work of our people in the field of industry during the Second World War and how important it was, first of all, one should have some understanding of the socio-political environment, psychology, and the policy implemented by the Soviet government. Among them, let's talk about the Stakhanov movement, one of the most common terms in this period. The Stakhanov movement is a mass movement of workers, collective farmers, engineers and technicians in the Soviet Union, which repeatedly exceeded the established production standards. The movement appeared in 1935 and was named after Alexei Stakhanov, a miner of the Central-Irmino (Ukraine, Donbass) mine, who, on the night of August 30-31, 1935, in one shift for 5 hours and 45 minutes, instead of the normal 7 tons, 102 mined tons of coal (with the help of two mine workers, of course) and as a result

increased labor efficiency by 14.5 times. Although other workers who were inspired by it achieved much higher results than him, this movement was named the Stakhanov movement[1]. The Stakhanov movement was heavily incentivized by rewards and promoted by the All-Union Communist Party as a new stage of socialist competition and a form of increasing labor productivity. It can be said that these processes served as the main means of propaganda, especially during the war years. Because, in the newspapers of the Second World War period, which we are considering, there is a lot of information about Stakhanov work and such workers. The transfer of the main industrialized regions of the Soviet Union to the hands of the enemy and the transfer of many industrial enterprises to the Central Asian republics, especially Uzbekistan, and as a result, becoming the most important industrial region, placed a great responsibility on the people of the Republic. During the war years, the employees of Uzbekistan's industry worked extremely hard and showed great courage, not only fulfilling the set norm, but also increasing it several times. From the beginning of the war, the people of Uzbekistan began to fulfill the task assigned to them. The industrial sector began to grow rapidly.

On the other hand, the Soviet government controlled the continuous increase in the level of production. In this regard, the front established discipline and strictly pursued the policy. For example, the article published in the January 22, 1942 issue of «Stalin hakikati» newspaper describes the activities of the USSR Prosecutor's Office against riots in industrial plants. According to the information provided in the article, on December 26, 1941, when the battles for Moscow were heating up, the Presidium of the Supreme Soviet of the USSR issued a decree "On the responsibilities of workers and employees of military industrial enterprises for arbitrary departure from the enterprise." In accordance with the decree, arbitrary departure of workers and employees from the workplace in military enterprises is considered desertion (Latin: desertor - fugitive), and the culprits are sentenced to 5 to 8 years in prison[2]. Information is also provided about several workers and leaders who were convicted of this crime. In this way, factory leaders and workers are called to look at the issue very seriously.

Due to the efforts made during the Second World War, unprecedented labor, the industry, especially the light industry, developed rapidly. From October 1941, almost all light industrial enterprises of Uzbekistan switched to the fulfillment of defense orders. This was clearly seen in the textile sector, which supplies the most necessary products for the front. In the process of relocation, a knitting factory was moved from the Russian city of Rostov-na-Donu to Tashkent, a yarn factory was moved from Leningrad, a silk weaving factory was moved from Izhevsk to Margilon, and a spinning-weaving factory was moved to Fergana.[4] These factors accelerated the development of the textile industry in our country, and between 1941 and 1943, the production of special fabrics aimed at the needs of the front increased by 12.5 times and binding materials by 21 times. [3:161]

The construction of oil factories in Uzbekistan was the most significant of the works carried out in the food industry. The construction of oil factories was also important because it stopped the need to transport cotton seeds to the central cities of the republic, and once the oil was ready, to deliver it to the population again.[6] Alimkent oil plant was launched in Tashkent region for the first time in this direction. After that, the Gijduvan oil factory in Bukhara began to produce products.[6] The oil factory in the Kungirot region of the Karakalpakstan ASSR, which is the most remote part of the country, was the first oil factory in the region and started producing products in the summer of 1944. Before that, Karakalpakstan seeds were exported to oil factories outside the republic, and oil was also brought from other regions. During the war, construction of two more oil factories began in Karakalpakstan ASSR.[7]

During the war, there were soap production shops that were part of the oil factories in Uzbekistan. According to the information given in the article published in the newspaper “Stalin hakikati”, in the beginning of 1942, there was a need for caustic soda for the soap production shops of the oil factories built in the country. Some of the previous factories that produced this soda were adapted to the production of other products for the front, while some of them were moved to the interior of the country and were not yet operational. In order to solve this problem, the experts of soap production found out that it was possible to use this alkali instead of baking soda by making alkali from the ash of juniper. In this regard, the directorate of oil factory No. 3 named after Karl Marx in Namangan started to buy ash from collective farms. 50 soums

зажигание свечи (*“шам ёқиш”*). Среди некоторых обрядов особое и широкое распространении имеет обычай зажигать свечу в комнате, откуда выносили тело. Зажигание свечи продолжался в течение сорока дней. Поминальные обряды, в связи с анимистическими представлениями, зажигание свечи духам предков и усопших основано на освящении огня, чувстве доверия к его божественной силе. Традиции у некоторых народов исповедующих Ислам использовать зажигание свечей (обычно траурные мероприятия) к религии не имеет отношения. Хотя во многих городах и селах зажигание свечи используется одним из поминальной обрядности в честь души покойного.

В селе Кемабоши Нарынского района Наманганской области, где проживает каракалпаки существует обычай *“кўк кийди”* ("одетых в синое платье"), которое продолжалось до года умершей. Можно предположить, что традиция ношения одеяний синего цвета, как олицетворение траура и скорби, связана также с древними представлениями тюркских народов о том, что душа усопшего отправляется к Тангри, т.е. на небеса [8, с.37]. Согласно образу, носительницам синего платье, женщинам- родственникам покойного (*“азадорлар”*) запрещено было носить украшения – серьги, кольца и другие национальные и современные косметики, ходить без головного убора, смотреть телевизор, веселиться, а также посещать свадьбы, торжества, различные собрания и вечеринки. Когда речь заходит о траурных платьях, нужно отметить некоторые различия. Например, вдовы женщины каракалпаки долины носили синие рубашки без цветов [20, с.189], а у европейских народов черный цвет считался признаком траура.

**Выводы.** Изучение традиционные обычаи и обрядов узбекских, таджикских, киргизских, каракалпакских и других этнических групп на материалах Ферганской долины показывает, что к концу XX и началу XXI веков в этой области приоритетными были более обще региональные аспекты, чем этнические. Такая общность в традициях и ритуалах имеет свои исторические основы, это объясняется тем, что этногенез и этническая история этих народов едины, их культуры формируются в единой этнокультурной среде.

Касаясь общекультурных аспектов традиционных обычаев и обрядов народов Ферганской долины, характерных для изучаемого нами периода, можно сказать, что, след древних религиозных верований отражается в той или иной степени в образе жизни всех местных этносов, независимо от этнической принадлежности, в частности в семейных обычаях, обрядах и традициях, связанных с погребением. То есть они не только сохраняются в традициях, ритуалах, которые следуют по стопам древних религиозных верований и представлений, таких как тотемизм, фетишизм, анимизм, магия, зороастризм, шаманизм, они также становятся важными элементами данного периода.

Различные обряды и обычаи каракалпаков региона, связанные с погребально-поминальными обрядами, хотя в целом осуществляются в рамках исламской традиции, содержат характерные проявления реликтов архаичных верований и воззрений. Такие проявления прослеживаются, в частности, в ритуалах, совершаемых непосредственно перед кончиной человека, в честь духу усопшего, обмывателя умерших и могильщикам. В целом траурные обряды каракалпаков Ферганской долины наполнены глубоким духовным содержанием, включающим в себя взаимосвязь с другими этносами региона.

## Список литературы.

1. Писарчик А.К. Смерть. Похороны// Таджики Каратегина и Дарваза. Душанбе: Дониш, 1976. Вып. III.
2. Снесарев Г.П. Реликты до мусульманских верований и обрядов у узбеков Хорезма. М.: Наука, 1969.

3. Кармышева Б.Х. Архаическая символика в погребально-поминальной обрядности узбеков Ферганы// Древние обряды, верования и культы народов Средней Азии (историко-этнографические очерки). М., 1986.
4. Шаниязов К. К этнической истории узбекского народа (историко-этнографическое исследование на материалах кипчакского компонента). Ташкент, 1974.
5. Насриддинов К. Узбек дафн ва таъзия маросимлари. Ташкент: Мерос, 1996.
6. Пайзиева М. Ўзбекларнинг анъанавий ва замонавий мотам маросимлари. Тошкент. "Yangi Nashr". 2014.
7. Баялиева Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. Фрунзе: Илим, 1972.
8. Аширов А. Узбек халкининг кадимий эътикод ва маросимлари. Ташкент: 2007.
9. Абрамзон С.М Предметы культа казахов, киргизов и каракалпаков //сборник музея антропологии и этнографии – Л.,1978 Т.34
10. Толстова Л.С. Каракалпаки Ферганской долины – Нукус: Каракалпакистан, 1953
11. Полевые записи. Андижанский обль, Балыкчинский район с.Худжаобод 2007 г.
12. Полевые записи. Ферганский обль, с. Каракалпак. 2017 г.
13. Полевые записи. Наманганский обль, Наринский район, с. Кемабоши 2020 г.
14. Полевые записи. Андижанский обль, Избасканский район, с. Чувама 2020 г.
15. Полевые записи. Андижанский обль, Баликчинский район, с.Чарогон. 2019 г.
16. Губаева С.С. Население Ферганской долины XIX – начале XX в. Ташкент: Фан, 1991.
17. Полевые записи. Наманганский обль, с. Кемабоши, Мингбулакский район с. Момохон 2020 г.
18. Полевые записи. Ферганский обль, Дангаринский район, с.Уймавут, с. Ак-тепа 2015 г.
19. Фильструп Ф.А. Из обрядов жизни киргизов начало XX- века. – М.,Наука 2002.
20. Дониёров А. Қорақалпоқларнинг анъанавий хўжалиги ва моддий маданияти.Ўзбекистон халқининг дини, маданияти ва урф-одатлари: тарих ва ҳозирги замон. Илмий мақолалар тўплами. Тошкент, 2011.

**УДК:392.51(575.2)**

## ОШ ШААРЫНДАГЫ ӨЗБЕК ЭЛИНДЕ НИКЕ ТОЮНА ЧЕЙИНКИ ЖАНА ТОЙ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ҮРП-АДАТТАР

Ахмедова ГулидаАбдраимджановна КӨЭАУ Тарых-филология факультети
Тарых жана философия кафедрасынын ага окутуучусу
моб.0779985119 gulida@mail.ru

## ДОСВАДЬЕБНЫЕ ОБРЯДЫ И ОБРЯДЫ, СВЯЗАННЫЕ С БРАКОСОЧЕТАНИЕМ (ТЎЙ) У УЗБЕКОВ ГОРОДА ОШ

Ахмедова ГулидаАбдраимджановна
Кыргызско-Узбекский Международный университет им Б.Сыдыкова
Историко-филологический факультет
ст. преп. кафедры «История и Философия»
моб.0779985119 gulida@mail.ru

## PRE-WEDDING AND MARRIAGE CEREMONIES (TUI) AMONG THE UZBEKS OF OSH

GulidaAbdraimjanovna Akhmedova
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov
History and Philology Department
Senior Lecturer of History and Philosophy Department
mobile 0779985119 gulida@mai

**Аннотация.**

Бул макалада адамдын жашоосунда орун алуучу манилүү үрп-адат үйлөнүү той жөрөлгөсү каралат. Чыгыш эли ар дайым үйлөнүү үлпөтүн укмуштуудай майрамдоого жөндөмдүү болушкан. Жомоктордода өзбек элинин үйлөнүү үлпөтү кырк күн жана кырк түнгө созулат. Чыныгы жашоодо бул анчалык көпкө созулбайт. Чыгыштагы үйлөнүү жөрөлгөлөрүнүн дагы бир негизги айырмасы – майрамдык ырым-жырымдардын молчулугу. Өзбек элинин үйлөнүү үлпөтүн көп сандагы улуттук мамилелер, көңүлдүү музыка жана кызыктуу ырым-жырымдар коштойт. Өзбектер булл үрп-адатты "Никохтой" деп аташат. Үйлөнүү үлпөтүндө элдин көптөгөн үрп-адаттары пайда болуп,ал бир нече кылымдар бою бекемделип, синтезделип калгандыктан,бүгүнкү күндө өзбек эли аларды урматтап,, аткарып келишет. Өзбектер булл процесске олуттуу карашкан, Ошондуктан кээде бирнече айга, алтургай,бирнече жыл бою даярданышкан. Өзбектилиндегиүйлөнүүүлпөтүата-энелер жана жаңы үйлөнгөндөр үчүн өзгөчө окуя катары эсептелет, Ошондон улам аларага узак убакыттан бери кылдаттык менен жасашат.
**Ачкыч сөздөр.** Той аземи, кудалашуу, бата той , кулак чоюу.

**Аннотация**

В данной статье рассматривается важный обряд перехода в жизни человека – свадебной обрядности. Народ востока всегда славился своим умением пышно праздновать свадьбы. Даже в сказках узбекская свадьба длится сорок дней и сорок ночей. В реальной жизни это не так долго. Еще одно ключевое отличие восточных свадебных церемоний – это обилие праздничных ритуалов. Узбекская свадьба – это яркое мероприятие с большим количеством национальных угощений, веселой музыкой и интересными ритуалами. Сами узбеки называют свадебную церемонию *«никох туй»*. Свадебные обычаи народа формировались и закреплялись на протяжении многих веков, и сегодня узбеки продолжают их чтить и исполнять. Узбеки относятся к этому процессу со всей серьезностью, поэтому иногда он затягивается на месяцы и даже годы. Узбекская свадьба считается особенным событием для родителей и молодоженов, потому к ней готовятся долго и тщательно.
**Ключевые слова.** Свадебное церемония, сватовства, бата той, кулактиштөө,кудалашуу.

**Abstract**

This article discusses an important rite of passage in human life, the wedding ceremony. The people of the East have always been famous for their ability to celebrate weddings lavishly. Even in fairy tales, an Uzbek wedding lasts forty days and forty nights. In real life, it's not that long. Another key difference in Oriental wedding ceremonies is the abundance of festive rituals. An Uzbek wedding is a colorful event with lots of national treats, fun music and interesting rituals. Uzbeks themselves call the wedding ceremony "nikokh tuy". Wedding customs of the people formed and consolidated for many centuries, and today the Uzbeks continue to honor and perform them. Uzbeks treat this process with the utmost seriousness, so sometimes it drags on for months and even years. Uzbek wedding is considered a special event for parents and newlyweds, that's why they prepare for it long and thoroughly.
**Keywords.** Wedding ceremony, matchmaking, blessed wedding, ear biting, engagement.

Кыргызстан өлкөсүнүн Түштүк жагында жайгашкан Ош шаарындагы өзбек элинин үйлөнүү салтын изилдеген илимий изилдөө иштери жокко эсе (А.Мурзакметовдун 1. “Кыргызстандык өзбектердин каада-салттары, ырым-жырымдары жана ишенимдери”. -Ош 2012. 2. “Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары”. -Бишкек, 2020. (кыргыз, англис тилдеринде) деген эмгектерин эске албаганда). Башка этнографиялык изилдөөлөрдө да аталган маселеде үй-бүлө куруу салты жана Ош шаарындагы өзбектердин нике той

салтанаты курамындагы үрп-адат жана андагы каада-салттар этностордун маданиятында консервативдүү бөлүгү эсептелет. Ошондуктан алардын үйлөнүү тоюн изилдөө кандайдыр бир деңгээлде алардын руханий маданиятын изилдөөгө да жардам берет!

Бул илимий макала Ош шаарындагы өзбектердин арасында болуп, алардын үйлөнүү тоюна катышып чогулткан автордун **этнографиялык талаа материалдарынын негизинде жазылды.**

Биринчи баскыч – нике күнүнө чейин өткөрүлө турган салттар; «кыз тандоо», «эшик астын шыпыруу», «жуучулук», «нан сындыруу», «бата той» (Фотихатуйи), «кыз аземи», «пахта салуу (көрпө бычуу)» сыяктуу үрп-адаттар жана салттарды өз ичине алат.

Экинчи баскыч- чоң той, башкача айтканда, эки жашка нике кыюу жана келинди күйө баланыкына алып кетүү үчүн уюштурулган салтанат жана түрдүү ырым-жырымдар жана аркыл үрп-адаттардын коштоосунда өткөрүлүшү менен өзгөчөлөнүп турган эң негизги салтанат болуп эсептелет.

Үчүнчү баскыч болсо алар келиндин барган жеринен салтсаналар «жүз ачуу», «келин салам» сыяктуу жана башка салттарды өз ичине алат.

Ош шаарынын бардык аймактарында жашаган өзбектердин арасында алып барылган көп жылдык илимий изилденүүлөр, тактап айтканда, нике тойлору бардык жерлерде жогоруда көрсөтүлгөн үч баскычта өткөрүлөрүн ырастады. Нике тойлорунун жогоруда айтып өтүлгөн үч баскычында аткарыла турган салтанат жана каада-салттардын формасы түрдүү аймактарда ар кандай болгону менен алардын негизги максаты жаңы үй-бүлөлүк урууга арналган коомдун эң милдеттүү маселесин чечүүгө арналган. [1]

Жаштардын үй-бүлөнү куруудагы убакыттын эң көп бөлүгү «кыз табууга» королгон, Ал эми «белкуда (ичкуда)», «эшик шыпыруу», «кулак тиштөө», «сөйкө салуу», «этекке салуу» сыяктуу каада-салттары куда болгондор, булар кыз баланын жашынан баштап эле башка бир балага «башын байлоо», «кудалашуу» же болбосо «ошол балага арнап бой жеткирүү» мазмунун туюндургандыктан, аларда убакыт сарпталуу болгон (АТД№1 )

Жогорудагы каада-салттар эки жаштын наристе кезинде аткарылып, эки жак ортосундагы достук, тууганчылык мамилелерин чыңдоого кызмат кылган.

Салттуу никенин түрлөрүнүн бири катары каралган «Бешик кетти» салты Ош шаарында кеңири жайылган. Бул салт боюнча кыз жак ыраазычылык билдирип макул болгондон соң, болочок жубайлардын жакын туугандарына, кошуналарына, токоч (патыр) таркатылып, (насыба) эл-журтка эки жаштын «башы байлангандыгын» маалымдашкан. Себеби, токоч байыртадан өзбек элинде жакшылыктын, көп перзенттүүлүктүн, биримдиктин белгиси катары жогору бааланган.(АТД№1 )

«Этек жыртуу» салты боюнча, эки үй-бүлө мүчөлөрү ич ара келишип, 1-3 жаштагы кыз жана уул баланын этектерин бириктирип, учунан жыртып коюшкан. Бул да эки жашты бири-бирине кудалап койгондугун, “аталгандыгын” билдирген. Кыз баланын башына жоолук, уул баланын башына топу кийгизилген. Бирок бул салт бүгүнкү күндө Ош шаарында жоголуп бараткан салт катары каралышы мүмкүн. [8]

«Кулак тиштөө» салтында бешиктеги бөбөк кыздын кулагын уул балага абайлап тиштетет жана ар түрдүү шириндиктер, таттуулар таратылып майрамдалат. «Кыз бой жеткен кезде ушул балага турмушка чыгат»-деп, аксакалдар дуба кылышат. .(АТД№2 бет-24)

«Бел куда» тууралуу салт да Ош жергесиндеги өзбек элинде сакталып келген салттардан. «Бел куда» болууда эки дос, кошуна же бирин -бири жаштыктан жакшы мамиледе жүргөн үй бүлө, кош бойлуу аялдары кыз жана уул төрөшсө, достук мамилелерин дагы да бекемдөө максатында келечекте куда болууну максат кылышат. Кош бойлуу

аялдары уул жана кыз төрөшсө, зор кубаныч менен бири-бирин «куда» деп аташат. Эгерде аялдардын экөө тең уул же кыз төрөшсө, алар кыяматтык дос болду деп эсептешет. Мисалы, (Муйдинов Илхам аканын үй-бүлөсүн мисал кылсак болот) өздөрүнүн аялдары кош бойлуу убагында «Бел куда» болууну ниет кылышкан. Натыйжада бул эки дос «бел куда» болушкан. Алардын перзенттери «бел куда» салтынын негизинде үй бүлө куруп, бактылуу турмушту курууга аракет кылышкан. Мындай салт кыргыз жана башка түрк элдеринде да бар. [6]

Жогорудагы каада-салттардын жалпы мазмуну эки жашты бири-бирине «башын байлап», алар баш кошуу тою болгонго чейин кудалар бири-бирин өтө сыйлашып келишкен. Майрамдар, сейилдер жана ар түрдүү салтанаттарда кызга уул бала жактан белектер (көйнөк, жоолук, кездеме, таттуулар) жиберилип турган. Кудачылыктын белгиси катары үй-бүлөнүн ар кандай абалдарында бир-бирине материялдык жана моралдык жактан көмөктөшүп турушкан. [7]

Азыркы мезгилде Ош шаарындагы өзбектердин *никеси* – диний ишенимге көбүрөөк ыктап кеткен, эки жаштын (өзгөчө кыз баланын) укуктук нормалары эске алынбайт), ошол чөлкөмдүн коому тарабынан таанылган нике түрү негизинен үстөмдүүлүк кылат.

Үй-бүлө куруу үчүн салт боюнча, албетте эл-журт арасында чоң же чакан той берүү керек. Азыркы учурда нике тою кызыктуу болуу менен бирге, адам жашоосундагы эң негизги баскычтардын бири болуп саналат. Ошол себептен, этнологияда нике тою эң көп үйрөнүлгөн темалардын бири катарында каралат. Нике тоюна арнап ушул күнгө чейин макала, монография, диссертациялар жазылган. Нике тою менен байланыштуу каада-салттар жуучулуктан башталат. Жуучулук болсо, кыз тандоодон, тагыраак айтканда, жигиттин эрезеге жетиши жана кыздын бой жеткен мезгилинен башталат. Бирок Кыргызстандагы анын ичинде Ош шаарында жашаган өзбек калкы, негизинен жуучулуктан мурда да нике тоюна чейин «тойго даярдык көрүү» салты сыяктуу эзелтен келе жаткан салттары болгон.

Тойго даярдык көрүү менен байланышкан каада-салттар, үрп-адаттар перзенттин төрөлүшү менен башталат. Мунун негизги себеби, нике тойлорунда кете турган чоң каражатка байланыштуу. Ошону менен бирге бул жерде маселенин бир гана материалдык жагы каралып жаткан жок.

Тойго болгон даярдыкта төмөнкү факторлор эске алынат:

1. Үй-бүлөдөгү материалдык абалы;
2. Баш кошкондордун ал жердин үрп-адаттарынын өзгөчөлүгүн эске алуусу;

Үй-бүлөнүн материялдык абалына таянган абалда перзентинин жаштыгынан нике тоюна даярдык көрүү 2 түрдүү формага ээ:

1) Тойго даярдык көрүүгө мүмкүнчүлүгү жетишээрлик жана колунда бар үй-бүлөлөр;
2) Келечектеги тойго сарпай жыйноого же тойду башкалардай өткөрүүгө мүмкүнчүлүгү чектелүү үй-бүлөлөр;

Нике тоюна көрүлүүчү даярдык жалпы көрүнүшкө ээ болгону менен алар бирдей эмес. Негизинен, Совет доорунда өзбек үй-бүлөсүндө кыз төрөлүшү менен, жаш жубайлар өзүнүн жашоо-тиричилиги жана материалдык абалына таянып, кээ бир учурларда 9-10-жашынан, көбүнесе 12-13, узагы менен 15-16 жашынан сеп жыя баштаган. 1950-жылдарга чейинки мезгилде, тойдон 1-2 жыл мурда даярдык көрүлгөн.(АТД№1)
Себеби, элдин көпчүлүк бөлүгү кийинчерээк перзентинин тоюна жардам бериши мүмкүн болгон ал же бул нерсени алдын ала алып коюуга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Мындан тышкары ал мезгилде үрп-адаттар да той ээсинен чоң каражаттарды талап кылбаган.

Ошондуктан, эл арасында тойго даярдыкты ага чейин мурда баштоонун кажети болгон эмес.

Өзбектерде «Кызды бешикке сал, себин сандыкка сал» деген макал кеңири тараган. «Кудуретим жеткенде, акчам болгон кезде алып коёюн, кийинчерээк эмне болоорун Кудай билет» дешип, келечекте боло турган той үчүн сандыкка кездеме топтоону перзентинин жаш чагынан башташкан. (АТД№2). Бул болсо массалык түрдө элге кеңири жайылып, бардык үй-бүлөгө таандык болгон. «Кези келгенде алып коёюн» деген максатта кездемеден башка кымбат буюмдарды же убакыт өтүшү менен да өз баасын жоготпой турган нерселерди (алтын, күмүш ж.б.буюмдар) да алып коюшкан. Бирок, элдердин көпчүлүгү кездеме жыйноо менен гана убара болушкан. Кездеме жыйноонун негизги себеби, биринчиден, кыздын жана түшө турган келиндин көрпө, жастык, төшөктөрүн тигүү үчүн керектелсе, экинчиден, өзүнүн туугандарына, куда жактын туугандарына да кездеме берүү салтка айланган, үчүнчүдөн, кыздын же келиндин тигиле турган кийимдерине кездеме керек болгон. (АТД№4)

XX кылымдын 90-жылдарынын башында Кыргызстанга көптөгөн чет эл товарлары кирип келиши көбөйө баштады. Совет доорунда чет элдик товарлардын жетишпестигинин айынан, өзбектер келген товарларды четинен алганга аракет кылышкан. Бирок, сеп үчүн жыйналган буюмдар, жаңы товарлардын кирип келиши менен эскирип барган сайын, алар той болоорго чейин эле замандын талабына жооп бербей, натыйжада колдонуудан („модадан“) калган. Ошол себептен 2000-жылдардан бери өзбектерде перзентинин жаш кезинен сеп жыйноо адаты барган сайын өз кадырын жогото баштаган. Ошондуктан да, бүгүнкү күндө той үчүн керектелүүчү буюм-тайымдар, кездемелер той болушу анык болгон убактан тарта, жуучулуктан бата тоюна чейинки болгон убакытта алына баштады. Азыркы учурда той үчүн керектелүүчү нерсенин бүт баарын базарлардан табуу эч кандай кыйынчылык жаратпайт, жадакалса, келин үчүн кийимдерди да даяр түрдө сатып алуу бир топ жеңил. Албетте, элдердин курч социалдык абалын эске алсак, жогорудагы даярдыктын түрлөрүн бардык Ош шаарынын өзбектерине бирдей таандык деп айтууга болбойт. Той даярдыгына перзентинин бөбөгүнөн сарпайдын бүт баарын жыйноочулар да, эч кандай даярдык көрбөй тургандар да бар. Бүгүнкү күндө Ош шаарында заман талабынан артта калбай турган, чыны, вилур (биллур) идиштерди, ар түрдүү чоң-кичине идиш оокаттарын, килем, алтын, жалпысынан кыздын жана үйгө алып келине турган келиндин себине эмне керектелсе, ошонун баарын алдын ала жыйноого көңүл бурулуп жатат.

«Тойго даярдык көрүү» салтына дарак эгүү да кирет. Эзелтеден тойго даярдык көрүүдө дарак эгүү (терек же мөмөлүү дарак) өзбек элинде салт болгон. Байыртадан дарак эккендер шаардын өзүндө эмес, шаар четтеринде, айылдарда, короолордо эгишкен, себеби, шаарда дарак эгүүгө шарт болгон эмес. Дарак эгүү - уул бала төрөлгөндөн кийин келечекте анын бүлөлүү болушун эске алып, там салып берүү (же өзү куруп, үй бүлөнүн бул маселе боюнча чечимине ылайык) максатында аткарыла турган салт. Дарак келечекте там салган учурда даяр материал катары колдонулган. Себеби үй салганда каражаттын негизги бөлүгү жыгач материалына керектелет. Совет мезгилинде өзбектерди бул дарак эгүү салты бир топ солгундады, 1990-жылдардан тарта кайра куруу мезгилинде бул салт массалык түрдө жайылбаса да, элдер арасында бир топ жандандырылды. Учурда кудурети жеткен, мүмкүнчүлүгү болгон адамдар короо четтерине же талаа коргондоруна терек эгип жатышат, шаардагы жайларда дээрлик бул салт унутулуп бара жатат. Себеби, шаарда дарак эгүү мүмкүнчүлүгү бир топ кыйынчылыктарды жаратат.

Көпчүлүк уулунун күн сайын бой жетип жатканынан улам, келин келиши үчүн кам көрүп, жаңы үй сатып алуу маселесин карайт, эгер анын мүмкүнчүлүгү болбосо, өзүнүн үйүн кеңейтирүүгө (мисалы, бир чоң бөлмөнү ортосунан экиге бөлөт же кошумча үй, бөлмө салат) аракет жасайт. Демек, көпчүлүк үй-бүлөлөр ушуну менен байланыштуу жана тойго кете турган каражаттарды саресеп кылган абалда акча топтошкон. Согуш, жокчулук учурунда 1950-жылдарга чейинки учурда бул салтты аткаруунун мүмкүнчүлүгү болгон эмес, албетте. Ал кездеги шарт да бул сыяктуу каада-салттарды аткарууга, жаш жубайлар үчүн өз алдынча үй салууга же үйдү ондоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Той каражаты үчүн материялдык байлык топтоо XX кылымдын 50-жылдарынан кийинки жылдарга туура келет (АТД№1 ).

Тойго даярдык элдин социалдык-экономикалык шартына, үрп-адаттарына жараша болот. Ош шаарынын өзбектеринин элинин көпчүлүгү үйлөнүү тойго даярдыкты кызынын 6 жашынан баштайт ал гана эмес, перзентинин 1-2 жашынан, 7 же 10 жашынан даярдыкты баштагандар да бар. Маалыматка ылайык, «6 жаштан жыйнасаң ашат, 7 жаштан жыйнасаң жетет» атайын үйлөнгүчө тойго арналган деген макал-лакап бар. Негизинен, кыздарга септи аялдар көбүнчө кездеме түрүндө беришкен. Уул балдарга болсо там салуу үчүн терек эгилет. Азыркы кезде бардыгы эле 100-200 түп терек экпейт, «уулум үйлөнсө там саламын» деген үй-бүлөлөр гана бул адатты аткарышат.

Аялдардын ар кыл майда нерселер (жоолук, сүлгү кездеме ж.б) көрпө, көйнөк үчүн кездемелерди жыйноого көңүл бурушунун негизги себеби, үйлөнү тойлорунда кыздын себине кездемелүү нерселерди көп өлчөмдө иштетилет. Кээ бир адамдар болсо тойго даярдык үчүн иштеп, каражат таап, ошол акчаны жыйноону туура деп эсептешет.

Ош шаарындагы өзбектер менен Кыргызстандын башка аймактарындагы өзбектердин салттарында бир топ айырмачылыктар байкалат. Колунда бар перзентинин жаш кезинен нике тоюна даярдыкты башташса, мүмкүнчүлүгү аз болгон үй бүлө алдын ала даярдык көрүүгө кудурети жетпегендиктен, жандык багууга, сеп жыйноого, буюм-тайымдарды топтоого аракетин жумшабайт. Алар негизинен той башталгандан соң даярданышат, бардар үй - бүлөгө караганда бир аз жөнөкөй, чакан той өткөрүшөт. Шаар тургундары менен айыл жашоочуларынын салттарында да бир канча айырмачылыктарды байкоого болот. Шаарга караганда айыл аймактарында үрп-адат, салт-санаалар сан жагынан көп болгону менен айылдык өзбектерды үй-бүлө куруудагы салттары анчейин көп каражат талап кылбайт. Ошондуктан да айыл жергесиндеги тойлор бир аз каражат жагынан үнөмдүү эсептелет. Араван жана Ноокат жергесинде өзбектердин арасында кыз узатуудан көрө уул үйлөнтүрүү бир топ кыйынчылык жаратат. Каражаттын негизги бөлүгү уул бала жакка түшөт. Ошол себептен келин алуучу адам уй, кой, жылкы сыяктуу үй малдарын көбүрөөк багууга аракет кылат. Себеби алар той үчүн акча катары иштетилип, тойдун негизги каражаттарын көтөрөт. үйлөнүү-той үчүн үй-жаныбары канча эсепте багылышы үй бүлөнүн социалдык абалына байланыштуу. [4]

Бүгүнкү күндө үйлөнүү тойго керектүү ар кандай буюм тыйындар бир күндө, тагыраак айтканда базарга чыккан учурда алынат. Келиндин сарпайы да күйөө бала жактан кыздын каалоосу менен камсыздалат. Ошондуктан да, азыркы учурда сеп жыйноо эмес, каражатын жыйноо эң туура көрүшат.

Тойго даярдык көрүү башка этносторда да кездешет. Мисалы, кыргыз, казак, уйгур, кара-калпак элдеринде да кыз төрөлсө ага атап сеп жыйнөө салт эсептелген. Мында кандайдыр бир айбан багылган же сандыкка ар түрдүү койнок, жоолук топтоп барылган.

Бардык нерсени бир убакта алуу үй ээсин каражат жагынан оор абалга келтиргендиктен,бул сыяктуу буюмдар жылдар бою аз-аздан жыйналган. [5]

Тойлордо жакын туугандардын (амма (атанын эжеси же карындашы), хола (апанын эжеси же сиңдиси), амаки ( атанын агасы же иниси), тага, жээн ж.б.у.с) орду чоң. Ушул мезгилге чейин өзбек элинде жакын тууганчылык мамилелери өтө күчтүү. Тага жээндеринин эң жакын коргоочусу болот,өз кезегинде жээндер болсо өз тагаларына жардамчы болушат. Тага жээндерин үйлөнтүрүүдө же узатууда негизги ролду ээлеген. Бирок бир гана тага жээндерине жакын болот деп кароого болбойт. Ар бир үй-бүлөдө ар түрдүү абал болот. Бир үйдө эне жактын туугандары жакынырак болсо, башка бир үй-бүлөдө ата жактан туугандар үстөмдүк кылат. Той эң жакын туугандардын жардамысыз өтпөйт. Туугандардын ар бири тойдо өзүнө жараша тапшырманы алып, кимдир бирөө меймандарды күтүп алууну, бири уюштуруу иштерин аткарууну, дагы башкасы тойдун башка жумушун бүтүрүүнү мойнуна алат. Алар каражат жактан да той ээсин колдоп-кубаттап турушат.

Тойго даярдык көрүүдө кошуначылык мамилелери да негизги орунду ээлейт. Өзбек элинин социалдык турмушунда кошуначылык мамилелери ыйык эсептелген. Нике тою менен байланыштуу салттардын бири да кошуналар жамаатынын катышуусусуз, алардын аралашуусусуз болгон эмес. Азырга чейин алар байыркы кошуначылык коомдун салт-санаасын чагылдырып, үй-бүлөлүк мамилелерди жана салтанаттарды башкарууда да негизги ролду ээлеп келет. «Үй алба, кошуна ал», деп өзбектерде бекеринен айтылбаган. Кошуначылык жамааты ( уруу, улус, топ) өзүнүн башкаруу системасын аксакалдар кеңеши аркылуу аткарган жана коомчулуктун пикири тарабынан көзөмөлдөп турулган. Ынак кошуначылык той жана салтанаттарды өткөрүүдө бир канча жеңилдиктерди жараткан. Бүгүнкү күндө да дал ошондой. Алар той ээсинин дасторконуна жардам берүү (себет – тойго керектелүүчү нан, шириндиктер сыяктуу) менен бир катарда тойдун алдында да, тойдон кийин да кызматта болушат. Ошондой эле, келген жуучулар албетте жигит же кыз жана алардын үй-бүлөсү тууралуу кошуналардан маалымат алууга аракет кылышат. [2] Ошондуктан, жигит же кыздын тою болушу же болбостугу, белгилүү бир даражада кошуналарга да байланыштуу. Илимий маалыматтар жана өзүбүздүн изилдөөлөрдүн натыйжасында кошуналардан ажырап калган үй-бүлөлөр перзенттерин үйлөнтүрүүдө же узатууда бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушун аныктадык. Себеби, жуучулар жана кыз же жигиттин артынан сурап билгени келген адамдар көбүнесе кошуналардын сөзүнө карап чечим чыгарышкан. Ошондо кошуналардын өздүк кызыкчылыгын ойлоп, ич-ара келише албастыгынын айынан, ичи тардык кылып, бири-биринен өч алуусу же жазалоосунун курмандыгы болгон жигит же кыздын тою белгилүү бир убакытка чейин созулушу да мүмкүн. Негизинен, келген жуучулардын көпчүлүгү кошуналардын айткан сөзүнө гана ишенип, башка жерлерден (мисалы, окуу жайынан, иш жайынан) сурап-билүүгө, иликтөөгө көңүл бурушпайт. Бул албетте элдин баарына эле тиешелүү көрүнүш деп эсептөөгө болбойт. Бирок, көпчүлүк кеч үй-бүлө курган маалымдоочулар (ахборотчилар-маалыматчылар) бул маселеде да кошуналарынан жабыркагандыгын билдиришти. Ошондуктан өзбек үй-бүлөлөрү кошуналардын кандай болушуна карабастан, алар менен дайыма жакшы мамилени сактоого аракеттенишет. Эгерде, кошуналар менен жакшы мамиледе боло албаган үй-бүлөлөр жогоруда айтып өтүлгөндөй өз кошуналарынан жабыркаган. Өзбек элинде ыйык каралып келген адеп-ахлак нормалары да кошуналар менен мамилени бекем кармоого үгүттөйт. Бирок традициялык кошуначылык байланыштары соңку жылдарда бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Жаңы замандын

талаптарындагы прогрессияга байланыштуу үй-бүлөлүк турмуш коомдон бир канча өз алдынчалыкка чыга келишинен улам кошуналардын бири-бири менен болгон карым-катыш алакалары да күн сайын азайып барат.

**Демек, жыйынтыктап айтканда,** Ош шаарындагы өзбектерде жаштардын үй-бүлө куруусу алардын үйлөрүндөгү жана жакын туугандарынын, жана конушуларынын орду чоң. Кыз бере турган жана үйлөнө турган бала тарапты үй-бүлөсүндө перзент төрөлгөндөн тартып алардын келечектеги турмушу үй-бүлөсү жөнүндө кам көрө башташат. Даярдыктар абдан, тыкан жүрөт жана ар тараптуу болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1.А.Асанканов Традиционным свадебным обрядом и обычаем узбеков г.Ош и его окрестности/ Ош и Фергана археолог-Б,2000.Ош 3000 и культ наследие выпуск 4.117-118-б
2. Джаббарова И.А. Современные свадебные обряды и обычаи узбеков г.Ош // КУУ 1998-Выпуск № 1с-237-240
3. Н.П. Лобачева Формирование новой обрядности узбеков. М.,1975.
4. Нурдинова Т.С. Свадебные обряды кыргызов и узбеков,проживающих на Ферганской трассе великого шелкового пути/ Т. Нуридинова,И.А. Джаббарова // Диалог цивилизаций.-Бишкек,2003.-98-100-б.
5. Обычаи, традиции и обряды народов Востока-Б.,2000-176-б.
6. Осмонова С.К. Традиционные свадебные обряды юго-запада Ферганской долины (конец XIX -началоXXвв.)// Монография .-Ош, 2015.-127б.
7. Осмонова С.К. Договор о браке малолетних детей (бел куда,бешик куда) кыргызов юго-запада Ферганы (конец XIX-началоXXвв)// Актуальные проблемы истории Кыргызстана: Материалы респ.научн.конф..12.04.2012-Б.:2013 252-258-б.
8. Ташалиева М.М. Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIX к.аягы-XXк.башы)// Монография –Бишкек.-2021.-224-б

**УДК. 9.(930). 85**

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНДЫК КООМУНДАГЫ ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ОРДУ ЖАНА РОЛУ

Дуйшонбаева Аида Байышевна– тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМУнун, Чыгыш таануу жана тарых факультети,
Жалпы тарых жана ТОУ кафедрасы, E-mail: bektasheva80@mail.ru
Осмонова Бактыгуль Абдылдаевна- улук окутуучу,ОшМУнун Чыгыш таануу жана тарых факультети, Жалпы тарых жана ТОУ кафедрасы,
E-mail: osmonova-1966@mail.ru

## РОЛЬ И МЕСТО СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В ГРАЖДАНСКОМ ОБЩЕСТВЕ КЫРГЫЗСТАНА

Дуйшонбаева Аида Байышевна – кандидат исторических наук, доцент, ОшГУ,
факультет востоковедения и истории, кафедра всеобщей истории и ТОУ,
E-mail: bektasheva80@mail.ru
Осмонова Бактыгуль Абдылдаевна - старший преподаватель, ОшГУ,
Факультет востоковедения и истории, кафедра всеобщей истории и ТОУ,
E-mail: osmonova-1966@mail.ru

## THE ROLE AND PLACE OF GENERAL MEDIA IN KYRGYZSTAN'S CIVIL SOCIETY

Duishonbaeva Aida Baishevna - Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University, Faculty of Oriental Studies and History, Department of General History and TOU,
E-mail: bektasheva80@mail.ru

Osmonova Baktygul Abdyldaevna – Senior Lecturer, Osh State University, Faculty of Oriental Studies and History, Department of General History and TOU,
E-mail: osmonova-1966@mail.ru

**Аннотация**

Жалпыга маалымдоо каражаттары – жарандык коомдун эң маанилүү институту, адамдардын социалдык-экономикалык жана саясий кызыкчылыктарынын коммуникатору жана өкүлү. Жарандык коомдун бардык институттары сыяктуу эле ал башка коомдук жана мамлекеттик институттар менен кызматташууда менен жашайт. Кыргыз коомчулугунда болуп жаткан процесстерге таасир этүүгө аракет жасайт. Акыркы жылдары медиа рыногунда болуп өткөн революциялык өзгөрүүлөргө байланыштуу заманбап изилдөөчүлөр аны өнүгүү фактору катары гана эмес, жарандык коомдун структуралык элементи катары да карашат. Дал ушул Жалпыга Маалымдоо Каражаттары пикир алмашуу жана тараптардын позициясын көрсөтүү каналын түзүү милдети жүктөлгөн. Ал эми макалада дал ушул массалык маалымат каражаттарынын жарандык коомго тийгизген таасири андагы ролу жана орду каралып талдоого алынды.

**Түйүн сөздөр:** коммуникатор, кыргыз коомчулугу, медиа-рыногу, үрп-адаттар, салттар, адеп-ахлак жүрүм-турум стереотиптер, координациялоо.

**Аннотация**

*СМИ являются важнейшим институтом гражданского общества, коммуникатором и представителем социально-экономических и политических интересов народа. Как и все институты гражданского общества, он живет во взаимодействии с другими общественными и государственными институтами. Попытки повлиять на процессы, происходящие в кыргызском обществе. В связи с революционными изменениями, произошедшими на медиарынке в последние годы, современные исследователи рассматривают его не только как фактор развития, но и как структурный элемент гражданского общества. Именно перед СМИ поставлена задача создать канал для обмена мнениями и выражения позиций сторон. В статье исследуется роль и место СМИ в гражданском обществе.*

**Ключевые слова***:* *коммуникатор, кыргызская община, медиарынок, обычаи, традиции, моральные стереотипы, координация.*

**Abstract**

*The media is the most important institution of civil society, the communicator and representative of the socio-economic and political interests of the people. Like all institutions of civil society, it lives in cooperation with other public and state institutions. Attempts to influence the processes taking place in Kyrgyz society. Due to the revolutionary changes that have taken place in the media market in recent years, modern researchers consider it not only as a factor of development, but also as a structural element of civil society. It is the media that is tasked with creating a channel for the exchange of views and the expression of the positions of the parties. The article examines the role and place of the media in civil society.*

**Key words***: communicator, Kyrgyz community, media market, customs, traditions, moral stereotypes, coordination.*

**Киришүү.** Жарандык коом демократия институттары менен байланышкан жана демократиялык баалуулуктарды жайылтууда эң активдүү жана көрүнүктүү актер бойдон

калууда. Коомдо инсандын кызыкчылыктары көрсөтүлөт, ал эми анын таламдары өз кезегинде мамлекет тарабынан ишке ашырылат. Бул калыптандыруучу элементтердин баары маалымат талаасында кесилишет. Ал эми коом менен бийликтин ортосундагы эки тараптуу диалогдун модераторунун ролун жалпыга маалымдоо каражаттары аткарат. Ошол мамлекет менен коомдун ортосундагы биригүүнү, ажырымды же тескерисинче компромисс кырдаалын да адл ушул массалык маалымат каражаттары аткарып келет. Демек анын кыргыз коомчулугунда канчалык чон социалдык күчкө ээ болсо, дал ошондой эле саясий-маданий көз карандылыка муктаж болуп келет.

Кыргызстанда маалымдоо каражаттарынын калыптануу, өнүгүү жолу жана коомдогу ордун кароодо тарыхнаамелик маселе катары М. М Лукинанын, А. А. Никитенконун, К. Таабалдиевдин түптүү эмгектеринде кадыресе иликтенген жана толук ачып берүүгө аракеттер бар. Ошондой эле, Интернет Жалпыга Маалымдоо Каражаттарынын мазмунунун тенденцияларын аныктоодо, “Internet World State” дүйнөлүк эл аралык агенттигин сайтынын маалыматтарын колдонууга мүмкүн болду.

**Изилдөөнүн максаты.** Бүгүнкү күндө коом жөнүндө сөз кылганда анын жарандык компонентине, коомдук-саясий турмушка активдүү катышуусуна жана бүтүндөй коомдун позициясын көрсөтүүсүнө басым жасагандыгын байкоого болот. Биздин мамлекетибиздеги жарандык коом – бул коомдун бардык топторун, диний, этникалык, саясий партиялар, коомдук уюмдар, профсоюздар, структуралык жактан уюшулган жана социалдык таасири бар болгон бүткүл инфраструктуранын жалпы системасын чагылдырууга мүмкүн болгон коомдук процесс. Ал эми макалада жалпыга маалымдоо каражаттары коомдогу негизги көйкөйдү коомчулука алып чыгуу менен өзүнүн ордун, ролун жана таасирин көрсөтүүнү максат кылат.

**Изилдөөнүн усулдары.** Тарыхый изилдөөлөрдө калыптанып калган теребелдүү (системалуу) изилдөө менен бир катар эле таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), социологиялык, салыштырма, маданий, генетикалык усулдар колдонулду. Азыркы учурда массалык маалымат каражаттары коомдун ажырагыс бөлүгү катары каралып, анын кенири чөйрөсүнө таралып, айрым учурда адамдардын тагдырын чечсе, айрым учурда бийликтин жек көрүндү системасынын бөлүгүн түзүп калып жатат. Ошондуктан жалпыга маалымдоо каражаттары адамдардын тагдырына үзөнгүлөш кылып алып жүрүү менен туура багытта колдонсо анын коомдогу ордун бат эле аныктоого болчудай. Булардын барын макаланы талдоого алган учурунда көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндө коом жөнүндө сөз кылганда анын жарандык компонентине, коомдук-саясий турмушка активдүү катышуусуна жана бүтүндөй коомдун позициясын көрсөтүүсүнө басым жасоо аракетин айтууга болот. Заманбап жарандык коом – бул коомдун бардык топтору, атап айтканда, диний, этникалык, саясий, уюмдар жана профсоюздар, структуралык жактан уюшулган жана социалдык таасирдин бүтүндөй инфраструктурасын чагылдырган система. Жарандык коом инсандардын социалдык жашоо чөйрөсүн түзүү менен коомдук турмуштун ишмердигинин процессин алып жүрөт. Анын негизги функцияларын төмөнкүлөр аркылуу аныктоого болот:

-инсандарды социалдаштыруунун натыйжасында өзүн-өзү көрсөтүү жана социалдык субөект катары өз потенциалын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу;

- жеке кызыкчылыктардын кеңири мозаикасындагы өзүн-өзү башкаруусу, жөнгө салуусу, иретке келтирүүсүн кароого болот. Андан сырткары ички жөнгө салуучулар - үрп-адаттар, каада-салттар, адеп-ахлактар, жүрүм-турумдун нормалары жана стереотиптер;

- социалдык-маданий жалпылыктын, социалдык тилектештиктин формаларынын негизинде иштеген горизонталдык байланыштар жана маалымат каналдары аркылуу коомду интеграциялоо компетенттүүлүг/;
- инсандар аралык тилектештиктин негизги формаларын түзүү, алдыңкы кызыкчылыктарды координациялоонун жана чыр-чатактарды чечүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу, макулдашууга жана туруктуулукка жетишүүнүн каражаты катары коомдук-саясий күчтөрдүн кеңири чөйрөсүн жайылтуу;
- жарандык жана саясий укуктарды, юридикалык жактан консолидациялоо талаптарын коюу аркылуу укуктук ченем жаратууга дем берүү;

Ал эми анын коомдук бирикмелеринин негизги сектору катары - коомдук уюмдар, саясий партиялар, жеке секторлор жана активдүү жарандарды айтууга болот.

Кыргызстанда жарандык коомдун коомдук-саясий процесстерге тийгизген таасири көбүрөөк болгондуктан тарыхы да узагыраак. 1990-жылдары эле ал “демократия аралы” деп аталып, аймактын коңшу өлкөлөрүнө караганда кеңири болгон. [1] Бул калктын жарандык активдүүлүгүнүн тереңдигин жана бийликке таасиринин бар экендигинен кабар берет. Кыргызстанда жарандык коом 20 жылдан ашык убакыттан бери коомдук процесстерге катышып келе жатканына карабастан, анын мүмкүнчүлүктөрү 2005-жылы гана ишке аша баштаган. Башка өлкөлөрдөгүдөй эле өлкөнүн жарандык коому, улуттук жана диний укуктарды камсыз кылуу жана коргоо жаатында иш алып баруу менен алектенип, коомдун активдүү бөлүгүн түзүүгө жетишти.

2005-жыл Кыргызстандын жаңы тарыхынын башталышы болду. Анткени олкодо кийинки он жылдын ичинде коомдун өнүгүшүнүн багытын аныктаган маанилуу озгоруулоргө кадам ташталды. 2005-жылдын мартындагы саясий толкундоолор, конституциялык реформалар, бүтүндөй өлкөнүн жарандык коомун активдештирүү үчүн жагымдуу атмосфераны түзө алды.

Жарандык коом демократия институттары менен байланышкан жана демократиялык баалуулуктарды жайылтууда эң активдүү, көрүнүктүү актер экендиги талашсыз. Себеби ал үч деңгээлден туруп, (инсан, коом, мамлекет.) түздөн-түз мамлекетке таасир этүүчү рычаг болгон. [2] Коомдо инсандын кызыкчылыктары көрсөтүлөт, ал эми анын таламдары өз кезегинде мамлекет тарабынан ишке ашырылат. Бул калыптандыруучу элементтердин баары маалымат талаасында кесилишет. Дал ошол коом менен бийликтин ортосундагы эки тараптуу диалогдун модераторунун ролун жалпыга маалымдоо каражаттары аткарып келет.

Жалпыга маалымдоо каражаттары – жарандык коомдун эң маанилүү институту, адамдардын социалдык-экономикалык, саясий кызыкчылыктарынын коммуникатору жана өкүлү. Жарандык коомдун бардык институттары сыяктуу эле ал башка коомдук жана мамлекеттик институттар менен кызматташууда жашайт жана коомдо болуп жаткан процесстерге таасир этүүгө умтулат. Акыркы жылдары медиа рыногунда болуп өткөн революциялык өзгөрүүлөргө байланыштуу заманбап изилдөөчүлөр аны өнүгүү фактору катары гана эмес, жарандык коомдун структуралык элементи катары да карашат. Дал ушул Жалпыга Маалымдоо Каражаттары пикир алмашуу жана тараптардын позициясын көрсөтүү каналын түзүү милдетин алып жүргөндүгүн көрүүгө болот.

Жалпыга Маалымдоо Каражаттарынын принциптерине негизделген дагы бир артыкчылык бар. Бул бүгүнкү тил менен айтканда интернет-журналистика деп аталып, [3] өзүнүн айырмачылыктары менен белгилүү. Жалпыга Маалымдоо Каражаттары интернет мейкиндигине шашылыш өтүп, теориялык базаны түзбөстөн, журналисттин жаңы шартта иштөө ыкмаларын өнүктүрбөстөн, интернет-журналистиканын калыптануу жана өнүгүү

процессине чон зыянын тийгизди десе болот. Анткени массалык түрдө сабатсыз интернет-журналисттердин пайда болушу буга далил боло алат. Журналисттер иш жүзүндө онлайн-медиада иштөөнүн жаңы ыкмаларын жана формаларын өздөштүрбөй туруп, анын ишмердүүлүгүнө өтүп кетиши Жалпыга Маалымдоо Каражаттарынын аксап тургандыгын далилдейт.

Интернет-журналист чет элдик аудитория үчүн кызматкылууда колдонулуп жаткан принциптерди, структураларды, талаптарды көп учурда сактабай пайдаланып жиберет. Мындай учурда интернет аркылуу эмгектер кайтарылып, эл аралык нормаларды сактап туруу талаптары коюлат. Ошондуктан Жалпыга Маалымдоо Каражаттары Интернет-журналисттерди сабаттуу болууга чакыруу менен анын бардык системадагы эстеткичтерин туура колдонууга үндөйт. Онлайн-медианын журналисти акыркы окуялардын толкунунда болушу керек. Онлайн-медиа журналисттери “Яндекс”, "Google-Жаңылыктар», сыяктуу окуяларга бай интернет-булактарына мониторинг жүргүзүү менен атайын каражаттарды колдонуусу зарыл жана кабардар болуусу шарт. [4] Чет элдик ресурстар да маалымат булагы боло алгандыктан, интернет-медиа журналисти чет тилдерди эркин билүүсү керек. Ошондо гана Жалпыга Маалымдоо Каражаттарынын маалымат айдынында сүзө алат.

**Колдонулган адабияттар, сайттар, макалалар**

1.Таабалдиев К. «Новые вызовы для кыргызстанских Средства массовой информации» «Кабар» «24.kg». 2014-ж.
2. Интернет-СМИ. Теория и практика / Под ред. Лукиной М. М.: Аспект Пресс, 2010-г. (С.36)
3.Сайт общественного фонда «Клооп Медиа» http://school.kloop.kg/about/ (дата обращения 23.03.2012)
4. *Пять альтернативных бизнес-моделей для журналистики*// Международная журналистская сеть ijnet. 2006. URL: http://ijnet.org/ru/stories/100670 (дата обращения 25.03.2012).

**УДК** 947.1 (575.2)(043.3)

## ПРОБЛЕМА СОХРАНЕНИЯ ЭТНИЧЕСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ У ДУНГАН ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

***Аюпов Тимур Маратович,***
*ORCID: 0000-0001-8760-8892,*
*кандидат исторических наук,*
*Алтайский государственный медицинский университет,*
*г. Барнаул, Россия, aiuptegin@mail.ru*

## THE PROBLEM OF PRESERVING ETHNIC IDENTITY AT DUNGAN OF OSH REGION

***Ayupov Timur M.***
ORCID: 0000-0001-8760-8892
candidate of historical sciences
Altai State Medical University
Barnaul, Russia, aiuptegin@mail.ru

**Аннотация.**

Статья посвящена небольшой этнической группе дунган, расселенной в пределах современной Ошской области Кыргызской Республики. В ней рассматриваются причины и направления их переселения из Китая, основное занятие, известные представители диаспоры, внесшие вклад в развитие разных отраслей народного хозяйства республики. Также автором анализируются современные социокультурные процессы, приведшие почти к полной утрате этнической идентичности у данной группы дунган.

**Ключевые слова**: дунгане, Кара-Суйский район, хлопководство, узбекский язык, ассимиляция.

**Abstract**

The article is devoted to a small ethnic group of Dungans settled within the modern Osh region of the Kyrgyz Republic. It examines the reasons and directions of their resettlement from China, their main occupation, well-known representatives of the diaspora who have contributed to the development of various sectors of the national economy of the republic. The author also analyzes modern socio-cultural processes that have led to the almost complete loss of ethnic identity in this group.

**Key words**: Dungan, Kara-Suu district, cotton growing, Uzbek language, assimilation.

**Введение.** Современный Кыргызстан – многонациональное государство, на территории которого совместно проживают более 80 этносов и этнических групп. Все они, наряду с коренным этносом – кыргызами, пользуются равными правами и возможностями, определенными Конституцией.

В республике, к примеру, издана обширная художественная, публицистическая и научная литература на дунганском языке. Благодаря созданию отделения при факультете филологии КГУ, стало возможным готовить учителей дунганского языка и литературы, разрабатывать учебники и учебные пособия для школ с преподаванием на этом языке.

Стараниями М.Я. Сушанло, Ю.Я. Яншансина, Х. Юсурова, И. Юсупова, М.Х. Имазова и др. в советское время здесь сформировалась такая самостоятельная отрасль науки как дунгановедение. В 1956 г. при Академии наук Киргизской ССР был образован сектор изучения дунганской культуры (ныне Центр дунгановедения и китаистики НАН КР). В центре внимания дунганских ученых сразу же оказались также вопросы истории и этнографии.

В ходе этнографического обследования ошской группы дунганского населения научные сотрудники Сектора в 1967 г. опросили многих пожилых дунган в колхозе им. Х. Таширова, зафиксировали их воспоминания, отметив почти полное слияние данной группы с местным населением, как по линии хозяйственной деятельности, так и по линии семейно-бытовой. Ими был сделан вывод о том, что дунганские переселенцы на юге Кыргызстана еще в дореволюционное время отказались от своей традиционной одежды.

Научные исследования в этом направлении были продолжены в период и после обретения независимости. Так, в качестве самостоятельного объекта изучения М.Д. Машанло рассмотрел историю шэньсийских дунган в Кыргызстане и Казахстане [1].

Во время создания первых общественных организаций в конце 1980-х гг. возникла Ассоциация дунган Кыргызской Республики, играющая значительную роль в сохранении и развитии их самобытной культуры и гражданской идентичности. В настоящее время по ее инициативе издается газета «Хуэймин бо», а в сетке государственного радиовещания ведутся передачи на дунганском языке.

**Основные результаты и их обсуждение.**

Дунгане (самоназвание – хуэйзу) в Кыргызстане появились около 150 лет назад, после жестокого подавления цинско-китайскими властями народно-освободительного восстания в провинциях Синьцзян, Ганьсу и Шэньси. В результате карательных действий 1877 – 1878 гг. в Восточном Туркестане были разгромлены просуществовавшие там недолго феодально-теократические государства местных мусульман: Йэттишар (с центром в г. Кашгаре), Таранчинское ханство (с центром в г. Кульдже) и Дунганский султанат (с центром в г. Урумчи) [2, с. 110].

Некоторые исследователи в своих трудах указывают, что дунгане в провинции Шэньси восстали в результате прихода на юг остатков тайпинской армии, которая заняла несколько уездных городов – Ханьчжун, Шаньян, Вэйнань [3, с. 7]. Цинское правительство объявило дунган прямыми соучастниками движения тайпинов и виновниками падения цинской власти на юге Шэньси. Это послужило поводом для издания специального указа о полном истреблении дунганского населения провинции.

После этого многие дунгане, решив принять подданство России, перешли границу несколькими партиями. Большая часть во главе с предводителем восстания Биянху через Нарын пришла в Токмак и расселились в урочище Кара-Конуз. Другая часть поселилась в Пржевальском уезде в урочище Ирдык. Еще одной группой пострадавших руководил Мадажэнь. Эта группа численностью около 2 тысяч человек, состоявшая из синьцзянских и ганьсуйских дунган, выступила из Ак-Суу, преодолела перевалы Марал-Баши и Иркештам и перешла в Ферганскую долину [4, с. 131].

Переселение дунган в Российскую империю происходило в очень тяжелых условиях. Только своевременная помощь со стороны местных русских властей, кыргызского и узбекского населения спасла их от смерти. Газета «Голос» писала об этом: «…для оказания помощи переселенцам начальник Ошского уезда принял следующие меры: из Оша на перевал Терекдаван отправлено было 579 вьючных лошадей для перевозки больных, кроме того, нанято было в горах у киргизов 30 лошадей и верблюдов. Перевезено на средства казны 1779 человек» [4, с. 131 – 132].

Дунгане, переселившиеся в южный Кыргызстан, первоначально осели близ г. Ош. Так, врач военного лазарета в Оше П. Девятко со своими людьми оказывал первую помощь беженцам в районе пригорода Оша под названием Ачы-Мазар [4, с. 132]. А в «Обзорах Ферганской области» (1908 г.) приводятся данные о том, что из 43 433 человек – жителей самого Оша дунгане составляли 409 человек [5, с. 115]. Это были в основном сезонные чернорабочие и члены их семей. Согласно архивным данным 1 дунганин по фамилии Юсупов также значится в числе бойцов вооруженного отряда, защищавшего г. Ош от налета басмачей в сентябре 1919 г.

В отличие от двух других групп дунган-повстанцев, возглавляемых Биянху и Юсуфом-хазретом, которым были выделены земли сразу после их переселения (нынешнее с. Масанчи, Казахстан, а также с. Ирдык, Иссык-Кульская область) положение с третьей группой сложилось иначе. Местные органы власти выделили им земли в Алайской долине. Но выделенные участки земли были малопригодны для пашни, поэтому дунгане отказались от нее. Они написали прошение в Санкт-Петербург о выделении земли в другом месте. Но ответа так и не получили [6, с. 39]. В поисках заработка дунгане кочевали по всей Ферганской долине, кто арендовал земли, занимаясь сельским хозяйством, а кто – различными ремеслами. Отсутствие компактного места проживания и разбросанность дунган ошской группы на огромной территории Ферганской долины сыграли исключительно важную роль в их ассимиляции с местными народами и в потере своего родного языка.

Лишь в первой половине 20-х гг. XX в., когда прошло более 45 лет проживания в новой среде, у части дунган-крестьян, занимающихся земледелием, появилась возможность получить земли. Крестьянам-дунганам, которые трудились в Кашгар-Кишлакской волости Ошского уезда (ныне Кара-Суйский район) были выделены земли рядом с нынешним г. Кара-Су для организации сельхоз-артели [6, с. 39]. Объединение крестьян в сельхоз-артели – это результат земельно-водной реформы, проводимой тогда советской властью. В соответствии с ней земли предоставлялись трудовому земледельческому населению.

Весной 1924 г. 14 семей дунган-крестьян перебрались на новое место. На площади около 40 га организовали сельхозартель, которую назвали «Трудовая артель», имея всего пару быков, несколько пудов семян зерновых и около десятка кетменей и лопат [6, с. 39 – 40]. Среди активистов сельхозартели были Хайтахун Таширов, Халил Исмазов, Кемаза Лебизов и другие. Это была основа будущего крупного хозяйства-миллионера, известного во всем СССР, колхоза «Кызыл-Шарк».

Позже в сельхозартель вливались люди разных национальностей из различных районов Ферганской долины. В 1928 г. «Трудовую артель» переименовали в «Кызыл-Шарк», что означает «Красный Восток». В 1929 г. на его базе организовали колхоз. В 1937 г. общим собранием колхозников председателем правления единогласно был избран 35-летний Хайтахун Таширов. В течение 25 лет вплоть до ухода на пенсию Х. Таширов возглавлял это хозяйство.

«Тарих-и Шавки» Шавки еще недостаточно исследована. Потому что рукописный экземпляр этого произведения до сих пор не найден. Первые сведения о произведении нам сообщил Заки Валиди Тоган (1890-1970). В статье, написанной Заки Валиди Тоганом в 1914 году, он писал об этом: «Тарихи Шавки, это историческое, поэтическое произведение ферганского поэта Шавки о последних днях Кокандского ханства и завоевании Ферганы русскими. Шавки с ненавистью описывает вторжение русских (Российская империя - автор). Он процитировал слова «камал дарар, то есть страшное бедствие», которые описаны в произведении в стиле хронограммы. Если эти слова даны при исчислении абджада, то они происходят в 1291 года по хиджре, 1874-1875 годах по новому летоисчислению [17, с. 86]. Значит, в том году была написана работа «Тарих-и Шавки». Также Заки Валиди Тоган в другом своем произведении заявил, что эта работа находится в руках народа [1, р. 223]. В 1934 году английский востоковед Чарльз Амброз Стори (1888-1967) в своем труде «Персидская литература» описывает произведение «Тарих-и Шавки», основанное на сведениях Заки Валиди Тоган[9, с. 1199]. Чарльз Стори[12, с. 1199], Т. Бейсимбиев[4, с. 134], Ш. Вахидов[5, с. 107] писали, что это произведение изначально было написано на таджикском языке. Однако в работах Заки Валиди Туган эта информация не обнаружена. Произведение Шавки «Тарих-и Шавки» было написано прозой, на тюркском языке, это стало ясно во время нахождения произведения.

**Основные результаты и их обсуждение.**

Это произведение муллы Шамсиддина Шавки сохранилось в руках потомков, проживающих в селе Калвак Туракурганского района Наманганской области. В 2018 году мы посетили кладбище села Калвак, где находится могила Шавки. После паломничества нас встретил потомок Шавки Исмаил Ходжи Лутфитдинов (1968 г.р.). Мы говорили о произведениях и наследии, которые он хранит. В результате он представил произведение Шавки «Девони Шавки-1»[2]. Размер рукописи 26х16 см. Оно состоит из 68 листов, т.е. 136 страниц. На рукописи напечатаны 1 миндалевидный экземпляр, 8 больших, 7 малых круглых печатей. Рукопись не стала книгой. Она сохранилась в разрозненном состоянии.
Большая печать гласит: «Хотя Шавки и раб грехов, но на милость Божию надеется. 1299/1881/82». Стало известно, что в этот диван вошло произведение Шавки «Тарих-и Шавки».

Произведение начинается с «Бисмиллях». Он поэтично выразил тот факт, что мусульманское правительство покинуло Фергану. После того как войска Российской

[2] Мы предпочли назвать рукопись, хранящейся в Институте востоковедения АН РУз под инвентарным номером 1872 как «Девони Шавкий-2».

империи заняли Ташкент, в остальной части Кокандского ханства произошли волнения. Началась взаимная борьба за престол, возникали конфликты между кыргызами и кыпчаками.

По словам Шавки, «у мусульман была сильная вера при прежнем правительстве, но как только начали жить по русским законам дела оказались очень плохими» [6. л. 36]. Российская империя вмешивалась во внутренние дела ханства с самого начала. «Российское государство воспользовалось взаимной борьбой и разногласиями в Кокандском ханстве и покорило один за другим несколько городов и селений и превратило их в руины» [8, с. 204]. Он покорил Ак-Мечеть, Аулиэ-Ату, Мерке, Пишпек, Токмак, Туркестан, Чимкент, Ташкент и другие важные места. Кокандскому ханству осталась только Ферганская долина. Кокандское ханство было сильно ослаблено из-за взаимной борьбы и внешнего влияния. Это успокоило Российскую империю. Кокандский хан Худаяр-хан нес прямую ответственность за эти события. Он тоже был под влиянием русских интриг. Он также писал в произведении «Тарихи Шавки», что в это время Худаяр-хан поручил своим министрам Исе Аулии и Абдурахману Афтабачи государственные дела. Например, Иса Аулия писал, что он «всегда потворствовал делам угнетения и зла, поэтому хан был очень доволен всем, что делал» [6. л. 37]. Иса был одним из командующих войском Худаяр-хана, и он говорил, что «не был другом войска и подданных». Иса Аулия писал, что он всегда ходил рядом с ханом, принимал участие в угнетении народа, поставил под свою сильную зависимость Худаяр-хана, не уделял должного внимания армии и ее снабжению. Абдуррахман Афтабачи был из кыпчаков, и хан тоже любил его. Мысли Шавки об Афтобачи передал и другой историк Мухаммад Азиз Маргилани в своем труде «Тарихи Азизи»: Мысли Шавки об Афтабачи передал и другой историк Мухаммад Азиз Маргилани в своем труде «Тарихи Азизи»: «Подобно покойного Мулла Аликули Амирлашкар, он был богатырем, и он был предводителем стольких пушек, и Афтобачи был среди его ожесточенных боев. Он все видел, а чего не видел, слышал от кыпчаков. Он слышал о битвах, которые вели Каноатшах и ревностный Амирлашкар в эпоху покойного Маллахана, и о войнах Мирзы Ахмада-парваначи и Джурабека во времена ханов. Он ничему не научился» [11. с, 23].

Он также критиковал крупных религиоведов своего времени за их невнимательность и некомпетентность. Например, в труде «Тарих-и Шавки» он обвинил одного из крупных религиоведов своего времени, зятя кокандского хана Шералихана (1842-1845 гг.) Валихонтура Сайид Падшахан (умер в 1889 г.) в нарушение требований шариата. В конце концов, писал он, «воины были разочарованы, увидев его нрав» [6. л. 37].

Приведенные выше критические замечания, представленные в «Истории Шавки», можно отметить главным образом как внутренние причины оккупации Кокандского ханства Российской империей. Потому что из-за некомпетентности чиновников в политическом управлении ханством, отсутствия изменений в военном строе и небрежности духовенства ханство было завоевано внешними силами.

Это также привело к началу внутриполитической борьбы в ханстве. Худаяр-хан был вынужден передать престол своему сыну Насриддину. Иса Аулия и Абдуррахман Афтабачи отвернулись от Худаяр-хана и перешли на службу к Насриддину. Воспользовавшись неспокойной политической обстановкой в Кокандском ханстве, войска Российской империи вторглись на территорию ханства. Войска Российской империи впервые вышли к берегам Сырдарьи через Ходжент. По сведениям в «Тарихи Шавки», он писал, что на берегу реки произошло сражение между двумя войсками, и войско хана одержало победу в этом

сражении. Однако он писал, что в следующем сражении ханские войска потерпели поражение и царские войска вторглись в Коканд [6. л. 40]. Генерал-губернатор Туркестана К.П. Кауфман встретился с Насриддином в Коканде. После этого царские войска заняли Маргилан, затем Наманган. В Наманган он занял медресе, построенное Худаяр-ханом, снес дома окрестных жителей и превратил его в административное учреждение. По словам Шавки, время взятия Намангана имперскими войсками совпало с мусульманским месяцем Рамадан. После месяца Рамадан, через четыре дня после Курбан-Байрам, жители Намангана пошли войной на имперские войска. В бою погиб казикалян.

После того, как Российская империя завоевала ханство, она установила свои правила и систему управления. Однако официальные лица империи решили, что чтобы склонить людей на свою сторону, если законы шариата будут введены, необходимо чтобы они подчинялись законам империи. В своем труде Шавки писал, что для гармонизации управления Российской империей, шариата и «закона» империи семерым ученым, а именно Мухиддин Ходже (1842-1902), Баки Хану, Рахматилло Ходже, Саримсок Ходже, Низамиддину, Юнус Ходже и Бахадуру были даны имперским правительством различные должности.

Известно, что в 1869 г. генерал-губернатор К.П. Кауфман упразднил должность казикаляна в Ташкенте и в том же году скончался Хакимходжа Эшон, которого Кауфман снял с должности казикаляна. Его сын Мухаммад Мухиддинходжа был избран судьей Себзарского района [13, 35с].

В прошении, написанном от имени Юнусхан Эшан ибн Хонходжа Эшон, Мулла Мир Низамиддинходжа Абдулгафарходжа сын, Рахматуллахходжа Азимходжа сын, Кори Фазлулла Мирджалал сын, Сайидбакиджан Абулкасимжон Эшон и Бахадурходжи оглы Имам Мухаммадходжи которые были назначены членами «Собрания новых правил и порядка», созданного Черняевым якобы для укрепления основ религии и регулирования Законы шариата они выразили благодарность за назначение членами. В соответствии с распоряжением губернатора об избрании председателя (садр-нешин) в «Меджлис», согласно решениям, принятым всеми ими в союзе, просили назначить Мухаммад Мухиддинходжа Ишана, сына покойного казикаляна Мухаммада Хакимходжи Ишана, в качестве председателя, и назвать собрание «Махкамат уль-Ислам», председателя - «Садр ус-шариа» и членов - «Аминиддин» [13. с. 212].

В своей работе Шавки описал Мухиддинходжа как «Ходжалар Хатами (Печать ходжей)». Фон Кауфман, правивший в Туркестане около пятнадцати лет, говорил о Хакимходже: «Он был замечательным человеком, который не боялся никого, кроме Бога», и что он должен был признать своего величайшего соперника, и великие дела, совершенные Мухиддинходжей, сын этого блаженного человека, в интересах страны подтверждает.

Второй ученый Сайид Бакихан (сын Сайида Бакиджана Абулкасима Ишана) был судьей района Бешагач. Шавки описал его как «ныряльщик в реке знаний» [6, с. 41]. Он написал, что в «Фахми Дониш» нет равного ему руководителя. Говорят, что название квартала Казирабад в Ташкенте связано с именем Бакихана Кази.

Третьим улемом был сын Рахматуллаха Ходжа Алам Азимходжа, который описан в эпосе как «религия благополучно продвигается, и присутствие есть» [6, с. 41], и «он сдался ей (вере)» [6, с. 41]. Далекий от высокомерия, он написал, что этот человек «нигде больше не имеет своего подобия» [6, с. 41].

Четвертый ученый, Саримсоходжа, был сыном Абдусамиходжи, и Шавки упомянул, что он был родом из Коканда. В эпосе он описывается как «Кладезь всех знаний» [6, с. 42], «В знаниях он и свет, и светильник», «Предводитель для малых и великих». Пятый улама, мулла Мир Низамиддинходжа, был сыном Абдула Гафарходжи, и Шавки отметил, что он из Самарканда. В «Тарих-и Шавки» он описал «Муршида Муттаки Аллама» и «Марду Сахиб Карам» [6, с. 42].

Шестым ученым был Ходжа Юнус (сын Юнус-хана Ходжи), и Шавки писал, что не переставал учиться. Он писал, что привлекает всех своей речью. Он был главой медресе Кукельдаш[6, с. 42].

Седьмой ученый - сын Бахадурходжи Имамходжи, и в «Тарих-и Шавки» он указан как Бахадур-хан.

Описывая этих лиц, Шавки привел арабскую историю в конце саги. Эта история рассказана следующим образом в «Ахлаки Мухсини» Мауланы Хусейна Ваиза Кашифи (1440-1507):

«Во времена халифа Мамуна жил-был араб, который родился и вырос в пустыне на солончаковой земле. Он никогда не видел воды в деревне, кроме грязной воды из колодца. В племени, где когда-то жили арабы, начался голод. Все начали ходить повсюду в поисках еды. Кочевник также оставил своих детей и отправился в Багдад в поисках работы. По дороге он увидел, что в одном месте скопилась дождевая вода и превратилась в лужу. Он попробовал воды из лужи, она оказалась пресной. Потому что вода в его деревне была хуже лужи. Он сказал себе: «Я слышал, что такая сладкая вода будет на небе». Всевышний Аллах сжалился над моей бедностью и дал мне эту воду", - сказал он. - Если я возьму немного этой воды и отнесу халифу Багдада, он, вероятно, даст мне много. Неудивительно, что я и моя семья пережили бедствие голода", - сказал, он, набрав немного воды в бурдюк. Он двинулся в сторону Багдада. Когда он был недалеко от Багдада, он увидел, что халиф вышел на охоту. Он немедленно пошел к халифу и помолился за него.
Халиф спросил: «О простолюдин, откуда ты и что делаешь?»

Кочевник: «Я из такого-то племени». Мои дети остались в тяжелом положении из-за голода. Вот почему я иду к вам. Но я пришел не с пустыми руками. Я принес подарок. «Никто не видел такого подарка», — сказал он.

Халиф сказал: «Покажи мне свой дар». Араб дал бурдюк с водой и сказал: «Никто на земле не пил такой сладкой воды». Это райская вода. Бог дал мне это в милости. «Моя цель угостить вас этой водой, и если вы пожертвуете мне, мы сможем благополучно выбраться из бедности с моими детьми», — сказал он.

Халиф попробовал воду попить, оказалось, что это обычная вода из луж. Но он никому не сказал. Он приказал заплатить простолюдину из пустыни тысячу динаров и сказал: Возвращайся отсюда домой, Вам не разрешено ехать в Багдад». Один из министров спросил: «О халиф мудрости, ты никому не давал пить из этой воды и отправил простолюдина назад?»

Мамун сказал: «Там много воды, неприятной и неприглядной. Эта вода казалась сладкой по сравнению с водой, которую он пил в своем племени. Поэтому он представил эту воду райской водой и мне стало не по себе. Если бы вы знали, что это за вода, вы бы обвинили кочевника. Простолюдину из пустыни было бы стыдно за свой поступок. И если я не верну его назад, он пойдет пешком в Багдад, увидит реку Тигр, искупается в ее водах и

узнает, какая грязная вода, которую он принес, и ему будет стыдно. Мне было бы стыдно, что бедный нуждающийся человек пришел ко мне с надеждой, а вернулся со смущением и отчаянием».

**Выводы.**

- Эта рукопись впервые подверглась научному анализу.
- выяснилось, что эта рукопись была написана на турецком, а не на персидском языке.
- То есть колонизаторы Российской империи пытались объяснить, что подобно двум арабам, понимавшим дождевую воду как воду небесную, держат народ под игом угнетения как справедливое правило. Простому народу, не видевшему ни низкого, ни высокого, ничего не оставалось, как поверить этому.

**Список литературы.**

1. Zeki Velidi Togan. Tarihte usul (3 üncü Baski). İstanbul, 1981. – 445с
2. Абдулахатов Н., Қулдашев Ш. Мулла Шамсиддин Шавқий. – Наманган: Usmon Nosir media, 2022. – 375с.
3. Андалиб. Шоҳнома девона Андалиб (Девона Андалибнинг шоҳномаси). Подготовлено к печати Ш. Кулдашев, Х. Лутфиллаев. – Тошкент: Наврўз, 2015. – 75с.
4. Бейсимбиев Т. К. Кокандская историография [Текст]: исследование по источниковедению Средней Азии XVIII-XIX веков / Т. К. Бейсембиев. - Алматы: [б. и.], 2009. - 1263 с
5. Воҳидов Ш. Қўқон хонлигида тарихнавислик. Тошкент., 2010. – 317с.
6. Девони Шавқий I. Рукопись хранится в руке Исмаилхан Лутфитдинова в Калваке..
7. Девони Шавқий II. Рукопись ИВ АН РУз № 1872, л.72
8. Зиёев Х. Туркистонда Россия тажовузи ва ва ҳукмронлигига қарши кураш. – Ташкент: Шарк, 1998. – 477с.
9. Исҳоқхон Ибрат. Тарихи Фарғона. Институт востоковедения Академии наук Республики Узбекистан, рукопись № 10117. – 75л.
10. Қўқон хонлиги тарихи назмий манбаларда (“Воқеати Муҳаммад Алихон” ва “Жангномайи Худоёрхон”). Подготовлено к печати Х. Лутфуллаев, автор введения и комментариев Ш. Кулдашев. – Ташкент: Akademnashr, 2016. – 120с.
11. Муҳаммад Азиз Марғилоний. Тарихи Азизий. – Ташкент: Фан, 1999. 175с.
12. Стори Ч.А. Персидская литература. Том. III. – Москва: Главная редакция восточная литературы, 1972. – С.1314.
13. Султонов Ў.А. Тошкент вақф мулклари тарихи: тарихий хужжатлар тадқиқи ва талқини (1507-1917). – Ташкент: Фан, 2021. – 368с.
14. Халилбеков А. Наманган адабий гулшани. – Наманган., 2007. – 178с.
15. Аҳмаджонова Ф. Адабиётимизнинг ўчмас сиймолари // Классик адабиётимиз меросидан. №9. 1983 г. С. 8-15.
16. Аҳмаджонова Ф. Шавқий Намангоний // Ўзбек тили ва адабиёти. № 4. 1970. С. 58-60.
17. Валидов З.Т. Восточные рукописи в Ферганской области // Записки Восточного Отделения Императорского Русского Археологического Общества. – Петроград, т. XXII. 1915. С. 86-109.

**УДК: 433.2964.33(9/339)**

# XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН СООДА-ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ.

Маманов Мураталы Абдиллаевич - ОшМУ окутуучу,
0551595999 murat.mamanov76@gmail.com

# ТОРГОВО-ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ОТНОШЕНИЯ КЫРГЫЗСТАНА В XIX ВЕКЕ.

Маманов Мураталы Абдиллаевич - преподаватель ОшГУ,
0551595999 murat.mamanov76@gmail.com

# TRADE AND ECONOMIC RELATIONS OF KYRGYZSTAN IN THE XIX CENTURY.

Mamanov Muratali Abdillaevich - teacher at OshSU, 0551595999
murat.mamanov76@gmail.com

**Аннотация**

Макалада кыргыздардын соода жүргүзүү мамилелери, каралып жаткан мезгилдеги соода жана экономикалык байланыштары кыскача чагылдырылат.

Кокон хандыгы Кыргызстанды басып алган мезгилде кыргыздар оор феодалдык эзүүнү жана жакырчылыкты баштан кечирген. Колониялык доордо Россиянын өнөр жай товарларынын рыногуна жана арзан сырьенун булагына айланган. Чыгыш Түркстандан, Орто Азиянын жана Россиянын шаарларынан келишкен соодагерлерге жылкы, кой ошондой эле тери, булгаары, жүн, кийиз ж.б. менен соодалашып, кол өнөрчүлүк жана өнөр жай продукциясына алмаштырылган.

Тарыхый жактан алганда, Кыргызстандын соода-экономикалык мамилелери өлкөнүн өзү өнүгүүсүнө жараша этап-этабы менен өнүгүп, өскөн.

**Ачкыч сөздөр:** Соода, мал чарбасы, жармарка, продукция, алмашуу, экономика, кол өнөрчүлүк.

**Аннотация**

В статье обобщены торговые связи Кыргызстана, торгово-экономические связи за рассматриваемый период.

Во время оккупации Киргизии Кокандским ханством кыргызы испытали на себе жестокий феодальный гнет и нищету. В колониальную эпоху он стал рынком сбыта российских промышленных товаров и источником дешевого сырья. Купцам из Восточного Туркестана, Средней Азии и России предлагались лошади, овцы, а также шкуры, шерсть, войлок торгуются и заменяются изделиями кустарного промысла и промышленными изделиями.

Исторически торгово-экономические отношения в Кыргызстане развивались и росли поэтапно, в зависимости от развития самой страны.

**Ключевые слова:** Торговля, животноводство, ярмарки, продукции, биржы, экономика, ремесла.

**Annotation**

The article summarizes the trade relations of Kyrgyzstan, trade and economic relations for the period under review.

During the occupation of Kyrgyzstan by the Kokand Khanate, the Kyrgyz experienced cruel feudal oppression and poverty. During the colonial era, it became a market for Russian manufactured goods and a source of cheap raw materials. Merchants from East Turkestan, Central Asia and Russia were offered horses, sheep, as well as skins, wool, felt traded and replaced with handicrafts and industrial products.

Historically, trade and economic relations in Kyrgyzstan developed and grew in stages, depending on the development of the country itself.

**Key words:** Trade, animal husbandry, fairs, products, exchanges, economy, crafts.

Каралып жаткан мезгилде кыргыздардын кошуна жашаган элдер менен тарыхый тагдырында өнүгүп келе жаткан чарбалык турмушунда жалпылыктары көп болгон. Кыргыздар менен өзбектердин экономикалык байланыштарына токтолгон академик А.Ф.Миддендорф “бардык кара-кыргыздар Маргалан уездинин отурукташкан өзбек калкы менен тыгыз байланышта жашашканын айткан”. Бул өз кезегинде соода, маданий байланыштарды интеграциялаган. Аймактагы элдин социалдык-экономикалык абалы да көп айырмаланбаган. Алар жергиликтүү феодалдык дворяндардын да, падышалык чиновниктеринин да эзүүсүнө дуушар болгон.

Кыргыздардын негизги кесиби мал чарбасы болуп, кандайдыр бир денгээлде дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода-сатык мамилилелери да жанданган. Мал чарбасы кышкы (кыштоо) жана жазгы (жайлоо) жайыттарынын түзүлүшү негизинен Казакстандан Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга малчылардын эбегейсиз зор массасынын сезондук көчүүсүн аныктаган, Казак малчылары Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө жайгашкан кыштоолорду пайдаланышкан [1].

XVII-XVIII кылымдарда кыргыздардын соода-экономикалык байланыштар кеңейе баштайт. XIX кылымдын аягында Кыргызстандын экономикалык турмушу бир кыйла жанданып: товардык-акча мамилелери жүгүртүлгөн. Кыргыз экономикасында акырындык менен натуралай товар алмашуу акча соодасына алмашып, коңшулаш Орто Азиянын жана Казакстандын элдери менен байланыштары улам көбөйүп, өз ара экономикалык жана маданий байланыштары өнүгүп, анын натыйжасында материалдык жана руханий маданияттын өнүгүшүндө белгилүү жалпылык түзүлгөн. XVI-XVIII кк Кыргызстандын аймагында убактылуу жана туруктуу соода түйүндөрү болгон, алар базардын ролун аткарган. XVIII кылымдын экинчи жарымында Кашкардын чек ара жерлеринде жашаган кыргыздар Кытай менен активдүү соода жүргүзүшкөн. Кытай өкмөтү атайылап алардын соодасын кубаттап, кыргыз соодагерлеринен алымдарды бир топ азайткан[М.М.].

Кыргыздар жана казактар эт жана сүт продуктыларын жана мал чарба сырьесун негизги өндүрүүчү болуп, айыл чарба эмгегинин продуктыларына муктаж болушкан, өзбектер жана тажиктер менен өз ара эл чарбасынын продукциясын алмашып турушкан. Ошондуктан көчмөндөр коңшу отурукташкан айыл чарба аймактары менен экономикалык жана соода алакасын өзгөчө баалашкан.

Кыргыздардын мал чарбасында кой чарбасы басымдуулук кылган. Анын өнүгүшү тамак-аш азыктарын (эт, сүт) өндүрүү муктаждыгы менен гана эмес, баалуу сырьёну (жүн жана тери) алуу менен да байланышкан. Каралып жаткан мезгилде кой чарбасы да чарбалык багытка ээ болгон. Орто Азиянын базарларында койлорго жана койдун жүнүнөн жасалган буюмдарга: кийизге, килемдерге, ээр баштыктарга, аркандарга суроо-талап чоң болгон. Мал соодасы «эң ыңгайсыз шарттарда жүргүзүлүп, дээрлик жалаң гана татарлардан келген сатып алуучулардын колунда болгон. Малдын сатып алуу баасын жасалма түрдө төмөн кармап турууга эсептелген бул иштеги алып сатарлык эбак эле уюшкан системага айланган [2].

Чарбалардын бир бөлүгүнүн дыйканчылыкка өтүшү менен, өзгөчө түштүк аймактарда мал чарбасы бодо малга, жылкыга, ошондой эле төөлөргө жана жарым-жартылай эчкилерге артыкчылык бере баштаган. Кыргызстандын аймагында кеңири таралган бодо малдын тукуму жергиликтүү кыргыз породаларын казак, өзбек жана тажик малчылары өстүрүүчү башка породалар менен аргындаштыруудан алынган. Жогорудагы фактылар кыргыздардын

жана Орто Азиянын, Казакстандын башка элдеринин чарбалык турмушу обочолонбогондугун — алардын ортосунда чарбалык турмуштагы тажрыйбанын жана жетишкендиктердин алмашуусу болгондугун, соода-экономикалык жана өндүрүштүк байланыштар өнүккөндүгүн көрсөтөт. Кыргыз феодалдары Орто Азия жана Чыгыш Түркстан шаарларынын базарларында жылкы жана кой соодасын жүргүзүшкөн.

XIX кылымдын экинчи жарымында Орто Азиянын, анын ичинде кыргыз элинин падышалык Россияга кошулушу аяктады. Коомдун жогорку тепкичинде турган кыргыз элинин Россиянын курамына кириши, падышачылыктын колониялык саясатына карабастан экономикалык жактан өнүгүүсү кыргыз элинин мындан аркы тарыхый өнүгүүсү үчүн прогрессивдүү мааниге ээ болгон. XIX аягы - XX кылымдын башында кыргыздардын соода мамилелеринин өнүгүшү орусиялык булактардын негизинде терендетип изилдөөнү талап кылат, анткени бул маселе Кыргызстандын азыркы тарыхнаамасында дагы эле начар изилденген. А.П. Хорошин Кыргыздардын соода мамилелерин изилдеп “Аулие-Ата аркылуу Коконго кыргыз талааларынан он миңдеген койлор, ал эми Ташкенттен Россиялык мануфактуранын кездемелери, кант, темир жана башкалар келет” деп жазган. Коңшулаш элдер менен болгон бул байланыштын натыйжасында, Кыргызстандын аймагында XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында жарманкелер, соода түйүндөрү жана дүкөндөр пайда болгон [3 ]. Тоо аймактарында уюштурулган жарманкелерде Россиялык өнөр-жай товарлары жергиликтүү колдон жасалган буюмдар жана Кашкардан жасалган буюмдар алынып келинген. Кыргыздар жашаган тоо аймактарына келген соодагерлердин негизги максаты мал жана андан жасалган азык-түлүктөрүн сатып алуу болгон.

Жарманкелер менен катар XIX к экинчи жарымында базар соодасы өнүгө баштаган. Базар соода пункттары өзгөчө Кыргызстандын түштүк аймагында жанданган. 1814-ж түштүк Кыргызстанда 19 базар пункттары иштеп турган. Жыл сайын чыгып турууучу “Обзор Семиреченской области” аттуу басылмада Ысык-Көл, Пишпек уездеринде жашаган кыргыздардын мал менен соода кылуусу жыл санап өскөн. Масален 1870-ж. Ысык-Көл уездинен 54111 баш кой, 70 жылкы сатылса, 1912-ж. 835215 кой, 30120 жылкы, 11680 мүйүздүү мал, 509 төө сатылган [4].

Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышы Чыгыш Түркстандагы жана Россиядагы соода кызыкчылыктарын кеңейтүү менен шартталган. Чыгыш Түркстандын соода жолдору Кыргызстан аркылуу өтүп, Кокон хандыгынын башкаруучулары аларга өз көзөмөлүн орнотууга, ошол эле учурда Кыргызстанды сырье базарына айландырууга аракеттенишкен. Кыргыздар Кокон базарында малын, буудайга алмаштыруу жолу менен соода мамилесин өнүктүргөнүн билүүгө болот. Белгилүү чыгыш таануучу В.В. Вельяминов-Зернов соода алакаларынын өнүгүшүнө көңүл буруп, Кокон хандыгынын Кокон-Кашкар аркылуу соода байланышы бар экенин белгилеген [5].

Кокондук басып алуу кыргыздарга оор феодалдык эзүүнү жана жакырчылыкты алып келген. Бул учурда өлкө Россия империясынан коргоого муктаж болуп, мындан тышкары соода-экономикалык мамилелерди түзүү аркылуу алууга боло турган керектүү өнөр жай товарлары керек болчу. Кыргызстан Россия империясына каратылганга чейин натуралдык чарба үстөмдүк кылып келген көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардагы соода мамилелери алмашуу мүнөздө болуп, негизги соода сатыгы катары мал жана анын продуктусу башкы ролду ойногон.

Кыргызстандын Россиянын курамына кириши кыргыз элинин чарбалык турмушуна жагымдуу таасирин тийгизген. Бул мезгилде айыл чарбасында жана соода жана өнөр жай секторунда капиталисттик элементтер пайда болот, алардын пайда болушу Россияга кошулгандан кийин өлкөдө өндүргүч күчтөрдүн өсүшү менен байланышкан. Көчүрүлгөн дыйкандардын жана кыргыздардын негизги контингентин эмгекчи массалар – 51,9%, айыл тургундарынын төрттөн бир бөлүгү – 24,3% өздөрүнүн экономикасынын эсебинен жашоо минимуму менен камсыз кылышкан, кулактар айыл чарбаларынын 23,8%ин түзгөн.

Россия өкмөтүнүн соода саясаты Кыргызстанда товардык-акча мамилелеринин өнүгүшүнө салым кошкон. Натыйжада Россияга кошулгандан кийин социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр кыргыздардын отурукташуу процесси да соода мамилелерин өсүшүн күчөткөн.

Тышкы соода Чыгыш Түркстан, Россия, Кокон хандыгынын шаарлары менен жүргүзүлүп, Көчмөн кыргыздарда мал соодадагы негизги эквивалент болгон. Жылкы жана кой, ошондой эле тери, булгаары жана жүн, кийиз, мех кол өнөрчүлүк жана өнөр жай продукциясына биринчи кезекте кебез жана жибек кездемелерге, ошондой эле тигилген булгаары, бут кийим, идиш-аяк, металл буюмдары, курал-жарак, тиричилик буюмдары алмаштырылган. Соодагерлер Чыгыш Түркстандан, Орто Азиянын жана Россиянын шаарларынан келишкен. Россиядан өзгөчө XVIII кылымдан баштап, кездеме, тигилген булгаары, чоюн жана темирден жасалган буюмдар келген. Орусия менен Орто Азиядан Чыгыш Түркстанга жана Кытайга соода жолдору Кыргызстан аркылуу өткөн. Байыркы соода жолунун (улуу жибек жолу) көп сандаган жолдорунун бири Кыргызстандын азыркы аймагы аркылуу өткөн. Кыргызстандын бүтүндөй соодасы негизинен чекене соода менен жүргүзүлгөн. Эки-үч пункттан башка дүң соода болгон эмес. Бул капиталисттик элементтердин өнүгүүсүнүн төмөнкү деңгээли ири капиталдардын жоктугу жана жергиликтүү калктын жетишсиз суроо-талаптары менен түшүндүрүлгөн [6].

Кыргызстандын колониялык абалы анын бара-бара Борбордук Россиянын өнөр жай товарларынын рыногуна жана арзан сырьенун булагына айланышына алып келди. Соода айыл чарбасы өнүгө баштады, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайларында капиталисттик типтеги ишканалар пайда болду, соода мекемелеринин саны көбөйдү, жаңы кыштактар жана шаарлар өстү, кара жолдор тартыла баштады. Товардык өндүрүштүн өсүшүнө көчмөндөрдүн акырындап отурукташып, айдоочулукка өтүшү да шарт түзгөн. Натыйжада Кыргызстанда адистештирилген айыл чарба райондору пайда болду. Бирок, түштүктө дыйканчылык, түндүктө көчмөн жана жарым көчмөнчүлүк сакталып кала берген. Кыргызстандагы бардык жерлер мамлекеттик менчик деп жарыяланып, алар жергиликтүү жана көчүрүлгөн калкка бөлүнүп берилген. Отурукташкан дыйканчылык аймактарында жер ээлик кылуунун жамааттык формасы болгон, көчмөндөр жайыттарды да жалпы пайдаланышкан. Россияга кошулгандан кийин малдын санынын өсүшү байкалган, бул өсүштүн натыйжасында мал чарбачылык продукциясына суроо-талаптын өсүшүнүн таасири астында болгон. Алсак, Семиреченск областында 1882-жылдан 1906-жылга чейин майда малга эсептегенде малдын саны 1,5 эсеге, Пржевальск жана Пишпек райондорунда 1885—1915-жылдары 1,2 эсеге өскөн. Мал чарбачылыгынын жана мал чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүшү менен бирге соода, жергиликтүү базарларга жана жарманкелерге малды жеткирүү, ошондой эле экспорт да өскөн.

Кыргызстандын аймагын мекендеген элдерде, дыйканчылык менен бирге көчмөн уруулардын арасында да кол өнөрчүлүк эзелтеден өнүккөн. Көчмөндөр көчмөндөрдүн турак жайларынын бардык тиричилик буюмдарын (кийиздерди, килемдерди) – боз үйлөрдү, ошондой эле малга керектелүүчү жабдыктарды, ээрлерди, бут кийимдерди, курал-жарактарды, зер буюмдарды, ошол мезгилдеги музыкалык аспаптарды колдонушкан. Алар бул буюмдардын көбүн алмашуу процессинде алышкан, бирок буюмдун көптөгөн түрлөрү алардын уруулук көчмөн жамааттарында өндүрүлгөн. Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү, соодада алмашуунун өсүшү Орто Азия элдеринин жакындашуусуна, алардын башка элдер менен байланышынын чыңдалышына шарт түзгөн. Ошентип, кыргыздын кийиз буюмдары негизинен өздөрүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн колдонулса, андан ашкандары өзбек, тажик элдеринин башка буюмдарына айырбашталып, базарларда сатылган [1].

Мында кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктү белгилей кетүү керек – цехтер түзүлгөн эмес, ар бир уста өз алдынча иштеген, жалаң кол эмгеги колдонулган, кол өнөрчүлөрдүн буюмдарын көчмөн жамааттын өкүлдөрү сатып алган. Бул көчмөн чарбанын шартында майда өндүрүштүн өнүгүшү патриархалдык табигый жашоо образынын үстөмдүк кылуусу менен ишке ашканын билдирет.

Коомдук эмгек бөлүштүрүүнүн өнүгүү процессинде бардык элдерде калыптанган соода чарбанын салттуу тармагы катары Кыргызстандын отурукташкан, көчмөн жана жарым көчмөн урууларынын арасында да өнүккөн. Азыркы Кыргызстандын аймагын мекендеген элдердин экономикалык өнүгүү этаптарын кароо процессинде көчмөндөр менен айыл чарба аймактарынын жана шаардык конуштардын отурукташкан тургундарынын ортосундагы алмашуу үзгүлтүксүз жүрүп, анын масштабы бара-бара кеңейип жаткандыгы белгиленген. Кыргыздардын соода мамилелеринин изилдөө проблемасы ар түрдүү булактардан алынган жаңы фактыларды, негизинен биздин республикадан тышкары жерде сакталып турган архивдик фактыларды тартууну талап кылат.

XIX к экинчи жарымы XX к башында кыргыздардын соода-сатык мамилелери негизинен алардын мал чарбачылыгы менен түздөн-түз байланыштуу болуп натуралдык алмашуу жолу өнүккөн деген жыйынтыка келсек болот. Соода иштеринин багыттары, негизги ташылып келинүүчү жана ташылып кетүүчү товарлар, соода борборлору туурасындагы материалдар көбүнчө статистикалык маалыматтарда, отчеттордо билдирилип, жарыяланып турган.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мадуманов С. Взаимоотношения казахов с другими народами Центральной Азии в XVIII-начале XXвв. (политический и социально-экономические аспекты). -Алматы 1995 г. С. 224/243
2. Кауфман К.П. Проект всеподданнейшего отчета ген-ад К.П. Кауфмана 1- го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства. 7-го ноября 1867-25 марта 1881 г. – СПб., 1885. – 503с
3. Статистический обзор Ферганской области за 1914 год. – Скобелев, 1917. – 98с
4. Обзор Семиреченской области за 1891 год
5. Вельяминов-Зернов В.В. Сведения о Кокандском ханстве // Вестник РГО. – СПб., 1856. – Ч. 18. – Кн. 5. – С. 107–152.
6. Т. Кененсариев “Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-ой половине XIX - начала XX вв.

**УДК: 347.97**

# ТУРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУН СОТ СИСТЕМАСЫНЫН РЕФОРМАЛАНЫШЫ ЖАНА НАТЫЙЖАСЫ

*Маманов Мураталu Абдиллаевич- ОшМУ, окутуучу,*
murat.mamanov76@gmail.com
*Гапарова Бурулай Аширбековна-ОшМУ, магистрант*
bgaparova@gmail.com

# РЕФОРМА И ИТОГИ СУДЕБНОЙ СИСТЕМЫ ТУРКЕСТАНСКОГО ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРСТВА

*Маманов Муратали Абдиллаевич- ОшГУ, преподаватель,*
murat.mamanov76@gmail.com
*Гапарова Бурулай Аширбековна – ОшГУ, магистрант,*
bgaparova@gmail.com

# REFORM AND RESULTS OF THE JUDICIAL SYSTEM OF THE TURKESTAN GOVERNOR-GENERAL

*Mamanov Muratali Abdillaevich - Osh State University teacher,*
murat.mamanov76@gmail.com
*Gaparova Burulay Ashirbekovna - Osh State University undergraduate,*
bgaparova@gmail.com

***Аннотация***

Макалада Түркстан крайындагы колониялык башкаруу мезгилиндеги сот бийлиги жана анын реформаланышынын себептери жана натыйжасы каралган. Түркстан генерал-губернаторлугунда Орус империясы тарабынан жүргүзүлгөн бийлер сотунун трансформациясы сот жана сот өндүрүшүнүн субъекттеринин өзгөрүшүнө алып келген. Бүткүл каралып жаткан мезгилдин ичинде орус бийликтери элдик соттун кайсы версиясы (көчмөн калк үчүн бийлер соту же отурукташкан калк үчүн казылар соту) жалпы императордук сот системасына эң жакын экенин биротоло чече алган эмес. Орто Азиянын түпкү калкынын эл соттору менен өз ара аракети каралып, падышалык бийлик элдик сот өндүрүшүнүн принциптерин сактап, ошол эле учурда орус соттук уставдарын киргизүү менен аларды чектеген.

**Ачкыч сөздөр:** Туркстан генерал-губернаторлугу, сот системасы, бий жана казылар, шариат соту, падышалык бийлик, сот бийлигинин реформаланышы

***Аннотация***

В статье рассматривается судебная система Туркестанского края в период колониального господства, причины и последствия ее реформирования. Преобразование Российской империей судебной власти в Туркестанское генерал-губернаторство привело к изменению субъектов судебной власти и судопроизводства. В течение всего рассматриваемого периода российские власти не могли решить, какой вариант народного суда (судейский для кочевого населения или судейский для оседлого населения) был ближе всего к общеимперской судебной системе. Рассмотрено взаимодействие коренных народов Средней Азии с народными судами, причем царская власть придерживалась принципов народного судопроизводства, ограничивая при этом их введением русских судебных уставов.

**Ключевые слова:** Туркестанское генерал-губернаторство, судебная система, суды казиев и биев, шариатское суды, царская власть, судебная реформа.

**Abstract**: The article discusses the judicial system of the Turkestan region during the period of colonial rule, the causes and consequences of its reform. The transformation of the judiciary by the Russian Empire into the Turkestan Governor-General led to a change in the subjects of the judiciary and legal proceedings. During the entire period under review, the Russian authorities could not

decide which version of the people's court (judicial for the nomadic population or judicial for the settled population) was closest to the general imperial judicial system. The interaction of the indigenous peoples of Central Asia with the people's courts is considered, and the tsarist government adhered to the principles of people's legal proceedings, while limiting them to the introduction of Russian judicial charters.

**Keywords:** Turkestan governor-generalship, judicial system, courts of qazis and biys, Sharia courts, royal power, judicial reform

Түркстан крайынын Россия империясынын курамында элүү жыл болушу, тең салмактуу регионалдык саясатынын жоктугун ачыкка чыгарды. Бул көбүнчө өкмөттүн иш-аракеттеринин ыраатсыздыгына алып келген. Түркстан генерал-губернаторлугунун тарыхындагы эң маанилүүсү XX кылымдын башы болуп чыкты, ал кезде генерал-губернатордук менен императордук борбордун ортосундагы экономикалык байланыштардын өнүгүшүнүн фонунда азыркы кездеги башкаруунун олуттуу уюштуруучулук кемчиликтери орун алган башкаруу системасы пайда болгон. Көчмөн шартка ылайыкташкан кыргыз коомунда узак мөөнөт аралыгында иш жүзүндө такталып, колдонулуп, тажрыйбаланып эл арасындагы үрп-адатты, салтты сактоонун жыйындысы катары адат укуктук нормасы калыптанган.

Каралып жаткан мезгилдеги эмгектердин көпчүлүгү Түркстандагы сот тармагын, көчмөн жана отурукташкан элдин арасындагы сот бийлигинин айырмачылыктарына токтолуп кетишкен. Сот системасынын тарыхы боюнча жазылган эмгектердин авторлору аскер-чиновниктери Түркстанды ревизиялоо боюнча комиссиянын мүчөлөрү, Түркстанды башкаруу боюнча “жоболордун” авторлору жана башка областык, уездик башкаруу тармагында эмгектенишкен. Сот системасынын тарыхы боюнча жазылган эмгектер өзүнүн көлөмү, мазмуну менен гана айырмаланбастан эмгектердин авторлору да ар кыл позициядагы инсандар болушкан. Алсак, К.К. Пален сенатор жогорку бийликтин өкүлү болсо, Г. Загряжский уездин начальниги, Н. Гродеков генерал-губернаторлук кызматты ээлеп турушкан.

Биринчи Түркстан генерал-губернатору инженер-генерал, адъютант К.П. фон Кауфман (1867-1882) болгон. Сенатор граф К. Пален биринчи генерал-губернатор К.П. Кауфмандын бийлигинин доорун мүнөздөп, «өзүнүн күчтүү мүнөзү менен анын иштерине кандайдыр бир тышкы агенттиктин кийлигишүүсүн жок кыла алат жана Жогорку Бийликтин алдында бардык жоопкерчиликти өзүнө алат деп жазган [1]. Түркстан губерниясындагы административдик түзүмдөрдүн иши жашыруун жана ачык карама-каршылыктардын шартында өнүгүп, анын негизин борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарынын административдик ыйгарым укуктарынын кеңдиги жөнүндө маселе түзгөн. К.П. фон Кауфман аймакты башкарган мезгил жаңы аймактарды басып алуу менен катар Түркстандагы колонияллдык аппараты өнүккөн мезгил болгон [2].

Аймактагы тартипти көзөмөлдөө жана кынтыксыз башкаруу үчүн К.П. фон Кауфман тарабынан түзүлгөн атайын сот департаменти болгон, ал кассациялык тартипте соттун чечимдерин жана «юстиция министрлеринин жана аскер кызматчыларынын көрсөтмөлөрүнө каршы» караган [3]. 1886-жылга чейин генерал-губернаторлуктун сот бөлүмү ушундай укуктарга ээ болгон, Сот мекемелеринин өкүмүнө кассациялык даттанууларды кароо канцелярияга берилген. Ал укук мыйзамдарды чечмелөө маселелерин чечүү менен гана чектелбестен, иштин багытын алдын ала көрсөткөн отчетторду да түзгөн. Бирок, 1867-

жылдагы жана 1886-жылдагы «Түркстан крайын башкаруу жөнүндө жободо» кызматка байланыштуу укуктардын жана милдеттердин чөлкөмүн аныктоочу атайын эрежелер жок болсо да, ал башкаруу органдарында чечүүчү роль ойногон. Аппараттын башкаруучусу да өзгөчө кызматты ээлеген: ал «согуш министри аркылуу императордун эң жогорку буйругу менен» аныкталып, кызматтан алынган. Аппарат жетекчиси расмий тилде генерал-губернатордун буйруктарын аткаруучу гана болгон, бирок иш жүзүндө облустардын аскер губернаторлоруна караганда жогорку кызматты ээлегендиги белгиленген.

XIX кылымдын 90-жылдарынын аягына чейин Түркстан аймагында реформага чейинки сот системасы иштеп, анын структурасында дүйнө жана областтык соттор, ал эми жергиликтүү калкта элдик сот болуп, башкаруучу Сенат аппелляциялык инстанция катары иштеген [4].

Түркстан аймагынын сот системасынын өзгөчөлүгү, соттор шарияттын жана адаттын негизинде иштеген. Орус мыйзамдарында мындай нормалар жок болчу, ошондуктан 1886-жылдагы жобонун негизинде элдик соттор каада-салттын негизинде иш алып бараары айтылган.

Мындан тышкары, элдик соттордун ишмердүүлүгүнө көзөмөл орнотулган: отурукташкан аймактарда шарият боюнча соттолгон, бирок көчмөнчүлүктө жашаган аймактарда салт боюнча бийлеген казылар жергиликтүү калк тарабынан (уезд акиминин катышуусунда) шайланууга тийиш болгон. Иштин жүрүшүн көзөмөлдөө, эл сотторунун чечимдерине даттанууларды берүү да округдун начальнигине жүктөлгөн.

Түркстандагы сот реформасынын долбоорун талкуулоо үчүн Аскер министрлигинен уруксат алуу зарыл болгон. Сот органдарын талкуулоого арналган официалдуу документтерде: Түркстандагы жана талаа аймактагы реформалардын бир катар себептери аталган. Атап айтканда, алдын ала болжолдонгон Батыш Сибирь сыяктуу транспорттук коммуникацияларды курууну, Закаспий темир жолу жана Россиянын колонизациясын өнүгүүгө алып келген коомдук мамилелердин чечилүүсү мүмкүн болгон [5]. Ошого карабастан Түркстан чөлкөмүндө сот реформасы ишке ашкан. Император 1898-жылдын 2-июнундагы «Сыр-Дарыя, Самарканд, Фергана, Жети-Суу, Акмола, Семей, Урал жана Тургай облустарында сот уставдарын колдонуунун убактылуу эрежелерин» бекиткен. Бул убактылуу эрежелер 1886-жылдагы жобонун бир катар беренелерин өзгөрткөн. Бул жободо уезддеги отурукташкан калк волостторго, волосттор айылдык жамааттарга (аксакалдар) бөлүнгөн. Калктын тандоосу боюнча үч жылга волосттук башкаруучулар жана айыл аксакалдары дайындалган. XIX кылымдын аягында Түркстанда көчмөн калк үчүн шайлануучу волосттук органдар киргизилген. Бирок көчмөн жана отурукташкан калк үчүн жергиликтүү каада-салт боюнча, ал эми иш жүзүндө шарияттын негизинде сот жүргүзгөн элдик соттор сакталып калган. Натыйжада бул орус администрациясынын элдик соттордун иш-аракетине көзөмөлдү жоготкондука алып келди.

Элдик соттордон тышкары конфессиялык мусулман мектеби жана мусулман дин башкармасы орус администрациясынан көз карандысыз болгон. Мындай кеңири ыйгарым укуктарынын берилиши аймактын алыстыгынан, реалдуу көзөмөл орното албаганынан келип чыккан. Соттун курамына отурукташкан элдин казылары, көчмөндөрдүн казылары кирген, алар үч жыл бою жергиликтүү калк арасында волосттук аксакалдар, айыл башчылар жана алардын жардамчылары болуп иштеген.

1866-жылы Падышалык Россия жергиликтүү калкка өзүнүн таасирин күчөтүү максатында Ташкентте сот конторасын түзгөн. Канцлериянын мүчөлөрү падышалык өкмөттүн аймактагы ишенимдүү жана берилген жардамчылары болушкан.

Падыша өкмөтү өзүнүн биринчи кадамы менен бардык казылардын укуктарын теңдеген. Башка колониялдык державалар сыяктуу эле Орусия да жергиликтүү башкаруу жана сот өндүрүшү мыйзамдарын, мисалы, шариятка негизделген казы сотторун жана аймактагы көчмөндөр арасындагы бий сотторун дароо жоюуга умтулган эмес. Падышалык бийлик аларга көзөмөл орнотуу менен гана алардын функцияларын чектеген. Калктын кыжырын келтирбөөгө аракет кылып, калыптанып калган системаны этап-этабы менен өзгөрттү. Мындан тышкары, ушундай эле жол менен падыша өкмөтү жергиликтүү калк арасында пайда болгон талаш-тартыштарга жана түшүнбөстүктөргө кийлигишүүдөн сактап калган.

Сот системасында каралган реформалар акыркы баскычта сот иштерин, башкача айтканда, үй-бүлөлүк чыр-чатактар менен адамдардын ортосундагы пикир келишпестиктерди караган казы жана бий сотторун акырындык менен жоюуну билдирген. 1867-жылдагы «Жоболор» боюнча облуста казылар жана бийлер соттору, уезддик соттор, убактылуу аскердик сот комиссиялары, облустук бийликтин сот бутактары, ошондой эле генерал-губернатордук сот аппараты ишке киргизилген. Орус бийлиги калктын ички башкаруу иштеринде алгач байкоочу катары гана катышкан. Алгачкы төрт жыл ичинде, анчалык мааниге ээ болбогон өзгөртүүлөр жана чектөөлөр менен аксакалдар, сарттарды болсо казылар, кыргыздарды улук бийлер жана жөнөкөй бийлер башкарышкан. Демек, Россия Империясы тарабынан жүргүзүлө баштаган административдик башкаруу реформасынын алгачкы этабында 1855-1866-жылдары падышалык административдик башкарууну өздөрү тарабынан дайындалган манаптар аркылуу башкара баштаган. Адмиистративдик реформаны акырындык, этап менен жүргүзүлүшү жергиликтүү элди чочутпоо, көндүрүү максаты катары карасак болот.

Борбордук Азияны колониялаштыргандан кийин башка аймактарда жүргүзүлгөн реформалардай эле сот системасы да өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Колониялык бийликтин казылар менен бийлердин сотторуна шайлоо системасына кийлигишүүсү, добуш берүүнүн жыйынтыктарынын бурмаланышы, көптөгөн талаш-тартыштардын чыгышы башкаруучу администрацияга карата кыжырдануунун, ишенбөөчүлүктүн жана массалык нааразылыктын бороон-чапкынын пайда кылган. Киргизилген шайлоо системасы толугу менен колониялык өкмөттүн көзөмөлүндө болгон жана тигил же бул талапкерди шайлоо, шайлоочулардын эркине эмес администрациянын каалоосуна жараша болгон. Эгерде талапкер башкарууга берилгендигин көрсөтсө, ошондо гана ал казы же бий кызматын ишене алмак. Добуш берүү учурунда ар кандай көз боёмочулук, паракорлук фактылары байкалды. Натыйжада мындай добуш берүүнүн жүрүшүндө шайланган казылар менен бийлер кызматка ээ болуу менен байланышкан чыгымдарын ар кандай жолдор менен, атап айтканда, пара алуу менен толтурууга аракет кылышкан [6].

1886-жылдагы «Жобо» боюнча аймакта казы соттор сакталып калган. Райондук соттор жоюлуп, алардын ордуна шаарлардын жана земстволордун жетекчилери тарабынан дайындалган тынчтыктын райондук юстициялары ээ болгон. Облустук коллегиялардын сот бутактары облустук сотторго алмаштырылды. Сот тергөөчүлөрүнүн, областтык прокурорлордун жана алардын жардамчыларынын кызматтары киргизилди[7].

1898-жылы сот уставдарын колдонуунун эрежелерине ылайык облуста облустук соттор жоюлуп, алардын ордуна округдук соттор, ошондой эле Ташкент соту пайда болгон. Ал империянын Жогорку сотуна – Сенатка гана баш ийген. Облустун бардык аймактарында райондук соттор ишке киргизилди. Алардын курамына төрага, анын орун басары жана соттун мүчөлөрү кирди. Жаза чарасын сот жана соттун эки мүчөсү аныктады. Алардын чечимдери империянын жогорку соту болгон Сенат тарабынан даттанылган. Ошентип, сот реформасы Түркстан чөлкөмүнүн бүтүндөй сот системасын түздөн-түз колониялык өкмөткө жана облустук администрацияга баш ийдирди.

Орус бийлиги калктын ички башкаруу иштеринде алгач байкоочу катары гана катышкан. Алгачкы төрт жыл ичинде, анчалык мааниге ээ болбогон өзгөртүүлөр жана чектөөлөр менен аксакалдар, сарттарды болсо казылар, кыргыздарды улук бийлер жана жөнөкөй бийлер башкарышкан. Демек, Россия Империясы тарабынан жүргүзүлө баштаган административдик башкаруу реформасынын алгачкы этабында 1855-1866-жылдары падышалык административдик башкарууну өздөрү тарабынан дайындалган манаптар аркылуу башкара баштаган. Адмиистративдик реформаны акырындык, этап менен жүргүзүлүшү жергиликтүү элди чочутпоо, көндүрүү максаты катары карасак болот.

Коомдук пикирди эске алуу менен XX кылымда Түркстан эл соту сот процессин өзгөртүү жана сот реформасын жүргүзүү зарылдыгын карай баштаган. 1912-жылы жаңы документ иштелип чыгып, Министрлер Советине берилген. Түркстан генерал-губернатору Самсонов элдик сотторду жоюп, алардын ордуна мамлекеттик (жергиликтүү) сотторду түзүүнү сунуш кылган. Министрлер Совети Самсоновдун сунушун колдоп, «жергиликтүү соттордун» процессти салттуу эрежелер боюнча жүргүзүү укугун ырастады. Бирок, Биринчи дүйнөлүк согуштун тутанышы жана андан кийинки Октябрь революциясы маселени кечеңдеткен. Мындан Түркстан аймагы Россияга кошулгандан кийин сот тармагына жана сот өндүрүшүнө байланыштуу өзгөрүүлөр болгон деген тыянак чыгарууга болот. Орус мыйзамдарынын таасири астында кыргыздардын да салттуу сот системасы кайра түзүлгөн. Жыйынтыктап айтканда, Түркстанда өзүнүн административдик бийлиги орногондон тартып Россия империясы көчмөндөрдүн салттуу укуктарын жокко чыгарып орус мыйзамдарына жакынырак сот системасын алып келүү саясатын жүргүзгөн. Жаңы сот системасында жалпы инстанциядагы сотту түзүү, сот алдында бардыгы тең укуктуу, судьялар менен тергөөчүлөрдүн алмашпастыгы, прокурордук көзөмөл, тынчтык жана сот арачыларын шайлоо сыяктуу принциптер сакталган.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Всеподданнейшая записка, содержащая главнейшие выводы отчета о произведенной в 1908-1909 гг., по высочайшему повелению сенатором гофмейстером, графом К.К.Паленом ревизии Туркестанского края, часть II, СПб.,1910. С.6.
2. Положение об управлении Туркестанского края. Составитель И.Абрамов. Ташкент, 1916. С.4.
3. ЦГА РУ. Ф.И-1. Оп. 12. Д. 923, л. 20.
4. Хопкирк П. Большая игра против России: Азиатский синдром./Пер. с анг. И.И, Кубатько. – М.: Рипол Классик, 2004. – 640 с
5. Глазунов А.Д. Подготовка судебной реформы 1898 г. в Степном генерал-губернаторстве// Социальноэкономические и этнокультурные процессы в Верхнем Прииртышье в XVII-

XX веках: Сборник материалов международной научной конференции. – Новосибирск: Параллель, 2011. – С. 163-169.
6. Ф.М. Абдулхонов. Судопроизводство в туркестанском генерал-губернаторстве / «Мир политики и социологии», 2016 г.
7. М.Е. Шушкова – «Организация управления Туркестаном в начале XX века» / кандидатская диссертация Москва 2015

УДК: 101.1.316/356.2

## ПАДЫША ӨКМӨТҮНҮН ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ОТОРЛОШТУРУУ САЯСАТЫНЫН АЙРЫМ АСПЕКТИЛЕРИ

**Осмонов Самар Жумабекович - ОшМПУнун доценти т.и.к.**
E-mail: osmonovs@bk.ru
**Мырзанбетов Илгиз Кадыралиевич - ОшМПУнун магистранты**
E-mail: myrzanbetov.i@mail.ru

## НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ПЕРЕСЕЛЕНЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ ЦАРСКОГО ПРАВИТЕЛЬСТВА В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ

**Осмонов Самар Жумабекович – ОшГПУ, доцент, к.и.н.**
E-mail: osmonovs@bk.ru
**Мырзанбетов Илгиз Кадыралиевич - ОшГПУ магистрант**
E-mail: myrzanbetov.i@mail.ru

## SOME ASPECTS OF THE RESETTLEMENT POLICY OF THE TSARIST GOVERNMENT IN THE FERGHANA VALLEY

Osmonov Samar Zhumabekovich - Osh State Pedagogical University, Associate Professor,
E-mail: osmonovs@bk.ru
Myrzanbetov Ilgiz Kadyralievich - Osh State Pedagogical University undergraduate
E-mail: myrzanbetov.i@mail.ru

**Аннотация**

Падышачылык тарабынан Фергана өрөөнүнүн басып алынуусу Россиянын саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыктары жана өлкөдөгү капиталистик мамилелердин өнүгүүсү менен шартталгандыгы белгилүү. Мындан улам жаңы аймактарды империя менен бириктирүү зарылдыгы жаралган. Бул максатта улуттук чет жакаларды орусташтыруу пландаштырылган. Анын негизги каражаты отор саясаты болгон. Россиянын борбордук аймактарындагы жер кризиси, сырего болгон муктаждык отор саясатынын жүрүшүн тездеткен. Падыша өкмөтү борбордук областтарда жеринен ажыраган дыйкандарды Түркстан крайына көчүрүп келүү менен өз дыйкандарынын маселесин чечүүгө аракеттенген. Келгин дыйкандар падыша өкмөтүнүн Түркстандагы колониялык саясатына таяныч болуп, орусташтырууну ишке ашырышы керек эле. Мындан улам Фергана өрөөнүндө отор саясаты 1890-жылдары күчүнө кирип 1917-жылга чейин ишке ашырылган. Макалада колониялык доордо падыша өкмөтүнүнүн көчүрүү саясатынын Фергана өрөөнүндөгү ишке ашырылуусунун айрым апектилерин ачып берүүгө аракет жасалды. Фергана өрөөнүн оторлоштуруунун максаты, милдеттери жана айырмачылыктары көрсөтүлдү.

**Ачкыч сөздөр:** падыша өкмөтү, Фергана өрөөнү, оторлоштуруу, саясат, аспекти

**Аннотация**

Известно, что завоевание Ферганы царизмом было вызвано политическими, социально-экономическими интересами России и развитием капиталистических отношений в стране. В связи с этим возникла необходимость присоединение регионов окраины с империей. Для этого планировалоси русифицификация национальные окраины. Главным ее

средством была пересленческая политика. Земельный кризис в центральных районах России и потребность в сырье ускоряли ход пересленчесукой политику. Царское правительство пыталось решить проблему крестьян потерявших землю в центральных районах путем переселения их на территорию Туркестана. Крестьяне-переселенцы должны были стать основой колониальной политики царского правительства в Туркестане и осуществить русификацию. В связи с эти пересленческая политика в Ферганской долине проводилась в 1890-х годах вплоть до 1917 года. В статье предпринята попытка раскрыть некоторые аспекты реализации политики царской власти в Ферганской долине в колониальный период. Показаны цели, задачи и отличия переселенческой политики.

**Ключевые слова:** царское правительство, Ферганская долина, переселение, политика, аспект.

**Annotation.**

It is known that the conquest of Ferghana by tsarism was caused by the political, socio-economic interests of Russia and the development of capitalist relations in the country. In this regard, it became necessary to unite the regions of the outskirts with the empire. For this, it was planned to Russify the national outskirts. Its main tool was the resettlement policy. The land crisis in the central regions of Russia and the need for raw materials accelerated the relocation policy. The tsarist government tried to solve the problem of peasants who lost their land in the central regions by resettling them on the territory of Turkestan. Peasant settlers were to become the basis of the colonial policy of the tsarist government in Turkestan and carry out Russification. In connection with these, the resettlement policy in the Fergana Valley was carried out in the 1890s until 1917. The article attempts to reveal some aspects of the implementation of the policy of royal power in the Ferghana Valley during the colonial period. The goals, objectives and differences of the resettlement policy are shown.

**Key words:** tsarist government, Fergana valley, resettlement, policy, aspect.

Фергана өрөөнү көп улуттар жашаган аймактардын катарына кирет. Байыркы мезгилден баштап көчмөн жана отурукташкан жаматка кирген калктардын өкүлдөрү жашап келишсе падышачылык Россия империясынын курамына киргенден кийин бул аймактарда европалык калктардын жалпылыгы калыптанган. Анын калыптанышы XIX кылымдын экинчи жарымында Түркстан чөлкөмүндө анын ичинде азыркы Фергана өрөөнүндө аймактарында славян тектүү келгиндердин, анын ичинде орус, украин, белорус жана немецтердин байырлай баштагандыгы менен байланыштуу экендиги талашсыз. Аталган жараянды шарттаган падышачылыктын оторлоштуруу тактап айтканда орус тилдүү калктын өкүлдөрүн улуттук чет жакаларга көчүрүү саясаты колониялык жана советтик мезгилдерде атайын изилдөөлөрдүн предмети болгон эмес. Сонку мезгилдери аталган маселеге атайын көңүл бурулуп, изилдөө чордонуна айланды десек болот. Алсак, окумуштуулар И.Волкова, Е.Озмитель, Е.Носова, О.Сумарокова, А.Шипилова, В.Яншин жана башкалар тарабынан изилденип келүүдө. Бул багытта И.Ю.Бартенева “Переселенческое движение в Кыргызстане», С. А. Ташполотова “Переселенческая политика царизма в туркестане во второй половине XIX – начале XX вв. (на материалах Семиреченской и Ферганской областей.)

деген темада кандидаттык диссертация коргошкон. И.Ю.Бартеневанын «Истоки переселенческого движения в Кыргызстане»[1] аттуу китеби да жарык көргөн. Ал өз изилөөсүндө аймактын Россия менен соода-экономикалык алакасынын чыңдалышы, отурукташкандарды башкаруу тажрыйбасы, аймакта акча-товардык мамилелеринин өнүгүшү, көчүп келгендердин түпкүлүктүү калк менен кызматташтыгы, өз ара түшүнүшүү

жана достук мамилелердин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөндүгүн белгилеп келет. Аны менен катар падышалык бийлик тарабынан Кыргызстандагы оторлоштуруу процессине аралашкан орустар, украиндер, белорустар, татарлар, немистер, дунгандар, уйгурлар жана башка элдер бул жерден өздөрүнүн экинчи ата-мекенин таап эле тим болбостон, кыргыз элинин тарыхына чоң салым кошушкандыгын белгилейт. Бул жараянды белгилүү окумуштуу Т. Кененсариев жалпы Кыргызстандын мисалында карап, ага: «Көп улуттуу калктын калыптануусунун башталыш чеги Кыргызстанда оторчулук доордо башталган. Кыргызстандын каардуу Орус падышачылыгынын ченгээлине кирүүсүнүн көптөгөн кесепеттери болсо да обьективдүү түрдө кыргыз жергесин дүйнө алакасына кошуп, башка элдер менен карым- катнашка киргизди. Кыргыз башка эл жерлерге таанылды»[2, 477-б], - деп баа берген. Россиянын борбордук аймактарынан орус тилдүү элдерди көчүрүү Фергана өрөөнүндө да ушундай эле өңүттө жыйынтыктарга алып келген. Натыйжада өрөөндүн калкынын демографиялык картинсы өзгөргөн. Аны төмөнкү статистикалык булактар күбөлөндүрүп турат. Уездик администрациянын маалыматы боюнча 1888-жылга карата областта 775, 600 адам жашаган. Анын ичинде 391 476 эркек, 384 194 аял болгон. Туземдиктер 773, 394 жанды түзгөн[3, с.13]. Диний ишенимдери боюнча православдар 2127, католиктер 40, лютерандар 25, еврейлер 1054, магометандар 722 231 адам. 818 622 туземдиктер, 816 656 мусулмандар болушкан. Шаар калкы 1896- жылга караганда 6186 адамга өсүп 182 409 адамга жеткен[4, с.31]. 1897-жылдын аягына карата Статистикалык Комитеттин маалыматына ылайык областын калкы (аскер кошуундарынын сырткары) 1 571 157 адамга туура келет [5, с.1].

Падышачылыктын оторлоштуруу саясатына арналган изилдөөлөрдө орус өкмөтүнүн Түркстанды оторлоштуруу саясатынын негизги максаты тууралуу негизинен бир беткей эле ойлор камтылган. Алсак, изилдөөчү Э.А. Авазов бул жаатта мындай пикирин белгилеген: «Белгилей кетсек оторлоштуруунун биринчи жана экинчи этаптарында падыша өкмөтү чет жакаларда келгиндерден социалдык таяныч түзүү максатында колунда бар атуулдарды жиберишсе, XX кылымдын башында өз бетинче көчүп келген дыйкандардын саны көбөйүп кеткен. Ошол себептүү падыша өкмөтү оторлоштурууга көз карашын өзгөртүп, ага империяны агрардык кризистен чыгаруучу жол катары карап, Түркстан аймагына дыйкандардын жакыр бөлүгүн жиберүүнү күчөткөн»[6. 173-б].

Ал эми изилдөөчү И.В. Волков өз макаласында «Борбордук Азиянын Орусияга кошулушу1860-жылдары падыша өкмөтүнүн алдына ошол кезде жазылгандай, «орус элементин» Түркстанда жайгаштыруу милдетин койгон. Бул маселени чечүү падышачылыктын каалоосу менен гана байланышкан эмес муну менен жаңы аннексияланган чөлкөмдө мусулман калкынын абсолюттук басымдуу бөлүгүн түзгөн “орустардын” катышуусун күчөтүп, өздөрүнүн этникалык улутун түзүү үчүн зарыл болсо, Орусиялык аскердик округдук түзүмгө ылайык 1867-жылы түзүлгөн Түркстан аскер округунун аскерлерине жардам берүү максаты коюлган»,[7, с.11] - деп белгилеген.

Ушундай таризде XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында Россия империясынын саясий жашоосуна оторлоштуруу саясатынын күчөшү мүнөздүү болгон. Падыша өкмөтү экономикалык жактан чийки зат булактарына жана түркстандык рынокко болгон муктаждыгын аталган чөлкөмдүн эсебинен чечип алууну каалаган. Россиянын Орто Азияга илгерилешине экономикалык гана эмес, аскердик-стратегиялык кызыкчылыктар да, биринчи кезекте Англия менен Кытайдын чек арага жакын аймактарга таасир этүүлөрүнө жол бербөө мүдөөсү да коюлган. Бул өңүттө аталган саясаттын жүрүшүнүн жана ишке

ашырылышынын негизги этаптарын бөлүп кароо максатка ылайык келет. «Борбордук губерниялардан бийликке нааразычылыктары күчөгөн дыйкандарды колониялык чет жакаларга көчүрүү Орусия империясынын эки доор тогошоор алдындагы саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү менен байланышта болгон. “Оторлоштуруу толкун сымал жүргөндүгүн эске алып, анын төмөнкү 5 этабын белгилөөгө болот: 1) Орусиянын Борбордук губернияларындагы 1891-1893- жылдардагы ачкачылык менен байланышкан оторлоштурунун башталышы; 2) 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү басылгандан кийин Фергана өгрөөнүндөгү коопсуздукту бекемедөө иш чараларынын алкагында оторлоштурууну күчөтүү мезгили; 3) 1906- 1910-жылдардагы агым, П.А. Столыпиндин реформасынын ишке ашыруу мезгили; 4) 1912-жылдагы оторлоштуруудагы жаңы багытка өтүү мезгили; 5) Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен башаламан жүргүзүлгөн жыйынтыктоочу мезгили»[6. 173-б]. Белгилей кетүүчү жагдай отор саясатынын ар бир этабына борбордук бийлик менен жергиликтүү бийликтин кайчы пикирде болуулары мүнөздүү.Бул багытта бир топ изилдөөлөрү менен белгилүү болгон изилдөөчү С. Н. Брежнева «Переселение русских крестьян как фактор превращения Туркестана в национальную окраину Российской империи» аттуу макаласында оторлоштуруу багытында өкмөт менен жергиликтүү администрациянын жүргүзүлгөн иштерине карабастан бир катар кемчиликтерге жол коюлгандыгын белгилеген. Автордун пикиринде оторлоштуруунун так планынын жана укуктук базасынын жоктугу, айрым аракеттерди жасоодо борбордук бийлик менен жергиликтүү бийликтин макулдашылбагандыктары ушундай абалга алып келген[8].

Оторлоштуруу кыймылынын динамикасы – Орусия империясынын ички жана тышкы саясатынын негизги курамдык бөлүгү – мыйзам менен жөнгө салынган. Бирок, бул жагдайда жергиликтүү администрация өкүлдөрүнүн өз пикири болуп ал дайыма эле өкмөттүн позициясы менен дал келе бербеген. 1886-жылы 1867-жылдагы "мыйзамсыз" Долбоорду дээрлик 20 жыл колдонуудан соң «Положение об управлении Туркестанским краем” деп аталган мыйзам менен бекитилген укуктук акт кабыл алынган. Бул белгилүү деңгээлде Орто Азиядагы оторлоштруу саясатын либералдаштырган. Бул Жобонун 262- статьясына ылайык крайдагы баардык христиан ынанымдагы адамдарга кыймылсыз эмес мүлккө ээ болууга укук берилген. Ошентип Орусиядан келген мусулман татарларга, еврейлер-жөөттөр жана башка «христиан эместерге» да Түркстанга оторлоштурууга тыюу салынган эмес, бирок алар бул аймактарга жашоо үчүн гана келгени укуктуу болушканы менен мыйзамдык негизде жер төлөлөрдү алууга укуксуз болушкан»,[7, с.11]. Жыйынтыктап айтканда, Түркстандагы көчүрүү процессинин укуктук жөнгө салынышы көрсөтмөлүү болгон. Диний ишенимдерине карабастан эле крайда орус элементтин көбөйтүү максаты каралганы менен падышачылык конфессионалдык субьективизмге жол койгон.Кошулган аймактарда орусташтыруунун конструктивдүү планынын болбогондугунан орус бийлигинин аракеттери карама каршылыктуу жана импульсивдик болгон. Экономикалык максатка ылайыктуулуктан идеологиялык концепциянын үстөмдүк кылуусу Түркстандагы орус оторлоштуруусуна олуттуу зыян тийгизген.Мындан улам жергиликтүү элдер да, орус келгиндери да падыша администрациясынын ойлонулбай калган саясатынын барымтасында калган.

Отор саясатынын негизги кыймылдаткыч күчү европалык Орусияда жердин жетишсиздиги жана ачарчылыктан жапа чеккен дыйкандар болушкан. Орусиянын Орто Азияга карай бет алуусу крайды саясий-административдик, укуктук, чарбалык-экономикалык жактан ыңгайлаштыруу маселесин койгон. Маселенин татаалдыгын элдин

тилдик, маданий ар түрдүүлүгү оордоткон. Көчмөн жана отурукташкан элдердин болушу аймактын чарбалык-экономикалык өнүгүүсүндөгү айрмачылыктарды күчөткөн[ 9.с. 158]. Белгилей кетсек бул жагдай Фергана өрөөнүндө ачык эле көрүнгөн. Анткени бул өрөөндө тээ байыртадан бери көчмөн жана отурукташкан жамааттын өкүлдөрү жашап келишкен.

Башка аймактардан айырмаланып, Фергана өрөөнүнө орус дыйкандарын көчүрүү 90-жылдардын башына туура келет, ал кезде Орусиянын борбордук райондорунда эгиндин жетишсиздигинен жана ачарчылыктан улам агрардык кризис башталган. XX кылымдын башында Ферганада миграциялык кыймылдын жаңы толкуну байкалган. Бирок, калктын боштондук кыймылынын күчөп кетүүсүнөн кооптонуулар ошол кезде бул аймактарда оторлоштуруунун расмий түрдө жүрүшүнө жол бербеген. Бирок, ушундай шартта да администрациянын тыюулары өрөөнгө орус келгиндеринин умтулуусун токтото алган эмес. Түркстанда биринчи орус поселогу түзүлгөндөн кийин (1874-ж.) 15 жылдын ичинде келгиндер жайгаштырылган конуштардын көлөмү анча чоң эмес болгон. 1881-жылга чейин 25 поселка түзүлүп, 1300гө жакын үй-бүлө жайгаштырылган. Бирок 1891-жана 1892-жылдары Европалык Россиядагы түшүмсүздүккө байланыштуу Түркстанга көчүрүүнүн болуп көрбөгөндөй толкуну күчөп, администрация тез арада 17 жаңы конуш уюштурууга аргасыз болгон. Ошентип 1892-жылга карата орус дыйкандарынын саны бул аймакка жайгаштырылган дээрлик 3000 үй-бүлөгө жеткен [ 10.с. 4].

Түркстан крайынын башка аймактарынан Фергана өрөөнү бир топ жагдайлар менен айырмаланып турган. Фергана чөлкөмүндө, областын аскер губернатору моюндагандай эле ансыз да калк жыш жайгашкандыктан оторлоштуруу кыйынга турган. Дагы бир оор маселе вакуф маселеси болгон. Уездердин ичинде жер салык иштери Маргалан жана Анжиян уездеринде аяктагандыктан вакуфтук жерлер жоюлган. Кокон уездинде12711, Наманганда 876, Ошто 5270 десятина вакуф жерлери болгон. Анжиян уездинде ар дайым иштетилүүчү жер 246 110 десятина, кайрак жер 51298, баары 297 408 десятинаны түзгөн жана уездердин ичинен жер тилкеси боюнча эң көбүн түзгөн[ 3.с. 3]. Ал эми эң аз жер тилкеси Ош уездинде болгон.

Фергана өрөөнү метрополия үчүн чийки зат базасы болгондугу маалым. Биринчи кезекте Россиянын өнөр жай ишкалалары үчүн пахта аябай манилүү болгон.Чет элдиктерди байыткан пахта жана шалы талаалары менен аймактын эң жакшы түшүмдүү тегиз бөлүгүндө 1906-1910-жылдары бир дагы орус конушуна орун жок болчу. Бул мезгилде 1900-жылдардын башында орус келгиндери өз алдынча кирип кеткен тоолуу аймактарда – Наманган уездинин Кетмен-Төбө өрөөнүндө жана Анжиян уездинин Көгарт өрөөнүндө бир нече кыштактарды түзүү зарылчылыгы гана болгон[ 10.с. 118]. Мындан улам элеттик кыргыздар жашаган тоо этектериндеги жерлерди келгин дыйкандарга берүү ишке ашырылган. Өз бетинче келгендер да негизинен ушул аймактарга жайгашышкан. Айрыкча мындай көрүнүш 1898-жылдагы көтөрүлүштөн соң Көк-Арт аймагында күч алган. “Анжиян көтөрүлүшү басылгандан кийин өрөөнгө бөгөт коюуга багытталган чаралардын арасында козголоңчул умтулуулардын келечектеги көрүнүшүн алдын алуу үчүн жергиликтүү калктын арасында Түркстан администрациясы колониялаштыруу жолу менен аймактагы орус элементин бекемдөөгө аракеттенген”[ 10.с. 122]. Ушул жагдайга кайрылган Э.Авазов: “Падышачылык өкмөттүн оторлоштуруу саясаты 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү ырайымсыздык менен басылгандан соң өзгөчө күч алган. Келгин орустар падыша өкмөтүнүн Түркстандагы колониялык саясатына социалдык таяныч катары кызмат өтөшүп,

орусташтырууну ишке ашырышы керек эле Өз алдынча келген келгиндердин агымынын көбөйүүсү жана аларга тыюу салуунун үмүтсүздүгүнөн улам 1898-жылдын июлунда генерал-губернатор Духовский Түркстан крайына орус келгиндерин мүмкүн болушунча көп жайгаштырууга көрсөтмө берген,” ”[ 11.261-б]. -деп белгилеген.

XX кылымдын башындагы Европалык Орусиядагы жердин жетишсиздиги жана ачарчылык дыйкандардын өз бетинче келүүсүн шарттаган. Ферганага келген европалык калктын көбүн орус администрациясы өнөр жай жана соода ишканалары топтолгон шаарларга отурукташкан. 1903-жылдан тартып 1910-жылдын акырына чейин аймактын орус отурукташуусун кеңири жайылтууну караган жаңы мыйзамдар кабыл алынбаган. Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында, Фергананын эски шаарларында Россия аймагында 21750 адам жашаса, анын ичинен 14220 адам Кокондо жашаган. Ушундай жолдор менен оторлоштуруунун натыйжасында Фергана өрөөнүнүн шаар калкынын саны көбөйгөн.

Жыйынтыктап айтканда падыша өкмөтүнүн Фергана өрөөнүндөгү оторлоштуруу саясатынын айрым аспектилерин ачып берүүдө төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

-Фергана өрөөнүн коомдук турмушунда салыштырмалуу прогрессивдүү өзгөрүүлөр жүргөн, этнодемографиялык картина өзгөрүүгө учурап, көп конфессиялуу коомдун калыптануу жараяны жүргөн;

-Фергана аймагында чарбанын жана коомдук мамилелердин салыштырмалуу прогрессивдүү формаларын жайылтууга шарт түзүлгөн.Орус келгиндери менен чарабалык алакалар калыптанган жана бул кыргыздардын отурукташуу жараянын тездеткен. Жер иштетүүнүн жаңы ыкмалары, тажрыйбалары алмашылган, бал аарычылык жайылтылган. Үрөөнчүлук, селекция иштери колго алына баштаган.

-Өнөр жай өндүрүшү өрүш алынуусу менен Фергана өрөөнү темир жол катнашына бириктирилген. Мындай абал өрөөндү дүйнөлүк товар өндүрүүгө жана соодага тартууну шарттаган.

-Калктын саламатчылыгына кам көрүү максатында медициналык мекемелер иштей баштаган. Көчүп келген калкттардын балдарын окутуу жана жергиликтүү калкты орусташтыруу максатында орус-тузем мектептери иш алып барган.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Бартенева И.Ю. Истоки переселенческого движения в Кыргызстане / И.Ю Бартенева.- Бишкек, -2010. -224с.

2. Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда(1855-1917)/ Т. Кененсариев.- Бишкек.- 2019. -477-б.

3. Обзор Ферганской области за 1888 год.- Новый Маргелан.- 1899.-С. 13

4. Обзор Ферганской области за 1892 год.- Новый Маргелан.- 1893.- С. 31

5. Обзор Ферганской области за 1897 год.- Новый Маргелан .-1899.С. 1

6. Авазов Э.А. Фергана өрөөнүндөгү падышачылыктын көчүрүү саясатынын ишке ашырылуусунун негизги этаптары/Э.А. Авазов// Известия ВУЗов Кыргызстана- 2017, №12. - 173-б.

7. Волков И.В. Переселенческая политика царизма в русском Туркестане: правовой аспект( вторая половина XIX – начало XX вв.)/ И.В. Волков// Вестник КРСУ.- 2013.-Том 13. -№ 6.- С.11.

8. Брежнева С. Н. Переселение русских крестьян как фактор превращения Туркестана в национальную окраину Российской империи // Электронный научно-образовательный

журнал «История». – 2019. – Т. 10. – Выпуск 8 (82). URL: https://history.jes.su/s207987840006008-7-1.
9. Солодова Г.С. Управление Туркестанским краем- некоторые принципы установления Российского влияния/ Г.С. Солодова// Вестник Томского государственного университета. Философия. Социология. Политология..- 2019.- № 51.-С. 158
10. Отчет по служебной поездке в Туркестан осенью 1910 года чиновника Особых поручений при Переселенческом управлении Н. Гаврилова. - СПб. -1911.- С .- 4, 118, 122.
11. Авазов Э.А. Падышачылыктын Фергана өрөөнүндөгү оторлоштуруу саясаты жана орус кыштактарынын пайда болушу. /Э.А. Авазов// ЖАМУнун Жарчысы.- 2013.- 261-б.

УДК: 94 (575.2)

# ОШ ШААРЫНЫН ЭТИМОЛОГИЯСЫ: ЭЛДИК УЛАМЫШТАР ЖАНА ИЛИМИЙ ВЕРСИЯЛАР.

Смадияров Сыдык Акунович - т.и.к., доцент, ОшМУ
Ssmadiyarov@mail.ru

# ЭТИМОЛОГИЯ ГОРОДА ОШ: НАРОДНЫЕ ЛЕГЕНДЫ И НАУЧНЫЕ ВЕРСИИ.

Смадияров Сыдык Акунович- к.и.н., доцент, ОшГУ
Ssmadiyarov@mail.ru

# ETIMOLOGY OF THE CITY OF OSH: FOLK LEGENDS AND SCIENTIFIC VERSIONS.

Smadiiarov Sydyk Akunovich - the candidate of Historical Sciences, Docent OshSU
Ssmadiyarov@mail.ru

Аннотация

Бул макалада автор, Ош шаарынын этимологиясын иликтеген. Ал жөнүндөгү элдик уламыштарды жана илимий версияларды талдоого алган. Маселе боюнча өз пикирин билдирген.

Ачкыч сөздөр: падыша Соломон, Азирети Сулайман, Азирети Адам, Александр Македонский, эрз тили, сак уруусу, “берметтей дарыя”.

Аннотация

В данной статье, автор рассматривает этимологию города Ош. Анализирует народные легенды и научные версии, объясняющие этимологию Оша. Высказывает свое мнение.

Ключевые слова: царь Соломон, Азирети Сулайман, Азирети Адам, Александр Македонский, язык эрзов, племя саков, “жемчужная река”.

Annotation

In this article, the author examines the etymology of the city of Osh, its meaning. Analyzes folk legends and scientific versions explaining the etymology of Osh. He expresses his opinion on the issue under consideration.

Key words: King Solomon, Azireti Sulaiman, Azireti Adam, Alexander the Great, Erz language, Saks tribe, “pearl river”.

Ош шаары азыркы күнгө чейин алып жүргөн өзүнүн “Ош” аталышы менен эрте орто кылымдарга, тагыраагы IX-X кк. таандык араб авторлорунун эмгектеринде эскериле баштайт. Ал мезгилге чейинки бир да жазма булакта, Ош шаары өз аталышы менен кезикпейт. Ал эми, анын этимологиясына (шаардын аталышынын келип чыгышын, маанисин чечмелөө – С.С.) келсек, бул маселе азыркы күнгө чейин биротоло тактала элек. Учурда Оштун этимологиясы боюнча бир нече элдик (элдик уламыштардын негизинде чечмелөө) жана илимий варианттар бар. “Ош” аталышынын чечмеленишинде элдик варианттар менен илимий варианттар бири-биринен кескин айырмаланышат. Макалабызда, алардын негизгилерине токтолобуз.

Ош аталышынын келип чыгышын чечмелеген элдик уламыштар, ыйык Сулайман тоо жөнүндөгү уламыштар менен тыгыз байланышта айтыларын белгилөө шарт. Мына ушундай уламыштардын бири Оштун келип чыгышын Библиядагы падыша Соломон менен байланыштырат. Анда мындайча айтылат: “... пайгамбар делген Соломон падыша алдына соко чеккен эки өгүздү салып, аскерлери менен келатыптыр. Ушул тоонун (Сулайман тоо – С.С.) жанына жеткенде “хош!” – “болду жетет” деген экен. Шаар ошондон улам Ош болуп калган дешет”[1, 241-244-бб.]. Ушундай эле маңыздагы уламыштын башка версиясы шаардын аталышынын келип чыгышын мусулмандардын пайгамбары – Азирети Сулайман менен байланыштырат. Мында, падыша Соломон, Азирети Сулайман пайгамбар менен гана алмаштырылат. Эл арасында ушундай эле маңыздагы жөнөкөй элдик уламыш да сакталган. Анда, азыркы шаар жайгашкан аймакта, мурда эгин аянты болгондугу айтылат. Жер айдап жаткан күндөрдүн биринде чарчаган өгүз жатып алып, турбай коёт. Ээси болсо, өгүздү тургузуу үчүн “Хош!”, “хош!” деп кыйкыра берет. Түрк тилдүү уруулар ири мүйүздүү малды “Хош!”, “хош!” деп кыйкырып айдашары белгилүү. Кыргыздар “Ош!” деп айтышат. Уламышта мына ошондон улам, бул жер (кийинчерээк шаар) “Ош” деп айтылып калган делет[2, ]. XX кылымдын башында, мааниси боюнча жогорудагы уламыштарга окшош уламышты орус изилдөөчүсү Л. Зимин жазып калтырган. Бирок, бул уламышта башкы каарман Азирети Адам[3, 3-б.]. Дагы бир уламыш, шаардын аталышынын келип чыгышын, Орто Азия элдеринде Искендер Зулкарнайн (“Кош мүйүздүү Искендер”) деп аталган, байыркы дүйнөнүн атактуу аскер башчысы Александар Македонский менен байланыштырат. Анда: “ Өзүнүн согуштук жортуулдарынын биринде, белгилүү аскер башчы (Александар Македонский – С.С.) аскери менен бир шаарга токтойт. Шаардын кооздугуна таң калган ал, анын аталышын сурайт. Бирок жооп ала албайт. Ошондо ал, “Мен эртең менен ойгонгондо, эң биринчи эмне сөздү уксам, шаардын аталышы ошол болот” дейт да жатып, уктап калат. Эртең менен эрте ойгонгон аскер башчы, мал айдап бараткан балдардын, “Хош!”, “Хош!” – деген, кыйкырыктарын угат. Ага ал сөз “Ош”, “Ош” деп угулат. Ошентип, шаардын аты Ош болуп калат” [4, -8-10-б.] деп, айтылат.

Ал эми, Ош шаарынын этимологиясынын илимий версияларына келсек, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Ош топониминин келип чыгышы жөнүндөгү эң алгачкы кызыктуу пикирди, окумуштуу-географ, академик Э. Мурзаев сунуштаган. Ал өзүнүн «Словарь местных географических терминов» аттуу китебинде, “Ош” сөзүн байыркы арий тили (эрз тили?) менен байланыштырып, ал “шаар”, “шаарча” деген маанини берген деген пикирин айткан[5., 9-б.. ].

Белгилүү археолог, этнограф, тарыхчы-чыгыш таануучу, Орто жана Борбордук Азиянын тарыхы жана маданияты боюнча ири изилдөөчү, Кыргызстандын археология илиминин негиз салуучусу – Александр Натанович Бернштам, байыркы кытай жазма булактарынын маалыматтарына таянып, Ош топониминин келип чыгышын, “Уш” деген сактардын уруусунун этноними менен байланыштырган. Ал, минтип жазган: “Юйту деп аталган Алай өрөөнүндө, уш уруусу жашаган, анын аталышы азыркы Ош шаарынын аталышында сакталып калган”[6, - 252- б.].

Жергиликтүү окумуштуу-археолог, Кеңешбек Малтаев Оштун этимологиясын Ак-Буура дарыясы, ыйык Сулайман тоо жана байркы зороастризм дини менен байланыштырган. Ал, минтип жазат: “ Байыркы жана эрте орто кылымдар доорунда Ош шаарында от храмы, зороастрийлик суунун жана тоонун культу болгондугун X кылымдагы араб авторлору ал-Истахри жана ибн Хаукалдар маалымдашат. Алар, Ош шаарынын үч дарбазасы болгондугун жазышат: Дарваза-йи Кух(Тоо дарбазасы), Дарваза-йи Аб(Суу дарбазасы) жана Дарваза-йи Мугкеде(отко сыйынуучулардын храмынын дарбазасы). Кытай булагы “Син Тан шуда” Еча-Йахша шаарында керемет үңкүр-храм бар, анда бир жылда эки жолу отко сыйынышып, курмандык чалышат жана шаардын аталышы, ага (шаарга) кандайдыр бир артыкчылык берүүчү “йахса” термини менен байланыштуу деп айтылат(А.Г. Малявкин), бул маалыматтардан биз Ош шаарын көрүп турабыз. Биздин пикирибизче, Еча-Йахша шаарынын

аталышы, зороастрийлердин дарыя (суу) кудайы – байыркы Борбордук Азияда Вахша, Оахша, Охшо вариантында айтылган, Ардзи-Сура, Ардохшо-Анахита аталыштарынан келип чыккан. Бул аталыштар, “булганбаган”, “берметтей таза”, “ыйык” деген маанини берген. ... Мында биз метатезанын натыйжасын көрүп турабыз. Ак-Буура дарыясы байыркы доордо Йахша, Оахшо” деп аталган болуу керек. Булардын баары Борбордук Азиянын байыркы дыйкандары, анын ичинде Ош тургун жайынын жашоочулары дарыя суусун ыйык туткандыктарынан кабар берет. Ош шаарынын Сулайман тоосунда Бүркүттөр үңкүрү бар (анда азыр музейдин филиалы жайгашкан), аны биз, Син Тан шуда эскерилген керемет үңкүр деп эсептейбиз. Мында зороастрийлердин эң алгачкы суу (дарыя храмы Йахша-Охшо-Ош) жана от храмы болгон болуу керек. Кийинчерээк, дарыянын Охшо-Ош аталышы (гидроним), шаардын аталышына өткөн. Автору белгисиз Худуд-ал-Алам(Хк.) жана Хавиз-и- Абруй (XIV - XVкк.) чыгармаларында Ак-Буура дарыясы Ош дарыясы деп аталган” [7, 95-97-бб.]. Ошентип, окумуштуунун пикири боюнча, Ош шаарынын аталышы, азыркы Ак-Буура дарыясынын, байыркы жана эрте орто кылымдардагы – Йахша – Охшо - Ош аталыштарынан келип чыккан. Биздин пикирибизче, мына ушул, акыркы илимий версия, тарыхый чындыкка жакынырак.

Колдонулган булактар жана адабияттар:

1. Ювачев И.П. Курманжан - датка алайлык кара - кыргыздардын канышасы//Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. Түзгөн Кенеш Жусупов. – Бишкек, 1991. - 241-294-бб.
2. Ахилулла Хайрилулла оглы. Город Ош и Тахт Сулайман /Приложение к газете «Вакт»/ На тюркском языке. – Оренбург, 1913. -№1264.
3. Зимин Л. Мусульманское сказание о городе Оше. – Ташкент, 1913.
4. Мамытов С. А. “Ош” сөзүнүн тамыры кайда (Где корень слова “Ош”?)// Все про Ош … (Из материалов международных конференций «Ош на пороге XXI века: Из глубин истории в цивилизованное будущее. – Ош 9-12 – октября 1997г. и «История и культура Оша и Ошской области в домонгольскую эпоху». - Ош 28-30-октября 1998г.). – Ош, 1999.
5. Мамытов С.А. “Ош сөзүнүн тамыры кайда? ...
6. Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Том I. Составители: К. Ташбаева, Л. Ведутова. – Бишкек, 1997.
7. Малтаев К.Ж. Сулайман – Тоо – древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. – Ош, 2000.

УДК: 101.1.316/356.2

## XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕР

***Токоева Гүлдана Самидиновна,***
философия илимдеринин доктору, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын профессору, Кыргызстан, 715600, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57, e-mail: tokoeva69@mail.ru
–

## СОЦИАЛЬНО-ПОЛИТИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ КОНЦА XIX НАЧАЛА XX ВВ

***Токоева Гулдана Самидиновна,***
доктор философских наук, профессор кафедры философии и гуманитарных наук им.Ш.М.Ниязалиева ЖАГУ им.Б.Осмонова, Кыргызстан, 715600, г.Жалал-Абад, ул.Ленина 5, e-mail: tokoeva69@mail.ru

# SOCIO-POLITICAL PROCESSES IN FERGANA VALLEY OF THE LATE XIX – THE EARLY XX CENTURIES

***Tokoeva Guldana Samidinovna,***
doctor of philosophical science, professor, the Department of Philosophy and Humanities named after Professor Sh.M. Niyazaliev, Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Kyrgyzstan, 715600, Jalal-Abad, 57 Lenin St. e-mail: tokoeva69@mail.ru

**Аннотация**

Изилдөөнүн максаты катары XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү социалдык-маданий процесстердин өзгөчөлүктөрүн жана жалпы тенденциясын анализга алуу эсептелет. Изилдөөнүн милдети болуп социофилософиялык анализ жасоонун негизинде Фергана өрөөнүндөгү Кокон хандыгы кулап, Орус падышачылыгынын бийлигинин орношу менен жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык жана социомаданий процесстер каралды. Фергана өзүнө тиешелүү социалдык-экономикалык жана тарыхый-маданий салтына ээ аймак. Анда калктын жыш жайгашуусу, этникалык жалпылыктар менен социалдык топтордун тыгыз карым-катнашынын жүрүшү, исламдык принциптерди бекем тутуунусу айырмаланат. Өзгөчө геосаясий аймак жана Улуу жибек жолунун бир тутуму катары башка өлкөлөр менен тыгыз мамиле түзүүнүн борбору катары белгилүү. Орусиянын курамына киргенден кийин социалдык-саясий процесстердин жүрүшү руханий маданиятка да өз таасирин тийгизди. Мындагы тарыхый-маданий өзгөрүүлөр адамдардын коомдук аң сизиминин калыптанышына жана өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет.

**Ачкыч сөздөр**: маданият, саясат, традиция, фергана өрөөнү, социалдык-саясий өнүгүү, социомаданий процесс, фергана маданияты.

**Аннотация**

Цель данного исследования является проанализировать отличительные черты и общие тенденции социокультурных процессов в Ферганской долине в конце XIX начале XX века. Задача исследования – проведение концепт анализа социально-экономических и социокультурных процессов, происходивших посде распада Кокандского ханства в Ферганской долине и установления власти Российской империи. Ферганская долина – это регион со своими социально-экономическими и историко-культурными традициями. Ее отличает плотность населения, тесная взаимосвязь между этническими общностями и социальными группами, твердая приверженность исламским принципам. Фергана известна как геополитический регион и одним из основных путей Великого шелкового пути, который соединяет другие государства и регионы. После присоединения к России общественно-политические процессы оказывали свое влияние на развитие духовной культуры. Социокультурные изменения сыграли большую роль в формировании и развитии общественного сознания людей.

**Ключевые слова:** культура, политика, традиция, ферганская долина, социо-политическое развитие, социокультурный процесс, ферганская культура.

**Annotaton**

The purpose of this study is to analyze the excellent features of the general trends of processes in the Fergana Valley at the end of the 19$^{th}$ century at the beginning of the 20$^{th}$ century.
Research objectives conducting a concept analysis of specifically economic and sociocultural processes taking place after the collapse of the Kokand khanate in the Fergana Valley and the

establishment of the power of the Russian Empire. The Fergana Valley is with its specially economic historical and cultural traditions. It is distinguished by population density close relationship between ethnic communities and social groups a strong adherence to Islamic principles. Fergana is known as a geopolitical region and one of the main routes of the Great Silk Road that connects other states and regions. After joining Russia social and political processes exerted their influence on the development of spiritual culture. Social cultural change played a big role in the formation and development of the social creation of people.

**Key words:** culture, politics, tradition, Fergana Valley, socio-political development, socio-cultural process, Fergana culture.

**Киришүү.** Жер бетиндеги тигил же бул аймактын тарыхый өнүгүүдө жана маданий жактан калыптанышында өзүнө гана тиешелүү белгилери, тенденциялары болот. Ошондой айырмалаган маданияттын бири – Фергана маданияты. Бул байыркы, орто, жаңы жана заманбап тарыхы бар өзгөчө геосаясий аймак. Өзүнө полимаданий баалуулуктарды камтыган, диний жактан этникалык топторду бири-бирине карама-каршылыксыз бириктирген бүтүндүк. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы социалдык-экономикалык, социомаданий жактан өзгөрүүгө дуушар болгон жана ага карата руханий маданиятын ыңгайлаштыра алган коомдук болмуштун көрүнүшү. Бул маданият окумуштууларды, изилдөөчүлөрдү өзүнө тартып, тарыхый, социалдык-философиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүн шарттаган. Биздин бул макалада XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн социалдык жана саясий жактан өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн талдоо менен өзүнө тиешелүү “фергана маданияты” деген феноменге ээ экендигин изилдөөгө алдык.

**Изилдөөнүн методдору жана материалдары.** Салыштырма анализ ыкмасынын жардамы менен Фергана өрөөнүндөгү этникалык жалпылыктар жана аймактын социалдык тутуму талдоого алынды. Компаративистика илиминин жетишкендиктерине таянып, этникалык жалпылыктардын социалдык жактан өнүгүүсүндө тилдик билингивизм же өзбек-тажик, өзбек-кыргыз, кыргыз-тажик, уйгур-өзбек ж.б. эки тилдүүлүк маселеси, этнолингвистикалык процесстердин таасири изилденди. Статистикалык методдор Фергана өрөөнүнүн социалдык-саясий процесстердин жүрүшү жана өзгөрүшү жөнүндөгү бүтүндөй бир картинаны түзүүдө колдонулду. Фергана өрөөнүндөгү калктын этномаданий өз ара таасир этүүсү жана эволюцияланышы талдоого алынды. Макалада советтик жана постсоветтик доордогу изилдөөлөрдүн материалдары колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыгы Фергана өрөөнүндөгү улуттук мамилелерди жөнгө салууда, этностор аралык кагылышуунун алдын алууда методикалык негиз боло алат.

**Негизги жыйынтыктар жана талкуулар**

Заманбап коомдук аң сезимде цивилизациялардын кагылышын изилдөө, же тигил же бул аймактагы этникалык жалпылыктардын карама каршылыгын талдоого алуу актуалдуу маселе катары таанылууда. Анткени бир аймакта ар түрдүү этникалык жалпылыктардын жашоосу көз караштардын же диний айырмачылыктардын кагылышуусун жаратып келүүдө. Биздин изилдөө калктын өтө жыш жайгашкан жана түрдүү этникалык түзүмгө ээ болгон Фергана өрөөнүндөгү коомдук-саясий жана маданий процесстерди талдоого арналган. Бул өрөөн башка аймактарга салыштырмалуу маданий жана социалдык жактан айырмаланган геосаясий мейкиндик. Аталган аймакта жаралган тигил же бул чыр-чатактар же социомаданий өзгөрүүлөр бүтүндөй Борбордук Азияга таасирин тийгизет. Көп улуттуу, көп

тилдүү аймак катары таанылган Фергана өзүнө гана тиешелүү социомаданий процесстерге ээ жана Борбордук Азияда экономикалык, социалдык жана тарыхый-маданий жактан өзгөчөлөнгөн реалдуулук.

Улуу жибек жолунун башкы жолу катары Ферганада шаар куруу, соода иштери, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк өнүгөт. Учурда Кыргызстан, Өзбекистан жана Тажикстан Фергана өрөөнүнө тиешелүү аймактары бар көз каранды эмес мамлекеттер катары өнүгүп келүүдө. Биздин изилдөө өз алдынча өлкөлөргө бөлүнгөнгө чейинки тарыхый доорго арналгандыктан бул аймакты бирдиктүү геосаясий аймак катары талдоого алынды.

Акыркы учурдагы илимий эмгектерде XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы социалдык-саясий процесстер кызыгууну жаратып, изилдөөлөрдү арттырууда. Анткени бул доордо Фергана өрөөнү учурдагыдай улуттук, өз алдынча көз карандысыз мамлекеттерге бөлүнгөн эмес. Территориянын жалпылыгы белгилүү бир деңгээлде “фергана маданиятын” жараткан жана коомдун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жараша социалдык-саясий процесстер жүргөн. Социалдык-саясий процесстердин жүрүшүн этностор аралык мамилелер, руханий жактан өнүгүү жөнгө салат. Мында географиялык, этномаданий жана социалдык жактан жакындык, бир динге ишенгендик бирдиктүү фергана маданиятынын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Бул жерде “фергана маданияты” деген эмне? - деген суроо жаралышы мүмкүн. Биздин пикирибизде, бул – Фергана өрөөнүндөгү калктын маданий жактан тыгыз карым-катнашта болуп, исламдын принциптерине таянып, шарияттын заң-мыйзамдарына ылайык адеп ахлакты сактап, тилдик билингивизмдин калыптангандыгынан улам, коммуникативдик байланышта эч бир көйгөйсүз мамиле түзүп, чарба иштетүү, соода-сатык иштерин биргелешип жүргүзгөн социалдык реалдуулук жана социалдык-экономикалык мейкиндик.

Бул аймактагы калк негизинен дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, малчылык, соода иштери менен алектенген. Руханий маданияттын калыптанышында аймактагы жашаган калктын эмгек ишмердүүлүгү, билими, моралдык-нравалык баалуулуктары, элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү, салт-санаа, үрп-адаты чоң роль ойногон.

Социалдык-экономикалык процесстерге талдоо жасай турган болсок XIX кылымда Кокон хандыгы Ферганадагы күчтүү мамлекет катары таанылган. Анын кулашы менен Орус падышачылыгына кошулуп, азыркы Тажикстандын Ходжент обласы Самарканддын бир уезди катары анын курамына кирген, ал эми калган бөлүгү Фергана обласы катары уюштурулган. Басып алуу саясатынан кийин аймакка орус, казактар жайгаша баштаган. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдөн улам ирригациялык иштер, техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүү жолго коюлат. Пахта өстүрүү орус падышачылыгынын кызыгуусун жаратып, темир жол куруу иштер башталат. Орусиянын курамына каратылгандан кийин пахта өстүрүү жалпы иштетилген аянттын 10% гана түзсө, 1915-жылга карата анын көлөмү 50% жеткен. Дан жана бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн көлөмү кыскаргандыгына байланыштуу дан азыктарына жана жер-жемиштерге болгон тартыштык келип чыккан. Пахта аянттарын кеңейтүүдөн улам тоо этектериндеги жайыт жерлер айдоо аянттары катары өздөштүрүлгөн. Бул малчылык үчүн да көйгөйлөрдү жаратып, малдын санын кыскартуу жана жарым көчмөн элдерди отурукташтыруу саясаты жүрөт. Мунун баары калктын социалдык тутумунун өзгөрүүсүнө алып келет. Анын үстүнө байыртан бери өнүгүп келген кол өнөрчүлүк да туюкка келип такалат. Анткени Орусиядан турмуш-тиричиликке керектүү буюмдар жана башка азем буюмдар алынып келинген. Кезегине бул кол өнөрчүлүктүн

кыскарышына жана кээ бир тармактардын такыр эле жок болушун шарттаган. Ошол эле учурда капиталисттик өнөр жай өндүрүшү пайда болуп, айыл чарба продуктыларын кайра иштетүү, пахтаны иштетүү жолго коюлат. Маалыматтарга ылайык 1913-жылы Фергана областында 300 ашык ишканалар болгон.

Ушуга байланыштуу жаңы социалдык-саясий, маданий процесстер жүргөн. Анын өзгөрүүсүнүн себептери катары табигый ресурстарды ашыкча пайдалануу; өрөөндө калктын жыш жайгашуусу; экономикалык жактан өзгөрүүлөргө ылайык капиталисттик элементтердин пайда болушу; орус, казактардын келиши менен турмуш-тиричилик, маданий жактан өзгөрүүлөр; ар түрдүү чыр-чатактар, жер-сууга болгон ээликтердин өзгөрүшү, реформалар жана азаттык күрөштөр эсептелет.

Коомдун социалдык тутумунда кыргыз, өзбек, тажик этникалык топтору басымдуулук кылып келген болсо, Орусиянын курамына киргенден кийин орус, украин, белорус, татар башкыр ж.б. жайгаша башташкан. Орус империясынын 1897-жылдагы биринчи жалпы эл каттоосуна ылайык Фергана областынын жалпы калкы 1569962 адамды түзгөн. Окумуштуу С.Губаеванын белгилөөсүнө ылайык “алардын ичинен 52,69% өзбек тилдүү сарттар, 26,3% кыргыздар, жарым көчмөн өзбектер 9,78%, тажиктер 6,62% каракалпактар 1,65%, орустар 0,63%, башка этникалык жалпылыктар 1,72% түзгөн [4, 7-б].

Орус падышачылыгынын тушунда социалдык тутумдун этникалык жактан курулушу да өзгөрүүгө учурайт. Негизинен түрк тилдүү элдер жашаган бул аймакка славян ж.б. тилдүү элдер менен аралашып жашоо коомдук аң сезимдин өзгөрүүсүнө белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизет. “Тилдик түзүлүшү жагынан түрк тилдүү калк – 91,05%, иран тайпасына кирген тилдерде 7,26%, славян тобуна киргендер – 0,63%, башка тилде сүйлөгөндөр 1,06% түзгөн” [4, 8-б]. Тил маселесине карата алганда аймакта тилдик билингивизмди ачык эле көрүүгө болот. Анткени бири бири менен тыгыз карым-катнашта болгон өзбек-кыргыз, же кыргыз-тажик, тажик-өзбек жашоосу эч бир котормочусуз, же бир кыйынчылыксыз бири бирин түшүнүшкөн. Ар кандай социалдык кырдаалга жараша эки тилдүүлүк колдонулуп келген.

Илимде эки, үч же андан көп тилдүүлүктү социалдык кубулуш катары колониялык саясат менен да байланыштырышат. Ушул аспекте караганда эки тилдүүлүктүн пайда болушуна себепкер тилдер катары англис, испан, орус, француз ж.б. тилдери эсептелет. Ал эми Фергана өрөөнүндө байыртан эле эки тилдүүлүк табигый көрүнүш катары болгон. Орусиянын курамына киргенден кийин орус тили менен байланыштуу билингдер пайда болот. Бирок бул байыртан бери тарыхый-маданий жактан калыптанган Ферганалык билингден такыр айырмаланат. Анткени Фергана өрөөнүндө массалык, табигый билингивизм орун алган. Орус тили менен болгон билинг жасалма, кырдаалга жараша, элективдүү мааниде болгон.

XX кылымдын башында динге ишенүүдө калктын 99,03% мусулман дининин сүннөтүн тутунгандар болсо, христиандар – 0,78%, иудаизмди кармангандар 0,18% түзгөн [4, 10-б]. Исламдагы башка диндеги адамдарды душманы, капыр катары караган көз караш өз өкүмдүгүн көрсөтө алган жок. Себеби орус бийлигинин кысымы мусулмандардын капырларга болгон сабырдуулугун жаратты. Коомдук аң сезимде исламдык сабырдуулук, чыдамкайлык, толерантуулук сыяктуу сапаттар башка динге карата мамиледе, аны туура кабыл алууда чоң роль ойногон.

Жаңы кылымдын онунчу жылдарында орустар жалпы калктын 24% түзгөн. Статистика көрсөтүп тургандай Фергана өрөөнүнө орустардын көчүп келүүлөрү тез темп менен жүргөн жана ага жараша чарба жүргүзүү, социалдык-маданий турмуш да өзгөрүүгө учураган. Шаарлардын, жаңы өнөр жай ишканаларынын пайда болуусу, Орусиянын капитализминин келиши ички рыноктун өсүшүнө себепчи болот жана шаардык өнөр жай калкы калыптана баштайт.

Ошол эле учурда социалдык-саясий турмушта орус бийлигине каршы ар кандай каршы чыгуулар болгон. Уюшулган, атайын даярдалган программалык документтери болбосо да, алдын ала даярданып, болжолдоолорду жүргүзүп, орус бийлигине каршы чыгуу аракеттерин жасашкан. Алардын чыгууларынын себептери саясий, экономикалык жана социалдык мүнөздө болгон. Эң башкы себеби Орусиянын оторчулук саясаты эле. Анын натыйжасындагы Фергана өрөөнүндөгү табияты мелүүн, дыйканчылыкка ыңгайлуу сугат жерлер орус келгиндери тарабынан ээлик кылынып, отурукташа башташкан. Салык төлөө да улам барган сайын түрдүү себептерден улам көбөйө берген. Саясий мүнөздөгү каршылыктардын көрүнүшү катары жергиликтүү болуштуктарды шайлоолордогу адилетсиздиктер эсептелет. Бул тууралуу тарыхчы Э.А.Авазов минтип жазат: “Колониялык бийликтерге каршы элдик чыгуулардын дагы бир себеби болуштук шайлоолор болгон. Болуштарды шайлоодогу эсепсиз чыгымдар элдин нааразычылыгын күчөткөн. 1887-жылы Наманган кыштагынын Багыш болушун шайлоодо кыргыздардын тобу жаңжал чыгарышып, шайлоого катышып жаткан айылдык бийликтин өкүлүн токмоктошкон” [1, 34-б.].

Коомдук-саясий процесстердин жүрүшү руханий маданиятка да таасирин тийгизген. Өрөөндөн белгилүү прогрессивдүү көз караштагы ойчулдар, акындар, аалымдар чыга баштаган. Окумуштуулар бул доордо Борбордук Азия элдеринин социалдык-философиялык ойлорунун эволюцияланышына чоң таасирин тийгизген ойчулдардын чыккандыгын белгилешет. Фергана өрөөнүндө көз каранды эмес мамлекеттердин пайда болушу менен советтик доордогу бир жактуу, тыкыр идеологиялашкан көз караштардан кайтуу процесси башталды анын натыйжасында Ферганадагы белгилүү ойчулдарга жаңы илимий өңүттө анализ жасала баштады. Анын үстүнө мурда белгисиз тарыхый булактар, адабий-философиялык чыгармалар кеңири белгилүү болуп, прогрессивдүү маанайдагы ойчулдардын дүйнөтаанымына кеңири талдоого жасоого мүмкүндүк берди.

Фергана өрөнүндө Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов, Молло Нияз, Женижок (Өтө) Көкө уулу сыяктуу кыргыз ойчулдары, Ахмад Дониш, Шамсиддин Шохин, Тошходжа Асири, Сайд Ахмад Сидик, Абдулвохид Мунзима өндүү тажик акындары, прогрессивдүү ой жүгүрткөн Закиржан Фуркат, Мухаммед Мукими, Завки, Увайси, Анборниса Аваз, Хамза Хакимзода Ниязи деген өзбек ойчулдарынын идеялары белгилүү болот. Булардын жашоо-тиричилиги коомдук өнүгүүнүн оор жана татаал шарттарында, жаңы көз караштардын пайда болуу мезгилине таандык жана өздөрү да прогрессивдүү ойдогу инсандар болгон. Бул тууралуу М.И.Бакиев минтип жазат: “Алар, ислам дүйнөтаанымынын чегинде туруп, аны жаңы шарттарга ыңгайлаштырууга, акча-товар мамилелеринин шарттарына, бир гана диндик эмес, светтик дагы өнүгүүгө мүмкүндүк ачкан шарттарга ыңгайлашууну каалашкан” [2 http://www.dslib.net/istoria-otechestva/istorija-prosvetitelnogo-dvizhenija-i-svobodomyslija-v-srednej-azii-konec-hih-nachalo.html]. Ошол мезгилде тажик ойчулу Ахмад Доништин «Сейрек окуялар», Садриддин Айнинин “Бухара ыңкылабынын тарыхы”, Т.Сатылгановдун социалдык теңсиздикке карата ырдаган ырлары, санат-насыяттары, Молдо Нияздын

санааттары, Барпы Алыкуловдун философиялык жана социалдык мүнөздөгү ырлары белгилүү болгон. Ошондой эле Бухара эмиратынын социалдык-экономикалык жана социалдык жактан өнүгүүсүндөгү артта калгандык идеясы менен чыккан жадидизмдин идеялары Фергана өрөөнүнө тарала баштайт. Белгилүү изилдөөчү Б.Д.Самиев жадиддер эмираттагы коомдук-саясий, демократиялык ойлордун өнүгүүсүнө, калктын бардыгынын өздүк аң сезиминин ойгонушуна чоң маани берген деп жазган. Ошол эле учурда Фергана өрөөнүнөн чыккан ойчулдар да социалдык теңсиздикке, саясий жактан муунтулган абалга каршы туруп, боштондукка чакырган. Б.Д.Самиев мындайча жазат: “Ойчулдар башкаруучулардын деспоттугун, падышачылык империянын колониалдык саясатын сындап, гуманизм жана адилеттүүлүк идеясын жайылтышкан. Адеп-ахлактык мамилелерди коомдун стабилдүүлүгүнүн фактору катары карашкан. Алардын ишмердүүлүгү маданий-агартуучу, улуттук-боштондук мүнөздө болгон” [8, 41-б]

Кыргыз ойчулдарынын ичинен Т.Сатылгановдун Фергана өрөөнүндөгү орду абдан чоң. Ал социалдык-маданий мүнөздөгү ишмердүүлүгү менен эле эмес, саясий жактан да белгилүү инсан катары таанылган. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө тиешеси бар адам катары орус бийлиги тарабынан соттолушу жана сүргүнгө айдалышы, анын өрөөндөгү прогрессивдүү чоң фигура болгондугун тастыктап турат. Ал: “Эки колду байлатып, Дал кырк кишиге айдатып, Абдыразак, Бекберди, Экөөнө карматып, Тынчтыкта жаткан Токоңдү, Күнөөсүз жерден сабатып, Жуманаалы баратат, Не табаат мени сабатып?” [10, 7-б.] – деп ак жеринен Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалаа менен орус бийлиги тарабынан камалганын ырдайт. Анын ушундай туткундалышына себепкер болгон социалдык тенсиздик, орус бийлигинин адилетсиздиги жөнүндөгү ырлары эле. Ал: “Оокаты жок кедейге, өз оюнда чыгарып, Саласың күндө чыгымды. Кордуктан кедей коркпондо, Сатты го жалгыз сыйырды, Көрсөтөсүң кедейге, Жанга жакпас кыйынды” [9, 57-б.] – деп карапайым калктын жергиликтүү жана орус бийлигинин алык-салыгынан кыйналганын ачык айтып ырдайт.

Ал эми Барпы Алыкулов адилетсиздикти сындап, гумандуулук жана адилеттик үчүн чыгармаларын арнаган. “Акындын түшүнүгүндө “дүйнө” катары адам дүйнөсү жана коом эсептелет (ал түшүнүктү чындык, реалдуулук деп билебиз). Анын жашап жаткан дүйнөсүндө адилетсиздик, теңсиздик жана укуксуздук орун алган. “Бирөөлөр жакшы жашаса, экинчилери – оор шартта, байга бакыт жылмайса, кедейде оор, кайгылуу турмуш” [6, 60-б.]. Мындай жашоо-турмуш тууралуу акын минтип айтат: “Кээ бирөөнүн малы көп, Бардам кылдың, дүйнө сен. Барган сайын көбөйтүп, Шардам кылдың дүйнө сен... Малай болсо баасын, Арзан кылдың дүйнө сен” [3, 124-б]. Акын мындан сырткары өзү жашаган доордогу саясий-укуктук мамилелерге да кайрылат. Анын укук жаатындагы көз караштары өрөөндөгү бий-болуштардын, казий-сопулардын, орус бийлигинин өкүлдөрүнүн адилетсиздик иштерин сындоо аркылуу эволюцияланат [6, 69-б.]

Молло Нияз орус падышачылыгынын саясатын сындап, өрөөндө болуп жаткан социалдык-саясий өзгөрүүлөрдү, зордук-зомбулукту чагылдырат. Бул учурда коомдук-саясий теңсиздикке карата пикир билдирүүнүн бирден бир формасы катары көркөм чыгарма эсептелген. Бул тууралуу Х.А.Аликулов Алишер Навоинин дүйнөтаанымын изилдөөгө арналган макаласында минтип жазат: “Көркөм чыгармаларда, эң башкысы, поэтикалык светтик тематика үстөмдүк абалга өтөт жана ал социалдык мазмунга ээ болот. Поэзия прогрессивдүү идеяларды билдирүүнүн, философиялык жана коомдук көз карашты чагылдыруунун ыңгайлуу формасы болуп калат” [7, 119-б.].

Кокон хандыгы, кийинчерээк орус бийлигинин тушунда жашап, коомдук саясий турмушту реалдуу чагылдырган жазгыч акын Молло Нияз “Кол китептеринде” аталган доорго жана коомдук болмушка өз баасын берет. Анын: “Астырта(да)н тил жетпей, Айрылдыбы билбеймин, Алакандай пул чыкты. Бири султан миң башы, Биримиң кетсе иши жок, Өлөрман жаман алайчы, Өзүнөн башка киши жок” [5, 31-б] – деп, коомдук турмуштагы өзгөрүүлөрдү жазса, “Алдап кылаар ишиңди, Ахырсыз алаар тишиңди, Жылгада тосоор жолуңду, Жип(ке) байлаар колуңду, Кыяда тосоор жолуңду, Кыйлаңдын байлаар колуңду” [5, 31-б] – деп, социалдык теңсиздикти, азаттык күрөштөрү үчүн аракеттерди талдоого алып, бийлик тарабынан жазалоо болоорун эскертет.

Демек, Фергана өрөөнүндө прогрессивдүү маанайдагы социалдык-философиялык ойлор өнүктү. Анын негизин ошол доордогу элдик ойчулдардын чыгармалары түздү. Алар социалдык реалдуулуктун чегинде ой жүгүртүшүп, аны таамай баалоого жетишишти жана бүтүндөй коомдук аң сезимдин калыптануусунда чоң роль ойноду.

**Корутунду**

Ар кандай коомдо бири бири менен байланыштагы социалдык топтор жана катмарлар аракеттенет. Алардын ортосунда экономикалык, социалдык-руханий ж.б.карым-катнаштар жүрөт. Социалдык турмуштун негизинде эмгектин коомдук бөлүнүшү жана өндүрүш каражаттарыа болгон менчик мамилеси турат. Ошондой эле коомдук-саясий процесстер жүрүп, ошол мамлекеттеги адамдардын коомдук аң сезими калыптанат. Биз талдоого алган ойчулдардын көз карашы да коомдогу реалдуулукту чагылдырып, социалдык теңсиздик, адамдар ортосунда адилеттүүлүктү орнотуу маселесин көтөрөт. Алардын ой-пикири революциялык маанайда болбосо да, элдин боштондугу, адилетсиздикти жок кылуу жана ак ниеттүү коомду куруу идеясын билдирген. Мындай социалдык-саясий көз караштар өзгөчөлөнгөн фергана маданиятынын өнүгүшүнө таасирин тийгизген.

Натыйжада, “фергана маданияты” – бул байыркы доордон бери заманбап учурга чейин калыптанып жана өнүгүп келген, Кокон хандыгы жана кийинчерээк Орус падышачылыгынын тушунда социомаданий жаткан өзгөрүүгө дуушар болгон, полимаданий белгилерге ээ, руханий жактан этникалык топторду бириктирип турган, тилдик билингивизм калыптанган өзгөчө феномен.

**Колдонулган адабияттар**

1. Авазов, Э.А.Анжиян көтөрүшү: Фергана өрөөнүндөгү азаттык күрөштөрүнүн тарыхынан / Э.А.Авазов. – Ош, 2016. – 156 б.
2. Бакиев, М. И. История просветительного движения и свободомыслия в Средней Азии, конец XIX – начало XX века – 2000 г. URL.: http://www.dslib.net/istoria-otechestva/istorija-prosvetitelnogo-dvizhenija-i-svobodomyslija-v-srednej-azii-konec-hih-nachalo.html
3. Барпы Алыкулов Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т.1. – Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. – 319 б.
4. Губаева, С. С. Основные направления этнических процессов в Ферганской долине конце XIX – начале XX в.: автореф. дисс. докт. ист наук / С.С.Губаева – М., 1992. – 32 с.
5. Молло Нияз Санат дигарасттар / Баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов – Бишкек, 1993. – 176 б.
6. Ниязалиев, Ш.М., Токоева, Г.С. Мировоззрение Барпы Алыкулова / Ш..Ниязалиев, Г.С.Токоева. – Жалал-Абад, 2003. – 118 с.
7. Общественно-философская мысль народов Средней Азии. – Б.: Илим, 1991. – 282 с.
8. Самиев, Б.Д. Социально-политические идеи таждикских мыслителей конца XIX – начала XX в.: автореф. дисс. докт. филос. наук / Б.Д.Самиев. - Душанбе, 2009. - 47 с.

9. Токтогул Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I том. – Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1968. – 304 б.
10. Токтогул Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. II том. – Фрунзе: «Кыргызстан» басмасы, 1969. – 274 б.

УДК: 101.1.316/356.2

# АРХЕОЛОГИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ПАМЯТНИКОВ ГОРОДА ОШ И ЕГО ОКРЕСТНОСТЕЙ

Умарова Рахима Тохтоназаровна
старший преподаватель кафедры «Истории и философии»,
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
umarova45@mail.ru, +996552845003

# ARCHEOLOGICAL RESEARCHES OF MONUMENTS SURROUNDING OSH AND ITS SUBURBS

Umarova Rakhima Tokhtonazarovna
Senior Lecturer, Department of History and Philosophy,
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov
umarova45@mail.ru, +996552845003

**Аннотация**

Данная статья посвящена исследованию археологических памятников г.Ош и его окрестностей. Так как сейчас из-за развития строительства разных объектов многие памятники навсегда исчезают. В настоящее время, когда народы многих стран мира стремятся изучать корни своей истории, причастность к мировой культуре, представляется актуальной разработка широкого комплекса научных исследований в области истории социально-экономических связей. Немаловажное значение в составе этих связей приобретали государства, располагавшиеся на территории Средней Азии.

**Ключевые слова:** памятники, археологический, окрестность, Великий шёлковый путь, исчезают, развития, стремится, актуальность, Средняя Азия.

**Abstract**

In the given article is considered archeological monuments surrounding Osh and its suburbs which were researched by various archeologists. At the present time when people of many countries intent to learn the roots of their history, connected to world culture, presented actual work out of wide complex of scientific researches in the field of socio-economic relations history.

**Key words:** monuments, archeological, suburbs, the great Silk Road, disappear, development, intent, actual, Middle Asia.

В истории каждого государства большую роль играли городские центры, где концентрировался культурный и интеллектуальный потенциал, становящиеся проводниками и символами прогресса. Развитие общества, сложение государств, формирование городов, проходившие в различных географических природно-климатических условиях с неравномерными запасами сырьевых ресурсов с ранних эпох способствовало развитию обмена. Развернутое изучение памятников археологии открывает огромные научные и общественные перспективы. Археологическое изучения памятников г.Ош и его окрестностей даст огромный материал для выяснения развития ремесла, торговли, архитектуры.

Ош- вторая столица Кыргызстана, административный, культурный и интеллектуальный центр страны. Он расположен на юго-восточной окраине Ферганской долины, у северного подножья Памиро-Алая, на берегах горной реки Ак-Бууры. [3]

История г. Ош уходит своими корнями в далекое прошлое. Об этом свидетельствуют археологические находки, памятники истории и культуры, сохранившиеся до наших дней. Кроме того, через Ош проходил Великий Шелковый путь из Китая в Среднюю Азию, на Ближний Восток и дальше в Европу, благоприятствующий длительным и интенсивным культурно-экономическим взаимосвязям между многими странами.

Памятники археологии г.Ош и его окрестностей изучались в разные годы А.Н. Бернштамом, (А.Н. Бернштам. Изб. соч. т.1-2. Б., 1997) Ю.А.Заднепровским, (А.Ю.Заднепровский. Ошское поселение: к истории Ферганы в эпоху поздней бронзы. Б., 19997. Археологические памятники южных районов Ошской области с середины I тыс. до н.э.- сер. I тыс.н.э. Ф., 1960 и др.)

Ош в IX-X вв. по сообщениям арабских и персидских географов был важным центром и считался третьим по величине городом Ферганы.

Географы описывали г. Ош с царским дворцом и тюрьмой, Шахристаном собственным городом и пригородом-рабатом. С того времени территория города Ош не изменилась, все описанные структуры географами и построения погребены под современными постройками, и только случайные находки, главным образом керамические посуды и кирпичи, свидетельствуют о значительной обжитой территории.

Поэтому не только город Ош, но и его окрестности также богаты памятниками археологии, изучения которых очень важны.

К сожалению, многие памятники археологии г. Ош и его окрестностей относящиеся разным периодам сейчас разрушаются, так как их используют под кладбища, под строительство домов и для посева сельхозпродукции.

Поэтому авторы вынуждены были провести разъяснительную работу среди населения и в государственных администрациях местного самоуправления о важности сохранения исторических памятников.

Нами было зафиксировано семь археологических памятников, которые до сих пор были неизвестными науке. Они относятся к ранним периодам от середины I тыс. до н.э. до - начала XIII века. Памятники эти следующие: Беш-чокки, Джума-эчки, Бостон-добо, Джанат-добо, Безимянное добо, Ак-тилек, Уч-добо,

1.Беш –чокки- I-VI века н.э.

2 Джума –эчки - IV-VIII вв.н.э.

3. Бостон-добо – I в.- нач. XIII вв.;

4. Джанат- добо – IV- нач. XIII вв;

5. Безымянное –добо (новый автовокзал г.Ош) IX-XVIIвв.

6.Поселение Ак-Тилек II в.до н.э.- VIII вв. н.э.

7. Уч-добо – IV- нач. XIII вв.

**Цель работы:** Исследование памятников археологии г. Ош и его окрестностей имеет огромное значение для выяснения многих проблемных вопросов истории, экономики, культуры и религии не только Юга Кыргызстана, всей Ферганской долины, но и целом Центральной Азии периода древности и средневековья.

Найденные археологические материалы будут использованы историками при написании обобщающих трудов по археологии Кыргызстана, а археологические находки будут передаваться в музей г. Ош и КУУ, как уникальное материальное и культурное наследие.

**Исследовав археологических памятников, пришли к следующим выводам:**

1.Территория г.Ош и его окрестностей с древности была заселена жителями, так как было оставлено ими огромное количество находок материальной и духовной культуры. Особенно уникальным являются памятники: Бостон-добо и Джума-эчки которые дают материалы относящиеся к началу первому веку нашей эры.

**2.** Обнаруженные остатки гончарных печей на Уч-добе показывают что в г. Ош в средние века было высоко развито гончарное дело, даже изготавливался определенный вид продукции, свидетельствующий о существовании специальных мастерских по выпуску керамических тандыров, кувшин и котлов. В то время такую возможность имели только крупные города Средней Азии, такие как Самарканд, Ташкент, Ахсикент и Кува.

**2**. Найденные чернильница свидетельствует о развитии письменности и грамотности среди населения г. Ош в период утверждения ислама в Ферганской долине.

**3**. Огромное количество керамических изделий найденные в городе Ош свидетельствуют о развитие гончарного ремесла в XV- XVI веках, а их качественное разноцветное оформление свидетельствует, что они были изготовлены для рынка.

**4**. Судя по находкам монет периода Саманидов, Караханидов и Тимуридов в г. Ош и его окрестностях в IX-XII веках было развито денежное обращение.

**5**. В г.Ош и его окрестностях также был налажен выпуск не только керамических, но и стеклянных изделий начиная с раннего средневековья, о чем свидетельствуют повсеместные их находки относящихся к разным периодам.

**6**. Уникальна находка из Безымянного добе, около нового автовокзала на северо-востоке г.Ош где сейчас расположено кладбище. [7]

В ходе раскопа могильной ямы были обнаружены на глубине 2,5 метра керамические изделия. Среди находок уникальным является керамическое блюдо XVII века огромного размера с высотой 46, шириной 44 см. В центре его окруженной геометрическими круговыми линиями, голубой и коричневой краской, имеется мотив «древо жизни или мирового дерева» своим корням уходящего в глубокую древность. На Востоке этот мотив известен с зарождением оседло-земледельческой культуры. Общеизвестно его символическое значение, связанное с темой плодородия, производящих сил природы, изображения «древа жизни» эпохи средневековья. Следует отметить, что изображение «древа жизни» широко использовалось в декоре разных видов памятников в Средней Азии в эпоху античности и средневековья.

А также в г.Ош и его окрестности найдены единичные и клады медных монет Саманидов, Караханидов и Темуридов. За последние годы зарегистрированы нами находки медной монеты выпущенная в подражании монетам Гелиокла, другая серебреная монета, относящаяся к так называемым бухархудатским с арабской надписью

ал-Махди была обнаружена во время строительства дома по улице Ашхабадская г.Ош. [2]

В ходе исследования памятника Уч-добо были найдены две медные монеты: одна выбита от имени арабского эмира, имя стерта, а вторая саманидская-IX века. До этого

местными жителями случайно были найдены на памятнике Уч-добо два клада медных монет. В одном кладе 10 монет, а в другом 9 монет. На одной из монет удалось нам прочитать имя саманидского амира Нуха II ибн Мансура, который правил с 976 по 997 гг. Также в составе клада имеется одна монета караханидов. Монеты саманидов встречались в городе Ош и раньше. Так, клад состоявший из монет саманидов, был найден в 1984 году на территории города Ош. Он состоял из 60-70 экземпляров, из которых 35 экземпляров были изучены известным нумизматом Кочевым Б.Д. Все они чеканились в Ферганском городе Насрабаде в 950-953 годах. Отдельные ранние находки с той же территории представлены несколькими саманидскими медными монетами Ахсикента и Ферганы 965-978 годов. Эти факты позволяет допустить версию, что в IX веке Ош был обычном городом и только в 10 веке народ стал достаточно значительным торгово-экономическим центром. Клад монет Улугбека найденная в г.Ош имеет большое значения для денежного обращения XV века. Судя по коллекции музея г.Ош эта находка не первая, до сих пор были найдены монеты Амира Темура и темуридов в разные годы городе Ош. Монеты, найденные в городе Ош и его окрестностей представляет большой интерес для выяснения денежного обращения, торговую связь края в эпоху средневековью.

Таким образом, мы считаем, что археологические находки за последние годы не только являются уникальными и помогут в изучении многих проблемных вопросов материальной и духовной культуры народов не только Кыргызстана, но в целом Центральной Азии. Кроме того находки авторов будет ценным украшением экспозиции любого музея страны. Их необходимо ввести в научный оборот и использовать в чтении лекции по археологии, истории и культуры не только древнего города Ош, но и по истории Кыргызстана в целом.

**Список использованной литературы:**

1. Аманбаева Б.Э., Абдуллоев Д. Предарабский Ош в свете раскопок 1998 г. // Новое о древнем и средневековом Кыргызстане // Б.1999.
2. Аманбаева., Абдуллоев Д.А., Доарабский Ош в свете раскоп Ак- бууринского городища. // Ош и древности Южного Кыргызстана // Б.2000.
3. Бернштам А.Н. Историко-археологические очерки Тянь-Шаня и Памиро-Алая . // Материалы и исследования по археологии СССР // № 26, М., Л., 1956.
4. Заднепровский Ю.А. Археологические памятники южных районов Ошской области (сер. 1 тыс. до н.э. – сер. 1- тыс н.э.) Ф. 1960.
5. Заднепровский Ю.А. Ошское поселение: к истории Ферганы в эпоху поздней бронзы. Б. 1997.
6. Нуридинова Т.С. Монетные находки из Ошской области и ее окрестностей //Изучения древнего и средневекового Кыргызстана// Бишкек,1998.
7. Нуридинова Т.С. Средневековая керамика и светильники г.Ош и его окрестностей. //Ош и Фергана: археология, новое время, культурогенез, этногенез //Бишкек,2000.

УДК 947.0.(0481(575.2)

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨ ИНДУСТРИАЛАШТЫРУУНУН БАШАТЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ(XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫ)

Авазов Эрнис Абдыманапович**,** тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,
Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары,e-mail*: ernis-ist@mail.ru*

# ЗАРОЖДЕНИЕ И РАЗВИТИЕ ИНДУСТРИАЛИЗАЦИИ В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ (В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВЕКОВ)

Авазов Эрнис Абдыманапович, кандидат исторических наук, доцент,
Джалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова,
г.Жалал- Абад, Кыргызская Республика,e-mail*: ernis-ist@mail.ru*

# THE ORIGIN AND DEVELOPMENT OF INDUSTRIALIZATION IN THE FERGANA VALLEY (AT THE END OF THE XIX - BEGINNING OF THE XX CENTURIES)

Avazov Ernis Abdymanapovich, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Jalal-Abad State University named after B. Osmonova, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic,
e-mail: ernis-ist@mail.ru

**Аннотация**

Падышачылык бийликтин орнотулушу Фергана өрөөнүнүн элдеринин тарыхында бурулуш учур болгон. Анын натыйжасында аталган аймак саясий планда гана эмес экономикалык жактан да бирдиктүү империялык системага кирген. Орусияда орун алган социалдык-экономикалык процесстер ар кандай конкреттүү тарыхый өңүттө чет жакаларда да чагылдырылган.Макала падыша бийлигинин Фергана өрөөнүндө жүргүзгөн өнөр жай саясатынын маселелерине арналган. ИзилдөөдөXIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында өнөр жай тармагында пайда болгон жаңылануулар каралып, алардын натыйжаларын ар түрдүү аспектилерде талдоо аракети көрүлгөн. Фактылык булактардын негизинде Фергана өрөөнүндө кайра иштетүүөнөр жайы жана тоо-кен өндүрүшүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхы изилдөөгөалынган. Жыйынтыгында каралып жаткан мезгилдеги өнөр жайдын абалына жана өнүгүшүнө баа берүүгө аркеттер жасалды.

**Ачкыч сөздөр:** Фергана өрөөнү, Орусия,индустриалаштыруу, өнөр жай,саясат.

**Аннотация**

Установление царской власти стало поворотным моментом в истории народов Ферганской долины. В результате которого указанный регион вошел в единую имперскую систему не только в политическом плане, но и в экономической сфере. Социально-экономические процессы,которые происходили в Россииотражались в окраинах, внося многообразные конкретно-исторические аспекты. В данной статье освещаются вопросы промышленной политики проведенной царским правительством в Ферганской долине.В исследовании ррассматриваются новшеств возникшие в конце XIX-начала XX века в сфере промышленности, и сделана попытка анализа их итогов в разных аспектах. На основе фактических данных изучена история становления и развития перерабатывающей промышленности и горнодобывающей промышленности Ферганской долины.В итоге были предприняты попытки оценить состояние и развитие отрасли промышленности за рассматриваемый период.

**Ключевые слова:**Ферганская долина, Россия, индустриализация, промышленность, политика.

**Abstract**

The establishment of royal power was a turning point in the history of the peoples of the Ferghana Valley. As a result of which the specified region became part of a single imperial system, not only politically, but also in the economic sphere. The socio-economic processes that took place in Russia

were reflected in the outskirts, introducing diverse concrete historical aspects. This article highlights the issues of industrial policy carried out by the tsarist government in the Ferghana Valley.The study examines the innovations that emerged in the late XIX - early XX centuries in the field of industry, and an attempt is made to analyze their results in various aspects. On the basis of actual data, the history of the formation and development of the processing industry and the mining industry of the Ferghana Valley was studied. As a result, attempts were made to assess the state and development of the industry for the period under review.
**Keywords:**Key words: Ferghana valley, Russia, industrialization, industry, politics.

Фергана өрөөнүндө оторчулук доорго чейин өнөр жайы негизинен кол өнөрчүлүк, чийки заттарды кайра иштетүү өндүрүшү менен чектелген. Өрөөндүн табийгый шартына ылайык пахта бир топ масштабда өстүрүлүп, жибек чарбасы өнүккөн, жибек жергиликтүү керектөө катары пайдаланылып, экспорттолгон. Ун, май чыгаруу жана килем токуучулук, бут кийим тигүүчүлүк сыяктуу майда кол өнөрчүлүк ишканаларынан тышкары, керамика жана металл идиштер чыгарылган. Көчмөндөрдүн килем токуу, таар согуу өнөрү өндүрүштүк деңгээлде өнүккөн эмес, алар негизинен өз муктаждыктары үчүн керектелген. Жергиликтүү калк көмүр жана башка пайдалуу кендерди примитивдүү жол менен казууну билишкен. Ушундай шартта Фергана өрөөнүндө бул өнөр жай тармагынын өрүш алуусу 1876-жылы Фергана өрөөнүнүн Россия империясынын курамына кирүүсү менен оторчул бийликтин орнотулушунан кийинки тарыхый жараяндар менен байланыштуу. Фергана өрөөнү падышалык Орусия тарабынан каратылып алынгандан кийин аймак обьективдүү түрдө чийки зат базасы катары дүйнөлүк товар жүгүртүүгө тартылган. Капиталистик укладдын калыптанышы негизинен Сибирден жана империянын борбордук губернияларынан келген келгиндерди Фергана өрөөнүнө отурукташтыруу саясатынан улам капиталдын аймакка агылып келиши менен коштолгон же болбосо бул көрүнүштүайтыла жүргөндөй “капитализмдин кеңири өнүгүшү”шарттагандыгы маалым. Орусия Түркстан чөлкөмүнүн каратылган бардык аймактарынын, анын ичинде Фергана өрөөнүн империянын борбордук бөлүгүнүн аймагынын уландысы катары бириктирүүгө аракеттенген жана ага саясий, аскердик-стратегиялык маани берилген. Мындан улам Түркстанды «Орус Түркстаны», ал эми Фергана өрөөнү «Түркстандын бермети» деп атап коюшкан. Күн тартибине метрополиянын өнүгүп жаткан өнөр жайынын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн чет жакалардын материалдык байлыктарын пайдалануу жана районду сырьелук базага айландыруу маселеси коюлган. Түркстан чөлкөмүнүн башка аймактарынан айырмаланып, борбордук бийликтин Фергана өрөөнүндөгү чарбалык турмушка кийлигишүүсү бул чөлкөмдөгү падышачылыктын колониялык саясатынын экинчи этабына мүнөздүү. Бул этап падыша өкмөтүнүн Түркстандагы экономикалык саясатынын негизги принциптерин ишке ашыруу мезгили болгон. Ал XIX 80-жылдарынан баштап 1917-жылдагы Февраль революциясына чейинки мезгилди камтыйт. Экинчи этаптын даярдык мезгили 1886-жылдын 12-июнунда Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө жобонун бекитилиши менен аяктайт. Ошентип, 1886-жылы өкмөттүн жер маселеси, соода жана өнөр жай маселелери боюнча саясаты биротоло аныкталган.

Изилдөөнүн жылнаамалык чеги 1898-жылдан 1917-жылдагы ынкылапка чейинки империялык доорду ичине камтыйт. Бул тарыхнаамалык изилдөөбүздө жалпысынан Анжиян көтөрүлүшүнүн жүрүшүнө күбө болушкан, кызматтарына байланыштуу ага кайрылышкан жана ошол доордо аталган маселеге кызыгып изилдөөгө алышкан авторлор тарабынан

түзүлгөн илимий, тарыхый адабияттар түздү. Изилдөөдө тарыхый изилдөөнүн жалпыга маалым обьективизм, историзм, конкреттештирүү жана тарыхый кубулуштарга карата сынчыл ой-жүгүртүү принциптерин белгилөөгө болот. Изилдөөдө тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук ыкмалары колдонулду жана кыргыз тарыхнаамасынын учурдагы жетишкендиктери, илимий коомчулуктагы боштондук күрөштөрүнө карата калыптанып жаткан коомдук пикир эске алынды.

Орусиянын борбордук губерниляларынан көчүп келген калктын акырындык менен көбөйүп жаткан агымы калктын көбөйүшүнө алып келген жана биринчи өнөр жай ишканаларын ачуу үчүн өбөлгөлөрдүн бири болгон. Ошондой эле орус буржуазиясынын Орто Азиянын пахтасына муктаж болушу да өз таасирин тийгизген. Мындан улам жергиликтүү бийликтер орус дыйкандарынын булөрөөнгө оторлошуусуна саясий жана экономикалык мүдөөлөрдөн улам бир топ деңгээлде каршы болушкан. Бирок, ага карабастан бул жараян улана берген. 1890-жылдан тартып, Орусия бул аймактан кездемелерди импорттоону токтоткон. Натыйжада орустук пахта фирмалары бул аймактын негизги тармагына айланган Түркстандагы биринчи пахта тазалоочу заводдорду түптөшкөн. 1888-жылга карата областта 262 жумушчусу менен 14 пахта тазалоочу жана түктөөчү завод болгон[1, с.10]. Бул тармак кирешелүү болгондуктан жаңы ишканалар ургалдуу ачыла баштаган.1899-жылы дээрлик бүт америка пахтасы Жаңы Маргаландагы 1,Маргалан уездиндеги 28, Кокон уездиндеги 20, Наманган уездиндеги 26, Анжиян уездиндеги 18пахта тазалоочу заводдордо кайра иштелип чыгарылган. 1899-жылы Фергана областында салыштырмалуу ири заводдор 107 болсо, анын ичинде 93 пахта тазалоочу завод болгон[2, с. 147]. Булактар күбөлөп тургандай бул тармакта ишканалардын ачылышы он жыл аралыгында дээрлик 7 эсеге жакын өскөн. Мындан сырткары пахтанын жергиликтүү сорттору заводдорго алып барылбастан тургундар тарабынан колдо иштеп чыгарылган.Албетте, алар кустардык мүнөзгө ээ болгондуктан өндүрүмдүүлүгү начар болгон. Областта 9600 өнөр жай ишканалары болсо, алардын өндүрүмдүүлүгү пахта тазалоочу заводдордун үлүшүнөн бир кыйла аз санды түзгөн[2, с.174].

Фергана облусунда 1911-жылы орус фирмаларынын 48 жана туземдиктердин 109 пахта тазалоочу заводу болгон [3, с. 332].Пахтага болгон муктаждык падыша өкмөтүнүн айрым чиновниктеринин Фергана өрөөнүнүн пахтачылыкка жарамдуу тилкелерине орус келгиндерин отурукташтыруу саясатына каршы чыгууларына алып келген. Мындан улам оторлоштуруу фергананын элеттик кыргыздар байырлаган Көк-Арт, Кетмен-Төбө сыяктуу тоолуу чөлкөмдөргө багытталган. Түркстанда пахта өндүрүшүнүн кыскарышынан чочулаган каржы министриС.Витте Москвадагы өндүрүш фирмаларынын таасири астында орустардын аймакка көчүрүлүшүнө каршы чыккан. Бирок, борбордук администрация Түркстан администрациясынын көпчүлүк өкүлдөрүнүн каршылыгына карабай, дыйкандардын оторлошуусун улантууну жактап турган. Эске салсак, 1916-жылдагы көтөрүлүш учурунда мардикерликке алууда да ушул пахта маселесине байланыштуу падыша бийлигинин өкүлдөрү арасында кайчы пикирлер орун алган. Колониялык чет жакаларда пахтачылыктын өнүгүшү эмгекчи массанын турмуш деңгээлинин кескин төмөндөшүнө жана алардын андан ары жакырлануусуна алып келген. Орус капиталисттери үчүн пахтачылыктын өнүгүшү болуп көрбөгөндөй пайда алып келсе, пахтачылык райондордо суткордук эбегейсиз өсүп олтуруп дыйкандар карыздарга белчесинен кириптер болушкан. Түркстанда 1915-жылы пахта аянттары буудай айдоодон кийинки орунда туруп, 524 миң десятинаны ээлеген болсо,

Фергана областында өздөштүрүлгөн жердин 40 пайызына туура келген. 1917-1918-жылдар аралыгында ачарчылыктан Фергана калкынын көбүрөөк жабыр тартып калышы да ушул жагдайга байланыштуу болгон.

Орусиянын борбордук аймактарындагы капитализмдин өнүгүшүнүн чет жакаларда чагылдырылышы байланыш жолдорунун жана каражаттарынын масштабдуу өнүгүшүнө түрткү болгон. Мындай процесстин фонунда «XIX-XX кылымдардын тогошуусунда темир жол транспортунун экономикалык-географиялык структурасынын концепциясы өндүрүштүк-экономикалык негизде калыптанган, анын негизги принциби өлкөнүн өнүгүп келе жаткан капиталисттик экономикасынын керектөөлөрүн канааттандыруу болгон» [4, с.212]. Ошол эле мезгилде Орто Азиядан Россияга пахтадан тышкары жибек да ташылып турган. 1892-1907-жылдарда Орто Азиядан жибектин экспорту 6,1 миң пуддан 84,7 миң пудга чейин өскөн Фергана облусу жибек өстүрүүнүн негизги аймактарына кирген.Ага жалпы өндүрүштүн 57% таандык болгон. Өсүмдүк (пахта) майы да экспорттолгон. Мисалы, 1914-жылы аймактан 2,5 миллион пуд пахта майы экспорттолгон[5,с. 98]. Бул саясатты Совет өкмөтү да уланткан. Экономикалык көз караштан алганда Фергана өрөөнүндө темир жол курулушу аймакты империялык экономиканын таасиринин чөйрөсүнө киргизүүнү шарттап, сырьену ташып чыгаруунун, өнөр жай товарларын ташып келүүнүн аркасында товар алмашуунуун интенсификацияланаусуна жана социалдык-экономикалык инфраструктуранынөнүгүүсүнө шарт түзгөн. Иш жүзүндө түркстандыктардын орустук жана дүйнөлүк рынокко чыгуулары жана өнөр жайды өнүктүрүү үчүн эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөр түзүлмөк.

Белгилей кетсек ушул коммуникациялар союз мезгилиндеги региондук экономиканын өсүшүндө маанилүү роль ойноп, азыркы мезгилде да постсоветтик мамлекеттер үчүн ошол эле максаттарга кызмат кылууда.Бардык темир жол тармагынын дээрлик 90%ы мамлекеттин демилгеси жана каражатынын эсебинен курулган. Жеке капиталдын акчасына негизинен Фергана өрөөнүндө пахта тазалоочу заводдорго баруучу жолдор гана жеке капиталдын эсебинен курулган. 1910-1911-жылдары Ферганада биринчи жеке жол салынып, Коконду Наманган менен байланыштырган; экинчиси 1913-жылы курулушка бекитилген, ушул жол менен Намангандан Жалал-Абадга чейин уланган. Анжиян-Кара-Суу-Жалал-Абад темир жолунун линиясы 1915-жылы ачылган. Ушундай жолдор менен темир жол курулушу Фергана өрөөнүндөгүөнөр жайдын өнүгүшүнө зор өбөлгөтүзгөн.Бул боюнча документтерде: «Фергананын Россияга кошулгандан бери отуз жыл аралыгында бул чет жаканын экономикалык турмушунда эки окуя бөтөнчө көрүнүктүү ролду ойноду. Бул окуялардын биринчиси крайда 1886-жылдан колго алына баштаган пахтачылыкытын өнүгүшү болду Айыл чарба маданиятындагы жаңы тармак тез эле чоң мааниге ээ болгонго жетишип, капиталдын агылып келишине жол ачып соода-өнөр жай турмушунун өнүгүшүнө алып келген.Экинчи маанилүү окуя катары ушул жагдай менен байланышкан темир жол курулушунун иштей башташы белгиленген[6, с. 127].

XX кылымдын башында тоо-кен өндүрүшүндө да ири капиталисттик ишканалар өнүгө баштаган. Ага Фергана өрөөнүндө жүргүзүлгөн геологиялык-географиялык чалгындоо жана изилдөө иштери оң натыйжа берген. Бул багытта И.В. Мушкетов менен Г.Д.Романовскийдин изилдөөлөрү жана алар тарабынан түзүлгөн Түркстандын геологиялык картасы кеңири колдонулган.1902-жылы генерал-губернатор Н.А. Ивановдун сунушу менен Геологиялык комитет тарабынан Фергана областына тоо инженерлери Вебер жана

Бронниковдор башында турган изилдөөчү топ жөнөтүлгөн. Бул топко таш, көмүр кендери жайгашкан райондорду жана аны менен катар эленефть булактарын чалгындоо милдети коюлган.1909-жылдан баштап мындай изилдөө иштери ыраатту түрдө ишке ашырыла баштаган[7, с.79].

Орус өкмөтүнүн өнөр жай тармагындагы саясаты жаңы укладдын жаралышын тездеткен. Метрополиядан капиталисттик түзүлүштүн кириши жергиликтүү өнөр жайдын пайда болушуна алып келген. Алгач ал сөзсүз түрдө метрополиянын капиталы үстөмдүк кылган. Орус ишкерлеринин карамагында мунай комбинаттары, жибекчилик фабрикалары, көмүр жана мунай казып алуу ишканалары болгон. Мындай ишканаларга Араван, Найман кыштактарындагы бир катар пахта тазалоочу заводдор, пиво заводдору, тери иштеүүчү заводдору жана Пишпек, Пржевальск, Оштогу бир нече жүн жуучу, ошондой эле Кыргызстандагы бир нече ири көмүр шахталары жана мунай кендери кирет [8, с.167]. Райондук шаарларда негизинен айыл чарба сырьесун кайра иштетүүчү чакан ишканалар пайда болгон.1896-жылы Көк-Жаңгак, андан кийин 1898-жылы Кызыл-Кыя жана Сүлүктү кендеринде көмүр казыла баштаган. Октябрь революциясына чейин Сүлүктү жана Кызыл-Кыя шахталары ири өнөр жай борборлору болгон. Айрым изилдөөчүлөрдүн эсеби боюнча: «1913-жылга карата Кыргызстанда 9 миңге жакын жумушчулар жана кол өнөрчүлөр болгон. Алардын 7 миңден ашыгы кичи ишканаларда, 1,7 миңге жакыны гана аздыр-көптүр ири ишканаларда иштеген [9, 53-б.]. Тоо-кен өнөр жайынын жумушчуларынын негизги бөлүгү негизинен үч көмүр шахтасында Кызыл-Кыя, Сүлүктү жана Көк-Жаңгакта топтолгон.

Падышачылык саясатында Түркстандын өнөр жай тармагында айырмачылыктар байкалган. Бул жерде падышачылык менен капитализмдин таламдары карама-каршы коюлган. Регионго эл аралык капиталдын киришин чектөөнүн натыйжасында өнөр жай бир тараптуу өнүккөн. Бул баарынан мурда Орусиянынөзүндө да, Туркстанда да өнөр жайынын начар өнүгүшүнө байланыштуу болгон.С.Ю. Витте башчылык кылган финансы министерствосу, С.И. Тимашев баштаган соода жана өнөр жай министерствосу, ошондой эле Туркстан генерал-губернаторлору, Согуш министрлиги менен Тышкы иштер министрлиги Түркстандын экономикасына үлүштүк капиталдын киришине ыраатту каршы чыгып, чет жакалардын аскердик жана саясий маанисин биринчи планга коюшкан. Чындыгында, бул мезгилдин ичинде ар кандай орусиялык жана чет элдик фирмалар аймактын жаңы пайда болгон тоо-кен өнөр жайынын жогорку кирешелүү тармактарын басып алууга же көзөмөлдөөгө аракет кылышкан.Атап айтканда, орус («Батюшков жана К.»), немис жана бельгиялык акционерлер көмүр кенине ээлик кылышкан. Негизги капиталдын үчтөн экиси («Кызыл-Кыя» Орто Азия көмүр) англис, француз жана германиялык капитал менен байланышканПетербург эл аралык коммерциялык банкына тиешелүү болгон. Ош жана Кызыл-Кыяда түзүлгөн мунай жана көмүр кампалары «Бир тууган Нобель» аттуу ири орус мунай концернине караган.

Фергана өрөөнүнүн өнөр жайында көп жылдар бою айыл чарба сырьесуна негизделген минералдык жер семирткичтерди кайра иштетүүчү жана алгачкы кайра иштетүүчү жана жарым фабрикаттарды өндүрүүчү тармактар өнүккөн[10, с.41.]. Жибек өндүрүүдөгү чийки пилла италиялык жана француздук капиталисттердин («Бауэр», «Бир тууган Коломбини» ж. б. фирмалар) колунда болгон.

Иштеген жумушчулардын саны жана казып алуунун өлчөмү боюнча да эң ири рудник Батюшовдордуку болгон. Андан бир версть аралыкта Ракитиндин рудниги жайгашкан. Бул

райондогу калган шахталар начар иштешкен, ал эми француз компаниясына караганшахталар көмүр бере алышкан эмес. Фергана өрөөнүндө кийинки көмүр кени жайгашкан тилке Кокон уездинин Канибадам участкасындагы Шураб району эсептелген[7, с.79.]. Калган көмүр казган ишканаларга Жалал-Абад участкасында Маркайдагы Спечева, Избасткен участкасынын Сары-КамышындагыИльницкий, Нанай участкасындагы Бакланов шахталарын көрсөтүүгө болот[7, с.83.]. Алай өрөөнүндө 1911-1917-жылдары Алай жана Чоң-Алай кырка тоолорундагы алтынды чалгындоо жана казып алуу иштери Памир алтын кени коому тарабынан жүргүзүлгөн[11, с.72.]. Таш көмүр казуудан кийинки кезекте эле мунай өндүрүү турган. Бул багытта ишканалар Кокон уездинин Яйпан болуштугунунКанибадам участкасында, Наманган уездинин Майли-Сай жергесинде, Скобелев уездинин Вуадил участкаларындаиш алып барышкан. Ушундай жолдор менен падыша өкмөтүнүн аталган аймакта индустриалаштыруу саясаты ишке аша баштаган.Анын мүнөзүн, жүрүшүн жана жыйынтыктарын талдоо менен төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- Оторчулук доорго чейин Фергана өрөөнүнүн тургундарынын арасында кеңири жайылтылган жана тээ байыркы мезгилден бери аздектелип келген кол өнөрчүлүк менен шүгүрлөнгөндүк өнөр жай продукцияларына болгон ошол доорго мүнөздүү керектөөлөрдү кайсы бир деңгээлде камсыздап турган.Албетте, өнөр жай примитивдүү жана соода алакалары чектелүү болгондугу маалым;
- Жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык турмушуна кайсы бир деңгээлде прогрессивдүүөзгөрүүлөрдү киргизген. Бул Фергана өрөөнүндө капиталисттик экономиканын өнүгүшүнөн, соода мамилелеринин кеңейишинен, өнөр жайдын пайда болушунан жана өнүгүшүнөн, өндүргүч күчтөрдүн олуттуу өсүшүнөн жана жумушчу табынын жана буржуазиянын пайда болушунан көрүнгөн.Ошондой эле аталган аймактын кен байлыктарын чалгындоо иштеринин, картографиялык, топографиялык изилдөөлөрдүн колго алынгандыгын белгилөөгө болот;
- Өнөр жайдын өнүгүшү метрополия менен колониялык чет жакалардын ортосундагы байланыштарды чыңдоого алып келген жана соода-экономикалык мамилелердин дүйнөлүк айлампага киришин шарттаган.Аталган өрөөндөөнөр жайынын өнүгүүсүндөгү негизги өзгөчөлүгү катары бул аймакта экспортко сырье чыгарган кайра иштетүү өнөр жайынын басымдуулук кылуусун белгилөөгө болот.Бул планда пахта маселеси өзгөчө орунду ээлеген.Бул өзгөчөлүктөр совет бийлигинин алгачкы жылдарында маанилүү роль ойноп, региондорду андан ары адистештирүүнү аныктоо менен индустриялаштыруу саясатында өз изин калтырган. Кээ бир жагынан алганда, өнөр жайдагы бул адистештирүү бүгүн базар экономикасынын шартында да уланып жатат;
- Өнөр жайдын өнүгүшүнөөбөлгө түзгөн жагдайлардын бири падышачылыктын орус дыйкандарын көчүрүү саясаты болгон.Анткени алардын кайсы бир ишмердүүлүк менен алектенүү зарылдыгы келип чыккан. Натыйжада шаар жерлеринде өнөр жай ишканалары калыптанып, ал шаар калкынын өсүшүн шарттаган.Дал ушул орус жумушчулары иштеген шахталар жайгашкан шаарларда Фергана өрөөнүндө алгачкылардан болуп советтик бийлик орногон. Эмгекчилердин бул чөйрөсүнөн кыргыздын атактуу мамлекеттик ишмерлери өсүп чыккан. Мисалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы (1945-1978). Т.Кулатов, Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы (1985 -1991) А.Масалиев жана башкалар.

Жыйынтыктап айтканда, орус оторчул системасына Түркстандагы аймактардын ичинен эң акыркы болуп кирген Фергана өрөөнүндө падыша өкмөтүнүн экономикалык саясатынан улам өнөр жай тармагында бир топ өзгөрүүлөр жүргөн. Анын акыбети прогрессивдүү бааланганды менен кайсы бир деңгээлде совет өкмөтүнүн жана учурдагы өнөр жай саясатынын багыттуулугуна өз изин калтыргандыгын белгилөөгө болот.

## Список использованных источников и литературы

1. Обзор Ферганской области за 1888 год. Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления. 1889. С. 10.
2. Обзор Ферганской области за 1899 год. Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления. 1901.С. 147, 174.
3. Фурсов К. А. Имперская экономическая политика в Русском Туркестане и Британской Индии : сходства и различия /К. А Фурсов // Восток. -2010.- № 6.-С.332.
4. Якубжанов Н. Из истории железной дороги Туркестанского/ Н.Якубжанов//Karadeniz, 2015; (27)- С.212.
5. Волков И.В. Железнодорожные коммуникации как фактор развития Русского Туркестана. / И.В. Волков// Пространства и время №3 (13) с 98.
6. Обзор Ферганской области за 1910 год. Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления. 1912. -С.127.
7. Обзор Ферганской области за 1911 год. Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления. 1914.-С.79, 83.
8. Кененсариев Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX- начала XX вв/ Т.Кененсариев .-Б: 2009.-С. 167.
9. Чормонов Б.Ш., Сидоров А.Ф. Промышленный прогресс в Киргизской ССР/ Б.Ш. Чормонов, А.Ф. Сидоров. - Фрунзе: Киргостиздат, 1963. –С.53.
10. Базаров О.О. Экономическая политика бывшего советского государства и проблемы промышленного развития Узбекистана (на примере Ферганской долины в 80-е годы 20 века) О. О. Базаров // Исторические исследования: материалы III стажировки. научная конф. (Казань, май 2015 г.). — Казань: Бук, 2015. — С. 39-41.
11. Джунущалиева Г.Д. Становление горнодобывающей промышленности в Кыргызстане / Г. Д.Джунущалиева// Научные ведомости. Серия История. Политология. Экономика. Информатика. 2012. - №1(120). Выпуск 21.-С.72

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

*УДК 547.022*

# RUMEX L. ӨСҮМДҮГҮНҮН СОСТАВЫНДАГЫ ПОЛИФЕНОЛДУК БИРИКМЕЛЕР ЖАНА АЛАРДЫН БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮ

Бабеков Анарбай Ураимович-химия илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
ababekov2511@mail.ru
Аскаралы уулу Залкарбек- Ош мамлекеттик университетинин магистранты,
zalkarbekparmanov@gmail.com
Нурлан кызы Сергул-Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин магистранты,
Жантилла кызы Алина-Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин магистранты,

# ПОЛИФЕНОЛЬНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ В РАСТЕНИИ RUMEX L. И ИХ БИОЛОГИЧЕСКАЯ АКТИВНОСТЬ

Бабеков Анарбай Ураимович- кандидат химических наук, доцент,
Ошский государственный педагогический университет,,
город Ош, Кыргызстан, ababekov2511@mail.ru
Аскаралы уулу Залкарбек- Магистрант Ошский государственный педагогический университет, город Ош, Кыргызстан, zalkarbekparmanov@gmail.com
Нурлан кызы Сергул-Магистрант Ошский государственный педагогический университет,
город Ош, Кыргызстан,
Жантилла кызы Алина-Магистрант Ошский государственный педагогический университет,
город Ош, Кыргызстан.

# POLYPHENOLIC COMPOUNDS IN RUMEX L. PLANT AND THEIR BIOLOGICAL ACTIVITY

Babekov Anarbai Uraimovych-candidate of chemical sciences, associate professor,
Osh State Pedagogical University city of Osh, Kyrgyzstan, ababekov2511@mail.ru
Zalkarbek, the son of Askaraly Graduate student of Osh State Pedagogical University, city of Osh, Kyrgyzstan, zalkarbekparmanov@gmail.com
Nurlan's daughter Sergul- Graduate student of Osh State Pedagogical University, city of Osh, Kyrgyzstan,
Jantilla's daughter Alina- Graduate student of Osh State Pedagogical University, city of Osh, Kyrgyzstan.

**Аннотация**

Бул илимий макалада кымыздыктар тукумуна кирген Rumex L. өсүмдүгүнүн составындагы полифенолдук бирикмелер, изилдөөнүн спектралдык методдору жана ал өсүмдүктө кармалуучу биологиялык активдүү заттардын биологиялык активдүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар берилди. Rumex L. өсүмдүгүнүн түрлөрүнүнүн курамында антрахинондун триада туундулары: хризофанол, эмодин, фисцион сыяктуу биологиялык активдүү заттардын кармалары, алардын гликозидделген жана калыбына келтирилген формалары, айрымдарда – димердүү формалары кездешээри далилденген.

Табигый антрахинондун туундуларынын индивидуалдуулугун аныктоо жана далилдөө үчүн, хроматография методу кеңири колдонулары, ал үчүн органикалык эриткичтердин эки түрү керектелээри: спирттердин кислоталар жана суу менен аралашмасы гликозиддерди анализдөө үчүн жана төмөнкү уюлдуу эриткичтер

агликондорду анализдөө үчүн колдонула тургандыгы белгиленген. Бөлүнүп алынуучу заттар хроматограммалар, ультрафиолет нурларынын таасири астында байкалары көрсөтүлгөн. Өсүмдүктүн составынан бөлүнүп алынган биологиялык активдүү заттар тамак-аш өндүрүшүндө колдонулары, өсүмдүктөрдүн бат өсүшүн жөнгө салуучу активдүүлүккө ээ экендиги, анын гидразондорунун, фенилгидразондорунун жана нитро туундуларынын фунгициддик жана бактерициддик активдүүлүктөрү бар экендиги кеңири баяндалган.

**Ачкыч сөздөр: антрахинон, антрон, антранол, хроматография, экстракция, идентификация, фармакология.**

## Аннотация

В данной научной статье представлены сведения о полифенольных соединениях, спектральных методах исследования и биологической активности биологически активных веществ, содержащихся в растении Rumex L., относящемся к семейству щавелевых. Виды растений Rumex L. содержат такие биологически активные вещества, как триадные производные антрахинона: хризофанол, эмодин, фисцион, их гликозидированные и восстановленные формы, а в некоторых - димерные формы. Для определения и доказательства индивидуальности природных производных антрахинона отмечается широкое применение хроматографического метода, для которого необходимы органические растворители двух типов: смесь спиртов с кислотами и водой для анализа гликозидов и низкомолекулярные растворители. полярные растворители используются для анализа агликонов.

Хроматограммы показывают, что разделенные вещества можно наблюдать под действием ультрафиолетовых лучей. Подробно описано, что биологически активные вещества, выделенные из растения, используются в производстве пищевых продуктов, что они обладают активностью регуляции быстрого роста растений, а его гидразоны, фенилгидразоны и нитропроизводные обладают фунгицидной и бактерицидной активностью.

**Ключевые слова: антрахинон, антрон, антранол, хроматография, экстракция, идентификация, фармакология.**

## Annotation

This scientific article presents information on polyphenol compounds, spectral methods of research and biological activity of biologically active substances contained in the plant Rumex L., belonging to the sorrel family. Rumex L. plant species contain biologically active substances such as triad derivatives of anthraquinone: chrysophanol, emodin, fiscion, their glycosidized and reduced forms, and in some - dimer forms. In order to determine and prove the individuality of natural anthraquinone derivatives, it is noted that the chromatography method is widely used, for which two types of organic solvents are needed: a mixture of alcohols with acids and water for the analysis of glycosides, and low polar solvents are used for the analysis of aglycones.

The chromatograms show that the separated substances can be observed under the influence of ultraviolet rays. It is described in detail that the biologically active substances isolated from the plant are used in food production, that they have the activity of regulating the rapid growth of plants, and that its hydrazones, phenylhydrazones and nitro derivatives have fungicidal and bactericidal activities.

**Key words: anthraquinone, anthrone, antranol, chromatography, extraction, identification, pharmacology.**

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Бул эмгек Rumex L. тукумундагы Кыргызстандагы өсүүчү өсүмдүктүн түрлөрүнүн тамырларынын химиялык курамын изилдөөгө арналган;

потенциалдуу биологиялык активдүү заттарды бөлүп алуу жана алардын структурасын белгилөө; фитопрепараттарды алуу жана алардын биологиялык активдуулугун үйрөнүү.

Кыргыз Республикасы тоолуу, эң бай өсүмдүк ресурстарына ээ, бирок алардын аз гана бөлүгү медицинада жана эл чарбасында колдонулат. Учурда дары-дармектердин 30%дан ашыгы өсүмдүктөрдөн жасалса, бир катар ооруларды дарылоодо көптөгөн чөптөрдөн жасалган каражаттар өтө зарыл. Адистердин айтымында, 21-кылым дары өсүмдүктөр менен жумшак дарылоонун кылымы болууга тийиш.

Ушуга байланыштуу Polygonaceae Juss тукумундагы жапайы өсүмдүктөр теориялык жана практикалык жактан чоң кызыгууну туудурат. (Гречиха) Кыргызстанда кеңири таралган, алардын айрымдары биздин өлкөнүн аймагында гана өскөн эндемикалык. Бул үй-бүлөнүн изилденген өсүмдүктөрү биологиялык активдүүлүктүн кеңири спектрине ээ жана ар кандай сезгенүүнү, шишиктерди жана башка ооруларды дарылоодо колдонулат [12]. Алардын көбү таниндерди, флавоноиддерди, антрахинонун туундуларын жана башка физиологиялык активдүү кошулмаларды камтыйт.

КМШ мамлекеттеринин флорасынын 49 түрүнүн ичинен расмий медицинада жылкы кымызынын бир гана түрү колдонулат. Кыргызстанда жылкы кымызынын бир түрү Тянь-Шань кымызынын органикалык химия жана табигый бирикмелердин химиясы кафедрасынын ишинин жыйынтыгы боюнча медицинага киргизилген. Бүгүнкү күндө Гречка тукумундагы жапайы өсүмдүктөрдүн арасында биологиялык активдүү кошулмалардын жаңы булактарын издөө али аяктай элек жана илимий изилдөөлөр улантылууда.

**Проблеманын өнүгүү даражасы.** Химиялык жактан алганда дүйнөлүк флоранын 56 түрү, Кыргызстандын флорасында 17 түр жарым-жартылай изилденген. Rumex maritimus L. Жемиштеринен кверцетиндин жаңы биосиддери, Rumex bucephalophus тамырынан стилбен туундулары, белгилүү антрахинон туундулары, флавоноиддер, таниндер бөлүнүп алынган, бирок фитопрепараттардын жана айрым заттардын биологиялык активдүүлүгү бардык түрлөрдөн изилденген эмес. Кымыз (Agarwal JS, Rastogi RP, Srivatsava OP, 1976; Dae Sik Jang, Jong Min Kim, Joo – Hwan Kim and Jin Sook Kim, 2005; Zee OP, Kim DK, Kwon HC, Lee KR, 1998; Кузузум A., Demirezer LO, Bergere I. At end., 2001; Kerem Z., Regev-Shoshani G., Flaishman MA, Sivan L., 2003; Masood M., Minocha PK, Rathore YKS, 1985).

Изилдөөнүн максаты болуп – Республиканын аймагында өсүүчү түрлөрүн өнүктүрүү үчүн жетиштүү запастары бар 7 түрдүн тамырынын химиялык курамын аныктоо: R. Thyrsiflorus Fingerh. (Sch. Пирамидалык), R. Pamiricus Rech. F. (Ш. Памир), R. Pseudonatronatus Borb. (Щ. жалган туздуу), R. Aquaticus L. (Щ. суу), R. Marschallianus R.chb. (Щ. Маршалловский), Р. Россикус Мурб. (Щ. Орус) жана R. Maritimus L. (Ш. деңиз жээгинде), жеке биологиялык активдүү заттарды бөлүп алуу жана алардын майда түзүлүшүн белгилөө, изилденген түрлөрдөн фитопрепараттардын биологиялык активдүүлүгүн аныктоо болуп эсептелет.

## Изилдөөнүн методдору

Изилденген 7 түрдүн тамырындагы биологиялык активдүү заттардын негизги топторунун сапаттык курамын жана сандык курамын салыштырып изилдөө;

- экстрагенттерди тандоо, экстракциялоо режимин [2,1] иштеп чыгуу жана биологиялык активдүү заттарды бөлүп алуунун жана бөлүүнүн оптималдуу ыкмаларын иштеп чыгуу [9];

Айрым заттардын түзүлүшүн бөлүп алуу жана аныктоо;

- биологиялык активдүүлүктү изилдөө үчүн фитопрепараттарды алуу [4] жана аларды иштеп чыгуу

Изилдөөнүн объектиси болуп Polygonaceae Juss. Тукумундагы Rumex L. Түркүмүнүн Кыргызстанда өскөн өсүмдүктүн 7 түрүнүн тамыры, алардын табигый өскөн жеринен уктоочу фазада алынган [5].

Изилдөөнүн предмети – Rumex L тукумундагы 7 өсүмдүктүн түрүнүн тамырынын химиялык курамы изилденди [10].

**Эксперименталдык бөлүм**

Өсүмдүктөн бөлүнүп алынган полифенолдук бирикмелердин ичинен антрахинондун туундуларын идентификациялоо, аларды бөлүп алуу мына ушул жогоруда көрсөтүлгөн хроматографиялык методдордун жардамында жүргүзүлөрү аныкталды.

- Биринчи жолу салыштырмалуу сапаттык жана компоненттик талдоо жүргүзүлүп, Rumex L. – R. Thyrsiflorus Fingerh., R. Thyrsiflorus түркүмүндөгү 7 жапайы өсүмдүктөрдүн тамырында биологиялык активдүү заттардын негизги топторунун сандык курамы аныкталды. Pamiricus Rech. F., R. Pseudonatronatus Borb., R. Aquaticus L., R. Marschallianus R.chb., R. Rossicus Murb. Жана R. Maritimus L.. Колдо болгон адабияттарда кымызын R. Marschallianus R.chb тамырынын химиялык курамы боюнча маалымат табылган эмес. Бул түр биз тарабынан биринчи жолу изилденген.

- жалпы фитопрепараттарды жана айрым заттарды алууга мүмкүндүк берүүчү биологиялык активдүү заттарды бөлүп алуунун блок-схемасы иштелип чыккан.

Изилденген объекттерде адабияттык маалыматтар боюнча: 5 углевод, 4 фенол кислотасы, 7 антрахинон, 9 флавоноид, 5 фенол, 13 май жана 20 аминокислота, 8 макро жана микроэлементтер. Бир зат (1-O-β-D-glucopyranoside-6,8-dimetoxy-3-methylanthraquinone) жаңы, мурда адабиятта сүрөттөлгөн эмес; төрт – Rumex L тукумундагы өсүмдүктөр үчүн жаңы. Бардык компоненттердин структурасы же стандарттык үлгүлөр менен, же химиялык (кислота, щелочтук гидролиз, щелочтук деструкция) жана спектрдик (UV -, IR, 1H-NMR, 13C-) салыштыруу жолу менен түзүлгөн. ЯМР – жана масс-спектрометрия) талдоо ыкмалары менен, же GLC жана атомдук абсорбциялык спектроскопиянын маалыматтары менен.

- Гепатопротектордук, антиоксиданттык, антибактериалдык, фитотоксикалык, фунгициддик жана инсектициддик активдүүлүккө сыноолордун негизинде кымызындын 4 түрүнүн тамырынан алынган 4 шарттуу чөп препараттары сунушталып, алардын бири тереңдетилген клиникалык изилдөөлөр үчүн сунушталат.

Изилдөөнүн теориялык мааниси. Биринчи жолу бир түрү изилденген – Маршаллдын кымызы. Биологиялык активдүү заттардын негизги топтору аныкталган, аларды бөлүп алуунун жана бөлүүнүн жалпы блок-схемасы иштелип чыккан. Белгилүү, бир жаңы, мурда адабиятта сүрөттөлбөгөн, жана Rumex L. (кымызын) тукумундагы өсүмдүктөр үчүн 4 жаңы заттын структуралары аныкталган

Иштин практикалык мааниси. Жапайы жерде өсүүчү биологиялык активдүү заттардын жаңы чийки булактары сунушталууда.

Адабияттык маалыматтарга таянсак кымыздыктын 3 түрүнүн тамыры жана тамырлары практикалык медицинага киргизилген: R. Thyrsiflorus Fingerh., R. Marschallianus R.chb. жана R. Rossicus Мурб. Бекитилген Убактылуу Фармакопея беренеси (ВФС РК № 42-1573-2006), Казакстан Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин каттоо күбөлүгүн алган

(РК-LS-3-No 003755). Кымыздыктын бул үч түрүн Казакстан Республикасынын Улуттук фармакопеясына киргизүү сунушталган.

Илимий жаңылык биринчи жолу салыштырмалуу сапаттык жана компоненттик талдоо жүргүзүлүп, Rumex L. – R. Thyrsiflorus Fingerh., R. Thyrsiflorus түркүмүндөгү 7 жапайы казакстандык өсүмдүктөрдүн тамырында биологиялык активдүү заттардын негизги топторунун сандык курамы аныкталды. Pamiricus Rech. F., R. Pseudonatronatus Borb., R. Aquaticus L., R. Marschallianus R.chb., R. Rossicus Murb. Жана R. Maritimus L.. Колдо болгон адабияттарда кымызын R. Marschallianus R.chb тамырынын химиялык курамы боюнча маалымат табылган эмес. Бул түр биз тарабынан биринчи жолу изилденген. Бул иш Казакстан Республикасынын аймагында өсүүчү 23 түрдүн изилдөөсүн аяктады.

- аминокислоталардын минералдык, компоненттүү курамы жана сандык курамы аныкталды.
- жалпы фитопрепараттарды жана айрым заттарды алууга мүмкүндүк берүүчү биологиялык активдүү заттарды бөлүп алуунун жана бөлүп алуунун блок-схемасы иштелип чыккан.

Изилденген объекттерде аныкталган заттар: 5 углевод, 4 фенол кислотасы, 7 антрахинон, 9 флавоноид, 5 фенол, 13 май жана 20 аминокислота, 8 макро жана микроэлементтер. Бир зат (1-O-β-D-glucopyranoside-6,8-dimetoxy-3-methylanthraquinone) жаңы, мурда адабиятта сүрөттөлгөн эмес; төрт – Rumex L тукумундагы өсүмдүктөр үчүн жаңы. Бардык компоненттердин структурасы же стандарттык үлгүлөр менен, же химиялык (кислота, щелочтук гидролиз, щелочтук деструкция) жана спектрдик (UV -, IR, 1H-NMR, 13C-) салыштыруу жолу менен түзүлгөн. ЯМР – жана масс-спектрометрия) талдоо ыкмалары менен, же GLC жана атомдук абсорбциялык спектроскопиянын маалыматтары менен.

- Гепатопротектордук, антиоксиданттык, антибактериалдык, фитотоксикалык, фунгициддик жана инсектициддик активдүүлүккө сыноолордун негизинде кымызындын 4 түрүнүн тамырынан алынган 4 шарттуу чөп препараттары сунушталып, алардын бири тереңдетилген клиникалык изилдөөлөр үчүн сунушталат. Биринчи жолу бир түрү изилденген – Маршаллдын кымызы. Биологиялык активдүү заттардын негизги топтору аныкталган, аларды бөлүп алуунун жана бөлүүнүн жалпы блок-схемасы иштелип чыккан. Белгилүү, бир жаңы, мурда адабиятта сүрөттөлбөгөн, жана Rumex L. (кымызын) тукумундагы өсүмдүктөр үчүн 4 жаңы заттын структуралары аныкталган

**Жыйынтык:**

1. Илимий эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжасында Rumex L. өсүмдүгүнүн түрлөрүнүнүн курамында полифенолдук бирикмелердин, анын ичинен антрахинондун триада туундулары: хризофанол, эмодин жана фисцион сыяктуу биологиялык активдүү заттардын кармалары аныкталды.
2. Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгүндө экстракция, фракциялоо, гидролиздөө методу жана спектралдык методдордун колдонулгандыгы илимий макалада мисалдар менен далилденип берилди.
3. Rumex L. өсүмдүгү курамына антрахинондун триада туундуларын көп кармагандыгы далилденди жана алардын биологиялык активдүүлүкөрү аныкталды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Борисов М.И. Антрахиноновые гликозиды.Раст.ресурсы.-1975.Т.13, вып.3. 362-365-б.

2. Кемертелидзе Э.П., Георгиевский В.П. Физико-химические методы анализа некоторых БАВ растительного происхождения.-Тбилиси: Мецниероба,1976. 198-205-б.

3. Кабанов В.С., Захаров П.Н., Романова А.С. и др. Масс-спектрометрическое изучение некоторых природных антрахинонов//Тез.докл.IIIВсес. Конф. По исслед. Строения орг.соед. физическими методами// - Казань, 1971. 278-279-б.

4. KalidharS.B. Определение центров гликозидирования и алкили-рования в антрахинонах методом ЯМР $^1$Н // Phytochem. – 1989. – том 28, №9. – 2455-2458-б.

5.Музычкина Р.А. Природные антрахиноны. Биологические свойства и физико-химические характеристики.- М.:Фазис, 1998.-864-б.

6. Музычкина Р.А., Корулькин Д.Ю., Абилов Ж.А. Качественный и количественный анализ основных групп БАВ в лекарственном растительном сырье и фитопрепаратах.-Алматы: Казак университети, 2004. 288-б.

7. Музычкина Р.А. Противоопухолевые препараты некоторых высших растений// Физиолого–биологические аспекты изучения лекарственных растений. Новосибирск, 1998. 135-136-б.

8. Peters R.H., Summer H.H. Spectra of anthraquinone derivatives. J. Chem. Soc. - 1953. 2101-2110-б.

9. Романова А.С. Природные антрахиноны. Фармация. - 1968 . - №5. 71-76-б.

10. Романова А.С. Природные антрахиноны. Лекарственные растения. - М.: Колос, 1969. – Т.15 538-558-б.

11. Романова А.С., Патудин А.В., Баньковский А.И. Хиноны высших растений как возможные лечебные средства.Хим.фарм.журнал. 1977. №7. 53-65-б.

12.Тараскина К.В. Исследование красителей щавеля тяньшанского Rumex tianschanicus A. Los. и щавеля конского Rumex confertus Willd.: дис.канд.хим.наук. - Алма-Ата: КазГУ, 1963. 145-б.

**УДК 615.3:632.52**

## УУЛУУ ӨСҮМДҮКТӨРДҮН КЭЭ БИР ТҮРЛӨРҮН БИОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Маматеминова Тамара Маматкадыровна – ОшМПУ, окутуучу.
E/mail: m.tamara7373@gmail.com

## БИОЛОГИЧЕСКАЯ ОСОБЕННОСТЬ НЕКОТОРЫХ ВИДОВ ЯДОВИТЫХ РАСТЕНИЙ

Маматеминова Тамара Маматкадыровна – ОшГПУ, преподаватель.
E/mail: m.tamara7373@gmail.com

## BIOLOGICAL PECULIARITIES OF SOME SPECIES OF POISONOUS PLANTS

Mamateminova Tamara Mamatkadyrovna – Osh state pedagogical university, lecturer.
m.tamara7373@gmail.com

**Аннотация**

Макалада Кеңеш, Озгур, Төлөйкөн (Ош шаарынын айланасы) айылдарынын эгин талааларында таралган элде уулуу өсүмдүк катары белгилүү болгон өсүмдүктөрдүн өкүлдөрүнүн түрдүк составы изилденди.

Уулуу өсүмдүктөрдүн уу заттары болуп, алкалоиддер, эфир майлары, чайырлар, лактондор ж.б. эсептелет. Булар өсүмдүктөрдүн ар кандай органдарында түрдүү өлчөмдө болот.

Өсүмдүктөрдү изилдөө атайын аянттарды бөлүп алуу усулу менен жүргүзүлдү. Бардык изилденүүчү аймактардан 30м$^2$ барабар болгон 12 аянт алынды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кеңеш, Озгур, Төлөйкөн (Ош шаарынын айланасы) айылдарынын эгин талааларында таралган уулуу өсүмдүктөрдүн 5 түрү бар экендиги такталып, тизмеси жазылды.

**Ачкыч сөздөр:** уу заттар, селен элементи, салонин, эфир майлары, амигдалин цианогликозиди, аллергия.

**Аннотация**

В статье изучен видовой состав и практическое значение представителей растений, известных как ядовитые, распространенных на полях сел Кенеш, Озгур, Тулейкен (окрестности города Ош).

Ядовитые растения содержат алкалоиды, эфирные масла, смолы, лактоны и др. Они присутствуют в различных количествах в различных органах растений.

Исследования растений проводились методом отбора особых участков. Со всех исследованных площадей было взято 12 площадей по 30 м$^2$.

В ходе исследования было установлено, что на полях сел Кенеш, Озгур, Толейкон (вокруг города Ош) распространено 5 видов ядовитых растений и составлен список.

**Ключевые слова:** яды, селеновый элемент, салонин, эфирные масла, цианогликозид амигдалина, аллергия.

**Annotation**

The article studies the species composition and practical significance of representatives of plants known as poisonous, common in the fields of the villages of Kenesh, Ozgur, Tuleiken (outskirts of the city of Osh).

Poisonous plants contain alkaloids, essential oils, resins, lactones, etc. They are present in varying amounts in various plant organs.

Plant studies were carried out by selecting special areas. From all the studied areas, 12 areas of 30 m$^2$ were taken.

In the course of the study, it was found that 5 species of poisonous plants were distributed in the fields of the villages of Kenesh, Ozgur, Toleikon (around the city of Osh) and a list was compiled.

**Key words:** poisons, selenium element, salonin, essential oils, amygdalin cyanoglycoside, allergy.

Кыргызстандын флорасы бай жана ар түрдүү. Өсүмдүктөр – органикалык дүйнөнүн эң жогорку категориясынын бирин түзүүчү организмдер Өсүмдүктөрсүз жаныбарлар менен адамдардын жашоосу мүмкүн эмес. Адам өсүмдүктөрдүн 20 миңге жакын түрүн пайдаланат. Алардын 1,5 миңге жакыны эгилме өсүмдүктөр. Өсүмдүктөрдөн азык – түлүк, техникалык сырье, дары-дармек, тоют ж.б. алынат. Өсүмдүктөрдүн ичинен зыяндуулары да бар [4]. Зыяндуу өсүмдүктөр өзүнүн өсүп – өнүү процессинде уу заттарды пайда кылып, топтойт. Уулуу өсүмдүктөрдүн 10 000 дей түрү белгилүү болуп, бардык жерде кездешет.

Уулуу өсүмдүктөрдүн уу заттары – алкалоиддер, эфир майлары, чайырлар, лактондор ж.б. болуп эсептелет. Булар өсүмдүктөрдүн ар кандай органдарында түрдүү өлчөмдө болот. Уу заттарынын таасири бардык жаныбарларга бирдей болбойт. Мисалы, кадимки меңдубана (*Datura stramonium*) кишиге уулуу болсо, коён, куштар үчүн зыянсыз.

Уулуу өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү жабык уруктууларга кирет жана токсикологиялык классификациясы боюнча ар кандай келип, биологиялык активдүү заттарынын адистенишкен составына жана токсикологиялык таасирине байланыштуу болот.

Чыныгы уулуу өсүмдүктөрдү айырмалоо зарыл, алар үчүн уулуулугу (уулуулугу) түргө же тукумга мүнөздүү, алардын нормалдуу өнүгүүсүнүн туруктуу же убактылуу белгиси болуп саналат [2].

Бардык уулуу өсүмдүктөрдү шартсыз түрдөгү уулуу өсүмдүктөр (өтө уулуу өсүмдүктөр) жана шарттуу түрдөгү (белгилүү жерде өскөн, кээде уулуу болот, сырьелорду туура эмес сактоодон, козу карындардын жана микроорганизмдердин ферменттик таасиринен) деп бөлүүгө болот. Мисалы, кээ бир астрагалдар *(Astragalus)* топурактын составындагы селен элементинин жогорку деңгээлде кармалышынан уулуу болуп калат; уулуу салонин гликалоид заты топуракта калган картошкада же күндүн нурунун таасири астында жашыл түскө өтүп калган бөлүктөрүндө пайда болот ж.б.

Азыркы мезгилдеги адабияттарда уулуу өсүмдүктөр деп, адамдардын жана жаныбарлардын организмин зыянга учуратып, кээде өлүмгө чейин алып келүүчү уулуу заттарды (фитотоксиндерди) бөлүп чыгаруучулар аталат.

Бирок, мындай аныктамага белгилүү шарттар таасир берет. Мисалы, уй беде *(Trifolium)* кыш мезгилиндеги +5$^{o}$С дан жогорку температурада жаш сабактарында белгилүү өлчөмдөгү цианогендик гликозиддерди (ажыраганда синил кислотасын пайда кылат) топтойт. Муну менен уй беде эрте пайда болгон үлүлдөрдөн коргонот. Ал эми жайында уй бедениn бутактары интенсивдүү өскөндүгүнө байланыштуу үлүлдөргө туруштук бере алат жана токсикалык коргонуунун кереги жок болот.

Токсикалык коргонуу өсүмдүктөр үчүн чоң мааниге ээ. Жаныбарлардан айырмаланып, өсүмдүктөрдө атайын коргоочу скелеттери болбойт, скелеттин кызматын жоонойгон клеткалык кабыктар аткарат. Кол салган душмандарынан фагоцитоз жолу менен жутуп алууга же башка коргонуу жөндөмдүүлүгү болбойт. Ошондуктан өсүмдүктөр дүйнөсүндө коргонуучу бирикмелер (антибиотиктер, фитонциддер, алкалоиддер ж.б.) пайда болот. Башкача айтканда ачуу даам, жагымсыз жыт, эфир майларынын жогорку деңгээлде кармалышы, гликозиддердин, сапониндердин, чайырлар, кислоталар, таниндер, оксалаттар ж.б. уулуу заттар, дүүлүктүрүүчү жана илээшкектик заттарды кармоо менен өсүмдүктөр коргонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат.

Өсүмдүк токсиндери өсүмдүктүн бардык бөлүктөрүндө же кээ бир органдарында болот. Мисалы, роза гүлдүүлөр уруусуна кирген өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүнүн урук үлүштөрүндө ачуу даамды берип турган амигдалин цианогликозиди болуп, ажыраганда “ачуу бадамдын” жытына мүнөздүү болгон синил кислотасы пайда болот. Амигдалиндин кармалышы (% катышта) ачуу бадамда – 2,5-3,5; шабдалынын данегинде – 2-3; абрикосто жана кара өрүктө – 1-1,8; гиласта -0,8ди түзөт. Ошондуктан данектүү өсүмдүктөрдөн жасалган азыктарды бир жылдан ашуун сактоого болбойт.

Өсүмдүктөрдөгү уулуу заттардын кармалышы алардын жылдык циклиндеги органдарынын функционалдык өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Өсүмдүктөрдүн запас катары колдонулуучу жер алды бөлүктөрүндө уулуу заттардын максималдуу топтолушу кышкы тыныгууга (жалбырактардын түшүүсүнөн, кийинки жалбырак чыгарганга чейин) көп болот. Кээ бир өсүмдүктөрдүн мөмөлөрү жана уруктары быша элек мезгилинде уулуу (кызгалдак, жалган кычы, ит жүзүм) келет.

Уулуу өсүмдүктөр көпчүлүк учурда адамдар жана жаныбарлардын уулануусунун негизги себеби болуп эсептелет. Мындан ар кандай мөмөлөрдү, пияз түптөрдү, бутактарды жеп алуу менен жаш балдардын уулануусу көп кездешет.

Дары-дармек катары пайдаланылган өсүмдүктөрдү туура эмес пайдалануудан да уулануулар келип чыгаары белгилүү. Мисалы, адонис, мышык тамыр, лимонник, мээр чөп, уу коргошун, эркек папоротниги ж.б.

Өсүмдүктөр менен уулануу мүнөзү боюнча тамак-аштан ууланууга окшош болот.

Айрым учурларда уулануу өсүмдүктөр бөлүп чыгарган заттар менен дем алуудан (аралыктан уулануу – казанак, ийне жалбырактуулар, рододендрондор, ароиддер); теринин тийип кетүүсүнөн контактык жабыркоолор болуп, күчтүү аллергияны пайда кылат (чалкан, балтыркан, диктамнус, сүттүү чөп, жалган кычы, руталар, кутурган бадырың, туя, кээ бир примулалар); өнөр жайлык уулануу – бул өсүмдүк сырьелору менен иштегендерде болот (тамеки, белладонна же атропа, чемерица, лютиктер, кызыл перец, чистотель ж.б.). Кээде уулануу балды пайдалануудан да келип чыгышы мүмкүн. Себеби аарылар уулуу өсүмдүктөрдүн чаңчаларын жыйнашы мүмкүн. Ошондой эле бодо малдардын сүтүн, этин пайдалануудан да келип чыгышы мүмкүн [5]

Уулуу өсүмдүктөрдүн кээ бирлери өтө баалуу практикалык мааниге ээ болсо, көпчүлүгү жаратылыштагы экосистеманын негизги компоненти болуп эсептелет. Ошондуктан уулуу өсүмдүктөрдү рационалдуу пайдалануу жана коргоо актуалдуу жана эл чарбасында чоң мааниге ээ.

**Изилдөөнүнүн материалдары жана усулдары**

Кеңеш, Озгур, Төлөйкөн (Ош шаарынын айланасы) айылдарынын эгин талааларында таралган элде уулуу өсүмдүк катары белгилүү болгон өсүмдүктөрдүн өкүлдөрүнүн түрдүк составы жана практикалык мааниси изилденди.

Өсүмдүктөрдү изилдөө атайын аянттарды бөлүп алуу усулу менен жүргүзүлдү. Бардык изилденүүчү аймактардан 30м$^2$ барабар болгон 12 аянт алынды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын аймагындагы эгин талааларында кездешкен уулуу өсүмдүктөрдүн 15 түрү аныкталып, тизмеси жазылды, уулануунун мүнөзү жана изилденген аймактардагы кездешүүсү боюнча маалымат берилди.

Талааларда жана айдоолордо көп кездешкен айрым уулуу өсүмдүктөргө морфо-биологиялык мүнөздөмө берүү менен уулаандыруучу касиеттерине токтоло кетебиз.

Кадимки адырашман *(Peganum harmala L.).* Бийиктиги 40-70 см келген көп бутактуу көп жылдык чөп өсүмдүгү. Жалбырактары майда, бутактуу үлүштөрдөн турат; гүлдөрү сарымтыл; мөмөсү шар сыяктуу үч капкактуу кутуча. Май-июль айларында гүлдөйт, уруктары июль-августтун аяктарында жетилет.

Негизги уулуу бөлүгү болуп, жалбырактары жана уруктары эсептелет. Курамында гармалин, гармин жана пеганин деп аталган уулуу алкалоиддер кармалат. Уланган учурда кыймыл-аракети жана психикасы бузулуп, галлюцинацияга дуушар болушу мүмкүн. Кан басымы көтөрүлүп, дем алуусу такыр токтоп калуусу мүмкүн. Айыл чарба жаныбарлары жеп алган учурлары белгиленген.

Адырашман дары-дармек өсүмдүктөрүнүн катарына кирип, элдик медицинада жана турмуш тиричиликте кеңири пайдаланылат [1].

Кадимки меңдубана *(Datura stramanium L.).* Бийиктиги 1 м жеткен илгич бутактуу, гүлдөрү ак, куйгуч сыяктуу, уруктары катуу тикенектүү кутучада жайгашкан өсүмдүк. Өсүмдүк жагымсыз жытка жана ачуу-туздуу даамга ээ. Май-сентябрь айларында гүлдөп, мөмөсү июль-сентябрь айларында жетилет.

Өсүмдүктүн бардык органдары жана уруктары уулуу келип, атропин, гносциамин, скополамин деген тропандык алкалоиддер кармалат.

Бул өсүмдүк менен ууланууу көбүнчө уруктарын жеп алуудан, сырье менен иштегенде жана өзүн-өзү дарылаганда пайда болот. Үй жаныбарлары да жеп алуудан оор интоксикацияга дуушар болушат.

Уулануу ооздун кургашы, жутуунун функциясынын бузулушу, ичтин кан аралаш өтүшү, БНС функциясынын (өзүн-өзү башкаруу, эске тутуу, каректин чоңоюшу ж.б.) бузулушу менен коштолот.

Кээ бир жаныбарлар (көгүчкөндөр, тооктор, келемиштер, кроликтер, иттер) үчүн кадимки меңдубана уулуу өсүмдүк болуп эсептелбейт.

Дары – дармек өсүмдүгү катары ооруну басаңдатуучу таасирге ээ. Отоо чөп [5].

Адабияттык маалыматтар боюнча уулуу өсүмдүктөрдүн ар кайсы урууга кирген көптөгөн түрлөрү белгилүү болуп келет (табл.1). Көпчүлүк уруунун өкүлдөрүн Кыргызстандын аймагында кездештирүүгө болот жана алар менен уландыруу мүнөзү боюнча да айырмаланышат. Алардын ичинен биздин изилдөө аймагыбызда 5 түрү учурайт. Алар: Кадимки меңдубана (Дурман обыкновенный-*Datúra stramónium,* Кене күнжүт – (Клещевина обыкновенная-*Ricinus communis*), Шыбак (полынь – *Artemísia*), Кашка беде – (Донник лекарственный-*Melilótus officinális*), Кара куурай (Конопля – *Cánnabis*).

**Уулуу өсүмдүктөр боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары**

Таблица 1.

| № | Уулуу өсүмдүктөрдүн аталышы | Өсүмдүктүн уулдандыруучу заттары жана уулуу органы | Ууланууунун мүнөзү | Кыргызстандын аймагында кездешкен түрлөрү | Изилденген аймакта кездешкен түрлөрү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | Кара меңдубана (Белена черная) (*Hyoscyamus niger L.*) | Өсүмдүктүн бардык органдары, уругу. *Алкалоиддер, гиосциамин* (атропин), *скополамин* (гиосцин). | Оозу кургап чаңкайт, жутуу жана сийдик бөлүп чыгаруу кыйындайт, жүрөгү тез согот (тахикардия), тер бөлүп чыгаруу бузулуп, дене температурасы көтөрүлөт, жарыктан корко баштайт, оор түрү өлүмгө чейин алып барат. | + | + |
| 2 | Уу балтыркан - Вех ядовитый – цикута (*Cicuta virosa*) | Өсүмдүктүн бардык органдары, айрыкча тамыры. *Цикутоксин.* | Башы ооруп, көңүлү айланат, кусат, ичи ооруйт. Чыйрыгат, тең салмактуулук | + | - |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | жоголот, теринин сезгичтиги төмөндөйт, коюу шилекей агат, дем алуу бузулгандыктан жүрүккө таасирин тийгизип, өлүмгө чейин алып барат. | | |
| 3 | Кадимки адырашман -гармала (могильник) (*Peganumharmala*L.) | Жалбырактары, уругу. Алкалоиддер: *гармалин, гармин (банистерин), гармалол жана L-пеганин вазицин), пегамин, пеганол, дезоксипеганин, пеганидин* (чөбүндө) ж.б. | Кыймыл-аракети жана психикасы бузулат, галлюцинацияга дуушар болот. Кан басымы көтөрүлүп, дем алуусу такыр токтоп калуусу мүмкүн. | + | - |
| 4 | Кене күнжүт - Клещевина обыкновенная (*Ricinus communis*) | Уругу. Гликопротеид: *рицин,* алкалоид: *рицинин*. | Ич ооруп, кусат, ичеги карындан кан агышын, электролиттик-суу балансынын бузулушун пайда кылып, 5-7 күндөн кийин өлүмгө алып келет. Кишинин организмине алып келген зыяны толугу менен айыкпайт, себеби рициндин таасири кишинин белокторун бузат. Рициндин порошогун жыттап алуу менен өпкө зыянга чалдыгат. | + | + |
| 5 | Кадимки меңдубана (Дурман обыкновенный-*Datúra stramónium)* | Өсүмдүктүн бардык органдары, уругу. Тропандык алкалоиддер: *атропин, гиосциамин, скополамин* | Ооздун кургайт, жутуунун функциясынын бузулат, ич кан аралаш өтөт, БНС функциясы (өзүн-өзү башкаруу, эске тутуу, каректин | + | + |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | чоңоюшу ж.б.) бузулат. | | |
| 6 | Кашка беде – донник лекарственный (*Melilótus officinális*). | Жер алды бөлүгү. Кумариндер жана алардын туундулары:*кумарин, дикумарол, дигидрокумарин, мелилотозид гликозиди),флавоноиддер (робинин, фловин, кемпферол жана анын туундулары), мелилотин, эфир майы (0,01%), полисахариддер (былжырлар), белок (17,6%), сапониндер, пуриндин туундулары (аллантоин), фенолкарбон кислоталары (гидроксикоричный, кумариндик, мелилотондук, фенолдукүч терпендик бирикмелер, углеводдук бирикмелер, азоттук негиздер, аминокислоталар, аштоочу заттар, С, Е витаминдери, каротин, май сыяктуу заттар, макро-жана микроэлементтер, Уругунда май кислоталары (пальмитин, стеарин, олеин, линолен, арахин, бегенов, лигноцерин ж.б.* | Кан агуу менен коштолуп, боордун функциясы бузулат, кээде аллергиялык реакциялар келип чыгат. Планцента аркылуу түйүлдүккө да зыян тийгизет. Организмдеги ууланууу дикумариндин таасири астында жүрөт. Уулангандарга К витаминин берүү сунушталат. | + | + |
| 7 | Кара куурай (Конопля – *Cánnabis*). | Өсүмдүктүн бардык органдары. *Глицериддер, май кислоталары (линол,* | Дем алуу органдарын дүүлүктүрөт, ориентациясын | + | + |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | *линолен, май), белоктор, аминокислоталар, фенолдук кошулмалар (каннабинол, каннабидол)* ж.б. | доготот. | | |

Изилденген Озгур, Төлөйкөн, Кеңеш аймактарында уулуу деп эсептелип келген өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрүн кездештирүүгө болот (2-табл.).

Өзгөчө эгин талааларында, бактарда, арык бойлорунда, адыр жерлеринде учурап, алар ошол жерлердин шартына өтө ыңгайлангандыгын көрсөттү. Айрым түрлөрү мисалы, кене күнжүт (клещевина обыкновенная-*Ricinus communis*) коздук үчүн өстүрүлүп келгендиги белгилүү болду.

Бул түрлөр мал жебегендигинен өтө көбөйүп, отоо чөп катары белгилүү болуп келген.

**Изилденген аймактагы уулуу өсүмдүктөрдүн өкүлдөрүнүн эгин талааларында таралуусунун көрсөткүчү**

2-таблица.

| № | Изилденген аймактар / Өсүмдүктөр | Кеңеш | Озгур | Төлөйкөн |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кене күнжүт -*Ricinus communis*) | + | + | + |
| 2. | Кашка беде – (*Melilótus officinális*). | + | + | + |
| 3 | Шыбак– (*Artemísia*) | + | + | + |
| 4 | Кадимки адырашман - (*Peganum harmala* L.) | - | - | - |
| 5 | Кадимки меңдубана *(Hyascyamus)* | + | + | + |
| 6 | Кадимки пижма *(Tanacetum vylgare L.).* | - | - | - |
| 7 | Кара куурай (Конопля – *Cánnabis*). | + | + | + |

Бул таблицада биз изилдеген аймакта кеңири таркалган уулуу өсүмдүктөрдүн өкүлдөрүнө токтолдук. Турмуш тиричиликте аластоо максатына көп кодонулган адырашман өсүмдүгүн жолуктура албадык.

Учурдагы илимий фармакопейлер (атайын документтердин жыйнагы) фитотоксиндерди этияттык менен пайдаланууну сунушташат.

**Адабияттар**

1. Алтымышев А.А. Лекарственные богатства Киргизии. /А.А.Алтымышев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1976, -350 с.
2. Гусынин И.А. Токсикология ядовитых растений. /И.А.Гусинин. – М.: Издательство с⁄х лит-ры, 1962.-165 с.
3. Жизнь растений ⁄ Под. ред. А.А.Федорова. – М.: Просвещение, 1972 – 1974. Т. 1-6.

4. Маматеминова Т.М. Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү. Окуу-усулдук колдонмо [Текст] / Т.М.Маматеминова., А.У.Бабеков. – Бишкек: “Кылым kg” офсеттик ыкмада, 2010. – 96 б.
5. Орлова Б.Н. и др. Ядовитые животные и растения СССР: Справочное пособие для студентов вузов по спец. “Биология” /Б.Н.Орлов, Д.Б.Гелашвили, А.К.Ибрагимов. – М.: Высш. шк., 1990.-172 с.
6. Флора Киргизской ССР. Определитель растений Киргизской ССР. Том 4. Издательство Киргизфан ССР. Фрунзе. 1953.

**УДК 58.02**

## ӨСҮМДҮКТӨРДҮН АЙЛАНА ЧӨЙРӨГӨ ЫҢГАЙЛУНУУСУНА САЛЫШТЫРМАЛУУ АНАЛИЗ

Абжапарова Айнура Манаповна- улук окутуучу, ОшМПУ
ainuraabzhaparova@mail.ru
Туратбеков Максатбек Бахтбекович- ОшМПУ, магистр
turatbekov1995@inbox.ru
Сарыбаева Максуда Мамасалиевна- ОшМПУ, магистрант
maksuda1990@bk.ru

## СРАВНИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ АДАПТАЦИИ РАСТЕНИЙ К ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЕ

Абжапарова Айнура Манаповна – ОшГПУ, Старший преподаватель
ainuraabzhaparova@mail.ru
Туратбеков Максатбек Бахтбекович - ОшГПУ, магистр
turatbekov1995@inbox.ru
Сарыбаева Максуда Мамасалиевна – ОшГПУ, магистрант
maksuda1990@bk.ru

## COMPARATIVE ANALYSIS OF PLANT ADAPTATION TO THE ENVIRONMENT

Abzhaparova Aynura Manapovna – OshSPU Senior teacher,
ainuraabzhaparova@mail.ru
Turatbekov Maksatbek Bakhtbekovich - OshSPU , master
turatbekov1995@inbox.ru
Sarybaeva Maksuda Mamasalievna- OshSPU , graduate student
maksuda1990@bk.ru

### Аннотация

Илимий макалада айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн өсүүсүнө сырткы чөйрөнүн факторлорунун, өзгөчө кургакчылыктын тийгизген таасири изилденген. Ошондой эле өсүмдүктүн тышкы чөйрөнүн ынгайсыз шарттарына ыңгайлануу жолдору менен организмде жүрүүчү процесстердин оптималдуулугуна жетишүү жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар баяндалган.

Кургакчылыктын тийгизген таасиринин натыйжасында өсүмдүктөрдүн организминде бир топ физиологиялык, биохимиялык процесстердин өзгөрүүсү жүрө тургандыгы, ошондой эле ар кандай шарттардын таасиринен коргонуусу алардын анатомиялык түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү аркылуу ишке ашырылары жөнүндө жазылган. Өсүмдүктөр нымдуулуктун болушуна карата түрдүү топторго бөлүнүшү жана алардын ар биринин морфологиялык, анатомиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу кеңири түшүнүктөр берилген.

Эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде салыштырмалуу кургакчылыкка чыдамдуу айыл чарба өсүмдүктөрү белгиленген жана бүгүнкү күндө өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн арттырууда, аларды ар түрдүү жолдор менен кургакчылыкка туруктуулугун жогорулатуунун жолдору баяндалып жазылган.

**Ачкыч сөдөр.** Этилен, абсциз кислотасы, суу режими, суу дефицити, фотосинтез, өсүү, температура, тамыр системасы, гигрофиттер, ксерофит, гидрофит, эфемер, суккулент, склерофит, мезофит, транспирация.

**Аннотация**

В научной статье изучено влияние факторов внешней среды, в частности засухи, на рост сельскохозяйственных растений. В нем также содержатся данные о способности растения достигать оптимальности происходящих в организме процессов путем адаптации к неблагоприятным условиям внешней среды.

Даны сведения о том, что в результате воздействия засухи в организме растений изменяется ряд физиологических и биохимических процессов, а также, что защита от воздействия различных условий осуществляется через особенности их анатомического строения.

Даны подробные сведения о разделении растений на различные группы в зависимости от наличия влаги и морфологических и анатомических особенностей каждого из них.

На основе экспериментальных исследований выявлены относительно засухоустойчивые сельскохозяйственные культуры и описаны способы повышения их устойчивости к засухе различными способами при повышении урожайности сельскохозяйственных культур на сегодняшний день.

**Ключевые слова.** Этилен, абсцизовая кислота, водный режим, водный дефицит, фотосинтез, рост, температура, корневая система, гигрофиты, ксерофит, гидрофит, эфемер, суккулент, склерофит, мезофит, транспирация.

**Annotation**

In the scientific article, the influence of environmental factors, in particular drought, on the growth of agricultural plants was studied. It also contains data on the plant's ability to achieve optimal processes occurring in the body by adapting to adverse environmental conditions. Information is given that as a result of the effects of drought in the plant body, a number of physiological and biochemical processes change, and also that protection from the effects of various conditions is carried out through the features of their anatomical structure. Detailed information is given on the division of plants into different groups depending on the presence of moisture and morphological and anatomical features of each of them. Based on experimental studies, relatively drought-resistant agricultural plants have been identified, and plant productivity is currently growing, and ways to increase their resistance to drought in various ways are described

**Key words.** Ethylene, abscisic acid, water regime, water deficit, photosynthesis, growth, temperature, root system, hygrophytes, xerophyte, hydrophyte, ephemeral, succulent, sclerophyte, mesophyte, transpiration.

**Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу**. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн Жер шарында ролу абдан чоң. Алар бардык тирүү организмдердин жашоосу үчүн шарт түзөт: кычкылтек бөлүп чыгарат, тирүү организмдер үчүн азыктын булагы болуп эсептелет. Өсүмдүктөрдү курчап турган чөйрөнүн шарттарына ыңгайлашып жашоосу жөнүндөгү жазылган бул тема актуалдуу болуп саналат. Себеби, азыркы мезгилде Жер шарында абдан оор экологиялык ситуациялар жана көптөгөн экологиялык факторлор курчап турган чөйрөнү өзгөртүп, ошону менен бирге бул чөйрөнүн жашоочулары да өзгөрүүгө учурап, алардын тиричилик шарттарына ыңгайлануусу жүрүп жатат. Бирок, өсүмдүктөргө айлана чөйрө гана таасир этпестен, өсүмдүктөр өздөрү да курчап турган чөйрөгө таасирин тийгизет. Ошондуктан,

өсүмдүктөрдүн айлана чөйрөнүн ар кандай шарттарына адаптацияланышы азыркы мезгилдеги эң курч проблема болуп саналат.

Өсүмдүктүн тышкы чөйрөнүн ынгайсыз шарттарына ыңгайланышып, организмде жүрүүчү процесстердин оптималдуулугуна жетишүү жөндөмдүүлүгү өсүмдүктүн ыңгайсыз шарттарга туруктуулугу болуп эсептелет. Өсүмдүктөрдүн суунун артык баш кармалышына, жетишсиздигине, жогорку жана төмөнкү температурага, туздуулукка, оору козгоочу микроорганизмдерге жана зыянкечтерге туруктуулугу бар.

Өсүмдүктөрдүн тышкы чөйрөнүн ыңгайсыз факторлорунун таасиринен коргонуусу алардын анатомиялык түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү (кутикула, кабык, механикалык ткань ж.б.) коргоочу органдары (дүүлүктүрүүчү түктөрү, тикенектери), кыймылдары, физиологиялык реакциялары жана коргоочу заттарды бөлүп чыгаруусу (чайыр, фитоалексин, уу заттар) аркылуу ишке ашырылат [1].

Чөйрөнүн ыңгайсыз шарттарында өсүмдүктөрдө заттардын алмашуусунун ылдамдыгын төмөндөтүүчү, өсүүнү токтотуучу, организмдин картаюсун жана тыныгууга өтүүсүн тездетүүчү этилен жана абсциз кислотасы көп синтезделет. Төмөнкү жайланышкан жалбырактар түшүп, андагы кармалган заттар жаш органдардын азыктанышы үчүн пайдаланылат. Бул өзгөрүүлөрдүн бардыгы клеткалык структураларды коргоого жана клеткаларда пайда болгон ылайыксыз өзгөрүүлөрдү четтетүүгө багытталган.

Өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка чыдамдуулугу теориялык эле эмес, практикалык жактан да чон мааниге ээ. Кургакчыл мезгилде өсүмдүктүн суу режими бузулат. Башкача айтканда, чыгымдалган суунун саны синирилген суунун санына караганда көп болот да, өсүмдүктө убактылуу суу дефицити пайда болот [2].

Бардык физиологиялык процесстердин ичинен суунун жетишсиздигинен өсүү процесси өзгөрүүгө учурайт. Өсүмдүккө нымдуулуктун жетишсиздигинин алгачкы этаптарында, фотосинтез, дем алуу процесси нормалдуу жүрө берет, өсүү процесстери болсо дароо токтойт. Бул бир нече себептер менен түшүндүрүлөт. Суунун азайышынан ДНКнын редупликациясы аяктап, клетка бөлүнүүсүн токтотот. Өсүүнүн экинчи фазасы (кенейүү) суунун күчтүү синирилишинин эсебинен жүрөт. Суу жетишпеген шартта бул фаза тез токтойт. Кургакчылыкта пайда болгон клеткалар майда өлчөмү менен айырмаланат.

Өсүмдүктүн жеке органдары суунун жетишсиздигинен бирдей денгээлде, ырааттуулукта жабыркабайт. Суу дефицитинин баштапкы этаптарында өсүмдүк организминде суунун бөлүштүрүлүшү байкалат. Жаш жалбырактар карыган жалбырактардан, тамыр системасынан сууну тартып алат [3].

Өсүмдүктөр сууга болгон талабы боюнча 3 экологиялык группага бөлүнөт:

1) суу өсүмдүктөрү – гидрофиттер (сууга бүт бети же айрым бөлүктөрү чөгөрүлгөн абалда өсүүчү өсүмдүктөр);

2) мезофиттер- суу менен орточо денгээлде камсыз болгон аймакта өсүүчү өсүмдүктөр;

3) ксерофиттер- кургактыкта өсүүчү өсүмдүктөр.

Ксерофиттер – суу жетишсиз болгон шартка жогорку денгээлде ынгайланган, кургак жерде өсүүчү өсүмдүктөр. Ксерофиттер физиологиялык бир тектүү группалардан турбайт. Кээ бир ксерофиттер транспирация процессин азыраак жүргүзүшсө, кээ бирлери

интенсивдүү транспирация жүргүзүүгө жөндөмдүү болушат. Кургакчылык шарттан өтүп кетүү жөндөмдүүлүгү боюнча ксерофиттерди 4 группага бөлүүгө болот:

1) Эфемерлер – кургакчылыктан качып кутулуучу өсүмдүктөр. Бул өсүмдүктөр вегетациялык мезгилин кыска мезгилде өткөрүшөт. Мисалы, байчечекей, каакым, кызгалдак.

2) Жалган ксерофиттер – булар денесине суунун запасын топтойт. Бул группага суккуленттер, кактустар кирет. Булардын транспирациялык бети өтө кыскарган, жалбырагы редукцияланган, тамыр системасы начар өрчүгөн. Суккуленттерге ар түрдүү зат алмашуу процесси мүнөздүү. Күндүзү алардын үт аппараттары жабылган абалда болуп, түндөсү ачылат.

3) Үчүнчү группага кирген өсүмдүктөрдүн суну колдонууга ыңгайлануулары жакшы өрчүгөн. Алардын тамыр системасы абдан терен кетип, күчтүү бутактанган. Тамырынын клеткалары жогорку осмостук басымга, жогорку соруу күчүнө ээ. Кээде тамыр системалары жер алдындагы сууларга да жетиши мүмкүн. Бул типтеги өсүмдүктөрдүн өткөрүү системалары абдан жакшы өрчүгөн. Жалбырактары жука болуп, тарамыштануусу жыш торчону пайда кылат. Бул болсо, суунун жылышындагы карама – каршылыктын күчүн азайтат. Мындай өсүмдүктөрдө транспирациянын интенсивдүүлүгү өтө күчтүү жүрөт. Күндүн ысык, кургак мезгилинде деле үт аппараттары ачык болот. Мындай жука жалбырактуу, күчтүү транспирация жүргүзүүчү ксерофит өсүмдүктөргө чөл люцернасы, жапайы дарбыз, шыбактар кирет. Алардын кээ бирлеринин жалбырактары түкчөлөр менен капталган. Бул түкчөлөр жалбыракты ысып кетүүдөн сактап туруучу экран катары кызмат кылат. Бул группадагы өсүмдүктөрдүн эн маанилүү өзгөчөлүгү, узак убакыт суу жетишсиздигин эч кандай жабыркабай өткөрө алат.

4) Склерофиттер – бул группага кирген өсүмдүктөр кургакчыл мезгилде анабиоз абалына өтөт. Булардын жалбырактары катуу болот. Суу аз санда кармалса дагы тургор абалында болот. Бул өсүмдүктөрдүн механикалык тканы күчтүү өрчүгөн [4].

Өсүмдүктөр кургакчылыктан коргонуунун төмөндөгүдөй биохимиялык механизмине ээ. Кургакчылыкка туруктуу өсүмдүктөрдөгү биохимиялык процесстер суунун көп кармалышына, заттардын ажырашынан пайда болгон уу заттарды уусуздандырууга, суунун аз бууланышына шарт түзөт.

Кургакчылык шартта кургакчылыкка туруктуу өсүмдүктөрдүн цитоплазмасында төмөнкү молекулалуу белоктор, моносахариддер топтолуп, цитоплазманын суу тутуу жөндөмдүүлүгү артып, байланган суунун эсенбинен клеткада суунун кармалышы жогорулайт. Кургакчылыкка туруктуу өсүмдүктөрдүн зат алмашуусунда пайда болгон органикалык кислоталар белоктордун ажырашынан бөлүнүп чыккан аммиакты кошуп алып, аны уусуздандырышат.

Кургакчылыкта өсүүнү активдештирүүчү гормондордун: ауксиндин, цитокининдин, гиббереллиндин өсүмдүктө кармалышы азайып, этилен менен абсциз кислотасы көбөйөт. Натыйжада өсүмдүктүн өсүүсү акырындайт. Абсциз кислотасынын таасиринен үттөр жабылып, суунун бууланышы төмөндөйт [5].

**Эксперименталдык бөлүм.**

Алгач, эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде сахарозанын эритмесине өндүрүлгөн урук аркылуу өсүмдүктүн кургакчылыкка чыдамдуулугу аныкталды. Петринин табакчаларынын түбүнө фильтр кагаз төшөлүп, тажрыйба жүргүзүү үчүн сахарозанын үч

түрдүү эритмеси: осмос басымы 10 атм.болгон эритме; осмос басымы 14 атм. болгон эритме жана осмос басымы 18 атм. болгон эритмелер колдонулду.

Биринчи эритме менен тажрыйба коюу үчүн 3 петри табакчасы алынып, түбүнө төшөлгөн фильтр кагаздар жогорудагы эритме менен нымдалды, ар бир табакчага 50 даанадан уруктар жайгаштырылды. Экинчи, үчүнчү эритмелер менен да ушундай тажрыйбалар жүргүзүлдү.

Бардык табакчалар термостатта жайгаштырылып, өнгөн уруктарды эсептөө эки жол менен жүргүзүлдү: биринчиси үч күндөн кийин, экинчиси жети күндөн кийин эсептелди (1-сүрөт).



**1-сүрөт. Үч, жети күндө өнүп чыккан уруктар.**

Жыйынтыгында, суунун концентрациясы көп болгон эритмеде (Осмос басымы 10 атм.болгон эритме) уруктардын өнүүсү жакшы жүргөндүгү байкалды. Мисалы, үч күндөн кийин буудайдын өнгөн уруктарынын: саны - 20, жети күндөн кийин- 25, жүгөрүнүн даны үч күндө өнбөйт, жетинчи күнү-10, күн караманыкы: үч күндө-16, жетинчи күнү-20 жетет.

Демек, эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгында жүгөрү өсүмдүгү салыштырмалуу кургакчылыкка чыдамдуулугу менен айырмаланды (1-табл.)

1-таблица

| Өсүмдүктөр | 3 күндө өнгөн дандын саны | | | 7 күндө өнгөн дандын саны | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 10 | 14 | 18 | 10 | 14 | 18 |
| Буудай | 20 | 8 | 2 | 25 | 12 | 3 |
| Күн карама | 16 | 5 | 1 | 20 | 8 | 2 |
| Жүгөрү | - | - | - | 10 | 2 | 1 |

Өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка туруктуулугун эске алуу менен, аны өсүмдүктүн өсүп, өөрчүшүндө кургак шартка ыңгайланышуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун табууга мүмкүнчүлүк түзөт. П.А.Генкель уруктарды өндүрүүнүн алдында нымдап, аларды кургатып өндүрүп, алардан өсүп чыккан өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка туруктуулугун жогорулатууга жетишкен.

Уруктар өндүрүүнүн алдында нымдалып, андан кийин кургатып өндүрүү менен, алардан өсүп чыккан өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка туруктуулугунун жогорулагандыгы аныкталды. Мындай жол менен кургакчылыкка туруктуулугу жогорулаган өсүмдүктөрдүн цитоплазмасынын илешкектиги, серпилгичтиги, колоиддик байланган суусу жогорулап, өсүүсүнүн ылдамдыгынын интенсивдүүлүгү күчтүү болот. П.А.Генкель иштеп чыккан кургакчылыкка туруктуулукту жогорулатуунун бул жолу урукту өндүрүүнүн алдында кургакчылыкка бышыктыруу деп аталат.Уруктарды бор кислотасынын 0,05% эритмеси менен нымдап себүү кургакчылыкка бышыктыруунун эффективдүү жолу экендиги далилденди (2-табл.).

2-таблица.

| **Өсүмдүк** | **7 күндө өнгөн дандын саны** | |
|---|---|---|
| | **Таза суу** | **0,05% бор кислотасынын эритмеси** |
| Буудай | 30 | 42 |
| Кун карама | 21 | 34 |
| Жүгөрү | - | 18 |

Тажрыйбанын жыйынтыгында өсүмдүктөр таза сууга караганда, 0,05% бор кислотасынын эритмесине нымдалып өстүрүлгөндө көбүрөөк өнүп чыккандыгы байкалды.

## Жыйынтыктоо

Ошентип, өсүмдүктөрдүн өсүү, өрчүү процесстеринде айлана-чөйрөнүн тийгизген таасири чоң мааниге ээ экендиги белгилүү болду. Ошондуктан, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн арттырууда, аларга тийгизген чөйрөнүн шарттарынын таасирин эске алып, ар түрдүү жолдор менен туруктуулугун арттыруу жолдорун колдонуу талапка ылайык болуп эсептелет.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси.

1. Аникиев В.В. Летние практические занятия по физиологии растений [Текст] / В.В.Аникиев, М.С.Миллер., А. М.ОбуховаГ.–Москва, 1960.
2. Абжапарова А.М. Өсүмдүктөрдүн физиологиясы / А.М. Абжапарова. –Ош, 2016.
3. Ермаков И.П. Физиология растений /И.П. Ермаков. –Москва, Академия 2007.
4. Зенгбуш П. Молекулярная и клеточная биология / П. Зенгбуш. – М, Мир1982.
5. Тетюрев В.А. Методика эксперимента по физиологии растений / В.А.Тетюрев. –М., Просвешение, 1980

**УДК 521**

## КЫРГЫЗДАРДЫН АЙ САНАГЫ ЖАНА АЗЫРКЫ КАЛЕНДАРЬ

Куйчиев Асадулло Сулайманович, техника илимдеринин кандидаты, доцент. Ош Мамлекеттик педагогикалык университети.
Email:akuichiev@mail.ru.
Жумагулова Зульфия, ага окутуучу, Ош Мамлекеттик педагогикалык университети.
Email: Zhumagulova.59@bk.ru.
Жусупали уулу Турганбай, магистр, Ош Мамлекеттик педагогикалык университети.
Email:Tuke0090@mail.ru.

## КЫРГЫЗСКИЙ ЛУННЫЙ КАЛЕНДАРЬ И СОВРЕМЕННЫЙ КАЛЕНДАРЬ

Куйчиев Асадулло Сулайманович, к.т.н., доцент. ОшГПУ.
Email:akuichiev@mail.ru.
Жумагулова Зульфия, ст.преп., ОшГПУ.
Email: Zhumagulova.59@bk.ru.
Жусупали уулу Турганбай, магистр, ОшГПУ.
Email:Tuke0090@mail.ru

## KYRGYZ LUNAR CALENDAR AND MODERN CALENDAR

Kuichiev Asadullo Sulaimanovich, Ph.D., Associate Professor. OshSPU.
Email:akuichiev@mail.ru .
Zhumagulova Zulfiya, art.Rev., OshSPU.
Email: Zhumagulova.59@bk.ru.
Zhusupali uulu Turganbai, Master, OshSPU.

**Аннотация**

Макалада кыргыз этнографиясында кеңири белгилүү болгон Ай-Үркөр календарынын бүгүнкү күндөгү колдонуу деңгээли изилденген. Элибиз эгемендүүлүк алган өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып эле улуттук маданиятыбыздын өсүп өнүгүүсү үчүн болгон аракеттер күчөдү. Буга чейин көңүл бурулбаган Нооруз жана Орозо Айт сыяктуу майрамдарыбыз эл арасында кеңири жайыла баштады. Ай-күндөрдүн аталыштары да кыргызчаланып колдонула баштады. Мектептерге кыргыз тилинде басылган улуттук календардын үлгүлөрү жалпы таратылып берилген. Бирок аз эле убакыттын ичинде бул календарлар актуалдуулугун жогото баштаган, Анткени Айлардын кыргызча аталыштарынын маанисин толук ачып берген тарыхий жана илимий маалымыттыр жетишсиз болгон. Бул проблеманы чечүү үчүн буга чейин жасалган аракеттер жакшы натыйжа бербегендиктен изилдөөлөрдү мындан ары да улантуу зарыл.

**Негизги сөздөр**: улуттук календарь, Ай, Үркөр, тогоол, асман кубулуштары.

**Аннотация**

В статье рассматривается современный уровень использования широко известного в кыргызской этнографии календаря Ай-Уркор. С 90-х годов прошлого века, когда наш народ обрел независимость, активизировались усилия по росту и развитию нашей национальной культуры. Получили широкое распространение наши ранее забытые праздники, такие как Нооруз и Орозо айт. Названия месяцев и дней также стали употребляться в кыргызском языке. В школы были розданы образцы национального календаря, напечатанного на кыргызском языке. Однако в скором времени эти календари стали терять свою актуальность из-за недостатка исторических и научных сведений, полностью объясняющих значение кыргызских названий месяцев. Для решения этой проблемы необходимы дальнейшие исследования, поскольку предыдущие попытки не дали хороших результатов.

**Ключевые слова**: народный календарь, луна, круг, небесные явления.

**Annotation**

The article discusses the current level of use of the Ai-Urkor calendar, widely known in Kyrgyz ethnography. Since the 90s of the last century, when our people gained independence,

efforts have been intensified to grow and develop our national culture. Our previously forgotten holidays, such as Nooruz and Orozo Ait, have become widespread. The names of months and days also began to be used in the Kyrgyz language. Samples of the national calendar printed in the Kyrgyz language were distributed to schools. However, these calendars soon began to lose their relevance due to the lack of historical and scientific information that fully explains the meaning of the Kyrgyz names of the months. Further research is needed to solve this problem, as previous attempts have not yielded good results.

**Key words**: folk calendar, moon, circle, celestial phenomena.

Бүгүнкү жашообузду календарсыз элестете албайбыз. Анткени ар бир күнүбүздү саат, минуталарга чейин пландаштырып жашап калганбыз. Ал эмес келерки жылдын кайсы күнү кайсы жерде кайсы саатта кандай иш чара болушун да алдын ала тактап алабыз. Тарыхий доорлордо да түрдүү календарлар колдонулуп келген. Ар бир цивилизациялардын өнүгүү доорунда өздөрүнүн календарлары иштелип чыгып, пайдаланылган.

Дүйнөнүн көптөгөн элдери сыяктуу эле кыргыз элинин да маданий мурасы терең тарыхка ээ. Элибиздин жашоо-турмуш образында жаратылыш менен болгон эриш аркак мамиленин орду өзгөчө. Кыргыздар байыртадан мал чарбачылыгы жана анчылык менен алектенип келишкендиктен, табият менен жакын мамиледе болуп, табигый кубулуштарга кенири байкоо жүргүзүшкөн. Ошондон улам байыркы кыргыздардын асман телолору жана жылдыздар жөнүндөгү билимдери да өзгөчө терең болуп калыптанган. Кыргызстандын аймагында кеңири кезигүүчү тарыхий – археологиялык эстеликтерде жана петроглифтерде да асман кубулуштарын чагылдырган сүрөттөр көп. Ошондой эле адабий, тарыхий жана фольклордук чыгармалардагы асман кубулуштары жөнүндөгү айтылган саптардын көп кезигиши да биздин пикирибиздин далили боло алат. [1]

Белек Солтоноев, Дастан Сарыгулов, Торон Жумаев, Абакир Калыбеков жана башка көптөгөн изилдөөчүлөрдүн маалыматтарына караганда кыргыздар айдын башын жана аягын тогоол менен эсептешкен.[1] Тогоол кубулушу- бул Айдын өз орбитасы боюнча жылып жүрүп , Үркөр жылдызына жакындап келиши.

Стеллариум деп аталган компьютердик программада бул кубулуштун моделин так байкоого болот.( 1-сүрөт)



1-сүрөт

Ай 27,5 суткада Жерди толук айланып чыккандыктан сидерикалык убакыт менен Жердин суткалык жана жылдык айлануусуна негизделген Кун календарынын көрсөткүчтөрү бири бирине дал келбейт.[2]

Атап айтсак 2021-жылдын 17- декабрында тогоол болуп бештин айы үчтүн айы менен орун алмашты. Бирок 2022- жылы декабрь айындагы тогоол 7- декабрга дал келип, ай алмашат. Ошондо “Жетинин айы бүтөбү? же Бештин айы бүтөбү?” деген суроо туулат. Бул суроого белгилүү гана кишилер жооп бербесе, көпчүлүк окурмандар үчүн түшүнүксүз болууда.

Төмөнкү таблицада 2022-жылдагы байкалуучу тогоолдордун күндөрү берилген.
Таблица -1

| Айы | Январь- Бирдин айы | Февраль- Жалган Куран | Март-Чын Куран | Апрель- Бугу | Май-Кулжа | Июнь- Теке |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Тогоол күнү | 15.01.22 | 11.02.22 | 10.03.22 | 6.04.22 | 2.05.22 | 29.06.22 |
| Айы | Июль- Баш оона | Август-Аяк оона | Сентябрь- Тогуздун айы | Октябрь- Жетинин айы | Ноябрь- Бештин айы | Декабрь-Үчтүн айы |
| Тогоол күнү | 26.07.22 | 20.08.22 | 16.09.22 | 13.10.22 | 10.11.22 | 7.12.22 |

Жакында Токтогул районунун Үч –Терек айылынын жашоочусу Нуралы Абдылдабеков КТРК телекананлынын Маданият майданы берүүсүнө катышып, бул суроолорго байланыштуу өзүнүн пикирин айтты.[5] Анын ою боюнча айлардын кыргызча аталыштары бийик тоолуу жайлоолордо байырлаган жапайы жаныбарлардын физиологиялык белгилерине жана жүрүм турумдарына байланыштырылат.

Түшүнүүгө ыңгайлуу болушу үчүн Тогуздун айынан баштайлы. 1969 жылга чейин Кыргызстандын тоолорунда Бугу жана Кулжа кездешкен. Бугуларда сентябрь айыйында куут жүрүп, баласын боюнда тогуз ай көтөрөт. Кулжаларда куут октябрь айында жүрүп, боюндагы баласын жети ай көтөрөт. Ал эми текелерде куут ноябрь айына туш келип, боюнда беш ай көтөрөт. Декабрь айында доңуздарда куут болуп, боюнда үч айдан ашуун көтөрөт. Январда түлкү куушуп, бир жарым ай ченинде тууйт экен. Феврал айында курандын (Бугунун эркеги) мүйүзү жок болуп, эркек же ургачы экенин билүү кыйын болгондуктан жалган куран деп аташкан. Март айында Курандын мүйүзү даана көрүнүп калгандыктан Чын куран дешкен. Апрелди Бугу деп аташканынын себеби бул айда ургачы бугулар токойдун ичинен чыкпайт экен. Куран болсо жырткычтарды азгыруу максатында ачык жерлерде жүро баштайт. Ал эми Май айын Кулжа, июнь айын Теке деп аташканынын себеда ушундай эле экен. Кулжа баласын жети ай боюнда көтөргөндүктөн май айында төлдөйт экен, эркеги ачык жерлерде жүрүп, жырткыч жаныбарларды адаштырат дейт. Июнда болсо Текелерде ушундай көрүнүш байкалат экен. Июль айы жайдын орто чени болгондуктар жайыттагы мал тоонун

башын көздөй жылып, анын артынан малчыларда тоонун баш тарабына ооп кеткен.Ошондуктан Июль аяк оона деп аталган болуш керек. Август айынын экинчи жарымында 3000 метр бийик жерлерде эрте менен суу тоңо баштайт. Жайыттагы мал сууктан качып ылдый көздөй жылат экен. Малчылар да тоонун этегин көздөй акырындап жылып жөнөйт. Ошондуктан Август айын аяк оона деп аташат. Август айынын 18-19 числолорунда таң аткан учурда чыгыштан Сумбула (Спика) жылдызы көрүнөт. Кыргызда «Сумбула чыкты суу тоңду» деген макал бар. Буга чейинки сунушталган көз караштарга салыштырмалуу Нуралы Абдылдабековдун варианты чындыкка дал келгендей болуп жатат.

Тогоол жыл откон сайын 10 кундон артка жылып, 3 жыл дегенде кайрадан ордуна жакындап келет. Башкача айтканда быйылкы 13 январдагы тогоол 2025-жылы 13-январда кайталанат. 2022 жылдын 13 январында тогоол болуп отту, Кийинки тогоолдор төмөнкү күндөргө дал келет: 9-февраль, 8 март, 5-апрель, 2-май, 29-май, 26-июнь, 23-июль, 20-август, 16-сентябрь, 13-октябрь, 10-ноябрь, 7-декабрь, 2023 жыл 3-январь. Болжол менен 27,5 суткада тогоол кайталанат. Демек тогоолдорду саноо менен түзүлгөн жылсанакты колдонуудагы григориан календарына салыштырууга болбойт. Себеби григориан календары Жердин Күндү айлануусуна негизделген, башкача айтканда, жыл сайын белгилүү убакытта Жердин орбитадагы абалы кайталанат. Ал эми Кыргыз жылсанагы Айдын өз орбитасындагы кыймылына негизделгендиктен жыл сайын Айдын жаңырышы жана тогоол он суткага артка жылып турат. Мусулмандардын жыл санагы ушул кубулушка негизделгендиктен, Орозо айт жана Курман айт сыяктуу мусулман майрамдары да жылдан жылга он күндөн артка жылып турат. Ушул себептен улуттук календарыбыз күнүмдүк турмушта колдонууда практикалык мааниге ээ болбой калган. Ошентсе да мектептерде жана башка окуу жайларда, газета - журналдарда айлардын жана күндөрдүн аталыштарынын кыргызча варианты дагы деле колдонулуп келет. Бирок, азырынча Айлардын кыргызча аталыштарынын маанисин толук түшүндүрүү мүмкүн болбой жатат. Буга бир нече себеп бар.

1.Айлардын аталыштары боюнча бирдиктүү пикирдин жоктугу.

2. Тогоол кубулушу толук изилденген эмес.

3. Аймактарда элдик календардын ар башка түрлөрүнүн колдонулгандыгы.

4. Маселе актуалдуу болсо да бул багытта атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлбөгөндүгү.

5. Элдик календардын турмуштагы маанилүүлүгүнүн бара бара төмөндөп бараткандыгы.

Ал эми улуттук календарь тарыхий жана маданий мурас катары адабияттарда жана чыгармаларда чагылдырыла берет. Ошондуктан жогорку окуу жайлардын тиешелүү кафедраларында атайын түзүлгөн программанын негизинде бул теманы изилдөөгө алуу зарыл. Айрыкча география, тарых, адабият багытындагы адистиктерди даярдоочу кафедралардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга болот.

Ал үчүн аймактарда жашаган студенттердин жардамы менен эл арасында сурамжылоо жүргүзүү ыңгайлуу. Сурамжылоону бардык курстардын студенттери жүргүзүшсө болот. Бийиктиги деңиз деңгээлинен 1500-2000 метр же андан жогору болгон айыл кыштактардын жашоочуларына сурамжылоо жүргүзүү максатка ылайыктуу болот. Анткени тоолуу аймактарда асман телолорун байкоо ыңгайлуу. Буга себеп атмосферанын таза болгондугу.

Изилдөөнүн жыйынтыгы так болушу үчүн сурамжылоого республиканын түрдүү региондорундагы ЖОЖдордун студенттерди катыштыруу зарыл. Сурамжылоодо берилүүчү суроолор негизинен эл арасындагы тарыхий жыл санак жана ошол жыл санакка байланыштуу болгон иш чаралар, үрп адаттар жана түшүнүктөр жөнүндө болуусу керек.

Алынган жыйынтыктар тарыхчылар, географтар, астрономдор, санжырачылар жана башка тиешелүү окумуштуулар жана адистер тобу тарабынан талкуудан өтүшү керек. Талкуунун натыйжасында белгилүү бир жыйынтыкка келип, ушул күнгө чейин талаш тартыш жаратып келе жаткан суроолорго жооп табуу зарыл.

**Колдонулган адабияттар;**

1. А.С.Куйчиев «Роль теллурия в изучении естественно-научных дисциплин» Известия ОшТУ .Стр.86-90. Ош-2018 г.
2. Калыбеков А. Кыргыз элинин асман кубулуштары жөнүндө билимдеринин жана жылсанагынын астрономиялык негиздери. Б. Рекламир.: 2018.
3. Жумаев Т. Кыргыз элинин улуттук календары.Б.: 2012.
4. Сейдеакматов К. Кыргыз элинин календардык түшүнүктөрү.Ф.: 1985.
5. Интернет булагы: ktrk.kg. Маданият майданы. Айлардын кыргызча аталышы. 13.04.2022 ж

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР

**УДК 502/504**

# БАЛДАРДЫН ФИЗИОЛОГИЯЛЫК ӨРЧҮҮСҮ МЕНЕН БИРГЕ ИНСАНДЫК КОМПОТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНУУСУ

Саматова Абиба Абдиламитовна - Баткен мамлекеттик университети,
Илим жана уюштуруу боюнча проректор, б.и.к.,
доценттин милдетин аткаруучу.
abiba.samatova.80@mail.ru 0757-755-037,
Бактыярова Сапаргүл Жолдошалиевна - Баткен шаары, Баткен мамлекеттик университети,
Гуманитардык – экономикалык факультети,
Табигый илимдер жана математика кафедрасынын окутуучу,
Моб тел: 0773-42-55-54 b.sapargul.88@mail.ru
Абдилазиз кызы Айназ - Баткен мамлекеттик университети, магистрант;

# ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ С УЧЕТОМ ФИЗИОЛОГИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ ДЕТЕЙ

Саматова Абиба Абдиламитовна - Баткенский государственный университет,
проректор по НО, и.о. доцент, abiba.samatova.80@mail.ru0757-755-037,
Бактиярова Сапаргуль Жолдошалиевна - Баткенский государственный университет,
преподаватель кафедры естественных наук и математики,
Телефон моба: 0773-42-55-54 b.sapargul.88@mail.ru
Абдилазиз кызы Айназ - Баткенский государственный университет, магистрант;

# FORMATION OF PERSONAL COMPETENCE WITH THE ACCOUNT OF PHYSIOLOGICAL DEVELOPMENT OF CHILDREN.

Samatova Abiba Abdilamitovna, Batken State University, Vice-Rector for Science and Organization, associate professor abiba.samatova.80@mail.ru 0757-755-037,
Baktiyarova Sapargul Zholdoshalievna G. Batken, Batken State University,
Lecturer of the Department of Natural Sciences and Mathematics,
Mobile phone: 0773-42-55-54 b.sapargul.88@mail.ru
Abdilaziz kyzy Ainaz , Batken Shaary, Batken Mamlekettik University, Magstrant.

**Аннотация**

Бул макалада балдардын физиологиялык өсүп өрчүүсү, баланын динамикалык өсүү процесси, баланын биологиялык жетилиши, өсүп жаткан организмдин физиологиялык өсүп өрчүүсү менен инсандык компотентүүлүгүн туура калыптандыруусу, физиологияалык өсүп өрчүүсүндөгү олуттуу бузуулар, балдардын жана өспүрүмдөрдүн физиологияалык өсүп өрчүүсүнүн көрсөткүчтөрүнүн аймактык абалына экологиялык-гигиеналык баа берүү, социалдык факторлордун таасирин талдоо, тарбиялоо, окутуу, эс алуу жана эс алуусун уюштуруу, ошондой эле балдардын жана өспүрүмдөрдүн эмгектик активдуулугү, жетилүү процесси, биологиялык мамиле, социологиялык багыттар, психомотордук жүрүм-турум, баланын өсүп өрчүүсүнүн ишенимдүү жана индикативдик көрсөткүчү, балдарда жаңы билимди калыптандыруу, аларды турмушта колдоно алуу, ошондой эле өз алдынча иш жүргүзүү тажрыйбасын жана балдардын жеке жоопкерчилигин, башкача айтканда заманбап негизги компетенциялар менен бирге калыптандыруу каралган.

**Ачкыч ссөздөр:** Балдар, өспүрүм, физиологиялык өнүгүү, инсан, компотенттүүлүк, жетилүү процесси, социологиялык, психомотордук, компотенция.

**Аннотация**

В данной статье описано физиологическое развитие детей, динамический процесс роста ребенка, биологическое развитие ребенка, правильное формирование личностной компетентности с учетом физиологического развития растущего организма, значительные нарушения физиологического развития, эколого-гигиеническая оценка регионального состояния показателей физиологического развития детей и подростков, анализ влияния социальных факторов, воспитания, обучения, организации отдыха и досуга, а также трудовой деятельности детей и подростков, процесс взросления, биологические подходы, социологические тенденции, психомоторное поведение, достоверные и показательные показатели развития ребенка, формирование у детей новых знаний, умение их применять в жизни, формирование системы знаний и умений, а также опыт самостоятельной работы и личной ответственности ребенка. детей, т.е. обеспечиваются современные основные компетенции.

**Ключевые слова:** Дети, подростки, физиологическое развитие, личность, компетентность, процесс взросления, социологическая, психомоторная, компетентность.

**Annotation**

This article describes the physiological development of children, the child's dynamic growth process, the biological maturity of the child is the proper formation of personal computer compatibility with the physiological development of the growing organism, significant irregularities in physiology, environmental and hygienic assessment of the territorial state of physiology development, analysis, upbringing, training, recreation, recreation of social factors, as well as the process of mature, biological treatment of children and adolescents, sortational directive, psychombromic behavior, reliable and informational indicators, development of new knowledge, and the development of children, self-employment, and personal responsibility, and the basic accountability of children, in other words, provided.

**Keywords:** Children, adolescence, physiological development, personality, competence, maturation process, sociological, psychomotor, competence.

Балдардын физиологиялык өсүп өрчүүсү деп – баланын динамикалык өсүү процесси (дене узундугунун жана салмагынын өсүшү, оргaндардын жана дене системаларынын өнүгүшү) жана баланын биологиялык жетилиши аталат. Балдардын өнүгүү темпинин параметрлери олуттуу түрдө ар кандай болушу мүмкүн. Баланын физиологиялык өсүп өрчүүсүнүн негизги баалоосу баланын дене салмагын, боюн өлчөө жана бул көрсөткүчтөрдү ченемдик көрсөткүчтөр менен салыштыруудан турат [1].

Өсүп жаткан организмдин физиологиялык өсүп өрчүүсү менен инсандык компотентүүлүгүн туура калыптандыруу азыркы замандын талабы болуп калды. Себеби бул эки талап куштун эки канатындай эле баланын өсүп өрчүүсүнө керек болууда. Баланын физиологиялык өсүп өрчүүсүндөгү олуттуу бузуулар, оорунун болуу ыктымалдыгы ошончолук жогору. Физиологиялык өсүп өрчүү көптөгөн факторлорго көз каранды: тукум куучулук, климат, тамактануу адаттары, деңгээл үй-бүлөнүн материалдык жактан камсыз болушунан ошондой эле гигиеналык режимдин туура сакталышынан болот. Азыркы учурда балдардын жана өспүрүмдөрдүн физиологиялык өсүп өрчүүсүнүн көрсөткүчтөрүнүн аймактык абалына экологиялык-гигиеналык баа берүү, социалдык факторлордун таасирин талдоо, тарбиялоо, окутуу, эс алуу жана эс алуусун уюштуруу, ошондой эле балдардын жана өспүрүмдөрдүн эмгектик активдүүлүгү кирет.

Өспүрүмдөрдүн физиологиялык өсүп өрчүүсүндө биологиялык, генетикалык планга ылайык өнүгүү процесси жөнүндө сөз кылууда, жетилүү термини колдонулат. Жетилүү процесси организмдин сырткы көрүнүшүндө гана эмес, анын татаалдыгында, интеграциясында, уюшулуусунда, инсандык компотентүүлүгүнүн калыптануусун жана иштешинде да алдын ала программаланган өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугунан турат.

Баланын жетилүүсү ар кандай темпте жүрөт. Жетилүү процесси баланын генинен, чөйрөсүнөн, тарбиясынын жана баланын жекече активдүүлүгүнөн көз каранды. Ар бир орган же жөндөмүнүн оптималдуу жетилүү чекити бар. Өсүү термини, эреже катары, бүтүндөй органдын же организмдин өлчөмүнүн, функционалдуулугунун жана татаалдыгынын оптималдуу жетилгендикке чейин өсүшүн көрсөтөт. Курчап турган чөйрөнүн таасири убактылуу же туруктуу болушу мүмкүн. Курчап турган чөйрөнүн таасири өнүгүү процессин кечеңдетип же стимулдаштырат [2].

Айлана-чөйрө баланын өсүп өрчүүсүнө окуу жана социалдаштыруу процесстери аркылуу таасир этет. Окуу - бул айлана-чөйрөнүн жүрүм-турумдун туруктуу өзгөрүшүнө түрткү берүүчү негизги процесс. Бул жеке тажрыйбага ээ болуу же кандайдыр бир катар көнүгүүлөрдү аткаруунун натыйжасында пайда болот. Психологияда биздин жүрүм-турумубуз канчалык деңгээлде жетилүү менен, ал эми канчалык деңгээлде – үйрөнүү менен аныкталат, адамдын өсүп өрчүүсүндө ички жана тышкы факторлордун ролу жана катышы кандай экендиги боюнча бир нече көз караштар бар:

1. Биологиялык мамиле - Адамдын бардык психикалык өзгөчөлүктөрү тубаса болот. Ал эми психикалык өнүгүү - бул тукум куума биологиялык түзүлүштөрдүн акырындык менен микроскопиялык жайылуусу, жетилиши;

2. Социологиялык багыт - психикалык сапаттар, адамга мүнөздүү көрүнүш тышкы шарттардын таасири астында пайда болот (Дж. Локктун «табула раса» теориясы). Коомдук чөйрө психикалык өсүп өрчүүнүн негизги фактору болуп эсептелет.

Бул эки багыт адамды пассивдүү обьект катары караган өсүп өрчүүнүн механикалык концепциясынан келип чыгат. Факторлордун бирине гана көз каранды болгон бир дагы психикалык сапат жок. Баланын өсүп өрчүүсү тышкы жана ички шарттардын биримдиги менен аныкталат. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн физиологиялык өсүп өрчүүсүнө жана аны менен бирге инсандык компотентүүлүгүнүн сапаттык көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү - ар кандай балдар мекемесиндеги педагогдун жана дарыгердин иштеринин ажырагыс бөлүгү. Балдардын физиологиялык өрчүүсү менен бирге инсандык компотенттүүлүгүнүн калыптануусун үйрөнүүнүн натыйжасында биз негизги белгиге көңул буруубуз керек: физиологиялык өсүп өрчүүнүн көрсөткүчтөрү, балдардын жана өспүрүмдөрдүн физиологиялык өсүп өрчүүсүнө баа берүүнүн изилдөө ыкмалары жана методдору, балдардын жана өспүрүмдөрдүн физиометриялык изилдөөлөрүн жүргүзүү, инсандын физиологиялык өсүп өрчүүсүнө ар кандай ыкмалар менен тактап айтканда инсандык компотентүүлүгүнүн калыптануусуна жогору баа берүү жана корутундуларды, сунуштарды берүү, айлана-чөйрөгө таасир этүүчү жагымсыз факторлорду аныктоо ж.б..

Баласына стихиялуу эмес, аң-сезимдүү билим берүүнү каалаган болочок ата-энелер, баланын тарбиясын өзүн-өзү анализдөө менен, жеке инсандык өзгөчөлүктөрүн талдоо менен башташы керек. Балдарга тарбия берүүдө үй-бүлөлүк абал да чоң таасирин тийгизет. Мисалы кичине, муктажлдыктары чечилген үй-бүлө жана чоң муктаждыктары чечилбеген үй-бүлө. Бала физио-психологиялык жактан толук кандуу өнүгүшү үчүн ар бир бала эркин кыймылдай алган руханий мейкиндикти талап кылат [3]. Баланын өсүп өнүгүүсүнө, интелектуалдык жетилүүсүнө ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле таасирин тийгизет. Ата эне менен баланын туура мамилеси балдардын билим алуусуна өзүн-өзү сыйлоосуна, мектеп тапшырмаларын аткарууга, таанып билүү көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө жана жүрүм-турумуна оң таасирберип, ошондой эле балага канчалык жогорку деңгээлде мээрим-сүйүү берилсе ал бала турмушта сынбайт [4].

Психомотордук жүрүм-турум баланын өсүп өрчүүсүнүн маанилүү аспектиси болуп саналат, анткени ал жашоонун белгилүү бир мезгилдеринде баланын нерв системасынын ар кандай бөлүктөрүнүн калыптанышын чагылдырат. Баланын өсүп өрчүүсүнүн ишенимдүү жана индикативдик көрсөткүчү болуп кыймыл көндүмдөрүнүн жетишүүсү, сүйлөө жана угууну өнүктүрүү саналат. Ден соолуктун абалына баа берүү үчүн, баланын өсүп өрчүүсүндөгү четтөөлөр мүнөзүн аныктоо жана аларды оңдоо боюнча чечимдерди кабыл алууда өнүгүүгө мониторинг жүргүзүү жана баалоо зарыл. Баланын өсүп өрчүүсүнү баалоо - бул физиологиялык өсүп өрчүүсү, анын психикалык жана социалдык өсүп өрчүүсү бааланган эң маанилүү аспектилердин бири. Балдардын жаңы билимдердин, көндүмдөрдүн системасын кабыл алуусун, аларды турмушта колдоно билүүсүн, ошондой эле өз алдынча иш жүргүзүү тажрыйбасын жана балдардын жеке жоопкерчилигин, башкача айтканда заманбап негизги компетенциялары менен бирге калыптандыруу керек. Бала - бул ата-эненин эң жогорку деңгээлдеги жаратуусу. Ошондуктан бул жаратууну чыгармачылык процесс катары кабыл алуусу керек. Эгерде ата-эненин өзүндө андай түшүнүк жок болсо, анда кайдан билмек. Ата-эне бала үчүн негизги аалам, ал эми ата-эне анын ичинде күн жана ай сыяктуу. Ар бир бала бир азга болсо дагы ошо ааламда өзүнү ааламдын борбору катары сезгенде, бала өзүн-ишенимдүү болуп чоңойот. Бала ата-ененин көз карашынан, мамлесинен өзүнүн баркын сезет. Бала генетикалык эс тутумга мүнөздүү болгон ата-эне стандартына дал келе турган ата-эненин идеалдаштырылган образына муктаж болушат [5].

Компетенттүүлүк – бул билим менен көндүмдөрдүн жыйындысы, ар кандай иш-аракетти ишке ашырууга балдардын даяр экендигин билдирүү менен бул көйгөйлүү кырдаалдарда үйрөнүү аркылуу алынган билимге, тажрыйбага, баалуулуктарга, ыктарга негизделген жалпы жөндөмдүүлүк. Компетенттүүлүк – сөздүн кеңири маанисинде билим берүүнүн натыйжасы. Компетенттүүлүктөрдү мүнөздөөдө негизги сөздөр болуп изденүү, ойлонуу, кызматташуу, ишке киришүү, адаптациялоо деген сөздөр саналат. Эгерде билим берүү системасына карата компетенциялардын мүнөздөмөлөрүндөгү негизги сөздөрдү чечмелеп көрсөк, анда ал төмөнкүдөй болот:

издөө: айлана-чөйрөнү суракка алуу;
мугалим менен кеңеш маалымат алуу;
ойлонуп көр;
өткөн жана азыркы окуялардын ортосундагы байланыштарды түзүү;
тигил же бул билдирүүгө, сунушка сын көз менен кароо;
белгисиздикке жана татаалдыкка туруштук бере алуу;
талкууларда позицияны кармануу жана өз пикирин иштеп чыгуу;
ден соолук, ошондой эле айлана-чөйрө менен байланышкан коомдук адаттарды баалоо;
искусство жана адабият чыгармаларына баа берүү; кооперациялануу;
топко иштей билүү;
чечимдерди кабыл алуу;
келишпестиктерди жана чыр-чатактарды чечүү;
өзүнө жүктөлгөн милдеттерди иштеп чыгуу жана аткаруу;
ишке киришүү;
топко же командага кошулуп, салым кошуу;
тилектештик көрсөтүү;
өз ишин уюштуруу;
эсептөө жана моделдөө приборлорун колдонуу;
адаптациялануу;

жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу; кыйынчылыкка туруштук берүү;
жаңы чечимдерди табуу.
Бул позицияларды эске алуу менен негизги компетенциялардын төмөнкү топтору аныкталат:

**Нарктык-семантикалык компетенциялар.**

Бул балдардын баалуулук багыттарына, анын айланадагы дүйнөнү көрүү жана түшүнүү жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу компетенциялар, анда навигациялоо, алардын ролун жана максатын билүү, өз иш-аракеттери жана иштери үчүн максаттуу жана семантикалык орнотууларды тандап алуу, чечим кабыл алуу.

**Жалпы маданий жана социалдык компетенциялар.**

Улуттук жана жалпы адамзаттык маданият чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн билими жана тажрыйбасы; адамдын жана адамзаттын, айрым элдердин турмушунун рухий-нравалык негиздери; маданий негиздер, уй-булөлук, коомдук, коомдук кубулуштар жана салттар.

**Билим берүү жана когнитивдик компетенциялар.**

Бул балдардын өз алдынча когнитивдик ишмердүүлүк жаатындагы компетенцияларынын жыйындысы, анын ичинде логикалык, методикалык, жалпы тарбиялык иштер. Бул максат коюуну, пландаштырууну, талдоону, ой жүгүртүүнү, өзүн-өзү баалоону уюштуруу жолдорун камтыйт.

**Маалыматтык компетенциялар.**

Окуу предметтеринде жана билим берүү чөйрөлөрүндө, ошондой эле курчап турган дүйнөдөгү маалыматка карата активдүүлүк көндүмдөрү. Заманбап маалымат каражаттарын билүү. Керектүү маалыматты издөө, талдоо жана тандоо, аны трансформациялоо, сактоо жана берүү.

**Коммуникация компетенциялары.**

- Тилдерди билүү, курчап турган жана алыскы окуялар жана адамдар менен өз ара аракеттенүү ыкмалары;
- командада иштөө көндүмдөрү, ар кандай социалдык ролдорго ээ болуу. Балдар өзүн тааныштыруу, кат, анкета, арыз жазуу, суроо берүү, талкуу жүргүзүү ж.б.;
- жеке өзүн-өзү өркүндөтүү компетенциялары физиологиялык, руханий жана интеллектуалдык өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жолдорун өздөштүрүү, эмоционалдык өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү колдоо [7].

Дал ушул бардык компотенттердин өз ара байланышы баланын инсандык жагымдуу өнүгүшүнө шарт түзөт. Изилдөөбүздүн жардамы менен балдардын канчалык деңгээлде инсандык компоненттерди алуу менен тарбияланганын аныктаганыбызда. Төмөндөгүдөй жыйынтык берди. Анкета 5 суроодон турган, суроолору инсанга таасир этүүчү бардык компотенттер камтылып, тандалган. Анкетанын жыйынтыгында 15% балдар канааттандырарлык деңгээлде инсандык касиетин калыптандырган тарбияны алышкан.

Балдардын физиологиялык өрчүүсү менен инсандык компетенттүүлүгүн толук кандуу калыптандыруу жана аны баалоо: алардын ата-энелеринин,үй-бүлөлүк дарыгерлердин, мугалимдердин жана билим берүү мекемесинин психологиялык кызматында иш алып баргандардын тыгыз кызматташуусунун шарттарында ишке ашырылууга тийиш. Эгерде тарбиялык иш-аракетте компетенттүүлүк калыптанбаса, баланын өзүн-өзү сыйлоо сезими төмөндөп, өзүнөн төмөн болуу сезими пайда болот.

Жыйынтыгында балдардын физиологиялык өрчүүсү толук өсүп өнүккөндө гана инсандык компотенттүүлүгүнүн калыптануусу толук кандуу жүрөт. Аны ишке ашыруу үчүн ата-энелер, тарбиячылыр, мугалимдер толугу менен ишке киришүүсү шарт.

Адабияттар:

1. Михеева Е.В.Физическое развитие детей дошкольного возраста;
2. Н. Н. Кожухова, Л. А. Рыжкова, М. М. Борисова Методика физического воспитания и развития ребенка;
3. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Жороева Р. Балдарды тарбиялоодогу ата-энелерден кетирилүүчү каталар, Наука новые технологии и инновации кыргызстана 2021-ж., №8;
4. Саматова А.А., Кошматова Ж.Ж., Жаныкулова Г.Р. Баланын өсүп-өнүгүүсүндөгү биогенетикалык факторлордун таасири, Известие вузов Кыргызстана 2021-ж., №3;
5. Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзаева А.К. Баланын өсүп өнүгүүсүнө ата-энелердин салымы, Известие вузов Кыргызстана 2021-ж., №3;
6. Саматова А.А., Чоров М.Ж. Мурзаева А.К. Балдардын өсүп өрчүүсүнө үй-бүлөлүк билимдин таасири, Наука новые технологии и инновации кыргызстана 2021-ж., №8;
7. Соколова, Н.А. Компетентностный подход и проблемы социальнопедагогической поддержки ребенка / Н.А. Соколова // Личностно развивающее профессиональное образование: материалы V международной науч.-практ. конф.– Екатерин-бург: Изд-во РГППУ, 2005. – Ч. III. – С. 42–44.

**УДК 30.303(7)**

## THE IMPORTANCE OF THE CLUSTER APPROACH TO THE CREATION OF A MOTIVATIONAL AND METHODOLOGICAL TEACHING SYSTEM

Sirojiddinova Iroda Mahammadovna –
Associate Professor of "Department of Humanities"
Andijan Machine-Building Instituti
тел: +998 91 605 89 99
*E-mail:* siroziddinovairoda@gmail.com

## ВАЖНОСТЬ КЛАСТЕРНОГО ПОДХОДА К СОЗДАНИЮ МОТИВАЦИОННО-МЕТОДИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ ПРЕПОДАВАНИЯ

Сирожиддинова Ирода Махаммадовна-
доцент кафедры “Гуманитарных наук”
Андижанского машиностроительного института

**Abstract**

The article discusses innovations in the creation of a motivational and methodological teaching system based on the cluster approach, the work carried out on its problems, results, priority tasks of quality management of the educational process.

**Keywords:** cluster, pedagogical diagnostics, competence, potential, engineer, technology.

**Аннотация**

В статье рассматриваются инновации в создании мотивационно-методической системы преподавания на основе кластерного подхода, проводимая работа по ее проблемам, результаты, первоочередные задачи управления качеством образовательного процесса.

**Ключевые слова**: кластер, педагогическая диагностика, компетентность, потенциал, инженер, технология

**Introduction.** The project activity of a teacher as an innovative component of an educational institution can be considered as an indicator of the productivity of any hierarchical category of educational systems (educational, pedagogical, didactic, methodical). Analysis of research in the field of pedagogy and management, as well as experimental work on the technological equipment of the educational process, it is necessary that any project describes all pedagogical activities in certain circles in an expanded incoming mode, and also comes in line with the requirements for strategic and tactical tasks, analysis of the external environment and internal conditions, planning and development any activity of the project can be represented as the sum of four types of actions: organizational,

executive, control and reforming.

Organizational work is the final or step-by-step measures to solve this problem. In many cases, organizational work can serve as a unit of measurement of the result. The work directly related to problem solving is organizational work. The final analysis of the task and summing up the results can be attributed to the spectrum of organizational work. Organizational work is provided by other additional work – executive work. These are activities aimed at preparing organizational work.

In order to effectively manage the programs for the implementation of tactical tasks, it is necessary to carry out Control (control work) and two-way communication. Control is constant, prompt, objective, covering the entire process, it should be inexpensive.

When monitoring, the teacher should not only identify shortcomings, but also focus on achievements and keep his conclusions to himself. Noting the shortcomings, the teacher needs to make sure that he agrees with his conclusions (the conclusions are correct) and understands how the situation can be corrected. The control process consists in setting standards, measuring the results achieved in practice.

The dissemination of information plays a key role in ensuring effective control. Firstly, it explains the essence of the news to students, and secondly, it turns the learning process into an open process. This ensures effective communication between management and performers. The main goal of control is to achieve a state in which the process of managing the educational process really forces all its participants to follow the plan. The meaning-content of the reform is to understand the causes of deviations and achieve a return to the correct style of the system.

Control is the most basic element of the management process. Neither planning, nor the creation of organizational structures, nor motivation can be studied separately from control. There are three main types of control: initial, current and final. In the form of implementation, all control methods are similar, since the goal is the same: to ensure that the results obtained are as close as possible to the required ones. They differ only in the time of implementation.

Without information about how the programs are progressing, it is impossible to successfully solve the tasks facing them. The term "two-way communication", which has a special history of origin, derived from this technique, is used today to describe human behavior. For those who carry out "two-way communication", it is important to observe the course of events when making decisions about when and how reforms are needed so that two-way communication turns out to be useful and non-destructive.

In the theory of pedagogical technologies, project activity is considered as an innovative type of professional competence of a modern teacher, and in the conditions of the state educational standard, this activity becomes a qualitatively new form of organization of the educational process.

The global goal – the training of a professional specialist - requires the development of an individual trajectory of professional development for each student in all semesters. The importance of meaning and content for the professional development of a separate semester is noted for pedagogical purposes, and their number corresponds to the number of semesters. Within the framework of one semester, an integral system of sequential micro-goals will be built for each individual academic course, corresponding to the state educational standard.

## LITERATURE REVIEW

Today, in the interpretation of a five-component (purpose, content, method, forms and means) methodological system of education for us from an ideological and technological point of view, the following are the most basic: firstly, a change in a one-component leads to a varying degree of change in all other components after a while; and, secondly, in pedagogy, the nature of; thirdly, from the postulates presented earlier, it is clear that replacing the traditionally incomprehensible interpretation of the category of teaching methods in pedagogy, in our opinion,

with the category of teaching technology, will lead to a change in both each of the remaining components and the methodological system of teaching as a whole.

According to the scientist V.M. Monakhov, the main element of any methodical training system is the factor of system management, and without it the system simply cannot follow. The control element of the methodological system allows solving its methodological problems, as well as determining the technology for solving these problems. If the purpose and results of training practically coincide with each other, then it can be argued that the methodological system of training is effective [1].

Didactics scientists focus their attention on various aspects of the concept of "method". I.F. Kharlamov highlights the educational work of the teacher. Scientists such as Y.K. Babansky and V.A.Slastenin emphasize the interaction of teaching and learning. N.V. Savin and P.I.Pidgasti, I.D. Zverev-emphasis on equality of all participants in the educational process. Scientist T.A. Ilyina believes that teaching and reading are just a tool in education. S.A. Smirnov takes into account new computer technologies and considers the student to be the main one when organizing educational activities (activity, focus of attention). V.M.Monakhov and T.K. Smykovskaya note the ways of organizing educational material.

## RESULTS

Quality control, carried out by monitoring the entire educational process and various levels of its organization, as its separate structural micro-goals, is the main condition for training a highly qualified specialist who meets all the requirements for specialists in engineering and pedagogical profile.

The following are the main tasks of quality management of the educational process:

- introduction of the principle of multi-stage (multi-stage), on the basis of which educational programs are created within the framework of vocational education and new models of education based on the continuity and interrelation of state educational standards at different levels: primary, secondary and higher;
- modernization of the practice of assessing students' knowledge and the creation of control and measuring materials for a comprehensive diagnosis of a person, her level of education and qualifications;
- optimization of the planning of the educational process, providing it with appropriate resources and highly qualified personnel. [2].

Only such an integrated approach can lead to the normal functioning of a professional educational institution and, as a result, to the training of professionally trained specialists adapted to the difficult conditions of their work.

Psychological and didactic tests should be distinguished. They are based on a statistical method of information processing based on the principle of representation. The peculiarities of the principle of standardization of materials of psychological and pedagogical expertise allow analyzing the qualification aspects of various measuring instruments. When conducting sociological research, the methodology of comparing test results with the standard is universal.

The principles of invariance and discreteness of educational qualimetry provide the possibility of pedagogical measurements aimed at the standard of quality. It should be noted that the proximity of diagnostic and qualimetric technologies does not mean that they cannot be separated from each other. Diagnostic techniques can be implemented without high-quality processing of the data obtained.[3]. At the same time, qualimetric methods are often used for diagnostic purposes, for example, during the final certification of students. Therefore, qualimetric technologies should be considered as an independent direction of scientific research.

## DISCUSSION

The practice of using psychological methods is directly related to mathematical statistics, which allows you to determine the state of the individual result of the test participant in relation to the normal distribution of representation data. It is with the help of this method that a person's ability to navigate in a certain cultural environment and achieve success is measured. Consequently, it can be argued that psychological tests are based on the principle of standardization in comparison with the normal statistical distribution. But do they pass the principle of standardization in relation to a certain standard of quality?

The results of psychological tests can be considered as oriented to the social standard of quality, since the personal characteristics of an individual allow him to adapt in society and, thus, provide an appropriate level of quality of life. Indeed, there is a certain socio-psychological personality pattern characterized by intelligence (intelligence, intelligence), which is an integral indicator of personal characteristics. If we are talking about the study of the living conditions of a student in the family, the ability to find a common language with peers, the attitude of teachers to him, etc., then each of these factors affects the reference integral indicator of the level of socialization of an individual. In any psychological study, there is an implicit qualimetric component associated with the need for a meaningful assessment of measurement results. This implies a comparison of the characteristics of the object under study with a socio-psychological standard that has a universal character when conducting sociological research.

The principle of quantum standardization requires performing the same operations as when comparing two statistical distributions. It is necessary to compare the position of the medians and determine the magnitude of the difference between them. If this difference is not more than 0.05, the quality indicator is considered to be achieved. But if the difference in medians turns out to be greater than the established norm, then the state of the system under study is not perfect from a qualimetric point of view.

If we take the state educational standard for this specialty as a standard, then motivational tasks or standardized didactic tests can act as samples of educational and cognitive activity, allowing for accurate pedagogical measurements and establishing the level of compliance with the quality standard. Therefore, it is necessary to include in the diagnostic support of the educational process normative tests of entrance, intermediate and final control, which allow monitoring of training sessions, and criteria tests that help to assess the achievements of students in the "credit-not credit" system for each structural element of the curriculum.

When conducting diagnostic principles, it is necessary to use the structures of the curriculum as a meaningful basis for the development of test tasks of varying degrees of complexity (simple, moderately complex and complex). At the same time, it is important not to replace the concepts of ” complexity “ and ” complexity " with each other. If the complexity is expressed in the percentage of test participants who completed the test task correctly, the complexity can be quantified by the number of logical operations that need to be performed during the task. Usually, for a simple test task, processing of the studied material or performing one logical operation is suitable, for a task of medium complexity-two or three, for a task of a difficulty level–three or four. However, the initial complexity of the test tasks can be established only as a result of their approbation in the selected group.

The complex of tasks of the test form, covering the issues of general professional and special disciplines, is in world practice the only effective means of assessing the quality of professional training of a specialist. In the process of certification of the specialty of an engineer-teacher, particularly strict requirements are imposed on professional qualifications, work experience, education level and personal qualities of an engineer. Therefore, teachers of vocational

education institutions conduct an expert assessment of curricula and create their own diagnostic materials for conducting criteria-based, normative testing of students.

When comparing the method of determining the level of assimilation of program material by students using tasks of varying complexity and the use of pedagogical measurement tools, preference should be given to a more accurate and technologically advanced method. Allows you to identify the integral personal characteristics of a person participating in a standardized didactic test with constructive properties. [4].

Consequently, the productivity of any pedagogical object, in particular the methodological system of teaching, will depend on the technological effectiveness of the teacher's project activity. Using the methodology of project activity, it is possible to begin the study of a much more general object of research with a consistent and consistent disclosure of the content of the subject of interest to us. By choosing the pedagogical system as an object, we were able to reveal the essence of the methodological system of teaching and equip it instrumentally.

## CONCLUSION

In conclusion, the cluster method, which is considered the basis for the design of pedagogical facilities, allows you to create a positively functioning quality management system using the capabilities of the staff of an educational institution. The possibility of reforming the configurations of the working area of the project activity of the educational process in the educational space using successive approximations is the main achievement of the cluster method.

## List of used literature:

1. Монахов В.М. Введение в теорию педагогических технологий: Монография. М., 2006. 542 с.
2. С.И. Магомедовна. Spectrum Journal of Innovation, Reforms and Development . Improving the professional training of future engineers based on the cluster approach Германия-Берлин. 2022/5/2- С.45-48
3. Михайлычев Е.А. Дидактическая тестология. М., 2001. 432 с.
4. Аванесов В.С. Композиция тестовых заданий. М., 2002. 240 с.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГАЭЛЕМЕНТАРДЫК МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ

Абдывасиева Зырапа, п.и.к., доцент,
Мадалиева С., ага окутуучу,
Ормотоева А.
Пиратова А.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
Ош шаары, Кыргыз Республикасы

# АКТУАЛЬНОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ЭЛЕМЕНТАРНЫХ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ПРЕДСТАВЛЕНИЙ У ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

Абдывасиева Зырапа, к.п.н., доцент,
Мадалиева С., ст. преподаватель,
Ормотоева А.
Пиратова А.
Ошский государственный педагогический университет,
г. Ош, Кыргызская Республика

# THE IMPORTANCE OF THE FORMING ELEMENTARY MATHEMATICAL CONCEPTS FOR PRE-SCHOOL CHILDREN

Abdyvasieva Zyrapa, Ph.D., Assoc.,
Madalieva S., senior teacher,
Ormotoeva A.
PiratovaA.
Osh State Pedagogical University,
Osh city, Kyrgyz Republic

Аннотация

Бул макалада мектепке чейинки курактагы балдарга элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун максаты, мааниси, чыныгы инсандык сапатка ээ болуусу көрсөтүлдү. Тарбиялануучуларга ар кандай билим берүүчү ишмердүүлүктөрдү жүргүзүү менен бирдикте элементардык математикалык түшүнүктөрдүн калыптануусу көрсөтүлдү жана ага карата мисалдар келтирилди. Ошондой эле, мектепке чейинки куракта математикалык билим берүүдөгү окуу программасынын мазмуну балдардын ар тараптуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана баланын эмоционалдык, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн, таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүдүүлүгү, өзүн-өзү өнүктүрүүсүн стимулдаштыруу жана колдоо үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө, өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн көрсөтүүгө багытталгандыгы белгиленди.

**Түйүндүү сөздөр:** математика, элементардык математикалык түшүнүктөр, максат, таанып билүү, жомок, макал, табышмак.

**Аннотация**

В данной статье показаны цель, значение и важность формирования у детей дошкольного возраста элементарных математических понятий (ЭМП), приобретения реальных качеств личности. Учащимся было показано формирование элементарных математических понятий путем проведения различных учебных мероприятий и приведены примеры. Также содержание учебной программы по математическому образованию в дошкольном возрасте направлено на развитие всесторонних способностей детей и создание оптимальных условий для стимулирования и поддержки эмоционального, нравственного и интеллектуального развития ребенка, познавательных и творческих способностей, саморазвития, самостоятельности, инициативы. Отмечено, что оно направлено на показ.

**Ключевые слова:** математика, элементарные математические понятия, цель, познание, сказка, пословица, загадка.

**Abstract**

In this article, the purpose, meaning and importance of forming elementary mathematical concepts for children of preschool age, and the acquisition of real personality qualities have been shown. Students were shown the formation of elementary mathematical concepts by carrying out various educational activities and examples were given. Also, the content of the curriculum in mathematics education at the preschool age is aimed at developing children's comprehensive abilities and creating optimal conditions for stimulating and supporting the child's emotional, moral and intellectual development, cognitive and creative abilities, self-development, independence, initiative. It was noted that it was aimed at showing.

**Key words:** mathematics, elementary mathematical concepts, purpose, cognition, fairy tale, proverb, puzzle.

ЭМТК программалык талаптаргы ылайык каралган билим берүү, өздөштүрүү жолдору жана ыкмаларына багытталган акыл ишмердүүлүгүнүн максаттуу жана уюшумдуу процесси. Анын негизги максаты - балдарды ар тараптан өстүрүү жана аларды мектепке математикалык билимге ээ болуусун камсыздоо. Мектепке чейинки билим берүүдөгү математикалык билим берүүдөгү окуу программасынын мазмуну балдардын ар тараптуу

жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана баланын эмоционалдык, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн, таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүдүүлүгү, өзүн-өзү өнүктүрүүсүн стимулдаштыруу жана колдоо үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө, өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн көрсөтүүгө багытталган.

Мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык өнүгүүсү деп балдардын когнитивдик активдүүлүгүндө ЭМТК жана ага байланыштуу логикалык операциялардын натыйжасында пайда болгон жылыштарды жана өзгөрүүлөрдү түшүнүү керек. Ошону менен бирге, ЭМТКнын максаты мектепке чейинки математикалык билим берүү гана эмес, программада белгиленгендей, балдардын идеяларын өнүктүрүү, шык-жөндөмдүүлүктөрүн өздөштүрүү жана аларды өнүктүрүүнүн каражаты да болуп саналат. Ал эми тарбиячынын негизги милдети мисалга, балдарды жаңы түшүнүктөр болгон саноого гана үйрөтүү менен чектелбестен эмоционалдык жана интеллектуалдык чөйрөгө түрткү боло турган тыянактарды чыгарууга, ойлонууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү болуп саналат.

Демек, математика – бул баланын интеллектуалдык өнүгүүсү жана анын таанып билүү, чыгармачылык мүмкүнчүлүгү үчүн чоң өбөлгө түзүүчү фактор. Чындыгын алганда “Математика бардык илимдердин ачкычы жана эшиги” (Галилео Галилей).

Баланын абстрактуу ойлоо, тыянак чыгаруу, талдоо жөндөмдүүлүктөрү бала кезинде узак убакытта калыптанат, бирок бул процессте алардын мектепке чейинки курагы чоң мааниге ээ. Мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык ойлоосун өнүктүрүүдө сандар жана цифралар менен тааныштыруу, ооз эки көндүмдөрүн калыптандыруу, эң жөнөкөй математикалык маселелерди чыгаруу, ар кандай чоңдуктарды өлчөөгө көп көңүл бөлүнөт жана алар менен балдар мектепке даярдалат.

Тарбиялануучуларга элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу илимий билим берүүчүлүк ишмердүүлүктө гана жүргүзүлбөстөн, оюн түрүндө, балдардын күнүмдүк жашоосунда: сейилдөөдө, группада кезекке турууда, оюндарда (дидактикалык, кыймылдуу, сюжеттүү - ролдук) ишке ашат. Ал эми педагогдун милдети тарбиялануучуларга илимий билим берүүчүлүк ишмердүүлүктө алган билимдери күнүмдүк турмушта колдонушаарын түшүндүрүүсүндө турат.

Мектепке чейинки билим берүүдөгү негизги өзгөчөлүк тапшырмалардын оюн түрүндө берилишинде.

Оюн – мектепке чейинки курактагы балдардын ишмердүүлүгүнүн негизги түрү жана алардын абдан ачык жана жаркын эскерүүлөрүнүн бири. Оюн – бул балдардын жашосунун түсү, ал аркылуу балдар табигый түрдө өнүгөт, ал баланын психикалык өсүүсүнө көп тараптуу таасир этет. Андан балдар жаңы билимдерге, ык – машыгуларга жана көндүмдөргө ээ болушат. Оюнда гана балдардын карым - катнашынын эрежелери өздөштүрүлөт. Баланын адептик жана эрктик өсүүсүнө оюнсуз толук жетишүүгө мүмкүн эмес, аларды оюндан сыртта инсанды тарбиялоого болбойт.

Оюндун негизги ролу баланын алдына койгон милдетти аткарууга, эреже боюнча аракеттенүүгө, өз алдынча же теңтуштары менен ойноого үйрөтүү болуп саналат.

Оюндун ар бир түрүнүн мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн туура түшүнүү жеткинчектерди башкаруудагы зор усулдардын бирине кирет.

Мектепке чейинки курактагы балдардын өсүү өзгөчөлүгү, алардын кабыл алуу предметтик мүнөзгө ээ б.а.нерселердин бардык касиеттери: мисалга, түсү, түрү, чоңдугу балага нерседен айрым көрүнбөйт. Бала нерсенин касиеттерин аны менен чогуу көрөт жана аларды айрмаланбайт деп эсептешет. Ошондуктан ата энелердин, педагог, же чоң адамдардын камкордугу болуп балдарга нерселерге практикалык ишмердүүлүктө тажрыйба чогултуу

саналат. Алсак, балдарга эсептөөнү тайпада нөөмөткө турган учурда үйрөтүүгө болот. Бала тайпада канча тарбиялануучу тизилип турганын, столго канча нерсени алып келүүгө болоорун эсептейт ж.б.у.с. мисалдарды келтирүүгө болот.

Балдарга мультфильмдерди көрүү жана сүйүктүү персонаждар менен телеберүүлөр көрүү аябай жагат. Элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда жогорку ишмердүүлүктү колдонуу эң эффективдүү болуп саналат. Мисалы, «Керемет көч» балдар үчүн таанып билүү циклиндеги телеберүүдө «6га чейин санайбыз», «Сандар» ж.б.у.с. берүүлөр балдарга ЭМТ калыптандырууда маанилүү рольду ойнойт жана ал телеберүүлөрдү балдар жан дили менен көрөөрүнө күбө болуп келебиз.

Кыймылдуу оюндарда санактар жана иреттик сандар колдонулат, ал дагы математика. Мисалга, педагог балдарга жомок окуп бергенде дагы математикага туш болобуз. Мисалга, Кыргыз эл жомокторундагы «Берек, Туруке, Кулуке» жомогунда «… - Мына бул арканды кармап **төмөн** түшөсүн. Жерге таманың тийгенде, андан ары жүрө бер. Анда **үч** хандын эли бар…». Бул үзүндүдө «**төмөн»** деген сөз мектепке чейин ЭМТКда **мейкиндикке багыт алууну,** ал эми **«үч хандын** эли бар» болсо дагы саноо, б.а. санактык сандарды берилгендиги көрүнүп турат [1].

Балдар үчүн ырларды карасак, математиканын элементтерин көрөбүз. Ал эми макал лакаптардачы? Мисалга, «Баатыр **бир** өлөт, акмак **миң** өлөт», же «Жети өлчөп бир кес» ж.б., макалдар натуралдык сандарга негизделгенин көрөбүз [3.].

Төмөнкү табышмакты алсак, саноо негиз болот.

Басып барып жер таптап,
Сатып алдым беш калпак.
Бирди бердим Ашымга,
Экини бердим Касымга,
Бөбөгүңө белек деп,
Бирди бердим Айымга.
Канча калпак калды экен,
Мен кармаган баштыкта (1 саны) [2.]?

Дене тарбия боюнча занятиелерде балдар иреттик жана санактык математика менен кездешишет. Мисалга, **2ден** тизилгиле, **оңго** карай баскыла, **солго** карап түздөлгүлө – десек, бир эле учурда **саноо** жана **мейкиндикке карай** багыт алуу билимдерине ээ болушат [3.].

Педагог балдарга көрсөтүүчү кыймылдуу оюнду мисалга алсак, педагог: «Бизге токой жаныбарлары коён, мамалак, кирпи конокко келишсе, биз аларды сыйлоо (тамактандыруу) үчүн торелка жана кашыктарды берели, адегенде коёнго бир торелка менен кашык, кийин мамалакка бир торелка менен кашык, аягында кирпиге бир торелка менен кашык берели, демек канча торелка менен кашык бердик, демек 1, дагы 1 жана 1, баардыгы канча торелка жана кашык берилди. Демек **3** торелка **3** кашык» - деп 3 саны менен бирге анын курамын окуп үйрөтүү ишмердүүлүгү да аткарылганын көрөбүз.

Ошентип, мектепке чейинки курактагы балдарга элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу иштери алардын жашоосу жана ишмердүүлүгүндө системалуу жана белгилүү удаалаштыкта ишке ашуусу максаттуу. Мектепке чейинки курак – укмуштар дүйнөсүнө, таанып билүүлөр жана ачылыштарга карай узак жол. Ушул учур балдардын мындан ары билим алуусуна негиз түзүлөт. Ал эми улуулардын милдети балдарга калем жана калемсапты туура кармоого, окууга жана эсептөөгө гана үйрөтүү болбостон, баарысынан да ойлонууга жана тыянак чыгарууга үйрөтүү болуп саналат. Кызыктуу математика дүйнөсүнө багыт алуу менен бирге, бала математикалык түшүнүктөрдү жаттап

албастан, ойлонууга, жаратууга түрткү берүүчү интеллектуалдуу гана эмес жана дагы эмоционалдуу чөйрөгө тиешелүү материалдарды үйрөнүүсү маанилүү. Педагогдун милдети балдарга математикалык түшүнүктөрдү гана үйрөтпөстөн, жалпы закон ченемдүүлүктөрдү түшүнүүсүн, негизинен – баланы кыйынчылыктарды жеңген учурдагы кубанычты сезүү деңгээлине жеткирүү болуп саналат [4.].

Демек, ЭМТКнын негизги максаты – мектепте математиканы ийгиликтүү өздөштүрүү жана балдардын ар тараптуу өнүгүүсүн даярдоо. Мектепке чейинки билим берүүнүн окуу планынын мазмуну балдардын ар кандай иш-аракеттерге жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана баланын эмоционалдык, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүн стимулдаштыруу жана колдоо үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө, өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн көрсөтүүгө багыттоо менен балдар кийинки башталгыч мектептеги математикалык билим алуусуна даяр болуусу камсыздалат.

**Адабияттар:**

1.«Кыргыз эл жомоктору» Кыргызстан – сорос фонду Бишкек 1998-ж.80-б.
2. "Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы. 4-том. 2012-ж. 832-бет.
3."Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы. 4-том. 2012-ж. 808-бет.
4. "Нурбилим" кл. тышкаркы окуу 1-4-кл. "Кутаалам", Бишкек 2012-ж.

**УДК 378**

# АРАЛАШ ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ТЕСКЕРИ КЛАСС МОДЕЛИН ПАЙДАЛАНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫГЫ

Арынбаев Эралы Калилович - Ош мамлекеттик
педагогикалык университет, п.и.к., era000@bk.ru

# ПРЕИМУЩЕСТВА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ МОДЕЛИ ПЕРЕВЕРНУТОГО КЛАССА В ПРОЦЕССЕ СМЕШАННОГО ОБУЧЕНИЯ

Арынбаев Эралы Калилович - Ошский государственный
педагогический университет, к.п.н., era000@bk.ru

# ADVANTAGES OF USING THE FLIPPED CLASSROOM MODEL IN THE PROCESS OF BLENDED LEARNING

Arynbaev Eraly Kalilovich - Osh State
Pedagogical University,
**Ph.D.** era000@bk.ru

**Аннотация**

2019-жылда Кытайдын Ухань шаарынан чыккан коронавирус инфекциясы чыгып, дүйнөдө өзгөчө кырдаал пайда болгондон бери адамзаттын жашоосу түп тамырынан бери өзгөрдү. 2021-жылда "covid-19" инфекциясы салыштырмалуу азайганы менен инфексиянын жаңы штамдары чыгып, дагы деле жайылуу коркунучу улам пайда болуп турду. Жашоонун бардык тармактары, анын ичинде билим берүү тармагы болуп көрбөгөндөй кыйынчылыктарга алып келди. Ошондуктан окуу процессин уюштурууда түрдүү окутуунун моделдери пайдаланыла баштады. Биз бул макалада аралаш окутуу, анын ичинен "тескери класс" модели менен окутууну кыскача карап, алардын айрым өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз. Аралаш окутуудагы окуу процесси –салттуу жана онлайн окутуунун этаптарынын ырааттуулугу, алар убакыттын өтүшү менен улам алмашып турат. Бул окутуунун модели

жогорку класстын окуучулары, студенттер жана чоңдорду окутуу үчүн эң ыңгайлуу болот, анткени бул модел өзүн-өзү уюштуруу чеберчилигин талап кылат.

**Ачкыч сөздөр:** окуу процесси, тескери класс, салттык окутуу, аралаш окутуу, окутуунун модели.

**Аннотация**

В 2019 году, с момента вспышки коронавирусной инфекции из китайского города Ухань и возникновения глобальной чрезвычайной ситуации, жизнь человечества коренным образом изменилась. В 2021 году, хотя количество заражений «ковид-19» уменьшилось, появились новые штаммы инфекции, а риск распространения продолжал возрастать. Все сферы жизни, в том числе и сфера образования, привели к небывалым трудностям. Поэтому в организации образовательного процесса использовались различные модели обучения. В этой статье мы кратко рассмотрим смешанное обучение, в том числе обучение по модели «перевернутый класс», и сосредоточимся на некоторых их особенностях. Процесс обучения в смешанном обучении представляет собой последовательность этапов традиционного и онлайн-обучения, которые сменяют друг друга во времени. Эта модель обучения наиболее подходит для обучения старшеклассников, магистрантов и взрослых, поскольку требует навыков самоорганизации.

**Ключевые слова:** учебный процесс, перевернутый класс, традиционное обучение, смешанное обучение, модель обучения.

**Annotation**

In 2019, since the outbreak of coronavirus infection from the Chinese city of Wuhan and the emergence of a global emergency, the life of mankind has changed dramatically. In 2021, while the number of Covid-19 infections has decreased, new strains of infection have emerged and the risk of spread has continued to rise. All spheres of life, including the sphere of education, have led to unprecedented difficulties. Therefore, various learning models were used in the organization of the educational process. In this article, we will take a brief look at blended learning, including flipped classroom learning, and focus on some of their features. The learning process in blended learning is a sequence of stages of traditional and online learning that replace each other in time. This learning model is most suitable for teaching high school students, undergraduates and adults, as it requires self-organization skills.

**Key words:** learning process, flipped classroom, traditional learning, blended learning, learning model.

2019-жылдын аягында Кытайдын Ухань шаарынан чыккан “covid-19” инфекциясы бүткүл адамзаттын жашоосун такыр башка нукка буруп, анын ичинде билим берүү тармагында жаңы окуу формаларын киргизүү зарылчылыктарын пайда кылды. Ошондуктан экстремалдык шартта билим берүүнү уюштуруу үчүн жайчылык мезгилдерде даярдыктарды көрүп, бардык билим берүү мекемелерине кандай гана окутуунун формасы болбосун, кайсыл мезгил болбосун аралыктан окутуу үчүн даярдыкты көрө жүрүү сунуштары берилет[1].

2021-жылда “covid-19” инфекциясы салыштырмалуу азайганы менен инфексиянын жаңы штамдары чыгып, дагы деле жайылуу коркунучу улам пайда болуп турду. Бул кырдаалда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү мекемелерине 2020-2021-окуу жылдын жазгы мезгилинде окуу процессин гибриддик (аралаш) форматта уюштуруу жөнүндө көрсөтмө берди. Биздин коом карантин мезгилинде дистанттык окууга даяр эмес болсо, бул мезгилде аралаш окутууга даяр эмес болуп чыкты. Ошондуктан окутуунун аралаш формасынын маселелерин аңтарып окутууну пайдалануу менен чечүү жагын карап көрөлү.

Аралаш окутуу – бул класстык окутуунун салттуу формаларынын электрондук окутуунун элементтери менен айкалышы, мында маалыматтык-коммуникациялык технологияны пайдалануу менен графика, аудио жана видео, интерактивдүү элементтер ж.б. окуу процессинде кеңири пайдаланылат. Мугалимдин катышуусу менен окутууну (бетме-

бет) жана онлайн режиминде окутууну айкалыштырган билим берүү. Аралаш окутуу окуучунун билим берүү маршрутун, окуу убактысын, ордун жана темпин көзөмөлдөө элементтерин, ошондой эле окуу тажрыйбасын мугалим менен жана онлайн режиминде интеграциялоону камтыйт.

Ал эми онлайн октуунун синхрондук жана асинхрондук окутуу деп аталган эки түрдө окутуп келишет.

Синхрондук окутуу түздөн түз байланыш аркылуу болот. Бул билим берүү формасында мугалим окуучулар менен бетме-бет лекциялар, онлайн лекциялар, вебинарлар, мессенджерлердеги онлайн дискуссияларды өткөрөт. Сабактын бул формасы үчүн Zoom, GoogleMeet, Webex, Skype, WhatsApp, AdobeConnect, Bandikam, Freecam ж.б. программалык жабдылыштар пайдаланылат.

Асинхрондук окутууда **о**куучулар бир эле материалды ар кайсы убакта жана ар кайсы жерде окушат, б.а. берилген материалдырды өзүнө ылайык болгон убакта жана ар кайсы жерден ар кандай платформалардан ачып үйрөнүшөт. Асинхрондук окутууда мугалим менен окуучунун жайгашкан орду мааниге ээ эмес жана синхрондуу окутууга карама-каршы келет, анда окуучулар бир эле учурда лекциялык, практикалык же лабораториялык материалдарды алуу менен окушат. Асинхрондук окутуу окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлөт. Окутуу учурунда, мугалим окуучунун жөндөмүнө жараша программасын, окуу үчүн материалдарды, лекцияларды, жыйынтыктоочу тапшырмаларды жана баалоо боюнча сынактарды алдын ала берет, окуучу бул тапшырмаларга белгиленген убакыттын ичинде даярданып, жооп берүүсү талап кылынат. Мындан тышкары, онлайн окутууда асинхрондык окутуу сабактын модулдарын, видео материалдарды, виртуалдык китепканаларды, лекциялык материалдарды ж.б. алмашууну камсыздайт.

Салттык окутуу учурунда белгилуу бир эрежелердин негизинде аралыктан окутуунун элементтерин пайдалануу менен жүргүзсөк аралаш окутуу болот, б.а. бетме-бет аудиторияда билим берүү жана электрондук түрдө аралыктан окутуу моделинин түрү. Аралаш окутуу билим берүү багытын, убактысын, окутуунун ордун жана окуу ыргагын, о.э. окутуу процессин онлайн режимине интеграциялоону ишке ашырат. Аралаш окутуудагы окуу процесси –салттуу жана онлайн окутуунун этаптарынын ырааттуулугу, алар убакыттын өтүшү менен улам алмашып турат.

Аралаш окутууда төмөндөгү принциптерди карманат:

- Ырааттуулук. Натыйжа алуу үчүн окутууда ырааттуулук маанилүү: биринчиден, окуучу материалды өзү сезип, андан кийин мугалимден теориялык билим алып, андан кийин гана аны практикада колдонуусу зарыл. -Көрсөтмөлүүлүк. Заманбап электрондук окуу каражаттарынын жардамында окуучунун колунда дайыма боло турган билим базасын түзө алабыз. Окутуунун классикалык моделинен айырмаланып, аралаш окутууда окуучу методикалык материалдарды – видеосабактарды, китептерди же симуляторлорду эркин, өз алдынча пайдаланса болот.

- Практикалык. Теорияны өздөштүрүү үчүн практикалык жактан көрүү маанилүү.

- Үзгүлтүксүздүк. Аралаш окутуу жарым-жартылай микро окутуунун принциптерине негизделген. Материалдын жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу окуучу ар дайым билим берүү порталына кирип, материалдын башка каалаган бөлүктөрүн алып пайдалана алат.

- Колдоо. Мында окутуу системасында окуучу кезектеги сабакты күтпөстөн, мугалимге каалаган убакта суроо берип, ыкчам жооп алууга шар түзүлөт.

Аралаш окутуу процессинде онлайн режиминде окутуу жана мугалимдин катышуусу менен окутуу бирдей мааниге ээ.

Онлайн чөйрө окуучуга окуу темпин, убактысын, ордун жана жолун көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Бул пландаштыруу көндүмдөрүн, өзүн-өзү башкара билүүнү жана өзүн-өзү жөнгө салууну, өзүн өзү өнүктүрүүгө жардам берет жана билим алуу жараянында эркиндик берилет. Мугалимдин орду окуучулардын муктаждыктарына, суроо-талаптарына жараша өзгөрүп турат.

Аралаш окутуунун көптөгөн моделдери бар, бирок алардын бардыгы бирдей натыйжалуу деп айтууга болбойт. Айрымдары кандайдыр бир предметтик област үчүн, айрыпдары кээ бир мугалимдердин катышуусунда эффективдүү болушу мүмкүн. Ошентсе да алардын айрымдарын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Тескери класс (перевернутый класс). Ишке ашыруу үчүн моделдердин ичинен эң оңойу деп эсептелет. Ал алдыда боло турган ишти минималдаштырууга, класстык убакытты үнөмдөөгө мүмкүндүк берет (мугалим түшүндүрөт, балдар угат) жана класста иштөөнүн интерактивдүү формаларын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар үйдө онлайн режиминде иштешет, Интернетке байланышкан электрондук түзүлүштөрдү колдонуу менен мугалимдер берген тапшырмаларды аткарышат, жаңы материалдарды өз алдынча окуп үйрөнүшөт. Сабакта үйдөн окуп, өздөштүрүп келген материалды бышыктоо жана аны менен иштөө, ага карата берилген тапшырмаларды аткаруу жүргүзүлөт.

Станцияларды ротациялоо. Башталгыч жана орто мектепте аралаш окутуунун эң натыйжалуу моделдеринин бири. Бул моделди пайдалануу үчүн класста компьютердик технологиянын болушу шарт жана окутууну башкаруу тутумдарын колдонууну талап кылат. Бардык окуучулар окуу иш-аракеттеринин түрлөрү боюнча топторго бөлүнөт: мугалим менен иштөө, онлайн режиминде окутуу жана долбоордук иш. Ар бир топ класстын өзүнчө бөлүгүндө - станцияда иштейт. Станциялардын ар кандай максаттары бар: мугалим менен иштөө-мугалимден пикир алуу; онлайн режиминде окутуу-өз алдынча иштөө, жеке жоопкерчилик, өзүн - өзү жөнгө салуу, үйрөнүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү; долбоордук иш-практикалык маселелерди чечүүдө билимди колдонуу, коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүү жана классташтардан пикир алуу.

Лабораторияларды ротациялоо. "Лабораторияны ротациялоо" аралаш окутуунун дагы бир модели. Анда окутулуучу сабактардын бир бөлүгү кадимки класста өтөт жана экинчи бир сабак компьютердик класска өтүшөтжана онлайн режиминде иштешет. Онлайн чөйрөдө студенттер жаңы материалды үйрөнө алышат, өткөндөрдү бекемдешет, ар кандай көндүмдөрдү үйрөтүшөт жана өз долбоору боюнча иштешет.

Ийкемдүү модель. Аралаш окутуунун ийкемдүү моделинин негизи окуучулар окутуунун тигил же бул түрү менен чектелбейт, өз алдынча иштөө графигин түзүп, теманы жана материалды үйрөнө турган темпти өздөрү тандашат. Бул модель көп учурда онлайн окутууну пайдаланат. Мугалим сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен чакан топтордо же жеке иштейт. Бул окутуунун модели жогорку класстын окуучулары, студенттер жана чоңдорду окутуу үчүн эң ыңгайлуу болот, анткени бул модел өзүн-өзү уюштуруу чеберчилигин талап кылат.

Аралаш окутуу аралыктан окутуу жана салттуу окутуу усуладарынан көптөгөн өзгөчө артыкчылыктарга ээ:

1. Аралаш окуу жана өз ара аракеттенүү таанып-билүү жөндөмүн жогорулатып гана тим болбостон, окуучулардын эмоционалдык абалын жакшыртып, ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

2. Онлайн режиминде аралаш окутуу окуучуларга көбүрөөк эркиндик берет: алар материалды, темпти, окуу убактысын жана ордун өздөрү тандоого мүмкүнчүлүк алышат.

3. Мугалим окуучуларга керектүү окуу материалдарын сунуштоодо, контролдоодо жана баалоодо көбүрөөк эркин болот.

Ал эми аралаш окутууну коомго массалык түрдө киргизүүдөгү тоскоолдуктардын негизгилеринин бири мугалимдердин жана окутуучулардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалана билүүсүнүн төмөн деңгээли жана окуучулардын жаңы маалыматтык коммуникациялык каражаттар менен жетишээрлик камсыз болбогондугу. Бул өз кезегинде аралаш окутууда топтор менен иштөөнү кыйындатат. Мындан тышкары, аралаш окутуу туруктуу техникалык колдоону жана видео материалдарды, окуу программаларын жана тестирлөө модулдарын түзүү үчүн белгилүү бир чыгымдарды талап кылат.

Аралаш окутуунун моделдеринин ичинен эң көп колдонулганы жана көбүрөөк жакшы натыйжага алып келгени бул - "тескери класс", муну айрым авторлорд “тескерисинен окутуу” деп да пайдаланып келишет. Мында окуу процесси тескерисинен аткарылып калат.

"Тескери класс" модели эки бөлүктөн турган билим берүү процесси: мугалимдин жетекчилиги астында окутуу жана класстан тышкары жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу окутуу.

Бул жаңы материалды үйрөнүү жана ишке ашыруу үчүн окутуунун эң ыңгайлуу аралаш модели. Бирок аны ишке ашырууда бардык эле учурда биз күткөндөй боло бербей көйгөйлөр жаралышы мүмкүн, анткени бардык эле мугалимдер класстык сабактарды практикалык багыттагы жана интерактивдүү форматта жана онлайн түрүндө өткөрүүгө даяр эмес.

Бул моделдин жардамында окутууда лекциялык материалдар үйгө өз алдынча үйрөнүүгө берилет, онлайн курстары аркылуу өз алдынча окушат, ал эми класста татаал маселелер каралып, үйдө өздөштүрө албаган материалдар менен иштөө жүрөт.

Окутууну ийгиликтүү уюштуруудагы психологиялык механизмдердин ролун терең түшүнүп, В.А.Сухомлинский мугалим окуучунун ойлоо ишмердүүлүктөрүн көбүрөөк маселе чыгаруу мүнөзүндө уюштурса, ал ишмердүүлүккө окуучунун акыл күчү ошончолук көп катышаарын баса белгилеген[2].

Орус педагогикасыннын атасы К.Д.Ушинский окуучулар өздөрү окушат, мугалим окуп жаткан материалды гана даярдап берип, окутуу окутуу жараянын жетекчилик кылаарын качан эле эскерткен[3].

Демек тескери класс моделди пайдалануу менен окуучуларга билим берүүнүн сапатын гана жогорулатпастан, алардын ой жүгүртүүсүн, өз алдынча иштөөсүн да өнүктүрө алабыз.

Тескери класс моделинде педагогикалык кызматташтыкты да эң сонун колдонууга болот. Анткени педагогикалык кызматташтыктын артыкчылыгы – баланы кемсинтпей, тилдебей, зордобой эле катасын көрсөтпөй эле, класста өз алдынча эмгектенүүсүнүн, окуучулардын бири – бирине ак ниеттүү мамиленин бир максатка умтулуунун атмосферасын түзүп, ал балдарды жалпы кызматташтык менен иштөөсүнө шарт түзөт. Ошондой эле окуучулар жаңы теманы үйдөн өз алдынча ата-энесинин, үй бүлө мүчөлөрүнүн ж.б. жакындарынын жардамында окуп, түшүнүп, өз алдынча өздөштүрүп келишет. Ал эми класста сабакта өздөрү окуп, өздөштүргөн жаңы теманы кайталап, кошумча тапшырмаларды аткарышат.Ошондуктан окутуунун тескери класс модели азыркы жаңы маалыматтык коммуникациялык технологиялар өнүккөн, дээрлик бардык окуучулар, студенттер жаңы маалыматтык коммуникациялык технология каражаттары менен камсыз болгон шартта эң жакшы натыйжаларгна алып келет.

**Адабияттардын тизмеси**

1. Арынбаев Э.К., Көлбаева З.И. Экстремалдык кырдаалда аралыктан окутуунун көйгөйлөрү. Наука, новые технологии и инновации кыргызстана. Номер: 5 Год: 2021 Страницы: 105-111
2. В.А. Сухомлинский. Потребности человека в человеке. — М.: Сов. Россия, 1981.
3. Ушинский К.Д. Две главы из "Педагогической антропологии"// Народное образование.- 1999. №10.-С. 243-25
4. Кыргыз педагогикасы. Энциклопедиялык окуу куралы. Бишкек – 2004

**УДК 378.14**

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ О ВОСПИТАНИИ Л.Н. ТОЛСТОГО В СОВРЕМЕННОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ПРАКТИКЕ

Ахтариева Разия Файзиевна
ORCID: 0000-0002-7423-7671
кандидат педагогических наук,
Рахманова Алсу Рамилевна
ORCID: 0000-0002-1333-382X
кандидат педагогических наук,
Шапирова Раиля Равилевна
ORCID: 0000-0003-3199-4231
старший преподаватель
Елабужский институт Казанского (Приволжского) федерального университета,
Г. Елабуга, Республика Татарстан, Россия,
raziya-a@yandex.ru

## PEDAGOGICAL IDEAS ABOUT EDUCATION L.N. TOLSTOY IN MODERN EDUCATIONAL PRACTICE

Akhtarieva Raziya Faizievna
ORCID: 0000-0002-7423-7671
candidate of pedagogical sciences,
Rakhmanova Alsu Ramilevna
ORCID: 0000-0002-1333-382X
candidate of pedagogical sciences,
Shapirova Railya Ravilevna
ORCID: 0000-0003-3199-4231
Senior Lecturer
Elabuga Institute of Kazan (Volga Region) Federal University,
Elabuga, Republic of Tatarstan, Russia, raziya-a@yandex.ru

**Аннотация**

В данной статье рассматривается влияние педагогических идей о воспитание Л.Н. Толстого на представления современных студентов, обучающихся по направлению подготовки 44.03.05 Педагогическое образование (с двумя профилями подготовки). Идеи великого писателя о свободном воспитании и его опыт преподавания в Яснополянской школе осмысливается с позиций сегодняшнего дня. Изучение взглядов Л.Н. Толстого помогает осознать студентам, как в современной практике может им пригодиться те знания, которые они получают при изучении дисциплины «Феномен образовательной деятельности» в Елабужском институте Казанского (Приволжского) федерального университета. Университет имеет богатейший опыт по подготовке будущих учителей, что может быть учтено и другими образовательным учреждениями. Современная образовательная практика дает пищу для анализа востребованности исторического опыта прошлых поколений.

**Ключевые слова**: история образования, Л.Н. Толстой, педагогические идеи, воспитание, образовательная практика.

**Abstract**

This article discusses the influence of pedagogical ideas about the education of L.N. Tolstoy on the views of modern students studying in the direction of training Pedagogical education (with two training profiles). The ideas of the great writer about free education and his experience of teaching at the Yasnaya Polyana school are comprehended from the standpoint of today. The study of the views of L.N. Tolstoy helps students to realize how in modern practice the knowledge that they receive when studying the discipline "The Phenomenon of Educational Activity" at the Elabuga Institute of Kazan (Volga Region) Federal University can be useful to them. The University has a wealth of experience in training future teachers, which can be taken into account by other educational institutions. Modern educational practice provides food for the analysis of the demand for the historical experience of past generations.

**Keywords:** history of education, L.N. Tolstoy, pedagogical ideas, education, educational practice.

**Введение.** Современная образовательная ситуация характеризуется повышением внимания к вопросам воспитания. Утверждение, что образование не является замкнутым в себе миром, в очередной раз получило подтверждение в условиях формирования многополярного мира «Образование всегда определяется типом культуры и меняется вместе с изменением культуры». [4] Реалии сегодняшнего дня «предельно отчетливо демонстрируют необходимость существенных изменений в структуре общественного бытия и появления нового типа культуры» [4].

Однако, на наш взгляд, для реализации этой необходимости в изменениях важно находиться в диалогическом контакте прошлого и будущего. На такую необходимость диалога указывают теоретики и историки культуры человеческого сообщества. Этот диалог должен демонстрировать, по их мнению, «открытость сознания современного человека к своему прошлому…..Педагогическим сообществом осознается необходимость восстановления исторической памяти и традиций философско – педагогической культуры»[4], которая представляет собой уникальное явление мирового порядка. Это становиться объектом изучения в нашей дисциплине «Феномен образовательной деятельности», разработанной в Елабужском институте Казанского (Приволжского) федерального университета (КФУ). Содержание дисциплины очень разнообразно. Остановимся на анализе темы, посвященной изучению педагогических идей о воспитании Л.Н. Толстого в современной образовательной практике.

Нами использованы сравнительно - исторический метод, историко – педагогический анализ наследия писателя для выявления педагогических идей о воспитании Л.Н. Толстого и взаимосвязанные методы портретно- биографического и проблемно- тематического изложения материала, с помощью которых возможно выявить формирование и эволюцию педагогических взглядов великого мыслителя.

В процессе подготовки будущего учителя в нашем институте по направлению подготовки 44.03.05 Педагогическое образование (с двумя профилями подготовки) еще несколько лет назад был разработан курс «Феномен образовательной деятельности». Этот курс заменил в учебном плане известный всем курс «История педагогики» (хотя к этому времени мы уже его называли «История образования и педагогической мысли»). Выбор такого названия обосновывался нами именно с точки зрения, то образовательная деятельность представляет собой феномен деятельности, направленный на формирование разносторонней личности. В процессе подготовки курса нами был реализован деятельностный и компетентностный подходы. Это нашло отражение в компетенциях,

которыми должен овладеть студент, изучающий данный курс. В рабочей программе по курсу «Феномен образовательной деятельности» в ряде других компетенций были определены следующие: «Способен осуществлять поиск, критический анализ и синтез информации, применять системный подход для решения поставленных задач. Способен воспринимать межкультурное разнообразие общества в социально-историческом, этическом и философском контекстах» [6]. Выбор именно этих компетенций был определен с целью, что содержание курса позволит студенту ознакомиться с педагогическими идеями великих предшественников, критически их осмыслить и выделить то рациональное, что может быть применено в условиях сегодняшнего дня.

В такой плеяде великих предшественников особое место занимает педагогическое наследие Л.Н. Толстого. Особенность в том, что курс изучается на первом курсе в первом семестре. Каждый студент, вчерашний школьник, знает что Л.Н. Толстой это великий писатель, с легкостью называет его произведения, но как правило мало знаком или совсем не знает о Льве Николаевиче как об организаторе образования. Тем более студент мало знаком с философско-педагогическими воззрениями Л.Н. Толстого.

Для всестороннего изучения педагогические идеи о воспитании Л.Н. Толстого нами разработано содержание семинарского занятия на тему «Особенности педагогических идей Л.Н. Толстого», цель которого состоит в анализе социально-педагогических аспектов мировоззрения мыслителя и выявление актуального потенциала педагогического наследия Л.Н. Толстого для развития современного образования.

Пятидесятые годы XIX века в истории России стали периодом зарождения русской народной школы. «Общество впервые почувствовало свою ответственность за все, что от его имени или при его молчаливом бездействии, свершалось в стране…. Среди этих вопросов одним из первых был вопрос о народном образовании» [1].

Решение вопросов народного образования, разработка новых модели школы привело к появлению ряда школ: городские и сельские воскресные школы, новые школы в усадьбах помещиков. Среди этих школ одной из первых открывается в 1848 году школа Л.Н. Толстого в имении Ясная Поляна. Этот факт из биографии писателя позволяет обсудить со студентами вопрос готовности Льва Николаевича к работе с детьми, к организации учебного процесса и определение содержания образования в такой школе. У студентов формируется понимание того, почему в основу своих педагогических взгляд Л.Н. Толстой положил идеи свободного воспитания. Впрочем, школа была закрыта в связи с отъездом писателя на Кавказ. И этот факт из биографии мыслителя тоже дает возможность анализировать идеи Льва Николаевича.

Через 10 лет Л.Н. Толстой вновь принимается за учительство. Но за эти годы происходит серьезная трансформация воззрений писателя. Он известен, занимает определенное место в интеллигентных кругах. Студенты ищут ответ на вопрос: а зачем ему новый этап в педагогической деятельности? И как трансформируются взгляды Л.Н. Толстого на вопросы народного образования? Здесь уместен анализ политической ситуации в России, проведение неких параллелей с сегодняшним днем. Сам Лев Николаевич называет эти годы «эпохой увлечения школой и вопросами образования» [1]

В 1859 году писатель совершает поездку за рубеж с целью изучения педагогической практики в различных странах Европы. Анализ материалов поездки дает возможность обратить внимание студентов на то, как изменилось образование за рубежом за эти годы. Изменения происходят в содержание, в приемах и методах обучения.

Изучение педагогических взглядов писателя приводит студентов к «пониманию сути «толстовской педагогики», к осознанию ее значимости для современности. В раздумьях о новой школе и о новой педагогической науке Л.Н. Толстого мы находим идеи и разработки, которые отражают проблемы сегодняшнего дня. Желание научить детей творчески мыслить, формировать их духовные потребности и нравственные качества, спасти будущих «Пушкиных, Остроградских, Филаретов Ломоносовых» - все это заставляло Льва Николаевича задуматься о пути реформирования образовательной системы и искать новые подходы и методы… Единственным критерием педагогики Л.Н. Толстой объявлял свободу, единственным методом - опыт» [5]. Объявление Л.Н. Толстым единственным критерием свободы делает уместным обсуждение со студентами вопросов: А что они понимают под «свободным воспитанием»? Как соотносится свобода и вседозволенность? Как определить «рамки» свободы и есть ли они вообще? Как в условиях формирования цифрового мира определить рамки свободы человека, определить его место в сегодняшнем дне. В процессе обсуждения удается услышать очень интересные мнения студентов. Они соглашаются с понятием «моя свобода заканчивается там, где начинается свобода другого человека».

«Школа в Ясной поляне была организована на основах любви к детям, веры в их творческие способности, отсутствие давления на личность ребенка. Занятия были построены так, что бы учение стало для детей радостным и желанным, пробуждало любознательность, самостоятельность мышления и глубину чувств» - отмечает А.Н. Джуринский. [2]. Это утверждение автора учебника по истории педагогики дает возможность обсудить, как его понимают студенты, относится ли это утверждение к современной школе и что надо делать учитель, что бы современный ребенок смог быть участником такого процесса.

«Критикуя традиционное образование за пренебрежение этим принципом, Толстой писал: " Учитель всегда невольно стремится к тому, чтобы выбрать для себя удобный способ преподавания. Чем способ преподавания удобнее для учителя, тем он неудобнее для учеников. Только тот способ преподавания верен, которым довольны ученики". В "Азбуке" он развивает свою мысль, подчеркивая, что с учащимися не следует говорить о предметах хорошо знакомых, поскольку это убивает у них интерес». [2] Обсуждая это высказывание Л.Н. Толстого, удается обсудить, как организовать современный учебный процесс, что бы ребенку было интересно. Есть возможность познакомиться с сайтом государственного общеобразовательного учреждения Тульской области «Яснополянский образовательный комплекс им. Л.Н. Толстого», который знакомит с опытом уникального учебного заведения. [3]

**Выводы.** Студенты анализируют собственный школьный опыт, приводят примеры о работе учителей в школе, пытаются найти то, что делало их процесс обучения в школе интересным. Так, обсуждая педагогическое наследие великого писателя, у студентов формируется представление о Л.Н. Толстом как о талантливом педагоге, организаторе школы и гуманисте. Такое обсуждение помогает формировать понимание того, что наследие наших предшественников востребовано, имеет в современной образовательной практике применение и должно быть изучено, и освоено студентом. Изучение наследия великих педагогов расширяет кругозор студентов, обогащает их представления об истоках педагогических воззрений, знакомит с опытом образовательной практики.

Современная образовательная практика обогащается за счет диалога прошлого и будущего. Что бы выстроить конструктивный диалог необходимо, что бы студенты читали произведения педагогов прошлого, учились их анализировать и с точки зрения актуальности сегодняшнего дня. Такой анализ возможен с позиции культурологического и

аксиологического подходов. Чтение формирует у студента открытость сознания к своему прошлому, это должно способствовать «вырастанию» новых ориентиров у обучающихся из культурных традиций. Ведь общеизвестный факт: истинные изменения начинаются с людей, а не с технологий.

Философско-педагогическая мысль середины XIX – начала XX века представляет собой уникальное явление мирового уровня и имеет богатейший потенциал, вошедший в золотой фонд общечеловеческих ценностей, который должен быть использован. Формирующаяся повестка современного образования, формирование нового типа культуры многополярного мира, актуализирует гуманистическое наследие наших предшественников.

**Список литературы.**

1. Ахтариева Р.Ф. Мартынова В.А. Л.Н. Толстой и вопросы организации образования /Вестник Шадринского государственного педагогического института №4(24), 2014 URL:. http://shgpi.edu.ru/files/nauka/vestnik/2014/2014-4-2.pdf
2. Джуринский А.Н. История педагогики: Учеб. пособие для студ. педвузов. — М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 2000. – 432 с. 306 с.
3. ГОУ ТО «Яснополянский комплекс» URL: https://kompleksyasnopolyanskij-r71.gosweb.gosuslugi.ru/
4. Лукацкий М А. Философско-методологические основы педагогики Л. Н. Толстого: Дис. ... д-ра пед. наук : 13.00.01 : Тверь, 1999 307 с.URL: http://www.dslib.net/obw-pedagogika/filosofsko-metodologicheskie-osnovy-pedagogiki-l-n-tolstogo.html
5. Педагогические воззрения Л.Н. Толстого URL: https://tolstoyschool.com/pedagogicheskaja-dejatelnost-tolstogo/pedagogicheskie-vozzrenija.html
6. Программа дисциплины Феномен образовательной деятельности 44.03.05 Педагогическое образование (с двумя профилями подготовки) URL:https://kpfu.ru/pdf/portal/oop/367929.pdf#8062

**УДК 37.013**

## СОВЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДИН КӨРҮНҮКТҮҮ ИШМЕРЛЕРИ ОКУУЧУЛАРДЫ ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУ ДУХУНДА ТАРБИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ.

Ош мамлекеттик-педагогикалык университети
улук окутуучу, магистр Көлбаева З.И.
окутуучу Мендибаева Н.М.

## ВЫДАЮЩИЕСЯ ДЕЯТЕЛИ СОВЕТСКОЙ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ О ВОСПИТАНИИ УЧАЩИХСЯ В ДУХЕ ДРУЖБЫ НАРОДОВ

Көлбаева З.И.-Ошский государственный педагогический университет
ст.преп., магистр
Мендибаева Н.М.-ОшГПУ

## WELL-KNOWN SOVIET PEDAGOGICAL SCIENTISTS ABOUT EDUCATING PUPILS IN THE SPIRIT OF NATIONAL FRIENDSHIP

Koolbaeva Z.I Osh State Pedagogical University
sen. teacher, master.
Medibaeva N.M.teacher OshSPU

**Аннотация**

Бул макалада элдерди достук духунда тарбиялоо жөнүндө кеңири түшүнүк, адеп-ахлактын жана тарбиянын маанилүүгү, патриотизмдин инсанга тийгизген таасири, этностор аралык мамилелердин маданияты, советик патриотизмдин тийгизген таасири, патриотизмдин мазмуну,студенттер арасында патриотизмдин жана улуттар аралык мамилелерди маданиятын калыптандыруу, жаштарды маданияттуулука тарбиялоо жана калыптандыруу, жаш муундарды коллективизмдин духунда тарбиялоо маселеси, жалпы адамдык жана жеке, улуттук жана интернационалдык билим берүү, этностор аралык катнаштын педагогикасы, мектеп окуучуларынын патриотук сезимин, окуучуларда улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандыруу, экономикалык жана руханий байланыштарды калыптандыруу, өткөн кылымдын башында педагогиканын улуу классиктери ар улуттун балдарын достукка өз ара жардамдашууга бири бирин урматтоого тарбиялоонун жолдору, А.С.Макаренканын, В.А.Сухомлинский, С.Т.Шацкийлердин көрүнүктүү мугалимдердин эмгектери жөнүндө, Соловейчиктин түшүнүгү, ыйманга, сабырдуулукка тарбиялоо, азыркы учурдагы актуалдуу методдор, улуттар арасындагы достук мамилеге ар түрдүү иш чаралар, саякаттар, азыркы мектептерде али аз колдонулуп жаткан педагогикалык техниканын терең гумандуу идеяларын, конкреттүү сунуштарын, кеңештерин жана жеке методдорду, теория менен практиканын айкалышы аркылуу жакшы жыйынтыкка жетүү, экскурсиялардын таасири, достуктун тарбиядагы орду, патриотизмдин инсанга тийгизген таасири жөнүндө кеңири каралат.

**Ачкыч сөздөр:** Патриоттуулук, тарбиялоо, улут, революция, инсан, патриотизм, мамиле, этнос, студенттер, коллективизм, мораль, маданият, достук, мектеп.

## Аннотация

В данной статье рассмотривается о воспитании народов в духе дружбы, о важности нравственности и воспитания, о влиянии патриотизма на личность, о культуре межэтнических отношений, о влиянии советского патриотизма, о содержании патриотизма, о влиянии патриотизма и единства наций на формирование культуры международных отношений среди студентов, о воспитании и формировании молодежи в духе вопросы воспитания, для общечеловеческого и индивидуального, национального и интернационального образования, педагогики межэтнических отношений, формирования у школьников чувства патриотизма, культуры межнациональных отношений, формирования экономических и духовных связей, великие классики педагогики начала прошлого века разрабатывали воздушные пути воспитания детей разных национальностей в духе взаимопомощи в дружбе, уважения друг к другу, А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинский, С. Т. Шацкого о трудах выдающихся учителей, о понятиях Соловейчика,о воспитании веры, терпимости, о современных актуальных методах, о различных мероприятиях, направленных на дружественные отношения между народами Содружества Наций, о глубоких гуманистических идеях педагогической техники, конкретных рекомендациях, советах и индивидуальных методах, мало используемых в современных школах, о теории и практике обучения, благодаря сочетанию достижение хороших результатов, подробно рассматривается влияние экскурсий, место Дружбы в воспитании, влияние патриотизма на личность.

**Ключевые слова.** Патриотическое воспитание, нация, революция, личность, патриотизм, отношение, этнос, студенты э, коллективизм, мораль, культура, дружба, школа.

## Annotation

This article discusses the education of peoples in the spirit of friendship, the importance of morality and education, the influence of patriotism on the personality, the culture of interethnic relations, the influence of Soviet patriotism, the content of patriotism, the influence of patriotism and the unity of nations to form a culture of international relations among students, the education and formation of youth in the spirit of education issues, for universal and individual, national and international education, pedagogy of interethnic relations, formation of a sense of patriotism, culture of interethnic relations, formation of economic and spiritual ties, the great classics of pedagogy of the beginning of the last century developed air ways of educating children of different nationalities in the spirit of mutual assistance in friendship, respect for each other, A. Makarenko,

V. A. Sukhomlinsky, S. T. Shatsky about the works of outstanding teachers, about Soloveitchik's notions, about education of faith, tolerance, modern actual methods, about different events directed to friendly relations between nations, about deep humanistic ideas of pedagogical technique, concrete recommendations, advice and individual methods used little in modern schools, about theory and practice of education, thanks to combination of good results achievement, the impact of excursions, place, place and time, is examined in details.

**Keywords**. Patriotic education, nation, revolution, personality, patriotism, attitude, ethnicity, students e, collectivism, morality, culture, friendship, school

Адеп-ахлактык тарбиянын өтө маанилүү бөлүгү окуучулардын арасында патриоттуулукту жана улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандыруу болуп саналат. Адамдын социалдык жана рухий жактан өнүгүшүндө патриотизм жана улуттар аралык мамилелердин маданияты чоң мааниге ээ. Алар анын дүйнөгө көз карашынын жана туулуп-өскөн өлкөгө, башка улуттарга жана элдерге болгон мамилесинин курамдык элементтери катары аракеттенет. Көтөрүлүүчү патриоттук сезимдердин жана улуттук ыйык жайлардын негизинде гана мекенге болгон сүйүү күчөп, анын күчү жана көз карандысыздыгы үчүн жоопкерчилик сезими, материалдык жана руханий баалуулуктарды сактоо, инсандын асылдыгы жана кадыр-баркы өнүгөт.

Тоталитардык коомдук система жана коммунисттик идеология тарабынан жаралган советтик билим берүү жана педагогика ар кандай мезгилдерде кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ. Революциядан кийинки биринчи жылдар «жумушчу мектепке» багытты революциячыл романтикалык фразалар менен кооздолгон «эркин билим берүү» идеялары менен айкалыштырган. 1920-жылдар – «эмгек мектеби»: бирдиктүү эмгек политехникалык мектеби, билим берүүнү гумандаштырууга умтулуу, батыш тажрыйбасын чыгармачылык менен иштетүү (Д.Дьюи). 1930-жылдар “окуу мектеби”, негизинен анын авторитардык варианты болгон: жеке тажрыйбага таянбай, билимди ачпай, даяр үлгүлөрдү керектөө. Мектептерде катуу тартип жана идеологиялык схемалар бар. Тарбиянын максаты инсанды ар тараптуу өнүктүрүү деп жарыяланганына карабастан, чындыгында тил алчаак аткаруучулар, системанын , «социализмдин кадрлары» даярдалган. Бул тенденциялардын баары 50-60-жылдары болсо да, советтик мектеп жашап турган мезгилде сакталып келген.

Патриотизмдин инсанга моралдык-тазалоочу таасирине, адамдын асылдык, абийир, эрдик жана жан аябастык сезимин өнүктүрүүгө, эгерде мекендин кызыкчылыгы талап кылса, деп А.Н. Радищев белгилеп кеткен. «Ата журттун уулу (патриот) деген улуу ысымга Ата-Мекенде төрөлгөндөрдүн баары эле татыктуу боло бербейт... Чыныгы адам менен Ата-Мекендин уулу бир... Ал күйүп-жанган назик сүйүү, жердештеринин ынтымагы, бейпилдиги... Ар кандай тоскоолдуктарды жеңип, ар-намысты сактоого талыкпай умтулат, жакшы насааттарды берет. Акылсыздыктын үлгүсүн көрсөткөндөн көрө, өлүп, жок болуп кетүүгө батыраак макул болмок жана анын өлүмү мекенине күч-кубат, даңк алып келерине көзү жетсе, анда ал өз жанын курман кылуудан коркпойт... Ал Ата Мекендин атын гана айтып жүрөгү титиреп кете албаган асыл адам.»[ 3]

Патриотизмдин инсанга моралдык-тазалоочу таасирине, адамдын асылдык, абийир, эрдик жана жан аябастык сезимин өнүктүрүүгө, эгерде мекендин кызыкчылыгы талап кылса, деп А.Н. Радищев белгилеп кетти.

К.Д. Ушинский патриотизмди тарбиялоонун маанилүү милдети гана эмес, ошондой эле анын кубаттуу педагогикалык куралы деп эсептеген. «Сыймыктанбаган адам болбогондой эле, — деп жазган ал, — Ата-Мекенге болгон сүйүүсүз адам болбойт, бул сүйүү тарбияга адамдын жүрөгүнө ишенимдүү ачкыч, анын жаман табиятына каршы күрөшкө кубаттуу таяныч болуп берет». [4]

Ал эми патриоттуулуктун адамды улуттук тар кызыкчылыкка камоо менен эч кандай байланышы жок. Чыныгы патриотизм гуманисттик мүнөзгө ээ жана башка элдерди жана өлкөлөрдү, алардын улуттук үрп-адаттарын жана салттарын, өз алдынчалыгын жана көз карандысыздыгын урматтоону камтыйт жана *улуттар аралык мамилелердин маданияты* менен ажырагыс байланышкан. Эгерде бул мамилелер калыптанса, алар инсандын адеп-ахлактык жактан өсүп-өнүгүшүндө чоң мааниге ээ жана ар бир адамдын аң-сезиминде жалпы адамзаттык баалуулуктардын эбегейсиз зор маанисин түшүнүүнү ырастап, ар кандай элдердин жана өлкөлөрдүн ортосундагы боорукер жана достук мамилелерди сактоого салым кошот жана коомдун прогрессиндеги идеалдар. Бул жагынан алганда патриотизм жана улуттар аралык мамилелердин маданияты бири-бири менен тыгыз байланышта, органикалык биримдикте аракеттенип, инсандын моралдык маанисин аныктайт. Патриотизмдин жана улуттар аралык мамилелердин маданиятынын маңызын түшүнүү үчүн бул сапаттардын тарыхый генезиси айрым мамлекеттердин өз көз карандысыздыгы үчүн күрөшүндө калыптанышы жана чыңдалышы менен байланышкандыгын эске алуу керек жана улуттук көз каранды эместик. Бул жагынан алганда патриотизм, улуттар аралык мамилелердин маданияты кылымдар, миңдеген жылдар бою адамдарда калыптанган терең сезимдер.

Этностор аралык мамилелердин маданияты түшүнүгү дагы татаал. Бул жерде биринчиден, маданият деген сөз лексикалык мааниде «бир нерсенин жогорку деңгээли, жогорку өнүгүүсү, жеткилең чеберчилиги» дегенди түшүндүрөрүн эске алуу керек. [2]. Ушул көз караштан алганда улуттар аралык мамилелердин маданияты — бул ар түрдүү элдердин улуттар аралык экономикалык жана рухий байланыштарында, белгилүү адеп-ахлактык тактыкты сактоодо жана өз ара урматтоодо көрүнүп туруучу бул мамилелердин жогорку деңгээлин көрсөтүп турат.

Белгилей кетсек, мурда Советтер Союзу бирдиктүү мамлекет катары жашап турганда педагогика көбүнчө советтик патриотизмди жана интернационализмди тарбиялоо менен алектенсе, экинчиси социалисттик коомду куруп жаткан элдердин достугу катары каралып келген. Көрүнүп тургандай, бул түшүнүктөр өтө эле саясатташып кеткен. Азыр алар өздөрүнүн чыныгы этникалык маанисине ээ болушту. Азыркы учурда адамдын нравалык сапаттары катары патриотизмди жана улуттар аралык мамилелердин маданиятын тарбиялоо эң негизги максаттардын бири болууда.

Ал эми өткөн кылымдын башында педагогиканын улуу классиктери ар улуттун балдарын достукка, өз ара жардамдашууга, бири-бирин урматтоого тарбиялоонун жолдорун издеп, таап чыгышкан. Алардын тажрыйбасына биринчи кезекте кайрылыш керек. Педагогикалык мурастардагы жаш муундардын улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруу маселелери А.С. Макаренко Фарфоровскийди В.Ф. эмгектеринде баяндалып кеткен. «Улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууга, сый-урматты артырууга А.С. Макаренконун эмгеги чоң. Буга көрүнүктүү мугалим тарабынан түзүлгөн жана жетекчилик кылган балдар мекемелеринин көп улуттуу коллективдери көмөктөштү. Ар түрдүү улуттардын балдарынын коомго пайдалуу эмгеги аркылуу, А. Макаренко, жалпы маселелерди чечүүдө аларды биргелешип бириктирди, интернационалдык достукту чыңдады. Мугалим ар улуттун балдарынын арасында улутчулдук көз караштарды жоюунун, аларды бирдиктүү көп улуттуу коллективге бириктирүүнүн, бул коллективдин ичинде достукту жана жолдоштук өз ара жардамдашууну чыңдоонун натыйжалуу жолдорун тапты.»[ 1].

А.Макаренконун мекемесинде тарбияланган балдар патриоттук жана интернационалдык жогорку деңгээлде өнүктү десек болот. Себеби балдар үчүн көп улуттуу

өлкө болгон СССРдин республикаларына жана областарына жыл сайын саякаттар жана экскурсиялар болуп турган. Саякаттоо аркылуу окуучулар терең таасирлерди жана элдердин ортосундагы достукту, Мекенге болгон сүйүү сезимдерин байытышты. Демек улуттар арасындагы достук мамилеге ар түрдүү иш-чаралар, саякаттар, экскурсиялар өз таасирин тийгизет деген жыйынтыкка келсек болот.

Бирок патриотизмдин мазмунун, улуттар аралык мамилелердин маданиятын тереңирээк түшүнүү керек. Атап айтканда, патриотизмге төмөнкүлөр кирет: адамдын туулуп өскөн жерине болгон жакындык сезими; эне тилин урматтоо; мекендин таламдарына кам көрүү; жарандык сезимдердин көрүнүшү жана мекенге берилгендикти сактоо; анын социалдык жана маданий жетишкендиктери менен сыймыктануу; анын эркиндигин жана көз каранды эместигин колдоо; мекендин тарыхый өткөнүн жана андан мураска калган салттарды урматтоо; өз эмгегин, күчүн жана жөндөмдүүлүгүн Мекендин гүлдөшүнө жумшоого умтулгандык.

Этностор аралык мамилелердин маданиятынын мазмуну төмөнкүлөрдү камтууга тийиш: ар улуттун өкүлдөрүн урматтоо; башка элдердин тилине, улуттук үрп-адаттарына жана салттарына карата адеп-ахлактык тактыкты сактоо; башка мамлекеттердин жана элдердин маданиятынын жана турмушунун жетишкендиктерине кызыгуунун көрүнүшү; жалпы адамзаттык баалуулуктарды өнүктүрүүгө умтулуу.

А.С.Макаренконун билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбасын эске алуу менен жасаган, өз тажрыйбасы менен сыналган теориялык иштеп чыгуулары анын окуучуларында элдердин достук сезимин жана улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзүп, учурда балдар жана өспүрүмдөр, студент жаштар менен тарбиялык иштерди уюштуруу. Аларда азыркы кездеги мектептерде али аз колдонулуп жаткан педагогикалык техниканын терен гумандуу идеяларын, конкреттүү сунуштарын, кеңештерин жана жекече методдорун табабыз. [ 1].

Белгилүү педагог А.С.Макаренконун теория менен практиканы айкалыштыруудагы тажрыйбаларынын негизинде окуучуларда көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Жеке жүрүм-турумунда гана эмес, билиминде, өнүгүүсүндө жана улуттар аралык достук мамилесинде билинди.Теория менен практиканын айкалышы аркылуу жакшы жыйынтыкка жетише алабыз. Азыркы учурда дагы бул методдор өз актуалдуулугун жоготпой келет.

В.А. Сухомлинский балдарды элдердин достугунун духунда тарбиялоо мектептен алда канча мурда башталууга тийиш экендигине көңүл бурду. Бул процессте үй-бүлө маанилүү роль ойногон. Дал үй-бүлөдө, деп баса белгиледи ал, интернационалдык сезимдерди калыптандыруунун негизги принциптери коюлган. Балдар ата-энелери, үй-бүлөнүн башка улуу мүчөлөрү менен баарлашып, башка улуттун өкүлдөрүнө биргелешип иштөө же оор учурларда өз ара жардам көрсөтүү жөнүндө айтылган жылуу сөздөрдү ооздорунан угуп, аларга болгон урмат-сый жана ыраазычылык сезимине сиңишет. Мындай окуяларды В.А. Сухомлинский, «бардык бир тууган элдердин бир туугандык үй-бүлөсү жөнүндөгү балдардын идеясын» байыткан. Балдарды элдердин достугунун духунда тарбиялоодо В.Л.Сухомлинский өз ара байланышкан эки багытты бөлүп көрсөткөн. Биринчисинин максаты – сезимдерди ойготуу. Аны системалуу чечүү менен «мугалим рухий байланышты, өз окуучуларынын башка улуттун эмгекчилеринин балдары менен байланышын түзөт». [7]

Павлыш мектебиндеги бул иштин негизги формалары совет элдеринин достугунун тарыхый тамырлары жөнүндө, алардын тагдырына туш келген оор сыноолор жөнүндө,

биргелешкен аскердик иш жөнүндөгү китептерди окуу менен алмаштырылган аңгемелешүүлөр болгон.

Студенттер арасында патриотизмди жана улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандыруу боюнча тарбиялык иштерди жүргүзүү үчүн бул эң татаал процесстин маңызын түшүнүү зарыл. Инсандын адеп-ахлактык калыптанышынын органикалык бөлүгү болуп, патриоттуулукту жана улуттар аралык мамилелер маданиятын тарбиялоо мазмуну боюнча патриоттуулукту жана маданиятты өнүктүрүү менен байланышкан окуучуларды окуу жана мектептен тышкаркы иш-чаралардын ар кандай түрлөрүнө тартуунун максаттуу процесси болуп саналат. улуттар аралык мамилелерди, алардын бул моралдык сапаттарын өнүктүрүүдө активдүүлүгүн стимулдаштыруу.

Бирок, улуттар аралык мамилелердин патриотизмин жана маданиятын тарбиялоо жана калыптандыруу процесси үчүн алардын маңызын жана мазмунун гана эмес, ошондой эле ички, же кээде аларды атап айткандай, психологиялык, структуралык компоненттерди да билүү зарыл. жалпылык бул моралдык сапаттардын алып жүрүүчүсү катары аракеттенет. Башка моралдык сапаттардагыдай эле, патриотизмде жана улуттар аралык мамилелердин маданиятында да бул компоненттердин төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: муктаждык-мотивациялык, интеллектуалдык-эмоционалдык, жүрүм-турумдук жана эрктүүлүк, аларды өнүктүрүү тарбиялык иштердин конкреттүү методологиясын талап кылат. Ал кандай болушу керек?

Көрүнүктүү мугалимдердин эмгектеринде К.Д. Ушинский, А.С. Макаренко, С.Т. Шацкий, баланын инсанын тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн социалдык шарттуулугу жана билим берүү системаларын натыйжалуу уюштуруунун маанилүүлүгү жөнүндө жоболор белгиленген. Бул жоболордун контекстинде балдарды жана жаштарды патриоттуулукка жана элдердин достугуна тарбиялоо рационалдуу методикалык жана методикалык жактан иштеп чыгууга тийиш деп эсептешкен. Интернационалдык патриоттук тарбиянын теориясына жана практикасына олуттуу салым кошкон Н. Крупская, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, негизи үй-бүлөдө түптөлгөн, жарандык милдетти жана жоопкерчиликти, кайраттуулукту, бүтүндөй дүйнө таанымды түшүнгөн, билимдүү, аң-сезимдүү, жигердүү инсанды калыптандыруу зарылдыгын белгилеген.

Белгилүү болгондой, адамдын бул маселелер боюнча алган билими дайыма эле бул сапаттарга туура келген ой жүгүртүүсүн жана жүрүм-турумун аныктай бербейт. Бул жерде көп нерсе бул билим ал үчүн канчалык деңгээлде жеке мааниге ээ болуп, анын эмоционалдык тажрыйбасынан өтүп, анын иш-аракетинин жана иштеринин жетектөөчү принциптерине (мотивине) айланганынан көз каранды. Жеке деңгээлде бул принциптер, же мотивдер, иш-аракеттер жана жүрүм-турум көз караштар жана ишенимдер формасын алат, аларды калыптандыруу студенттерди патриоттуулукка жана улуттар аралык мамилелердин маданиятына тарбиялоонун эң маанилүү милдети болуп саналат.

Соловейчиктин түшүнүгүндө педагогика билим берүү искусствосу же жөн эле билим берүү илимин билдирет. Автордун "Балдарга билим кереги жок – балдар менен дос болушуң керек" деген афоризмге ээ. Чындыгында, Симон Львович тарбия жана билим берүү эки тараптуу процесс экендигине жана балдар бизге көп нерсени үйрөтө аларына ынанган. [8]. Бул жерде чоңдордун балдар менен дос болуу менен биргеликте аларга интернационалдык тарбия берүүнүн зарылчылыгы келип чыгып жатат. "Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат"- деген сыңары. Бала үй-бүлөдө эмнени көрсө ошону кылат. Баланы өзгөртөм дегенден мурда ата-эне өзү өзгөрүлүп, өзүн-өзү тарбиялоосу зарыл.

Жаш муундарды коллективизмдин духунда тарбиялоо маселеси советтик педагогиканын жаралышынын алгачкы күндөрүнөн тартып эле алдыңкы, негизги маселе болуп келген. Макаренконун коллективи тушунда адамдардын туш келди чогулушу эмес, жалпы иштеги жалпы максаттарга жетишүү үчүн аларды бириктирүү дегендик болгон. Эмгекте тарбиялоого зор маани берип, Макаренко окуу-тарбия иштери менен байланыштырбастан, окуучулардын булчуң күчүн өндүрүмсүз чыгымдап жатканына каршы чыккан.

Коллектив ар дайым белгилүү максатка умтулуп, түйшүктүү турмушта жашашы керек. Макаренко бул инсан мүчө болгон коллективде аракеттенүү менен инсанга таасир көрсөтүүгө болот деп эсептеген. «Адамдын алдында кубанычтуу эч нерсе болбосо, бул дүйнөдө жашай албайт. Адам өмүрүнүн чыныгы стимул - эртеңки кубаныч..." [5].

А.С.Макаренконун оюу боюнча балдардын достугу үчүн коллективде иштөө эң жакшы жыйынтык берет. Коллективде иштөө менен балдардын бири-бирине болгон сый-урматы өсөт. Ынтымакта чогуу бирдиктүү иштегенге көнүгөт.

Жалпы адамдык жана жеке, улуттук жана интернационалдык билим берүү. Этностор аралык катнаштын педагогикасы. Ыйманга, сабырдуулукка тарбиялоо. Надежда Крупскаянын: «Интернационалдык билим берүү күндөлүктү иш болуп калууга тийиш,алар чектелбеши керек. Бардык окуу-тарбия иштери ошону менен каныктырылууга тийиш. Азыр мектеп интернационалдык тарбиянын өзгөчө борбору болуп калды». [6].

Бирок, көз караштардын жана ишенимдердин туруктуулугу жана бекемдиги интеллектуалдык-эмоционалдык тажрыйбанын жана жүрүм-турумдун биримдиги камсыздалганда гана ишке ашат. Ошол ишенимдер гана инсандын тиешелүү коомдук мааниге ээ иш-аракеттеринде жана аракеттеринде камтылган адеп-ахлактык багытын эффективдүү аныктайт. Бул мектеп окуучуларынын патриоттук сезимин, улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандырууга өбөлгө боло турган тарбия иштерин ушундай уюштурууну талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. А.С. Макаренко – человек, педагог, ученый, писатель: СССР, Россия,Урал: материалы 10-х Всероссийских Макаренковских студенческих педагогических чтений / под ред. В.С. Третьяковой. Екатеринбург: «Раритет», 2013. 298 с.
2. Ожегов С. И. Словарь русского языка. – М., 1985. – С. 268.
3. Радищев А.Н. Избр. соч. – М., 1952. – С. 205-206
4. Ушинский К.Д. Собр. соч. – Т. 2. – С. 160
5. https://ggptl.gomel.by/MethodFull/page13.html
6. https://janebartosh.ru/soderzhanie-urovni-i-formy-internacionalnogo-vospitaniya-molodezhi-sovremennye/
7. https://www.litmir.me/br/?b=84572&p=1
8. rosuchebnik.ru/material/vremya-luchshikh-5-otechestvennykh-pedagogov-izmenivshikh-mir/.

**УДК 373**

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫ ОКУТУУДА МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
Ош мамлекеттик педагогикалык
университети, окутуучу.
Ош шаары. nur_kg_93@list.ru

# ПРЕИМУЩЕСТВА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ МУЛЬТИМЕДИА В ОБУЧЕНИИ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
Ошский государственный педагогический
университет, преподаватель.
г. Ош. nur_kg_93@list.ru

# ADVANTAGES OF USING MULTIMEDIA IN EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL

Mendibaeva Nurkan Mendibaevna Osh
State Pedagogical University, theacher.
city of Osh. nur_kg_93@list.ru

**Аннотация**

Бул макала мультимедиялык каражаттардын билим берүү процессин маалыматташтыруунун келечектүү багытын, программалык-методикалык камсыздоосун, материалдык базаны өркүндөтүүнү, ошондой эле педагогикалык кадрлардын квалификациясын милдеттүү түрдө жогорулатууну жана билим берүү тармагында заманбап маалыматтык технологияларды ийгиликтүү колдонуунун келечегин көрсөтөт. Башкача айтканда мультимедиалык технологиялар окуу процессин байытат, окууну эффективдүү кылат, билим берүү процессинде маалыматы кабыл алууну жакшыртат. Мультимедианы колдонуунун актуалдуулугу болуп колдонуучуга (окуучуга да, угуучуга да, көрүүчүгө да) эң натыйжалуу таасир этүү үчүн ар кандай программалык-техникалык каражаттарды колдонгон маалыматтык технологиялардын комплексин билдирет. Мультимедиялык каражаттарды жана салттуу педагогикалык каражаттарды комплекстүү пайдалануу окуучулардын таанып билүү кызыгуусун активдештирүүгө, аларды окуу дисциплинасына кызыгуусуна шарттарды түзөт. Окуу процессинде мультимедиялык каражаттарды колдонуу сапатты жогорулатууга жана билим берүү системасын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**Ачкыч сөздөр:** башталгыч класс, мультимедия, окутуу процесси, технология, окуучу, пайданалуу, графика.

**Аннотация**

В данной статье показано перспективное направление информатизации учебного процесса мультимедийными средствами, программно-методическое обеспечение, совершенствование материальной базы, а также обязательное повышение квалификации педагогических кадров и перспективы успешного использования современных информационных технологий в учебном процессе в сфере образования. Другими словами, мультимедийные технологии обогащают процесс обучения, делают обучение более эффективным, улучшают восприятие информации в учебном процессе. Актуальность использования мультимедиа относится к комплексу информационных технологий, использующих различные программно-технические средства для наиболее эффективного воздействия на пользователя (читателя, слушателя, зрителя). Комплексное использование средств мультимедиа и традиционных педагогических средств создает условия для активизации познавательного интереса учащихся, их интереса к изучаемой дисциплине. Использование мультимедийных средств, в процессе обучения позволяет повышать качество и развивать систему образования.

**Ключевые слова:** начальная школа, мультимедиа, учебный процесс, технология, ученики, использование, графика.

**Annotation:**

This article shows a promising direction of informatization of the educational process by multimedia means, software and methodological support, improvement of the material base, as well

as the mandatory advanced training of teaching staff and the prospects for the successful use of modern information technologies in the educational process the field of education. In other words, multimedia technologies enrich the learning process, make learning more effective improve the perception of information in the learning process. The relevance of the use of multimedia refers to a complex of information technologies that use various software and hardware tools for the most effective impact on the user (reader, listener viewer). The integrated use of multimedia and traditional pedagogical tools creates conditions for enhancing the cognitive interest of students, their interest in the discipline being studied. The use of multimedia tools in the learning process allows you to improve the quality and develop the education system.

**Key words:** elementary school, multimedia, educational process, technology, student, use, graphics.

Балдардагы билим-тарбиянын, өсүп-өнүгүүнүн пайдубалы, күндөлүк жашоодогу компетенцияларынын негизи башталгыч мектепте түптөлүп, андан ары өркүндөтүлөт. Кенже мектеп окуучусунун кабыл алуу, таанып билүү, ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө ылайык, башталгыч мектепте жуурулушкан (интеграцияланган) предметтер өтүлүп, окуганга, жазганга үйрөтүү, окуу көндүмдөрүн, адабий дүйнөсүн калыптандыруу боюнча тил жана окуу (кыргыз тил, орус тил, чет тил), баланын эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында математика, айлана-чөйрөнү илимий негизде таанытуу үчүн Мекен таануу, руханий жан дүйнөсүн калыптандырууга багытталган музыка, көркөм өнөр жана жүрүм-турумун, башкаларга мамилесин калыптандырууну максат кылган адеп, баланын дене түзүлүшүн өнүктүрүү үчүн дене тарбия, жашоодогу жалпы коопсуздугун камсыздоо үчүн турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу жана баалоо процессине жаңыча мамиле жасоону ишке ашыруу билим берүү системасындагы актуалдуу маселелердин бири.

«Башталгыч мектеп – билим башаты» деп айтылгандай, кенже окуучунун предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн жагымдуу чөйрө түзүүгө, мультимедиалык материалдарды колдоно билүүгө үйрөтүүгө жана жаңыча баалоого көңүл бурулат. [4]

Биздин азыркы заманыбызда билим берүү процессинде кеңири колдонулуп жаткан маалыматтык технологиялар барган сайын көбүрөөк киргизилүүдө. Бул технологияларды колдонуу окутуунун натыйжаларын жогорулатат жана алдыңкы билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн ачат. Маалыматтык технологиялар – бул окутуунун заманбап ыкмаларын ишке ашырууга, баарлашуу чөйрөсүн, билимди жана көңүл бурууну кеңейтүүгө мүмкүндүк берген билим берүү жана маалымат мейкиндигинин биримдиги. Электрондук окуу куралдары, интерактивдүү окутуу методдору, иштеп чыгуучу оюндар, окуу программалары, аралыктан окутуу технологиялары – бул азыркы учурда колдонулуп жаткан билим берүү технологияларынын толук тизмеси эмес. Учурда мультимедиялык технологиялар билим берүүнүн ар кандай тармактарына барган сайын көбүрөөк киргизилүүдө. Бул маалыматтык технологиялардын эң өнүгүп келе жаткан жана келечектүү багыттарынын бири. Буга билим берүү мекемелеринде заманбап компьютердик технологияларды жана программалык камсыздоону жайылтуу, билим берүүнү маалыматташтыруу боюнча мамлекеттик жана мамлекеттер аралык программаларды кабыл алуу көмөктөшүүдө. Көпчүлүк учурларда маалыматташтыруу каражаттарын колдонуу мектеп окуучуларынын билим берүүсүнүн натыйжалуулугуна оң таасирин тийгизет.

Окуу процессине маалыматтык технологияларды киргизүү окуучулардын кызыгуусун жана өз алдынчалыгын, кошумча билим берүү ресурстарын колдонууга, тандалып алынган

технологиялардын негизинде окуу процессин жүргүзгөн мугалимдерди даярдоого алып келет.

Заманбап технологиялар билим берүү процессин өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. К.Д. Ушинский мындай деген: «Балдардын табияты көрүүнү талап кылат». Ошондуктан мультимедианы колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөрүн белгилейт, мында: билимди өздөштүрүү зарылчылыктан эмес, окуучулардын каалоосунан келип чыгарын белгилеген. Окуучулар мультимедианы кубаныч менен кабыл алышат, ал эми кубаныч, өз кезегинде, предметке болгон мамилени стимулдайт;
ишмердүүлүгүнө баа берүүнүн жаңы обөективдүү критерийи алдыга коюлат: көптү билген жана өз билимин колдоно билгенге жетишет; фантазияга эркиндик берүү, коркуу тоскоолдорун алып салуу, тамашакөй болуу, жаман баа албоо ж.б.у.с. мүмкүнчүлүк түзүлөт;
бүткүл коллективдин кызматташтыгынын жана атаандаштыктын атмосферасы түзүлөт;
окуучулар кыйынчылыктарды өз алдынча жеңүүгө умтулушат;
предмет аралык коммуникацияларды колдонууга реалдуу мүмкүнчүлүк алышат. [2].

Ошентип, азыркы учурда билим берүүдө мультимедианы колдонуунун ар кандай аспектилери активдүү изилденип, мультимедиялык технологиялардын техникалык жана психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү белгиленип, аларды жалпы билим берүү мекмелеринин окуу процессинде максаттуу жана жемиштүү пайдалануу зарылчылыгы баса белгиленип жатат.

Бүгүнкү күндүн керектөөлөрүн жана талаптарын канааттандырган бул - оюн. Балдардын фантазиясы, кабылдоосу жана психологиясы үчүн мурунку сүрөттөр жана таблицалар "жанданды" - бул чоң жетишкендик. Эми балдар заманбап мультимедиялык технологиялардын аркасында бул дүйнөнү тезирээк жана жакшыраак тааный алышат.

"Мультимедиа" деген сөз 20-кылымдын 90-жылдарынан тарта популярдуу боло баштаган. Мультимедиа – (англисче) текст, графика, видео жана анимацияны колдонууга мүмкүндүк берген көп компоненттүү чөйрө. «Мультимедиа» кадимки компьютерлер сыяктуу цифралык түрдө гана эмес, ар кандай формадагы маалымат менен иштөө жөндөмүн билдирет. Мультимедиялык компьютерлер үн (музыка, сүйлөө ж.б.), ошондой эле видеомаалыматтарды (видео клиптер, анимациялык фильмдер ж. б.) ойнотууга мүмкүндүк берет. Видеоэффекттер алмашылган компьютердик слайддарды, мультфильмдерди, видеоклиптерди, кыймылдуу сүрөттөрдү жана тексттерди көрсөтүү, сүрөттүн түсүн жана масштабын өзгөртүү, анын жылтылдап, акырындап жок болушу ж.б. аркылуу көрсөтүлүшү мүмкүн [1].

"Мультимедиа" терминин биз маалыматтын ар кандай түрлөрүнүн айкалышы аркылуу - салттуу статикалык маалымат (текст, графика) аркылуу да, динамикалык маалымат (анимация, сүйлөө, музыка, видео) аркылуу да көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү компьютердик технология катары аныктайбыз. . Мультимедиа – бул маалыматты берүүнүн ар кандай жолдорун жана түрлөрүн чагылдырган синкретикалык бирдиктүү санариптик мейкиндик.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) мугалимдерге жана балдарга окуу чөйрөсүн жакшыртуучу билим берүү каражаттарын жана ресурстарын сунуштайт. Башталгыч мектеп программасынын максатын, принциптерин жана милдеттерин колдоо үчүн колдонулганда, бул технологиялык куралдар мектептерде окутууну жана окутууну жакшыртуу жана өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мультимедиялык технологияларды колдонуу менен убакыт үнөмдүү пайдаланылат, бул чоң көлөмдөгү материалдарды берүүгө жана өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Маалыматтык технологияларды колдонуу менен сабак

өтүүдө окуучулар өз алдынча окуу-оюн процессин түзө алышат, бул окууну натыйжалуураак кылат жана окуучуну предметке болгон кызыгуунун олуттуу өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Маалыматтык технологияларды эффективдүү колдонуунун баалуулугу – окуучулардын таанып-билүү кызыгуусунун деңгээлин жогорулатуу. Маалыматтык жана компьютердик технологияларды колдонуу, алардын көрүнүктүүлүгү, албетте, окуу-тарбия процессин жакшыртат, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, мектеп окуучуларынын кызыгуусун арттырат, өз алдынча билим алууга позитивдүү мотивацияны жаратат [3].

Мультимедиялык технологияларды окутууда колдонуу төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ:

1. түстүү графиканы, анимацияны, үндү, гипертехти колдоно билүү
2. окуу материалын жаңылоо мүмкүнчүлүгү;
3. басып чыгарууга жана кайра чыгарууга чыгымдардын аздыгы;
4. окуу материалында интерактивдүү веб элементтерди, тесттерди жана иш китептерди колдонуу мүмкүнчүлүгү
5. цитата үчүн бөлүктөрүн көчүрүү жана которуу мүмкүнчүлүгү;
6. гипершилтемелерди камтыган окуу материалынын сызыктуу эмес өтүү мүмкүнчүлүгү;
7. электрондук китепканалардагы же билим берүүчү сайттардагы кошумча адабияттар менен гипершилтемелер. [4]

Мультимедиялык окуу куралдарын колдонуу мугалим маалымат берип эле тим болбостон, окуучуга материалды өздөштүрүүсүнө катышып, колдоп, жардам бергенде эффективдүү болот. Түстүү сүрөттөр жана анимациялар менен коштолгон презентацияларды колдонуу жөнөкөй текстке караганда жагымдуураак, бул маалыматты жакшыраак кабыл алууга жана эмоционалдык колдоо көрсөтүүгө өбөлгө түзөт.

Мультимедиа – бул жөн гана визуалдык маалыматты калыптандыруунун жаңы технологиялык жолу эмес, ошондой эле ал
дидактикалык позициядан алганда билимди көз менен көрө алгандай кылып сунуштоонун башка негиздерге таянган жаңы формасы.

Билим берүүчү мультимедиада төмөнкү функционалдык милдеттерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Иллюстративдик-маалыматтык (изилденүүчү тууралуу маалыматты иллюстрация аркылуу жеткирүү).
2. Когнитивдик (визуализация изилденип жаткан обөектини моделдөөгө мүмкүнчүлүк берет, анын өзгөрүшүнө байкоо салууга болот).
3. Эмоционалдык-окуялык (реалдуу убакыт шартында окуучуну экрандагы окуяларды башкарууга тартат, аны эмоционалдуу жана активдүү изилдөөгө, иликтөөгө катыштырат).
4. Интерактивдик-интеллектуалдык (программалаштырылган логика «көрсөтмөлүүлүктү» изилдөө үчүн, окуучунун таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн, кабыл алуу, материалды эске тутуу процессин башкаруу үчүн аны менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт). [5]

Класста алынган материалды жакшыраак өздөштүрүү үчүн маалыматты кабыл алуунун бардык каналдарын колдонуу зарыл, жана бул окуучулар маалыматты көргөндө визуалдык болуп саналат жана анын жарык, угуу каналы болушу маанилүү, аны колдонууга болот. Мугалимдин жана окуучунун айткандарынын жардамы менен гана эмес, мультимедиялык, ар кандай аудио жазуулардын, механикалык жардамы менен балдар бардык маалыматтарды дептерлерине жазып алганда жана эмоционалдуу болсо, сабак позитивдүү жана жандуу эмоцияларга толушу керек. Эс тутум эмоционалдык жарылууларды

эң сонун чагылдырат. Заманбап мультимедиялык технологиялар бизге бул шарттарды аткарууга мүмкүндүк берет. Мультимедиялык технологияларды башталгыч класстардын окуу планына киргизүү окутуунун жана окуунун сапатын жогорулатууга багытталышы керек. Мультимедиялык технологиялар тармагындагы көндүмдөрдү өнүктүрүү башталгыч класстардын окуу максаттарына жана мектеп программасына киргизилиши керек. Мультимедиялык технологияларды колдонууну пландаштыруу мектеп деңгээлинде жүргүзүлүшү керек жана негизги маселелерди, анын ичинде өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн мультимедиялык технологияларды колдонууну камтышы керек. Мультимедиялык технологияларга бардык балдардын жеткиликтүүлүгүнүн тең укуктуулугу жана аны колдонуунун сарамжалдуулугу ден соолукка зыян. Мультимедиа технологиясы аркылуу балдарды окутууда, колдоодо жана баалоодо мугалимдин ролу МКТны башталгыч мектеп программасына эффективдүү интеграциялоодо негизги орунда турат. [2]

Демек, бүгүнкү күндө окутуу жөн эле эмес, үзгүлтүксүз окутуу маанилүү, анткени тынымсыз жаңы техника жана технология киргизилип, заманбап мультимедиялык каражаттар чыгарылып, коммуникация мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшү иштин айрым түрлөрүн өзгөртүүгө же жок кылууга шарттарды түзөт. Окутуу ыкмаларын тандоодо окуучулардын пикири чечүүчү мааниге ээ, анткени жаңы көндүмдөрдү өздөштүрүү жана бар болгондорун өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү аларга өзгөртүүгө даяр болууга мүмкүндүк берет. Окутуунун эффективдүүлүгү бул процесске окуучуларды тартуунун деңгээлине түздөн-түз жараша болорун да эске алуу зарыл.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Бордовский, Г.А. Билим берүү процессинде жаңы муундун электрондук билим берүү ресурстарын колдонуу / 2007.
2. Захарова, И.Г. Билим берүүдөгү маалыматтык технологиялар: окуу куралы. студенттер үчүн колдонмо. 2005.
3. Информатика жана МКТ. Билим берүүдөгү мультимедиа: окуу куралы / В.В. Андреев, 2012.
4. Кут билим 2020-жыл, 26-август №25 (10867)
5. Медиа жана маалыматтык сабаттуулук. Мугалим үчүн ресурутук китеп 2019

**УДК 373.2**

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
колледжинин «Мектепке чейинки педагогика
жана жекече усулдар» кафедрасынын окутуучусу
*Кыргызстан, г.Ош.*

## ПОДГОТОВКА ДОШКОЛЬНИКОВ К ТРУДУ

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна
преподаватель кафедры «Дошкольной педагогики и частных методик»
Ошский государственный педагогический университет, Кыргызстан, г.Ош,
e-mail: merinsa.nishanbayeva@mail.ru

## EDUCATION OF PRESCHOOL CHILDREN FOR WORK.

Nishanbaeva Mernisa Anarbaevna

Lecturer of the department
Preschool pedagogy and private methodology Osh State Pedagogical University,
Kyrgyzstan, Osh.
e-mail: merinsa.nishanbayeva@mail.ru

**Аннотация**

Мектепке чейинки курактагы балдарды эмгекке тарбиялоодо жаш өзгөчөлүгүнө карата бөлүнөт. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо күндөлүк турмушундагы эн жөнөкөй эмгекке тарбиялоо зарыл деп эсептелет. Эмгекке тарбиялоо менен балдардын көптөгөн иш- аракети, жөндөмүү өнүгөт. Эрте курактагы балдарды эмгекке тарбиялоо учурунда аларга көрсөтмөлүү жана жеңил жумуштун түрлөрү менен таанышытырылат. Мына ушунун натыйжасында балдардын активдүүлүккө, акылдуулуука, аракетчил, тапкыч, иштерман жана максатына жетүүгө үйрөнүшөт. Ар дайым балдар эмгек жасоо аракетине чоң адамдардын, тарбиячылардын, ата-энелердин жардамы негизги орунда турат. Баланы эмгек ишмердүүлүгүдө даярдоодо жаш өзгөчөлүгү эске алынат жана эмгектин түрлөрүн жасоого тарбияланат. Анткени мектепке чейинки курактагы балдар өз алдынча эмгек жасоого тарбияланат жана бирдиктиктүү иш жасоого үйрөнөт. Алардын эмгек менен таанышууда тарбиячылардын колдоосу астында жүргүзүлөт. Мектепке чейинки мекемелерде жаш курагына карата тайпаларга бөлүнүшөт жана эмгекке болгон кызыгуусу арттыруу максатында ар түрдүү оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу менен иш жүзүнө ашырылат. Эрте курактагы балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша эмгектин түрү таңдалып алынат жана тарбиячылар чоң адамдар менен бирге эмгек жасоого көмөк көрсөтүүлөт.

**Ачкыч сөздөр: эмгек, балдар, тарбиялоо, коом, өспүрүм.**

**Аннотация**

Интерес к труду у подростков, обучающихся в дошкольных учреждениях, формируется в соответствии с возрастными особенностями. В настоящее время разъяснение труда детям дошкольного возраста повышает эффективность обучения. Выполняя работу, дети развивают многие способности. Конечно, полезно давать им учебные задания и легкую работу при подготовке молодежи к труду. В результате этого ребенок становится способным, активным, находчивым. Помощь взрослых, воспитателей и родителей всегда важна для того, чтобы дети усердно трудились. Возрастные особенности ребенка учитываются при подготовке к работе в трудовой деятельности. Потому что дети дошкольного возраста не могут заниматься самостоятельной работой. Знакомство с их творчеством осуществляется при сопровождении воспитателей. Дошкольные учреждения делятся на возрастные группы. Детям этого возраста приходится выбирать вид работы в соответствии со своими способностями, работать вместе с воспитателями и взрослыми.

**Ключевые слова: труд, дети, воспитывать, общество, подростки.**

**Annotation**

Interest in work among adolescents studying in preschool institutions is formed in accordance with age characteristics. At present, the explanation of labor for preschool children increases the effectiveness of education. By doing work, children develop many abilities. Of course, it is useful to give them school assignments and light work in preparing the youth for work. As a result, the child becomes capable, active, resourceful. The help of adults, educators and parents is always important for children to work hard. he age characteristics of the child are taken into account when preparing for work in labor activity. Because preschool children cannot do independent work. Acquaintance with their work is carried out with the accompaniment of educators. Preschool institutions are divided into age groups. Children of this age have to choose the type of work in accordance with their abilities, work together with educators and adults.

**Key words: work, children, educate, society, teenagers.**

Эрте курактагы балдарды эмгекке тарбиялоодо алардын жаш өзгөчөлүгү негизги орунда экендиги эске алынат. Балдарды жөндөмдүүлүккө, эпчил , элпек болууга тарбиялоо менен эмгектин түрү боюнча түшүндүрмө берүү жакшы натыйжа берет. Бирок эзелтеден эле элибизде, кылым карыткан тарыхыбызда жаш муундарды эмгектенүүгө, зээндүү болууга, бакубат жашоого үйрөтүү ата-бабалардын калган салт катары белгилеп келишкен. Коомдун туруктуу өнүгүүсүндө эмгектин ролу жашоонун негизи катары эсептелерин түшүндүрүү үчүн эмгек жасоону үйрөтүү эң орчундуу маселелердин бири катары кароого болот. Өсүп келе жаткан балдарга эмгектин маңызын көрсөтүп, аларга кандай пайда алып келет деген түшүнүгүн кеңейтүүгө багытталган иш чаралар өткөрүлүп туруу тарбия берүүнүн зарыл процессинин бири болуп белгиленет. Кандай эмгек болгонуна карабастан чын ыкласы менен аракет жасоодо көптөгөн ийгиликтерди жаратат. Жаш өспүрүмдөрдү эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, эмгектин баалуу экендигин түшүндүрүү тарбиянын өзөгү катары бааланат. Эмгектин натыйжалуулугу менен көп жетишкендиктерди алып келерин жана баланын өсүп өнүгүүсүндө эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүнө чыгармачылыгынын пайда болуусуна алып келет[3].

Баланын кыймыл - аракети аркылуу эмгек жаралат жана эмгектин туруктуу өнүгүүсүнө көңүл бурулат. Эмгек баланын максаттуу аракетинин бир бөлүгү, кандайдыр ишке болгон жөндөмдүүлүгүн арттырат. Эмгек, балдардын өз ыктыяры менен эмгек жасоого тарбиялап жана жеке сапаттарын бала кезинен эле калыптандырат. Эмгек балдардын жан-дүйнөсүн жаңыртып, аң-сезиминин өнүгүшүнө салым кошот. Канчалык деңгээлде балдардын эмгекке болгон жөндөмү тарбиясын, акылын байытып, жашоого болгон көз- карашын өзгөртөт. Балдардын аракети, максаттуу ишке болгон көз карашы балдардын эмгекчил болуусуна мүмкүнчүлүк жаратат. Мектепке чейинки курактагы балдарды жаш кезинен баштап эмгекечилдикке тарбиялоо, иштин эмнеден баштоо керектигин үйрөтүү, тарбиянын башаты катары көрсөтүлөт.

Мектепке чейинки курактагы балдарга эмгекке жарамдуу болушу жана алардын өсүп-өнүгүүсүнө кадимкидей жардам берет. Мектепке чейинки куракта балдар күч-кубатка толо элек болгондугуна байланыштуу алардын жаш курагына карата эмгек иш-аракетин аткарууга багыт берилет. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо эмгектин оор түрлөрүн колдонууга мүмкүнчүлүктөр берилбейт. Анткени алардын эмгекке болгон аракетинде жаш өзгөчөлүгү негизги орунда тургандыгына байланыштуу жеңил түрлөрү тандалып алынат. Эмгек дегенде эле баланын күнүмдүк жашоосунда керектелүүчү эмгек шаймандары аркылуу эмгекке тарбиялоо деген көндүмдөрдү калыптандырат жана үйрөтөт. Балдар ата-энесине карата эмгек жасоо аракеттери күч алат жана чоңдордун жасаган иштерин туурап күнүмдүк турмуштагы эмгек ыктарын аткарышат. Балдардын эмгек жасоого мүмкүнчүлүгү жетишсиз болгондугу үчүн аларга эмгектин жеңил түрлөрүн үйрөтүү менен биргеликте иш-аракеттерди аткарууда оң таасирин тийгизет. Балдар күнүмдүк турмуштагы иш-аракеттерди көрүп эмгек менен тааныша алышат жана кызыгуу пайда болот. Бул көрүнүштөн балдар эмгек кандай болорун, кантип аткаруу керектиги жөнүндө гана түшүнүгү калыптанат жана бала куурчап турган чындыкты көрүүгө аракет жасашат. Мындай көрүнүштөр балдардын көз -карашына, аң-сезимине өзгөчө таасирдүү болот. Балдарды эмгекке тарбиялоо менен аларга жагымдуу маанай тартуулаш үчүн гүлдөрдү жасап, апаларына белек берүү ыкмалары дагы тарбия берүүнүн бир жакшы жактарын камсыздайт. Балдардын жашоосунда салым кошкон эмгек экенине ынанып, аларга эмгекке көмөктөш болуу тарбия берүүгө эң мыкты мүмкүнчүлүк түзөт. Балдардын жашоосунда эң жакшы жагдайлар бул эмгегине жараша мактоо усулдарын колдонуу жакшы маанай жаратуу бул

балдардын эмгекке болгон кызыгуусун жаратат. Балага тарбия берүүдө тарбиячылар баланын кыймыл-аракетине көңүл бөлүү зарылдыгы келип чыгат[1].

Эмгек жаш балдарды жалкоолуктан алыс болууга тарбиялайт жана таанып- билүү жөндөмүн арттыруу менен эмгекке болгон көз карашын өзгөртөт. Албетте эмгек дегенде эле баланы кыйнап эмгектин оор түрүн жасатуу эмес, аларга эмгек жөнүндө түшүндүрмө берүү аларга колдоо көргөзүү жактарын эске алуу жакшы жыйынтык берет деп эсептешкен. Үй шартында эмгекке тарбиялоого багытталган көптөгөн иш- аракеттер көрүлөт. Бала тарбиялоого ата-энелер абдан чоң жоокерчиликте экендиги эске алынат жана жетишерлик деңгээлде эмгек ык-машыгууларына тарбия берилет. Эгерде балдарга өз убагында эмгек жөнүндө жакшы маалымат берилбесе, алар эмгекке жөндөмсүз болуп калган учурлар кездешет. Бала жашоонун күзгүсү болгондугуна байланыштуу туура тарбия берилбесе алар кайрадан бизге чагылуусу өзүбүзгө кайтып калышы мүмкүн. Жаш өспүрүм курактагы балдарга өзүнө тиешелүү тарбиянын элементтерин берүү жана тааныштыруу зарыл. Балдар коом менен аралаша баштагандан баштап эмгекти түшүнүү аракети жакшы көрүнүштөргө алып келиши күтүлөт. Балдарга көп кырдуу тарбия берүү менен эмгекке жарамдуу болушуна шарт түзөт. Ааламдашуу доорунда балдарга эмгек тарбиясы берилбей калган болсо тарбияга сөзсүз кедергисин тийгизбей койбойт. Балдар көзөмөлдөн чыгып кеткен болсо тарбия берүү тармагында көп кыйынчылыктар жаралат. Ошол үчүн тарбиянын түрлөрү болгон эмгек тарбиясы жаш курагына карата тарбия берүү жактарын камсыздоо зарылдыгы келип чыгат. Бала тарбиясы эң маанилүү ар бир баланын табияты аруу таза, ошол үчүн эмгек тарбиясын жаш курагынан баштоо оң таасирин тийгизет[2].

Эрте жаш курактагы баланын тарбиясы рухуна бекем сиңип эмгек эмне экенин түшүнө алат. Жаштайынан алган тарбиянын таасири чоң, ошол үчүн балага эрте көңүл буруу менен эмгек эмне экенин түшүнүп дүйнөлүк илим менен айкалыштырып тарбия берүү оң натыйжа берет. Тарбия берүүнүн баалуулуктары менен өсүп жаткан жаш өспүрүмдөр эмгек аркылуу орчундуу иштерди түшүнө башташат. Эмгек, мектепке чейинки курактагы балдар эмнени жасай алат деген суроо жаралышы мүмкүн. Ошол себептен жаш курагы эске алынат деген түшүндүрмө берилип жатат. Эмгек аркылуу өспүрүмдөрдү камкордукка, муктаж болгон буюмдарды иштетүүгө үйрөнтүү жашоосунда кандайдыр бир жоопкерчиликтүү болууга түрткү берет. Балдарга тарбия берүү, эмгекке тарбиялоо эң башкы жана маанилүү маселе катары экендигин билебоиз. Балага тарбия берүү менен эмгекчилдикке тарбиялоодо жаратылышка кам көрүү жөнүндө үйрөнө алышат. Жаз мезгилинде жер жемиштерди көбүрөөк өстүрүп, өзүбүздүн керектүү азыктар боюнча эмгек жасоого аракет жасоо же маанилүү иш экенине басым жасалат. Ошол эле убакта балдар өздүк гигиенаны сактап келүүгө аракет жасоо дагы балдар үчүн эмгектин бир түрү болуп эсептелет. Балдардын жаш курагына карата эмгекке аракеттенүүсү жана аткара билүүсү негизги орунда турат. Мектепке чейинки мекемелерде тарбияланып жаткан өспүрүмдөр өздөрүнүн колдорунан ар кандай түстүү кагаздан ар кандай буюмдарды жасап, аларга өзүнүн эмгеги жөнүндө түшүндүрмө берилет жана эмгектин баалуу жактары болуп эсептелет. Балдар өздөрүнүн колдору менен жасаган буюмдар аркылуу эмгектин көп кырдуулугу аныкталып эмгектин түрлөрүн жасоого жана мыкты аткарууга багыт алышат. Кандай эмгек жасаганына карабастан, эмгектин түрлөрүн үйрөнүп алдыга койгон максаттары аткарылды деп эсептешет. Балдар мындай учурда эмгектин көптөгөн түрлөрүн жасап, өз алдынча иштөөгө аракет жасашат[4].

Балдардын эмгек ишмердүүлүгүнүн үлгүсүнө тарбиялоо жана жекече байкоо жүргүзүү жөндөмдүүлүккө үйрөтүү азыркы учурдун зарылдыктары. Балдарга коздукту, сулуулукту, көркөм өнөр, таануучу билим берүүнү эмгек менен айкалыштыруу тарбиянын өзөгүн түзүп,

жашоого болгон көз карашын калыптануусуна көмөктөш болот. Мектеп жашына чейинки балдардын эмгек ишмердиги өздөрүнүн тандоосу боюнча кызыккан иштерин жасатып, өздөрүнүн ойногон аянтчадагы таштандыларды өз алдынча жыйноого тарбиялоо жакшы көрүнүш катары кабыл алсак болот. Мектепке чейинки мекемелердеги тарбияланып жаткан ар кандай курактагы балдарга өздөрүнүн ойногон аянтчаларын жыйноо аларды тазалоо иштери жүзөгө ашыруу учурунда чоңдордун жардамы керектелет. Андай учурда балдардын коопсуздугу өзгөчө экенине байланыштуу балдар менен бирге эмгек жасоо, балдарга жардам берүү, үйрөтүү зарыл экенин белгилеп келишет. Балдарды тазалыкка үйрөтүү, кыркылган кагаздарды жыйноо менен эмгектин жеңил түрлөрүнө көнүктүрүүгө болот. Мындай эмгек жасоодо баланын жаш өзгөчөлүгүнө карата тандап алынат. Балдар түрдүү мүнөздө болгондугуна байланыштуу эмгекке жарамдуу жактарын эске алуу жана аткаруу мүмкүнчүлүгүнө көңүл бөлүнөт. Балдарга кыймылдуу оюндарды уюштуруп, кыймыл аркылуу эмгекке тарбиялоо, жашоонун жагымдуу жагдайын камсыздайт. Балдарды түрдүү эмгек тапшырмаларды аткарууга тарбиялоодо, өз милдеттерин аткара билүү жана аны ишке ашыруу жоопкерчилиги жашоодо негизги маселе катары белгиленет. Эмгек ишмердиги аркылуу балдардагы эмгек ыктарына жана көндүмдөрүнө тарбиялап, эмгек көндүмдөрүн эмгекти көлөмүнө жараша жасатууга ык машыгууларын уюштурат. Анткени баланын жаш курагы негизи орунда экенин белгилеп, аларга эмгектин жеңил формасы боюнча түшүндүрмө берип тарбия берүү ыңгайлуу. Мектепке чейинки курактагы балдарды эмгекке тарбиялоо эң маанилүү жагы баланы чыгармачылыкка тарбиялоо. Балдар өздөрүнө тиешелүү буюмдарын, оюнчуктарын жыйноого үйрөтүү жана бирге тарбияланып жаткан тайпалаштарына жардам берүү жактары дагы тарбиянын алгачкы баскычтары экенин бекемдейт.

Мектепке чейинки мекемелерде эмгекке тарбиялоодо балдарга өз бөлмөсүн коздо, гүлдөрдү горшокко олтургузуу өздөрүнүн ойногон аянтчаларын ирээтке келтирүүгө көп иш-аракеттер жумшоо менен эмгек тарбиясын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берилет.. Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн эмгек жөнүндө түшүндүрмө берүү тарбиянын оң жактарын камсыздайт. Эмгек жасоого тарбиялоо баланын ишмердүүлүгүн жана иштин көлөмүн аныктоого мүмкүндүк берет. Эмгек балдарды акылын кеңейтип жана жоопкерчиликтүү болууга тарбиялайт. Эмгек процесси балдардын кругозорун кеңейтип, эмгекке керектүү шаймандарын колдонууга үйрөтүп жана копсуздук жактары каралып көзөмөлдөнөт ( оюнчук шаймандар ж.б.). Баланын жашы чоңойгон сайын эмгек иш-аракеттердин түрлөрүн өздөштүрүп, иштин көлөмүнө көңүл бура башташат. Өз алдынча ишти аткаруу жөндөмүнө жараша тыкан, буюмдарга аяр мамиле жасоону, эмгек муктаждыктары боюнча маалымат алууга көңүл бөлүнөт. Эмгек тарбиясы, көпчүлүк учурда чоң адамдардын жардамы менен ишке ашырылат. Балдарды тыкандыкка тарбиялоо, баардык буюмдарды өз ордуна коюп, туура эмес турган буюмдарга байкоо жүргүзүү аларды оңдоого аракеттенүүсү тарбия баалуулуктары катары эсептелет. Балдар бири-бирине жана улууларга жардам берүү сезимин ойготуп, эмгекке аяр мамиле жасоого тарбиялоо маанилүү маселелердин бири катары эсептелет. Балдардын эмгек тарбиясы, чоңдордун жасаган иш-аракетине байланыштуу болот. Алар иштеп жатканына көңүл бөлүү, жардам берүү, жакшы маанай тартуулоо, маанилүү болуп саналат. Мектепке чейинки тарбияланып жаткан ар түрдүү курактагы балдар чоң адамдардын жөнөкөй тапшырмаларын аткарууга үйрөтүшөт. Балдарды жаныбарларга тамак берүү, өсүмдүктөрдү өстүрүүгө, суугарууга, жалбырактарды тазалоого үйрөтүүдө тарбиячынын колдоосу керектелет. Ошондой иш- аракеттердин натыйжасында балдар өз максатына жетүүгө аракет жасоо адатка айланат. Балдар жылдын

кайсыл мезгили экенине карабай иштетүүгө үйрөтүү жана тайпадагы балдар менен биргеликте иштөөгө, ынтымак болууга тарбиялоо, тарбиянын өзөгү болуп калат. Балдар жаш өзгөчөлүгүнө жараша жумушту жана милдеттерин так бөлүштүрүү алардын аткарган иштерин сапаттуу бүтүрүүгө жардам берүү зарыл[5].

Эмгек аркылуу ар түрдүү иштерди аткарууга кызыгуусун арттырууга багытталган иштер жөнүндө түшүндүрмө берүү тарбия берүүнүн таасирдүүлүгүн арттырат. Балдардын эмоционалдык абалы жаш курагына жараша болот жана эмгекке болгон кызыгуусун жаратат. Эмгекке тарбиялоодо ык-машыгууларын, жөндөмдөрү жана жеке сапаттары бала кезинен эле калыптанат. Эмгек баланын жашоосуна ар тараптуу өнүгүүсү менен алардын жашоосуна кандайдыр бир деңгээлде жакшы көрүнүштөрдү алып келет. Балдарга эмгек ишмердүүлүгү жашоонун өзгөчө бөлүгү экенин түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, алардын жасаган иштерине көмөктөш болгондо гана аларда эмгек жөнүндө маалыматы кенен болот. Ар бир бала улуу адамдарга, ата-энесине өзүнүн жасаган эмгегин кенен айтып, жасаган иштерине токтолгон учурда алардын аткарган иш-аракетине жараша мактоолорго ээ болууга аракет жасашат. Бул үчүн балдарга жагымдуу маанай тартуулап, андан дагы эмгекке жарамдуу болуу мүмкүнчүлүгү жаралат. Эмгек тарбиясы балдардын аракетчил жактарын гана өстүрбөй, алардын аң-сезимин, ден соолугу бекем болушуна салым кошот. Кайсыл учурда болгонуна карабастан бала ошол учурдун талабына ылайык эмгекти жасоого тарбияланат. Эмгек менен баланын күчтүү, эрктүү болуп өсүшүнө алып келет. Эмгек жасоого тарбиялоо менен бирге өз мекенин сүйүүгө, коргоого үйрөтүп, өзүнүн жеке жашоосуна болгон аракетин жаратат. Эмгек балдардын акыл эмгегинин маданиятын өнүктүрүү, адамкерчиликтүү болууга тарбиялайт. Эмгек тарбиясы балдардын жаш курагына карата өзүнүнө ишеним жаратып, кетирген кемчиликтерин оңдоого аракеттенишет. Жаш муундарга эмгектин сырларын ачып жакшы касиеттерди калыптандырып, эмгектин жарамдуу жактарын көрсөтүп тарбиялоо негизги орунда турат. Балдар эмгек аркылуу жаман ойлордон алыс болууга тарбияланат. Эмгектен аракеттер жаралат жана бала эмгек жасоого тарбиялайт[4].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Л.В.Усенко, С.С.Сейдекулов "Мектепке чейинки балдарды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүү" .
2. Г. Мадаминов., "Ата-энелер сиздер үчүн"., Бишкек 2021.
3. Г.Мадаминов., "Бала тарбиялоодогу жаңы ыкмалар"., Бишкек 2019.
4. Б.Апыш., " Тарбия жарманы" Бишкек 2008.
5. Г.Мадаминов., "Акыл эмгегинин маданияты"., Бишкек 2020.

**УДК: 371.3**

## АЗЫРКЫ ШАРТТАРДА МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ПАТРИОТТУК ТАРБИЯЛООНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

Тиллабаева Жазгул Жылдызбековна,
магистр,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
Ош, Кыргызстан
tjaza_1987@mail.ru

## ПРОБЛЕМЫ ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ШКОЛЬНИКОВ В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ.

Тиллабаева Жазгул Жылдызбековна, магистр,
Ошский государственный педагогический университет,
Ош, Кыргызстан

tjaza_1987@mail.ru

# PROBLEMS OF PATRIOTIC EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN IN MODERN CONDITIONS.

Tillabayeva Zhazgul Zhyldyzbekovna,
Master's,
Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov,
Osh, Kyrgyzstan
tjaza_1987@mail.ru

**Аннотация.**

Патриоттук тарбия азыр билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуу менен, жаш муундарды турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндө эң маанилүү коомдук функцияларды аткарууга даярдоо процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Акыркы жылдардадүйнөлүк цивилизациянын мейкиндигине таянып алып, патриоттук иштерди жүргүзүү зарылдыгын таңуулап, өлкөдө улутчулдук менен мүнөздөлгөн экстремисстик псевдопатриоттук кыймылдар кездешүүдө. Ага байланыштуу патриоттуулукка тарбиялоодо мурун көнүп жат болуп калган стереотиптерден баш тартууга, учурдагы реалдуулукту эске алуу менен тарбиялоо мааниге ээ болууда. Мектеп окуучуларын тарбиялоо менен байланышкан жаңы проблемалар патриоттук тарбиянын маңызын, анын кыргыз коомунун турмушундагы ордун жана ролун кайра карап чыгууну талап кылууда. Илимий педагогикалык теориялар пайда болгонго чейинки тарбиялоонун бирден-бир формасы, каражаты болгон элдик педагогиканын универсалдуу булагына кайрылуу зарылдыгы улам ачыкталууда. Бул макалада дал ушул маселелерди кароо жана чечүүүнүн жолдору, элдик педагогиканын тарбиялоо мазмундарын бүгүнкү күнгө ылайыкташтыруу менен мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоо каралат.

**Ачкыч сөздөр:** педагогика, патриот, окуу-тарбия, билим, Ата-Мекен, мектеп, улут, коом, баалуулуктар, постсовет, руханий дүйнө, адеп-ахлак.

**Аннотация.**

Патриотическое воспитание в настоящее время является одним из приоритетов образования и составляет неотъемлемую часть процесса подготовки подрастающего поколения к выполнению важнейших социальных функций в различных сферах жизни. В последние годы, опираясь на пространство мировой цивилизации,признавая необходимость патриотической деятельности, в стране возникают экстремистские псквдо-патриотические движения, характеризующиеся национализмом.В связи с этим важно отказаться от стереотипов, чуждых воспитанию патриотизма, необходимо воспитывать их с учетом современных реалий.Проблемы, связанные с воспитанием школьников, требуют переосмысления сущности патриотического воспитания, его места и роли в жизни кыргызского общества. Становится очевидной необходимость обращения к универсальному источнику народной педагогики, являющимсяединственной формой и средством воспитания до появления научно-педагогических теорий .В данной статье рассматриваются эти вопросы и способы их решения, патриотического воспитания школьников путем адаптации воспитательного содержания народной педагогики к современности.

**Ключевые слова:** педагогика, патриот, учебное воспитание, образование, Родина, школа, нация, общество, ценности.

**Annotation.**

Patriotic education now, being one of the priority areas of education, is an integral part of the process of preparing the younger generation to perform the most important social functions in various spheres of life. In recent years, extremist pseudo-patriotic movements characterized by nationalism have been observed in the country, instilling the need for patriotic activity, relying on the space of world civilization. In this regard, in the education of patriotism, the rejection of previously familiar stereotypes, education taking into account modern realities, is becoming increasingly important. New problems related to the education of schoolchildren require a revision of the essence of patriotic education, its place and role in the life of Kyrgyz society. It is becoming increasingly obvious that it is necessary to turn to the universal source of folk pedagogy, the only

form, means of education before the appearance of scientific and pedagogical theories. This article deals the ways of considering and solving these issues, the education of patriotism of schoolchildren with the adaptation of the educational content of folk pedagogy to the present day.

**Keywords:** pedagogy, patriot, upbringing, education, homeland, school, nation, society, values.

**Изилдөөнүн максаты**: патриоттук тарбия берүүнүн маани-маңызын ачуу жанаулуттук педагогиканы айкалыштыруу менен мектеп окуучуларына патриоттук тарбия берүүнүн жолдорун иликтөө.

**Изилдөөнүн материалдары жана методу:** изилдөөлөрдүн комплекстүү методдору (педагогикалык, социологиялык, анализ, жалпылоо) колдонулду.

**Изилдөөнүн булактык базасы:** теманын алкагында жалпы педагогикалык, патриоттук мазмундагы адабияттар пайдаланылды.

**Киришүү.** Коом өзгөргөн сайын баалуулуктар да өзгөрөт. Өзгөчөөлкө эгемендүүлүккө ээ болгону калктын түрдүү катмарынын мекенге аны коргоого, кыргыз элинин тарыхын терең билүүгө болгон умтулуулар пайда болду. Жарандык коомдун Мекенди коргоого карата жоопкерчилигинин өнүгүшүбилим беруунун бардык тармактарынынпатриоттук тарбиялоо маселесинжаңыча өнүттө кароону шарттады. Бул маселе мамлекеттик деңгээлде тиешелүү мыйзамдык актыларда да камтылды [7.]. Атаганда,Кыргыз Республикасынын Президентинин2021-жылдын 29-январындагы “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндөгү” №1 Жарлыгына ылайык, инсандын элге жана Мекенге патриоттук, каармандык менен кызмат кылуусу тууралуу айтылган жана бир топ мамлекеттик органдарга тапшырмалар жүктөлгөн. Патриоттук тарбия жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрүү жергиликтүүөз алдынча башкаруу органдарына тапшырылган. Бул тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарына үгүттөө тапшырамалары берилген.

Патриотизм сөзү түпкү маңызында Ата-Мекенге болгон сүйүү жана берилгендик, анын өткөнү жана азыркысы менен сыймыктануу, Ата Мекендин кызыкчылыгын коргоого умтулууну билдирет.Азыркы учурда дүйнөлүк саясий жана экономикалык процесстердин реалдуулуктарына жана интеграциялык процесстерине карабастан, Кыргызстан эле эмес мурдагы постсоветтик өлкөлөр үчүн да улуттук кызыкчылыктардын проблемасы артыкчылыктуу экендиги маалым болду. Демек, мекенчилдик маселеси өзүнүн маанисин гана жоготпостон, тескерисинче ушул шартта актуалдуулугун күчөттү. Ошондой эле өлкөдө акыркы учурлардагы эл аралык саясий мамилелердин абалы, чек ара маселелерине байланышкан жана башка ушул сыяктуу окуялар мектеп окуучуларын тарбиялоого байланышкан жаңы проблемаларды жаратуусу менен патриоттук тарбиянын маңызын, турмуштагы ордун жана ролун, алардын окуяларды туура түшүнүп кабылдоосун тереңден изилдөөнү талап кылууда.

Билим берүү процессиндеокуучуларга патриоттуулук түшүнүгүн берүү менен эле чектелбестен, алардын жан дүйнөсүнө сиңирүү үчүн жүрөк сезимин, эркин козгоо менен бирге эмоциясына күчтүү таасир берүү аркылуу турмушка аша тургандыгы далилденген. Ага байланыштуу мектептердеги бардык предметтердин темасы, класстан тышкаркы иштердин маани-маңызы патриоттуулукка тарбиялоонун мыкты каражаты болууга тийиш.Акыркы мезгилдерде педагогика илиминде билим берүүнү жана тарбиялоону, анын ичинде патриоттуулукка тарбиялоону ийгиликтүү ишке ашыруу маселелери жаңырган нукта ар тараптан карала баштады. Адегенде педагогика илиминин өзү кең мааниде – ар бир элдин руханий дүйнөсүнүн өзөгү, маданий дараметинин көрсөткүчү, адеп-ахлагынын таяныч

катары түшүнүү менен кайра иликтелип үйрөнүлө баштады[4. 3-6-бб.]. Тагыраагы,бүгүн кыргыз улуттук педагогикасында көп мезгил мурда өз алдынча илим катары калыптанган педагогиканын фундаментин элдик педагогика түзөөрү жөнүндө негиздүү пикирлер билдирилди. Адам педагогикалык процесстин продуктусу катары саналган соң педагогика коомдун бардык катмары үчүн зарыл илимге айланышы керектиги тууралуу көз караштар арбын болду. Бул пикирлер мезгил талабына ылайык кыргыздын элдик педагогикасы менен дүйнөлүк илимий педагогиканын орчундуу маселелери бир бүтүндүктө айкалышып каралышы керектигин айгинелейт.

Педагогика илиминде тарбиялоо категориясы жалпы маанисинде инсанды калыптоо үчүн багытталган жана атайын уюштурулган процесс катары белгиленет [1. 19-20-бб.].Жарандык тарбия тарбиялык процесстин мазмунунда инсандын базалык маданиятынын негизи катары каралат. Мында патриоттук тарбия жарандык тарбиянын компоненттерине киргизилип, адамда коомдун адептик идеалдарын, Мекенди сүйүү сезимин, тынчтыкка умтулууну максат кылат [2. 271-274-бб.].Кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятындагы акыл ой жана тажрыйбалардын өзөктүүсү саналган эл, жер жана мекенди сүйүүгө жана коргоого тарбиялоого өзгөчө басым жасалат. Элдик поэмалардын, дастандардын, жомоктордун педагогикалык мурастарынын негизги өзөгүн патриоттуулукка тарбиялоо ээлейт, тактап айтканда, тышкы душмандардан Ата Мекенди коргоо, тынчтык үчүн күрөшүү, чет өлкөдө жүрүп өзүнүн Ата Журтун сагынып куса болуу, душмандарга каршы күрөшүү, Ата Мекендин жыргалчылыгы үчүн кам көрүү жана башка[6.259-261-бб.].Мисалга алсак,“Манас” эпосу урпактарды патриоттуулукка тарбиялоо боюнча көп кырдуу идеялардын инсандык үлгүлүү нускалардын булагы гана эмес, эл камын жеген баатыр-инсандын даражасына чейин тарбиялап жеткирүүнүн факторлору, методдору тууралуу билимдерди, тажрыйбаларды чагылдыраары каралган[3. 23-25-бб.].Андыктан патриоттуулукка тарбиялоонун өзү советтик доордо тарбиянын алдыңкы катарында маани берилген адеп-ахлактык, эстетикалык, диний, экологиялык, эмгек жана башка түрлөрүнө салыштырмалуу айырмаланып чыга келди.

Азыр мектептерде өзгөчөжогорку класстын окуучуларына карата патриоттуулукка тарбиялоонун ажырагыс элементи эсептелген аскердик-патриоттук тарбиялоо процесси жүрүп келе жатат. Ал бир кыйла даражада алгачкы аскердик даярдык менен байланышкан. Алгачкы аскердик даярдыктын милдеттери жогорку класстын окуучуларын аскердик-патриоттук тарбиялоонун өзгөчө максаттуулугун аныктайт [5. 4-7-бб.].Мектептеги ушул аскердик-патриоттук тарбия берүү окуу-тарбия ишинде совет доорунан бери аныкталган бир топ тактыкка ээ болуп калган тарбиянын эффективдүү каражаты. Ааламдашуунун шартында эми мындан башка каражаттарды мисалы, өздүгүн, Мекенди таануу багытында экскурсия, предметтик сабактарда экскурсиялык сабактарды натыйжалуу уюштуруп өткөрүүнү кароо керек.

**Корутунду.** Инсан төрөлгөндөн эле патриот болуп туулбайт. Ал билим берүүнүн бардык тармактарында мыкты уюштурулган окутуу-тарбия иштеринин натыйжасында гана пайда болот. Мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоону түп-тамырынан бери жакшыртуу жана бул иштин натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатуу таламдары окуу-тарбия процессинин колдо болгон мүмкүнчүлүктөрүн толугураак жана комплекстүү пайдаланууну көрсөтүп турат. Аны менен катар патриоттук тарбия берүүнүн төмөндөгү:

-патриоттуулукка тарбиялоонун маселелери жалпы билим берүүчү мекемелердин, орто жана жогорку окуу жайларынын окуу, тарбия иштеринин бардык пландарында атайын бөлүк катары олуттуу киргизилгенде;

-улуттун патриоттуулукка тарбиялоодогу баалуулуктарын белгилөөдө, көрсөтүүдө жана пайдаланууда, улут лидерлерине айланган инсандардын өмүр, ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды реалдуу, ачык форматта кенен пайдаланып чагылдырууда;

-элдик педагогиканынын муундан-муунга берилип келген коомдун бардык жаштагы мүчөлөрүн патриоттуулукка тарбиялоого арналган түбөлүктүү идеяларын кантип пайдалануу керектигинин ченемдери иштелип чыкканда гана натыйжалуулугу көрүнөт.

**Сунуштар.** Патриоттук тарбия өзүнө руханий, идеологиялык, коомдук-саясий, психологиялык-педагогикалык, аскердик-техникалык жана башка чаралардын комплексин камтыйт. Азыркы шарттарда мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоону түп-тамырынан бери жакшыртуунун негизги багыттарын аныктоодо төмөнкү жагдайларды эске алуу жана пайдалануу сунушталат:

-патриоттук тарбия дифференцияланган гана эмес, ошондой эле жеке мамиленин негизинде ишке ашырылууга тийиш, башкача айтканда, ар бир адамдын кызыкчылыгында, анын Кыргыз Республикасынын ар бир жаранында жекече көрүнгөн патриоттук сапаттарын өнүктүрүү;

- мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоонун субөекттери шарттарга ылайык бул процессти оптималдаштыруу үчүн бардык зарыл болгон каражаттарга ээ болууга, каалаган акыркы натыйжага жетүү үчүн иштин сапаттык жаңы формаларын жана ыкмаларын натыйжалуу колдонуу;

-патриоттук тарбиянын милдеттери жана мазмуну ар кандай факторлордун, анын ичинде жагымсыз, ал тургай карама-каршы факторлордун таасири астында турган коомдук маанилүү иш катары тарбиянын бул түрүнүн деформацияланган терс аспектилерин жеңүү зарылчылыгы менен аныкталууга тийиш.

**Адабияттар:**

1. Абдураимова З.С. Педагогиканы окутуунун технологиялары. Ош, 2021. жалпы б.239. 19-20-бб.
2. Акматов К., Д.Бабаев, К.Кимсанов. Педагогика /окуу куралы/. Бишкек, 2019. жалпы 479 б. 271-274-бб.
3. Рысбаев С.К., Иманкулов М.К. Кыргыз педагогикасы-кыргыз улутунун жүзү. Бишкек, 2010. жалпы 432 б. И.Б.Бекбоев. Элдик педагогика – тарбиялоонун башаты. /текст/ 259-261-бб.
4. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы. “Улуу тоолор” Бишкек, 2018. Жалпы бет 111. 23-25-бб.
5. Бекембай Апыш. Педагогика. Ош, 1993.жалпы 106 б. 3-6-бб.
6. Катуков А.М., Цветаев Е.Н. Военно-патриотическое воспитание учащихся на занятиях по начальной военной подготовке. жалпы бет 190. Издательство “Просвещение” 1984. 4-7-бб.
7. President.kg.

**А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**ЖАРЧЫСЫ**

**ВЕСТНИК**

**ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ А. МЫРСАБЕКОВА**

Редактор: Зулуев Бекмурза Бекболотович

Техредактор: Абсатаров Равшанбек Ракманалиевич

Калыпка салган: Койлубаева Элвира.

Терүүгө берилди 28.11.2022-ж. Басууга 05.12.2022-ж.

Нускасы 200 даана

Ош шаары, Исанова көчөсү 73.